# БГУ жарчысы
# Вестник БГУ

**№ 3-4(33-34)**
**2015**

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ
НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА

ISBN 9967-410-59-0

Башкы редактор
**А.И. МУСАЕВ**
филология илимдеринин доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары
**С.И. ИСКЕНДЕРОВА**
филология илимдеринин доктору, профессор

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**АКМАТАЛИЕВ А.А.** - филология илимдеринин доктору, академик
**БАЙГАЗИЕВ С.Б.** - филология илимдеринин доктору, профессор
**ИСАЕВ К.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**КАНИМЕТОВ Ж.К.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор
**МАВЛЯНОВ А.С.** - техника илимдеринин доктору, профессор
**САДЫКОВ А.С.** - филология илимдеринин доктору, профессор

**ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ**

**АБДУЖАБАРОВ Х.А.** - тарых илимдеринин кандидаты
**АКМАТОВ Б.М.** - филология илимдеринин кандидаты
**АСАНОВА А.А.** - филология илимдеринин кандидаты
**ЕЛЕБЕСОВА С.А.** - филология илимдеринин кандидаты
**ИСМАИЛОВА Э.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**ИШЕМКУЛОВ Т.И.** - профессор
**КОЗУЕВ Д.И.** - филология илимдеринин кандидаты
**МАШРАПОВ Т.Т.** - тарых илимдеринин кандидаты
**САВИН В.Е.** - экономика илимдеринин доктору, профессор
**СЕЙИТБАЕВ Б.Т.** - саясий илимдеринин кандидаты
**ТОКСОНБАЕВ Р.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор
**ЧОГУЛДУРОВ М.Д.** - география илимдеринин кандидаты

Илимий журнал 2003-жылы негизделген

Журнал КРнын Адилет министрлигинен 2001-жылы 2-мартта каттоодон өткөн.
**Каттоо күбөлүгү № 504**

© К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

# Вестник БГУ
# БГУ жарчысы

**№ 3-4(33-34)**
**2015**

**НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА**

**К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ**

**ISBN 9967-410-59-0**



Главный редактор
**А.И. МУСАЕВ**
доктор филологических наук, профессор

Заместитель главного редактора
**С.И. ИСКЕНДЕРОВА**
доктор филологических наук, профессор

**РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ**

**АКМАТАЛИЕВ А.А.** - доктор филологических наук, академик
**БАЙГАЗИЕВ С.Б.** - доктор филологических наук, профессор
**ИСАЕВ К.И.** - доктор философских наук, профессор
**КАНИМЕТОВ Ж.К.** - доктор педагогических наук, профессор
**МАВЛЯНОВ А.С.** - доктор технических наук, профессор
**САДЫКОВ А.С.** - доктор филологических наук, профессор

**ЧЛЕНЫ НАУЧНО-РЕДАКЦИОННОЙ КОЛЛЕГИИ**

**АБДУЖАБАРОВ Х.А.** - кандидат исторических наук
**АКМАТОВ Б.** - кандидат филологических наук
**АСАНОВА А.А.** - кандидат филологических наук
**ЕЛЕБЕСОВА С.А.** - кандидат филологических наук
**ИСМАИЛОВА Э.И.** - доктор философских наук, профессор
**ИШЕМКУЛОВ Т.И.** - профессор
**КОЗУЕВ Д.И.** - кандидат филологических наук
**МАШРАПОВ Т.Т.** - кандидат исторических наук
**САВИН В.Е.** - доктор экономических наук, профессор
**СЕЙИТБАЕВ Б.Т.** - кандидат политических наук
**ТОКСОНБАЕВ Р.** - доктор педагогических наук, профессор
**ЧОГУЛДУРОВ М.Д.** - кандидат географических наук



Научный журнал основан в 2003 г.

Журнал зарегистрирован в Министерстве Юстиции КР 2 марта 2001 г.
**Свидетельство о регистрации № 504**



© Бишкекский гуманитарный университет им. К.Карасаева

# КЫРГЫЗСТАН СОЦИОЛОГДОРУНАН ЖЕТИ СУНУШ

*Белгилүү болгондой, учурда социология илими жана социологиялык изилдөөлөр бардык алдыңкы өлкөлөрдө коомду илимий башкаруунун, өнүктүрүүнүн жана маселелерди чечүүнүн мыкты куралы катары колдонулуп келет. Өзгөчө мамлекет ишке ашырып жаткан социалдык-экономикалык саясаттын, реформалардын натыйжалуулугун баалоо, улуттук стратегиялардын, тармактык программалардын ийгиликтүү жүзөгө ашышына илимий-методологиялык негиз түзүү, дегеле социумдун ар кыл чөйрөсүндө келип чыккан көйгөйлөрдү изилдөө, талдоо, аларды чечүү жолун сунуштоо, б.а. коомдун «ден-соолугуна» өз убагында диагноз коюп, дабаасын таба билген тажрыйбалык илим катары кызмат кылат.*

*Кыргызстанда дагы социология илим жана кесип катары 1992-жылдан тартып институтташуунун жана кадамдап өнүгүүнүн жолунда. Азыркы тапта республиканын төрт жогорку окуу жайы (БГУ, БААУ, КУУ, КТМУ) тиешелүү кафедралардын алкагында адис-социологдорду окутууда. Маселен, өлкөдө алгачкы болуп социологиялык факультет ачылган (1992-ж.) К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде эле акыркы 20 жылдын ичинде 350дөн ашык (сырттан окугандарды эске алганда 900дөн ашык) социологдор даярдалып, эмгек базарына чыгарылган. Бүгүнкү күнгө карата социология илимдеринин 5 доктору, 20дан ашык кандидаттары даярдалып, илимий тармактарда эмгектенишүүдө. Демек, бул багытта суверендүү Кыргызстандын көрөңгөсү бош эмес, тиешелүү илимий потенциал жыл санап калыптанууда десек эп болот.*

*Дүйнөлүк тажрыйба тастыктагандай, илим башка чөйрөлөрдөн бөтөнчөлөнүп тикелей мамлекеттик колдоого жана инвестицияларга муктаж. Антпесе анын өнүгүшү көйгөйлүү. Тилекке каршы, улуттук социологиялык илимдин мамлекеттеги статусу, ага карата мамлекеттик мамиле, ошондой эле анын дүйнөлүк турмуш далилдеген мүмкүнчүлүктөрүн тажрыйбада колдонуу маселеси кейиштүү абалда калууда. Алсак, эгемен мамлекеттүүлүктү куруунун жолуна түшкөн 25 жылдык тарыхыбыздын ичинде өкмөт тарабынан илимдин бул тармагына жетишерлик көңүл бурулбай келет. Ал эми социологиялык маалыматка болгон муктаждыкты, биринчи кезекте, өкмөттүк түзүмдөр жаратышы керек эле. Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары өкмөттүк программалардын, тармактык саясаттардын, улуттук стратегиялардын өзөгүнөн орун алыш зарыл эле. Эмне деген гана мамлекетик стратегиялар, концепциялар, программалар жана пландар бекитилген жок чейрек кылымдын ичинде? Булар кантип ишке ашты (же аштыбы деги?), өз максатына жеттиби, карапайым калктын жашоосу үчүн кандай натыйжа берди, дегеле коомубуздун алга карай илгерилешине, бакубаттуулугуна эмне салым кошту? Социологиялык изилдөөлөрдүн ар кандай түрлөрү мына бүгүнкү күнгө чейин бейөкмөт уюмдар, жалпы эле жарандык сектор тарабынан, тышкы донорлордун эсебинен жүргүзүлүп келе жатканы сыр эмес.*

*Эмне үчүн мамлекет социологиялык изилдөөлөргө жана социолог-талдоочуларга, изилдөөчүлөргө кызыкдар эмес? Качан коомубузду, турмушубузду илимий башкарууга, рационалдуу пландаштырууга, жөнгө салууга, анын туруктуулугунун алдын алууга, конфликттерди болтурбоого өтөбүз?*

*Мына ушул жана жогоруда айтылган маселелердин кеңири чөйрөсү 2015-жылдын 13-ноябрында (14-ноябрь – Дүнөлүк социология күнүнө карата) Кыргызстан социологиялык ассоциациясы тарабынан БГУнун базасында өткөрүлгөн* ***"Социологиянын коомду илимий башкаруудагы орду жана келечеги" аттуу Кыргызстандын социологдорунун VII Республикалык конгрессинде*** *талкууланды. Өлкөнүн бардык аймактарынан, борбор калаадан келген илимпоз-социологдор, эксперттик коомчулук, изилдөөчүлөр чогулган бул конгрессте маселелердин түрмөгү илимий талкууга алынды: 1) "Глобалдашуу учурундагы улуттук социологиянын калыптанышы, өнүгүшү"; 2) "Өлкөнүн социалдык-экономикалык маселелерин чечүүдөгү колдонмо социологиянын мааниси"; 3) "Ислам социологиясы: Кыргызстандагы диний саясатты иштеп чыгуудагы изилдөөлөр"; 4) "Бийлик жана социология: диалог жаратуу маселелери"; 5) "Үй-бүлө социологиясы жана заманбап үй-бүлөнүн көйгөйлөрү"; 6) "Мектептерде "Адам жана коом" сабагын окутуу маселелери"; 7) "Куралдуу күчтөрдүн көйгөлөрү жана Кыргызстанда аскер социологиясын калыптандыруу маселелери"; 8) "Жаштар социологиясы жана мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруудагы социологиялык изилдөөлөрдүн мааниси" ж.б.*

*Бул орчундуу маселелер боюнча тиешелүү секциялардын алкагында илимпоздордун, адис-эксперттердин баяндамалары, изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары кызуу талкууланды. Глобалдык дүйнөдө мааниси улам жогорулап бараткан социология илимин Кыргызстанда өнүктүрүү, анын теориялык-методикалык жетишкендиктерин кыргыз коомунунун социалдык-экономикалык бакубатчылыгын камсыздоого бет алдыруу максатында,* ***Кыргызстандын социологдорунун VII Республикалык конгресси төмөнкүдөй резолюция (жана сунуштарды ) кабыл алды жана аларды тиешелүү мамлекеттик түзүмдөргө, тармактарга багыштайт:***

***1.** Жалпы коом тутумун натыйжалуу башкарууда эмпирикалык илим катары социологиянын тажрыйбалык мүмкүнчүлүктөрүн мамлекет (өкмөт, тиешелүү органдар, тармактар) кеңири колдонушу абзел. Бул максатта, биринчи кезекте, мамлекеттик стратегиялык документтердин, концепциялардын, программалардын ж.б. ишке ашышына мониторинг кылуу системасын социологдор менен бирге иштеп чыгышы жана ишке киргизиши зарыл. Ошондой эле узак мөөнөттүү мамлекеттик стратегиялардын ишке ашуу процессине илимий колдоо көрсөтүү, натыйжаларын баалоо, иделогиялык негиздөө сыяктуу маанилүү иштерге социологдор түздөн-түз тартылышы керек.*

***2.** Кызматтардын мамлекеттик реестрине "социолог" кесибин киргизүү маселеси бышып жетилди. Бул маселенин чечилиши менен социологдордун ролун жогорулатып, социологиялык кызматтарга муктаж болгон социалдык-экономикалык тармактарды тиешелүү адистер менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү түзүлмөк.*

***3.** Учурда социологиялык изилдөөлөрдүн дээрлик бардыгы бейөкмөт уюмдар, жеке консалтинг агенттиктери тарабынан тапшырык аркылуу ишке ашырылат. Булар эл аралык донордук каражаттардын эсебинен иштегендиктен, изилдөө саясатында көз карандылык бар экендиги анык. Ошондуктан, дүйнөлүк тажрыйбаны эске алып, өкмөт улуттук кызыкчылыктарды сактоо, маалыматтык коопсуздукту камсыздоо жана эң негизгиси кыргыз коомунун күрөө тамырын тартып, анын пикирин, "ахыбалын" такай изилдеп, көйгөйлөрдүн, социалдык чыңалуунун алдын алып турууучу мамлекеттик мекеме ачышы зарыл. Мунун бир жолу катары учурда иштеп жаткан **УСИИ (НИСИ)** мекемесин терең реформалап, анын базасында Коомдук пикирди изилдөө институтун түзүүнү сунуштайбыз;*

***4.** Азыркы тапта эң эле орчундуу маселеге айланган диний экстремизм, терроризм, ошондой эле бул процесске калктын айрым бөлүгүнүн, өзгөчө жаштардын жигердүү тартылышы, жалпы эле республикадагы диний абал терең талдоону талап кылат. Бул маселелерди чечүүгө өзүнүн конструктивдүү, илимий негиздүү сунуштары менен социология жардамга келмек. Демек, социологиялык изилдөөлөрдүн жана социолог-эксперттердин бул жагдайдагы үлүшүн кеңейтүү зарыл;*

***5.** Орто мектептерде "Адам жана коом" сабагын окутуу системасын (окуу программасын, окуу куралдарын, педагогдордун компетенциясын) кайра карап чыгуу абзел. Биринчиден, азыр окутулуп жаткан программа заманбап талаптарга жооп бербейт, окуу куралынын көпчүлүк компоненттери эскирип, актуалдуулугун жоготкон. Андыктан бул программа жана жаңы окуу куралы кайрадан, замандын суроо-талабын, социологиянын жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыгышы керек. Ал эми аталган сабакты социологдор окутушу максатка ылайыктуу. Бул багытта, тиешелүү жогорку окуу жайларында социолог-педагогдорду даярдоого гранттык орундарды берүү зарыл (маселен, учурда социалдык кызматкерлерди даярдоого өтө көп гранттык орун берилип кеткен, бул реалдуу муктаждыктарга пропорционалдуу эмес. Социологдорду окутуу болсо 7 жылдан бери контракттык гана негизде жүргүзүлүп келет).*

***6.** Дүйнөлүк жемиштүү практикага ылайык, Бишкек шаарындагы, ошондой эле республиканын аймактарындагы бардык профилдеги **ЖОЖ**дордо, кесиптик-техникалык окуу жайларында "социология" дисциплинасын милдеттүү сабак катары киргизүү абзел. Бул болочоктогу кесип ээлеринин коом тууралуу билимин, дүйнөтаанымын, ой-жүгүртүүсүн, соиалдык-саясий маданиятын өстүрүүгө, активдүү жарандык позициядагы инсанды калыптандырууга шарттарды түзөт (учурда техникалык эмес, гуманитардык билим берген көпчүлүк университеттерде да, тилекке каршы, "социология" сабагы окутулбайт);*

***7.** Учурда куралдуу күчтөр түзүмдөрүндө орчундуу социалдык көйгөйлөр бар. Ал эми аларды талдоого, чечүүгө багытталган социологиялык изилдөөлөр чейрек кылымдын ичинде дээрлик жүргүзүлгөн эмес. Натыйжада аскерий коомчулук көмүскөдө, белгисиз калууда. Мындан сырткары, бул тапта аскердик түзүмдөрдө социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзө турган, тиешелүү сунуштарды иштеп чыга турган адистер да жок. Бул жагдайды кескин өзгөртүү мезгили бышып жетилди. Ошондуктан, дүйнөлүк прогресивдүү тажрыйбаны эске алып, өлкөдө аскердик социологияны калыптандыруу зарыл. Бул максатта, баштапкы кадамдар иретинде, мамлекеттин куралдуу күчтөрүндө тиешелүү адистерди окутуп даярдоо керек. Ошондой эле аскерий чөйрөдө мындан ары адис-социологдордун кызматын кеңири пайдалануу маселесин көтөрүү, ойлонуштуруу максатка ылайыктуу. Кыргызстан социологиялык ассоциациясы, КР Куралдуу күчтөрүнүн Генералдык штабы, КР Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта аскердик адистердин квалификациясын жогорулатуу (аскердик социологиянын теориялык-методикалык негиздери, тармактык изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү) боюнча атайын окууларды уюштурууну сунуштайт.*

*Ошентип, биз көкүрөгүбүздү көптөн бери өйүп келе жаткан көйгөйлөрдүн орчундууларын түрмөктөп, жетиге топтоп, кыргыз мамлекетинин, өкмөттүн, тиешелүү мекемелердин жана жалпы коомдун назарына алып чыгууну туура деп таптык. Албетте, социология компетенттүү болгон маселелер чөйрөсүн мындан да кеңейтсек болот. Жогоруда аталган көйлөрдү чечүүгө тикелей катышууга, б.а. жумушчу тартипте тиешелүү жактар менен жолугушууга, сүйлөшүүгө, талкууга жана реалдуу кадамдарга Кыргызстан социологиялык ассоциациясы даяр экендигин билдиребиз.*

***Кыргызстан социологиялык ассоциациясынын (SAK) Башкармалыгы***

***Кусеин ИСАЕВ***
*Философия илимдеринин доктору,*
*социология профессору, Кыргыз Эл мугалими,*
*Кыргызстан социологиялык ассоциациясынын президенти,*
*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин*
*социология бөлүмүнүн башчысы*

# СОЦИОЛОГИЯЛЫК ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАҢЫ ТАРЫХЫЙ ШАРТТА

Социология тарыхсыз өнүгө албайт. Биз улуттук социологияны калктын, коомдун тарыхын билбей туруп алдыга өнүктүрө албайбыз. Андыктан өзүбүздүн интеллектуалдык тарыхыбызды билишибиз милдет. Социологиялык элестетүү, ойгонуу, кыялдануу –ар бир адистин сапаты болуш керек.

Социалдык убакыт, социалдык чындык деген түшүнүктөр да социологиялык болуп баратат. Буларды тарыхсыз түшүнүү, кабылдоо да мүмкүн эмес.

Социологиянын ролун Кыргыз Республикасында адилеттик коомдун калыптанышы үчүн күчөтүшүбүз өтө актуалдуу зарыл маселелерден.

Адилеттүүлүк – жашоонун ыңгайы, социалдык эрежеси катары кыргыздардын тарыхый жашоосунда болгон. Демек, XXI кылымдагы кыргыз мамлекети адилеттүүлүгү менен айырмаланышы абзел. Адилеттүү мамлекет турган турпаты, маңызы боюнча социалдык мамлекет болушу мыйзамдуу.

Кыргызстанда жарандык коом калыптана баштады. Бул түздөн-түз социологиянын жемиши эле эмес, изилдөөнүн нагыз чордону эмеспи. Кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү (илимде – стратификация) түп-тамырынан бери эволюциялык жол менен өзгөрүүдө. Бирок изилдене элек.

Албетте, коомдун социалдык түзүлүшүн изилдөөнүн социологияда ар кандай ыкмалары, мисалы, маркстык, неомаркстык, вебериандык, каражаттык (байлар, кедейлер) ж.б. бар. Демек, кыргыз коому да ар кандай көрсөткүчтөр менен бааланууга, изилденүүгө муктаж. Ооба, бүгүн байлар жана жакырлар болуп негизги бөлүнүү болууда. Кедейлер, алардын түрлөрү, социалдык бөлүнүшү өзүнчө чоң маселе – айылдык, шаардык, түздүктүк, тоолук же алардын себептери, келечеги ж.б. Ошондой эле коррупционерлер, олигархтар, финансылык магнаттар, улуттук компрадорлор – булардын бардыгы Кыргызстанда капиталисттик базар үстөмдүк эте баштагандан бери пайда болуп жаткан жемкорлордун түрлөрү жана аларды социологиялык ыкмалар менен тыгыз изилдөөгө мезгил жетти.

Иденттүүлүк, иденттешүү жана иденттештирүү – буларды социологиялык түшүнүктөр катары кеңири пайдалануу жана чечмелөө да абдан маанилүү;

Орто тап барбы? Болсо, алар кимдер? Мунун баарын социологиянын мүмкүнчүлүктөрүн, теорияларын жана ыкмаларын чыгармачылык менен пайдаланып, изилдөө күтүлүүдө.

Батыштын жана Россиянын социологиясында "прекариат – жаңы социалдык класс" деген түшүнүк пайда болуп изилденүүдө. "Прекариат" (латын сөзү - precariat) эки мааниден куралат: туруксуз, ээликтен бөлүнгөн, менчиктен ажыратылган, кепилдиктелбеген (гарантиялангбаган) иш жана "пролетариат". Бул түшүнүк өз учурунда эмгектин жыйынтыгынан ажыратылган, үстөмдүк эткен буржуазиянын кызыкчылыгы үчүн эзилген тап (класс) эмес беле. Прекариат – негизинен жаңы пайда болгон социалдык катмар – эмгектин жыйынтыгынан эле эмес, билимден, квалификациядан, ал турмак жашоонун сапатынан ажыратылган топ. Бул топк убактылуу иш менен ар дайым алектенип, базардын мыйзамдуу эмес секторунда жүрөт, натыйжада бул адамдар – кыскартылган социалдык укугу болгондор. Бүгүн прекариат табы дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө эмгекке жарамдуулардын 30дан 40 пайызга чейинки үлүшүн түзөт. Ал эми Кыргыз мамлекетинде булардын үлүшү канчаны түзөт? Эмне үчүн мигранттар көп. Ооз көптүрүп, "миллиондогон сомдор түшөт мигранттардан" деп обу жок мактанабыз. Ошол миллиондогон акчалар ата-энесиз ыйлап турган жаш балдардан айлансын! Эч нерсеге тең эмес!

Жумушсуздар, тентигендер, жарым-жартылай иштегендер, жалдангандар канча? Ким билет? Демек, кыргыз социологиясы бүгүн коом зарыл болуп турган илимий изилдөөлөр менен алектениши толук мыйзам ченемдүү. Өзгөчө аспиранттар жана доктoранттар.

Тарыхтын талабы менен Кыргыз Республикасынын азаттыкка аттанганы 25-жылга карады. Кыргыздар көп кылымдардан кийин өз алдынча улуттук мамлекет катары өнүгүү бактысына ээ болду. Азаттыктагы эркин мамлекет катары жашоо-тиричиликте өркүндөө, өзгөрүү, башкача айтканда, коомдо, жамаатчылыктарда, ар бир жаранда – бардык жагынан дүркүрөп өсүү, өнүгүү, алга кетүү, бак-таалайлуу болуу негизги максатыбыз эле. Азаттыктагы кыргыз мамлекетинде 4 Президент, 6 жолу Жогорку Кеңеш, 26 өкмөт башчысы алмашты. Конституция 8 жолу референдум аркылуу өзгөртүлүп, эми 9-жолу дагы өзгөргөнү турат. Чейрек кылымдык суверендүү тарыхыбызды карасак мамлекеттин келечекте өнүгүшү камтылган, терең ойлонуштурулган идеал, идея, идеология белгисиз. Азыркы Президент А.Ш. Атамбаевдин 2013–2017-жылдарга ылайыкташтырылган стратегиясы бар. Ал да эки жылдан кийин аяктайт... 2015-жылы Жогорку Кеңешке депутатттарды шайлооо аземи башталарда эки жүзгө жакын саясый партиянын тизмеси жарыяланган эле. Дүйнөдөгү чанда кезигүүчү, нагыз шылдыңдоого татыктуу рекорд болду го чиркин.

Мунун бардыгы – коомду өнүктүрүү, мамлекетти түзүү тажрыйбасында коомдук илимдерди пайдалана албаганыбыздын кесепети эмеспи. Өз алдыбызча эркиндиктеги мамлекет катары улуттук салттарыбызды жана социалдык илимдердин жоболорун чыгармачылык менен пайдалануу керек эле. Ошондой илимдердин бири – көп тармактуу социологиянын мүмкүнчүлүктөрүн чыгармачылык менен пайдалануу зарылдыгы бышып жетилди деп дагы бир жолу баса белгилеп кетким келет.

***Нурова С.С.,***
*профессор БГУ*

# СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ ТЕОРИИ БУДУЩЕГО РЕЛИГИИ

Одной из злободневных проблем современного этапа развития человечества стала проблема терроризма, устрашения населения городов, стран и народа вообще. И одна из ипостасей этого зла - попытка прикрыть это религиозными мотивами. Трудно однозначно опеделить современное состояние умов в отношении приверженности религиозным символом, но однозначно мнение о преобладании светской формы общественного устройствап над религиозным.

Социологический анализ феномена секуляризации предельно драматизировал постановку вопроса о будущем религии, вель ценность научного познания в том и заключается - в его способности прогнозировать будущее. Поэтому все социогические теории религии представляла в качестве итогов своего анализа прогноз о дальнейших судьбах религии, так или иначе определяя свое отношение к являющейся центром дискуссий эволюционной модели человечества. Эту проблему со своих позиций рассматривали и философия истории, культурная антропология, социальная и политическая философия.

В социологии эта проблема конкретизируется в виде теоретического анализа на основе эмпирических данных. В основе всех этих научных подходов объективно выделяются следующие вопросы: происходит ли на самом деле упадок религии? если она утрачивает свое былое значение и влияние на общество, то что может быть конечным результатом этого процесса - полностью безрелигиозное общество? или в перспективе рождение новых религий, когда старые боги умрут, а им на смену придут новые боги, о которых мы сейчас не знаем? или же религиозное Возрождение позволит доминировавшим на протяжении полутора - двух тысяч лет и продолжающим доминировать в сегодняшнем мире религиям обрести новое дыхание? И тогда впереди новое христианское или мусульман-ское или общества? Или можно характеризовать историю как постепенное движении по пути от «священного к светскому», «утраты священного»?

Первый социологический прогноз относительно будущего религии был дан основателем социологии О. Контом,который утверждал, что религия будет в конце концов вытеснена и заменена наукой. Эта идея благодаря влиянию позитивизма проникла в общественное сознание и пользовалась широким признанием на протяжении второй половины XIX - начала XX в. среди ученых-естественников и представители позитивистского направления в социологии. Они полагали, что наука дает миру знания, способные обеспечить счастье всем людям, и что главной преградой на пути использования научного знания на благо людей является религия. Но оказалось, что даже если научных открытий становилось все больше, то это вовсе не означало снижение влияния. Да и сам О.Клнт в конечном счете усомнился в способности науки заменить религию. Как социологу, ему была ясна,что социальная функция религии очень важны для общества, которому необходим идеал, способный побудить к филантропии, альтруизму, самопожерт-вованию, великодушию, что порождало потребность в какой-то новой рациональной религии, соответствующей характеру и требо-ваниям позитивной стадии истории, облик и судьбы которой опре-деляет наука.Но ведь религия не может быть создана и введена искусственно.На это позже обратил внимание Э. Дюркгйм:религии всегда возникали сами собой как порождение социальной жизни и не проектируются заранее, им не присущи рациональных конструкций, наоборот, в них много иррационального. Между тем обнаружившиеся негативные последствия упадка религии. Все знают старую поговорку: «Если бога нет, то все дозволено?»

Во второй половине XX в. произошли огромные достижения в важнейших областях науки, но вопреки прогнозу Конта, одновременно в обществе произошел возврат к религиозным взглядам в различных его проявлениях, таких как фундаментализм и спиритуализм и даже попытки сближения науки с мистицизмом.

Второй социологической теорией, прогнозировавшей исчезно-вение религии, была теория К. Маркса. В религии марксистская социология видел прежде всего орудие одурманивания народа- ,определяя ее как «опиум народа». Для Маркса религия - форма «ложного сознания», прикрывающая иллюзиями насилие и эксплуатацию человека человеком. Она существует постольку, поскольку в обществе существует потребность в иллюзиях относительно реальной жизни. Но общество постепенно пробуждается и созревает для того, чтобы перестать утешаться обманом и начать борбу за ликвидацию такого строй, который создает потребность в иллюзиях. Социологический анализ религии был у Маркса односторонним. Он исходил из того, что реально существующая модель религии есть идейное орудие, способствующее эксплуатации, с чем призван покончить комму-низм. Как наследник утопических теорий, он верил, что социализм обеспечить достойную жизнь уже в этом мире.В результате религия исчезнет естественным путем, поскольку в ней отпадает потребность, ведь она фактически призвана поддерживать человека в борьбе с превратностями судьбы, порождаемыми неравенством и эксплуатацией.

Третья из наиболее известных теория отмирания религии принадлежит М. Веберу. По его мнению, господство в совре-менном мире технологии и бюрократии неизбежно ограничивает не только опыт человека, но и его сознание прагматическими интересами, заботой о получении собственной пользы и комфорта, вследствие чего общество становится настолько заорганизованным, что в нем постепенно формируется перспектива угасания возвышенных человеческих страстей, одухотворенности, стремления к идеалу, героическим порывам жертвенности, силы воображения религиозного опыта. Он назвал этот процесс «утратой иллюзий», что, по мнению В.И.Гараджи, было основано не на научных исследованиях, а скорее на неприятии психологии нового времени. Как и Конт, Вебер исходил из неизбежности конфликта между религией и современным рациональным сознанием и предвидел победу разума над религией.

Но если причину упадка религии Конт усматривал в просве-щающим воздействиям науки, то Вебер связывал его с банальным утилитаризмом. В XX в. упадок религии воспринимался в отличие от XIX в. не как триумф человеческого разума, а скорее как симптом духовного заболевания, вызванного гипертрофией рацио-нальности. Взгляды Вебера очень отличаются от оптимистических подходов к прогнозу будущего религии И.Конта и К.Маркса, они близки к экзистенциализму и фрейдизму в оценке современного общества как силы, враждебной свободе и самоосуществлению личности.

**Как бы то ни было, но все прогнозы об отмирании религии не оправдались. В какой-то мере это предвидели и классики социологии, имея в виду ее духовно-нравственные социальные функции и связь с культурой. Не случайно из семь чудес света, описанных Геродом, четыре связаны с религией того времени, да и восмое чудо – вавилонская башня - тоже плод того же вдохновения. Но это отдельная тема**

Р. Белла на основе исследования религии в США, проведенного группой социологов в конце XXв. рассматривает религию как один из элементов структуры частной и публичной жизни и способ, с помощью которых американцы включены в жизнь своей общины и общества в целом. Делается вывод, что настоящее время место религии, как социального нститута, существенно изменилось. Это очевидно и с этим трудно спорить.

Речь не идет об упадке религии в обычных показателях- уровня религиозности населения страны: американцы жертвуют больше времени и денег религиозным организациям, чем всем другим добровольным ассоциациям вместе взятым; примерно 40% американцев участвуют в богослужении по крайней мере раз в неделю; около 60% всего населения США - члены религиозных организаций. Все эти показатели в Западной Европе и России существенно ниже.

В обоих случаях можно констатировать, что традиционные представления о божественном, небесном блаженстве и преисподней, наказании и искуплении потеряли былое воздействие на людей, т.е. и там и тут налицо симптомы кризиса религии. Но в одном случае можно наблюдать утрату веры и упадок религии, фиксируемый по внешним показателям, а в другом: так, у амери-канцев религия воспринимается если не как главное средство проявления интереса к национальным или даже мировым проблемам, то как нечто очень важное, во всяком случае, в частной жизни (семьи, местной общины).

Религии действительно продолжают существовать, но в результате всепобеждающего роста рационализма - они функцио- нируют в ином, нежели прежде, качестве. Прежде всего, религия совмещается с обществом современного типа, помещается в его системе только в качестве частной сферы жизни, перестав быть центральным институтом, формировавшим «общий универсум» и наделявший социальную жизнь общезначимым высшим смыслом. Конечно, сохраняются попытки государственной власти использовать религию в качестве идеологического ресурса, а церковь (мечеть) - как один из источников легитимности. Однако низкая эффективность этих попыток и необходимость прикрывать их формальным признанием свободы совести свидетельствуют о том, что на самом деле религия в современном обществе становится делом индивидуального выбора, что государство освободилось от ее влияния, а политика - от необходимости религиозного обоснования, даже если светская политика продолжает прикрываться традиционными символами. Не только политика, но и повседневная жизнь (не говоря об экономике) оказывается также в очень высокой степени секуляризованной,хотя она затрагивает различные слои современного общества в разной степени. Одна из причин мусульманского ренессанса в Кыргызстане связана со слиянием его символов и обрядов с национальными традициями и обычаями, они органично вошли в менталитет народа, на из страже сила общественного мнения но это отдельная тема.

Таким образом, присутствие религии среди современных социальных институтов современные исследователи социологической науки считают данью традиционной символике или идеологической риторике, но в наше время ничто социальное - этнос, культура, государство - уже не несет в себе религиозного смысла и не может его иметь, так что всякая попытка наделить их религиозным смыслом, как прежде - ложь или заблуждение. Но это не означает «конца религии», «смерти Бога» - это означает конец традиционных форм религии, традиционных образов Бога.К такому мнению склоняются и видные представители теологии.

В заключение хотелось бы выразить своемнение, что о кризисе религии в современный период не следует заявлять с большой уверенностью, поскольку этот процесс достаточно противоречивый и болезненный, ведь менталитет народа в основе своей довольно консервативный феномен и не поддается быстрым изменииям.

***Литература***

1. Гараджи В.И. Социология религии. – М., 2005.
2. Белла Р. Привычки сердца // Религия и общество. – М., 1996.
3. Можайко В. 7 и 37 чудес. – М.: «Наука», 1983.

*Т. Шайдуллаева,*
*Бишкек шаары*

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИКТИ ИЛГЕРИЛЕТҮҮДӨ БЕЙӨКМӨТ УЮМДАРДЫН РОЛУ

Кыргызстан эгемендик алгандан кийинки аз эле жылдары жарандык коом өз ишмердиктерин бир топко активдештирүүгө жетише алды. Анткени өлкөнүн өнүгүүсүнүн демократиялык багытка жол алуусу жарандык сектордун нституттарынын мыйзамдык жана укуктук базаларын негиздөөгө шарт түздү. Кыргыз Республикасынын "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү" (октябрь,1999) мыйзамында өлкөдөгү бей өкмөт уюмдардын мааниси жана алардын мамлекеттик жана жеке структуралар менен тең укуктуу абалы тууралуу айтылат ( Аталган мыйзамдын 18-21-статьяларын караңыз).

Бүгүнкү күндө республикабызда 2 миңден ашуун БӨУлар ишмердиктери жүргүзүп келет. Алардын ичинен 160 аялдардын укуктарын коргоо, гендердик теңчиликти илгерилетүү жаатында түздөн-түз аракеттенишет (Караңыз: Бектурганова К.А. Иторическая роль женщины в социально-экономической и культурной жизни Кыргызстана (XX век), Автореферат на соик.к.ист.н).

Кыргызстандагы БӨУлардын өнүгүүсүнө эл аралык донор уюмдардын өлкөбүзгө келиши чоң таасир эткен. Айрыкча БУУӨПтүн, ЕККУнун, «Сорос-Кыргызстан» фондунун, Дүйнөлүк банктын, ХИВОСтун, Каун-терпарт Консорциумдун, ТАСИСтин, ХЕЛЬВЕТАСтын, К.Аденауэр жана Ф.Эберт атындагы фонддордун ж.б.эл аралык уюмдардын БӨУларды өнүктүрүүдөгү ролу абдан чоң болгон. Бул жерде өзгөчө БУУӨПтүн "Аялдар уюмдарынын потенциалын өнүктүрүүнү колдоо" долбоору аялдар БӨУларынын ишмердиктерин уюштурууга бөтөнчө салымын кошкон.

Гендердик маселелер жаатында иштеген аялдардык бейөкмөт уюмдары бир нече багыттарда өз ишмердиктерин жүргүзүшөт. Алсак, аялдардын саясый укуктарын алга илгерилетүү, илимий изилдөөчүлүк, окутуу-агартуучулук, кеңеш берүүчүлүк, зордук-зомбулуктан коргоо, кайрымдуулук ж.б болуп саналат. Көптөгөн бейөкмөт уюмдар гендердик саясатты илгерилетүүгө түздөн-түз салым кошушат. Буга мисал, бейөкмөт аялдар уюмдарында эмгектенген эксперт-активисттердин бир канчасы Гендердик теңчиликти алга илгерилетүү максатында түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Өкм өтүнө караштуу Улуттук Кеңештин мүчөсү болуп саналышат. Андан тышкары гендердик активисттер жана эксперттер гендердик өнүгүү боюнча улуттук планды жүзөгө ашыруу боюнча түзүлгөн бир канча ведомстволор аралык жумушчу топтордун мүчөлөрү да болуп саналышат.

Аялдардын бейөкмөт уюмдары акыркы жылдары Кыргызстанда гендердик өнүгүү боюнча бир топ конкреттүү иш-аракеттерди жүзөгө ашырышты. Ириде гендердик маселелерди илгерилетүүнүн мыйзамдык базаларын өнүктүрүү боюнча активист-аялдардын эмгеги бөтөнчө олуттуу болду. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын бир нече депутат айымдары, жарандык сектордогу активист айымдар Пекинде болуп өткөн аялдардын абалы боюнча бүткүл дүйнөлүк төртүнчү конференцияга биринчи ирет катышып келишкен. Бул окуя Кыргызстандагы аялдар кыймылындагы жаңы мезгилди баштаган. Анткени конференциянын жыйынтыгында кабыл алынган Аракеттердин Пекин платформасында белгиленген милдеттенмелерге биздин өлкө да кол койгон. Конференциядан келгенден кийин Жогорку Кеңештин депутат айымдары жана бейөкмөт уюмдардын активисттери аялдардын укуктары жаатындагы бир канча эл аралык документтердин Жогорку Кеңеш тарабынан ратификация болушуна түздөн-түз салым кошушкан. Так-тап айтканда Бириккен Улуттар Уюмунун "Аялдардын саясый укуктары тууралуу", "Никеге турууга макулдук, нике курагы жана никени каттоо тууралуу", "Күйөөдөгү аялдын жарандыгы тууралуу", "Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндөгү" 4 эл аралык конвенциясы кабыл алынган. Андан тышкары Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлө Кодексин" талкуулоого жана кабыл алуусуна да БӨУлар активдүү катышышкан. Анткени аталган документ гендердик позициядан алганда көптөгөн толуктоолорго жана оңдоолорго муктаж болгон. 2000-жылга чейин Кыргыз Республикасынын аялдардын укуктарына байланышкан 8 мыйзамына гендердик экспертиза жасалып, аларга 84 оңдоолор жана сунуштар киргизилди. Ошондой эле буга удаа Жогорку Кеңеш гендердик теңчиликке багытталган "Жарандардын репродуктивдик укуктуры жөнүндө"(2000), "Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликти камсыздоонун мамлекеттик кепиддиктеринин негиздери жөнүндө" (2003) жана "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандарды социалдык-укуктук коргоо жөнүндө" (2003) мыйзамдарды бекитип берген. Буларды талкуулор учурунда жарандык сектордун эксперттери жумушчу топторго биригип, активдүү иштеп беришкен.

Белгилей кетчү нерсе, "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндөгү" мыйзам жарандык сектордун эксперттери тарабынан демилгеленип, иштелип чыгып, 30 миң кол топтолуп, бекитип берүү үчүн КР Жогорку Кеңешине сунушталган. Мындай жарандык демилге Кыргызстанда биринчи ирет ишке ашкан. КР ЖК аталган мыйзамды бекитип берген. Андан тышкары "Гендердик теңчиликти камсыздоонун мамлекеттик кепилдиктеринин негиздери жөнүндөгү" кабыл алынган мыйзамга ылайык, өлкөнүн улуттук мыйзамдарынын көпчүлүгүнө гендердик позициядан экспертиза жүргүзүлгөн. Анткени өлконүн улуттук мыйзамдарынын айрымдары гендердик позициядан алганда олуттуу түзөтүүлөргө муктаж болгон. Мисалы, Кыргыз Республикасынын 2001-жылы январь айында кабыл алынган "Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндөгү" мыйзамына ылайык бир айылдан экинчи айылга, же Кыргызстандын башка жагына турмушка чыккан кыздар өздөрүнүн жер үлүштөрүн сатууга, белекке берүүгө укуктары жок болгон. Аялдардын бейөкмөт уюмдары бул маселени тиешлүү инстанцияларга көтөрүп чыгып, натыйжада 2006-жылдын 25-июлунда аталган мыйзамдын 14,15, 28 жана 29-статьяларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Оңдоолордон соң, мыйзамга ылайык кыздар өздөрүнүн жер үлүштөрүн сатууга жана белекке берүүгө укуктуу болуп калган.

Ошондой эле кыргыз коомунда аялзатынын чечим кабыл алуучу жогорку деңгээлдерге катышуусун илгерилетүү максатында өлкөбүздүн бейөкмөт уюмдарынын активисттери туруктуулук менен андан ары биримдикте аракеттеништи. Айрыкча КР Жогорку Кеңешинин 3-чакырылышынын курамы жалаң эркектер болуп калган учурда бейөкмөт уюмдардын лидерлери өлкө жетекчисине кайрылып, КР Президентинин Жогорку Кеңештеги гендердик маселелер боюнча өкүлү институтун ачууга жетишишкен. Бул институционалдык механизмдин жемиши аялдардын Жогорку Кеңешке андан кийинки чакырылыштарда келишинин туруктуулугун камсыздоого өбөлгө болду. Тактап айтканда, 2007-жылы жарандык сектордогу аялдар кыймылын түзгөн бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын “Саясый партиялар жөнүндөгү” мыйзамына гендердик квотаны киргизүү максатында абдан масштабдуу эдвокаси кампания жүргүзүшкөн. Натыйжада КР Жогорку Кеңешине талапкерлердин тизмесин бекитүүдө саясый партиялар эч бир жыныстын 70%дан ашуусуна жол бербестиги аталган мыйзамга киргизилип, КР ЖК тарабынан бекитилген.

Ал эми 2013-жылы өлкөдө кыздарды зомбулук жолу менен ала качып, никеге турууга мажбурлоо көбөйүп кеткенине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 154 жана 155 –статьясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн бейөкмөт уюмдардын активисттери биргеликте топтолуп Кыргызстан боюнча атайын акцияларды жана иш-чараларды өткөрүштү. Бул иште алар тиешелүү бийлик органдары жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттары менен биргеликте аракеттеништи. Наыйжада аталган мыйзамдын эки статьясына өзгөртүүлөр киргизилип, кыздарды зомбулук менен ала качкандарды жазалоо мыйзам жүзүндө күчөтүлдү.

Бейөкмөт уюмдардын гендер маселелерин илгерилетүүсүндөгү дагы бир багыт - агартуучулук. Бейөкмөт уюмдар гендер жаатындагы маалыматтарды жана билимди берүү максатында аймактардагы жана борбордогу аялдарды, тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн, жаштарды ж.б. ар кандай семинар-тренингдерден өткөрүшөт. Бул иш-чаралар гендер багытындагы ар кандай көйгөйлүү маселелер менен иштөөдө аларга зарыл жардамын тийгизе алат. Алсак, бир эле “Аялдарды колдоо борбору” коомдук бирикмеси тарабынан 10 жылдан ашуун мезгилден бери жыл сайын жайкы жана кышкы гендер мектептери өткөрүлүп турат. Мында катышуучулар гендер тууралуу академиялык билимден тарта интерактивдик сабактарды да ала алышат (Караңыз: http://www.wsc.kg).

Аялдардын бейөкмөт уюмдарынын Кеңеши БУУнун Аялдардын абалы боюнча Комитетине мезгил-мезгили менен Кыргызстандагы аялдардын акыбалы боюнча даярдалган мамлекеттик докладга карата Альтернативалык докладды даярдап, алып барышат. Бул Кыргызстандагы гендердик жаатагы көптөгөн көйгөйлүү маселелердин реалдуу картинасын берүүгө өбөлгө боло алат.

Ошондой эле БӨУлар үчүн мамлекет тарабынан социалдык заказдар да берилип турат. Тактап айтканда тигил же бул проблеманы чечүү максатында мамлекет тарабынан түзүлүп, каржыланган долбоорлор БӨУлар тарабынан жүзөгө ашырылат. Кыргызстанда гендердик маселелерди илгерилетүү тууралуу социалдык заказдар мамлекет тарабынан чанда гана болуп, негизиен бул багытта бейөкмөт уюмдар донорлордун колдоосу менен ишмердиктерин жүргүзүп келишет.

Гендердик теңчиликти алга илгерилетүүдө Кыргызстанда проблемалар дагы эле аз эмес.

Кыргызстанда гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча кабыл алынган Гендердик теңчиликти 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясы мамлекет тарабынан толук каржыланбай келет. Гендердик иш чаралар көп учурда, дээрлик десе да болот эл аралык уюмдардын каржылык колдоосу менен гана жүзөгө ашат. Гендерди мамлекеттик бюджеттештирүү маселеси чечилбеген бойдон келет. Мына ушундай жагдай да бейөкмөт уюмдардын гендер жаатындагы маселелерди тынбай көтөрүүсүнө, эл аралык донор уюмдарга кайрылуусуна түртөт.

Бүгүнкү күндө аялдардын бейөкмөт уюмдары кыргыз коомунда чоң күч катары калыптанып калды. Алар мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары менен көптөгөн маселелерди чечүүдө өнөктөш катары иштеп келишет. Бейөкмот уюмдар өздөрүнүн уюшкандуулугу менен да айырмаланышат, анткени гендердик жагдайдагы көп маселелер БӨУлардын консолидациясын талап кылат. Мындайда алар түйүндөргө, тармактарга жана жумушчу топторго бириге калышып, бирге, чогуу аракеттенишет. Бийлик менен сүйлөшө алышат. Бүгүн бейөкмөт уюмдар көптөгөн депутат жана чиновник айымдар үчүн өзүнчө эле мектеп болуп калды. Анткени бейөкмөт уюмдарда иштөө эл менен бийликтин ортосундагы байланышты жана диалогду камсыздоо милдети менен түшүндүрүлөт. Бул нерсе бейөкмөтчүлөрдүн жоопкерчилигин жана активдүүлүгүн ого бетер арттырат. Тигил же бул маселени көрүүгө, аны анализдөөгө, эл, бийлик алдына талкууга алып чугууга, жыйынтык чыгарууга жана чечим кабыл алууга үйрөтөт. Айрыкча кыз-келиндер үчүн бейөкмөт уюмда иштөө өзүн-өзү өстүрүүсүнө, тажрыйба жана билим алуусуна, өзүнүн потенциалын реализация кылуусуна түздөн-түз өбөлгө болот.

Ошондуктан, бүгүнкү күндө БӨУлар өз ишмердиктерин өнүктүрүү менен аялзатынын коомдогу ролун жана ордун да бекемдеп жатышат.

***Адабияттар***

1. КР “Коммерциялык эмес уюмдар тууралуу “ мыйзамы (октябрь. 1999)

2. Бектурганова К.А. Иторическая роль женщины в социально-экономической и культурной жизни Кыргызстана (XX век), Автореферат на соик.к.ист.н).

3. Суюнбаев М.Н. Естественные основания гражданского общества в Кыргызстане. Гражданское общество и НПО Кыргызстана: взгляд изнутри. – Б., 2005.

*Н.Мендибаев,*
*Ошский технологический университет*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ КАЛКЫНЫН ЖАШОО САПАТЫ – КЕЛЕЧЕК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ӨБӨЛГӨСҮ КАТАРЫ

*Бул макалада Кыргызстандагы айыл калкынын рынок шартындагы жашоо сапаты жана анын айрым компоненттери социологиялык изилдөөлөр аркылуу талданып изилденет.*

Айыл жарандарынын жогорку жашоо сапаты жергиликтүү коомдоштуктун туруктуу өнүгүүсүнүн өбөлгөсү жана социалдык көйгөйлөрдү жоюунун негизи болуп эсептелет. Калктын жашоосун жакшыртуу маселесинде олуттуу роль жалпы республикалык сыяктуу эле жергиликтүү, райондук бийликтерге тиешелүү болуп саналат. Мына ошого байланыштуу жашоо сапатын жогорулатуу максатында жергиликтүү органдардын башкы маселеси көбүнчө жергиликтүү органдардын, ишкер чөйрөлөрүнүн жана калктын ортосундагы өнөктөштүк мамилелерин жөнгө салуусу болуп саналат. Калктын жашоо сапатын жакшы тарабына чындап өзгөртүү, бул баарынан мурда, социалдык максаттарды ар бир адамга, ар бир үй-бүлөгө карата ишке ашыра турган жергиликтүү башкаруунун деңгээлинде гана мүмкүн деген түшүнүктү бекем орнотуу болуп саналат.

Айыл жерлериндеги жашоочулардын жашоо деңгээлин жана жашоо сапатын жогорулатуу мамлекеттин эң башкы маселелеринен. Бул максатта баарынан мурда, айыл калкынын жумуш менен камсыз болуусун камсыздоочу багытты өнүктүрүү жана орто жана чакан ишкердикке өбөлгө түзүү: “айыл экономикасын диверсификациялоо; айыл чарба товарларын өндүрүүчүлөрдү мамлекеттик колдоону күчөтүү болуп саналат” [1].

Социологияда жашоонун сапаты жөнүндөгү түшүнүк салыштырмалуу жакында эле 1960-70-жылдарда пайда болду. Ал түшүнүк белгилүү бир социалдык шарттардын баалуулуктарынын жыйындысын жана адамдын өзүнүн жашоосунан, өзүнүн иш-аракетинин натыйжалуулугунан, өзүнүн умтулуусунун идеалынын жана ойлогондорунун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн канааттануусу аркылуу чагылдырылат. Социологдор бул түшүнүктү аныктоодо анын объективдүү мазмунуна жана ал чагылдырган чындыкты чагылдыруунун субъективдүү баасына көңүл бурушат.

Жашоо сапатын көбүнчө “жашоо деңгээли” деген түшүнүк менен бирдей окшоштуруу методологиялык жактан кеңири таралган катачылык болуп эсептелет. Ошол эле учурда, адаттан тышкаркы кубулуш катары адамдын керектөө чөйрөсүндө жашоо шарттары менен детерминдештирилген, калктын социалдык-экономикалык жыргалчылыктарынын көрсөткүчү аркылуу аныкталат. Жашоо сапаты өзүнүн мааниси боюнча кеңири түшүнүк болуп ал өз ичине “жашоо деңгээли” деген түшүнүктү да камтыйт [2].

Мына ошондой факторлордун арасынан калктын жашоо сапатынын төмөнкү элементтери бир топ олуттуу ролду ойнойт:

-калктын алган кирешелеринин деңгээли;

-ден-соолуктун абалы жана жашоонун узактыгы;

-жашоонун баасы, башкача айтканда аны тиешелүү деңгээлде кармап турууга зарыл болгон жыргалчылыктар;

-турак-жай, анын ыңгайлуулугунун деңгээли;

-саламаттыкты сактоону, билим алуу, маданият, спорт, автоунааны кошуп эсептегенде калктын социалдык камсыздалгандыгынын деңгээли;

-экологиялык коопсуздуктун деңгээли, табигый чөйрөнүн сапаты жана анын булганып кетүүдөн корголуусу;

-укук коргоонун абалы, кылмыштуулуктун төмөндөө же өсүү деңгээли;

-бийликке болгон ишеним жана анын калкка карата болгон мамилеси, анын эмгек жана турмуш-тиричилик маселелерин чечүүгө катышуусу;

-жумушсуздуктун деңгээли жана жумушка орношуу, эмгек акысына тиешелүү маселелерде калкты колдоо;

-эмгеги, турмуш-тиричилиги, жашоо абалы, эмгек жана эс алуу чөйрөсүнө болгон канааттануусу ж.б. чаралары кирет [3].

Калктын жашоо сапатынын биринчи алакалашуу көрсөткүчү, өзүнө калктын өмүрүнүн узактыгын, ден-соолугун жана физикалык жактан аманчылыгын, калктын калыбына келүү деңгээлин камтыйт.

Аныктама боюнча “ инсандын ден-соолугунун абалына, жана ошондой эле анын жогорулоосуна жана анын жетишкендигине (ооруп калган учурда) байланыштуу болгон иш-аракети анын үй-бүлө тиричилик чөйрөсүнө тиешелүү жана физиологиялык керектөөлөрүн канааттандыруу менен байланыштуу.

Саламаттыкты сактоону өнүктүрүү маселеси эң орчундуу социалдык көйгөйлөрдүн бирине тиешелүү. Ошону менен бирге калктын ден-соолукта жашоосун өз учурунда жана сапаттуу алдын алуу – анын саламаттыгынын эң маанилүү мүнөздөгүчтөрүнүн бири. Бул фактор көбүнчө көптөгөн ооруларды кечигип дарылоо эмес алардын алдын алууга багытталган саламаттыкты сактоо мекемелериндеги иштин сапаттуулугу менен шартталган. Анын үстүнө саламаттыкты сактоо кызматынын коммерцияланып кетүүсү калктын ден-соолугуна өтө эле жакшы көмөк көрсөтүүдөн алыс калууда. Базалык муктаждыктарды канааттандырууга кеткен чыгымдар калктын көптөгөн категориясына өзүнүн ден -соолугун калыптандыруудан үнөмдөөгө мажбурлап, оорунун алдын алууга жана дарылоого каражат табууга мүмкүндүк бербейт жана бул жарабай турган көрүнүш экендиги табигый нерсе.

Жашоо сапатынын дагы бир олуттуу интегралы болуп калктын жыргалчылыгынын абалы эсептелет. Адамдардын социалдык багыттары, ниеттери жана муктаждыктары өзүнүн негизинде ар дайым алардын материалдык канааттанууларынын мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталып келген. Бул өнүттө ар бир адамдын социалдык багытына, каалоолоруна жана муктаждыктарына белгилүү бир деңгээлде таасир берүүчү калктын жан башына бөлүнгөн орточо киреше көлөмү боюнча калктын жиктелүүсү илимий жана практикалык кызыгууну жаратат. Ошону менен бирге киреше алуудагы кескин айрыма комплекстүү көрсөткүч катары социалдык мандемдүүлүктүн өсүп жатканын айгинелейт.

Айыл калкынын жашоо сапаты - өзүнө бир катар компоненттерди камтыган интегралдык маалымат жана түшүнүк. Мындайларга тамактануунун сапаты, өмүрдүн узактыгы жана калктын саламаттыгы, билим берүүнүн, эмгектин жана медициналык тейлөөнүн сапаты, инсандын ар түрдүү талаадагы (экономикалык, укуктук, экологиялык, физикалык) коопсуздугунун деңгээли жана курчап турган айлана-чөйрөнүн абалы кирет.

Жашоо сапатын изилдөөдө комплекстүү мамилени пайдалануу менен бирге төмөнкү компоненттерди баса белгилейбиз: 1) өмүрдүн узактыгы жана ден-соолуктун абалы, 2) тамактануунун сапаты, 3) турак-жай, тиричилик шарттары, керектөө мүмкүнчүлүктөрү, 4) билим алуу жана аны жогорулатуунун мүмкүнчүлүгү, 5) эмгек жана эс алуунун. Келтирилген методологиянын негизинде социеталдык бүтүндүк катары айыл жашоочуларынын жашоо сапатынын эмпирикалык абалын биздин изилдөөлөрүбүздүн материалдары аркылуу да карап көрөбүз.

Калктын жашоо деңгээлинин чен өлчөмүнүн бири катары өмүрдүн узактыгы кызмат кылат. Эркектердин өмүрү аялдардын өмүрүнөн кыска экенин статистика көрсөтөт, бул болсо европа жана азия өлкөлөрүнүн жалпы мүнөздүү багытын чагылдырат. Айылдыктардын (50,8%) пикири боюнча бул факт эркектер оор жана зыяндуу иштерде иштегендиги, аракечтиги (46,8 %), жана ошондой эле эркектер эреже катары дарыгерлерге сейрек кайрылышкандыгы жана өзүнүн ден-соолугуна начар көз салышкандыгы (51,2% ) менен түшүндүрүлөт. Аялдар эркектерди өздөрүнө караганда көбүрөөк, алардын өмүрүнүн кыскалыгын өзүнүн ден-соолугуна начар көз салгандыгын, жана ошондой эле оор жана зыяндуу иштерде иштешкендиги менен байланыштырышат.

Ошентип, айылдыктар калктын өмүрүнүн узактыгын биринчи кезекте жашоо таризи жана өзүнүн ден-соолугуна кам көрүүсү менен бекем байланыштырат, бул болсо ден-соолукту сактоодо инсандык (субъективдүү) жигердүүлүк чен өлчөмү, акырындап аң-сезимдин жигердүүлүгү калыптанып жаткандыгын айгинелейт.

Айылдыктардын жашоо сапатынын материалдык жыргалчылык бөлүгүндөгү дагы бир көрсөткүчү болуп тамактануунун сапаты эсептелет. Изилдөөбүздө айылдык жарандардын тамактануу мүмкүнчүлүгүн карап бул мүмкүнчүлүктөр белгилүү деңгээлде чектелүү экенин белгилейбиз. Анткени изилдөөлөрдүн натыйжасы көрсөткөндөй биз айылдыктардын тамак-ашынын негизгилери болуп ун, жашылча, дан азыктары, жана ошондой эле эт-сүт азыктары экендигин аныктадык. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү - 99,3% тамак-ашка көбүнчө ун азыктарын (нан азыктары, макарондор), жашылчаларды (96,9%), эт жана эт азыктарын (85,8%), сүт азыктарын (80,3%), акталган данды (82,3%) пайдаланышат. Айылдыктардын алда канча аз бөлүгү гана тамак-ашка жемиштерди (17,2%), таттуу-шириндиктерди (14,0%) пайдаланышат.

**Диаграмма 1.** – Айылдыктардын өздүк көмөкчү чарбасынын бар экендиги, сурамжылангандарга карата % менен




Келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай айылдыктардын тамак-ашынын сапатын берекесиз деп атоого болбойт, бирок толук кандуу деп да айтууга болбойт. Ошону менен бирге азыктүлүктөрдүн басымдуу үлүшүн айылдыктар жеке көмөкчү чарбаларынан ала тургандыгын эске алуу керек (сурамжылоого катышкандардын 56,2% өздүк көмөкчү чарбалары бар, ал эми андан алынган кирешенин үлүшү айылдыктардын бардык кирешесинин 10-40% аралыгында). (№.1. диаграмм кара).

Ошого карабай айылдык жарандар кээ бир тамак-аш, азык-түлүктөрдү өзү үчүн кол жеткис сонундук деп ойлошот. Андайлардын катарына 83,0% тропикалык цитрустарды, 66,3% - чет элдик таттууларды, 62,1%- балык азыктарын, 54,4 %- жемиштер жана кургатылган жемиштерди, 35,3% - колбаса жана эт азыктарын киргизишти.

**Диаграмма 2.** – Айылдыктардын кол жеткис азык-түлүктөргө болгон салыштырмалуулугу сурамжылангандарга карата % менен




Жалпысынан тамак-аш, азык-түлүктөрүн пайдалануунун анча жогору эмес деңгээлин белгилөөгө болот, бул болсо айылдыктардын жашоо сапатынын жалпы баасын төмөндөтөт.

Если сравнивать ситуацию в разрезе областей, на вопрос «Ощущаете ли Вы себя защищенным законами Кыргызской Республики?» в 2013 году респонденты намного чаще отвечали «да» во всех областях, кроме Иссык-Кульской (*см Диаграмму 3*).

*Диаграмма 3. Ответ "Да, я ощущаю себя защищенным (-ой) законами Кыргызской Республики" [сравнение результатов исследований 2013 и 2011 гг., в %]*



Как логическое продолжение темы нормативно-правовой безопасности, в ходе исследования также изучался вопрос доверия институтам, призванным защищать права граждан и контролировать соблюдение существующих законов.

В ходе опроса 2013 года респонденты должны были оценить, насколько они доверяют тем или иным институтам (всего в списке их было 11) по шкале от 1 до 5, где 5 означала наименьшую степень доверия, а 1 – наивысшую. Таким образом, в целом, уровень доверия к различным государственным и негосударственным институтам колебался в пределах 3-х баллов («и да, и нет, трудно сказать»), с тенденцией в 2 балла («скорее доверяю») по отношению к Судам аксакалов и ДУМК.

Наименьшее доверие (балл «4» («скорее не доверяю») в двух и более областях) у населения вызывали такие структуры как: ГАИ, Жогорку Кенеш, суды, прокуратура, ГКНБ, милиция, русская православная церковь.

В разрезе областей особенно «недоверчивыми» (балл «4» по 3-м и более институтам) оказались представители Чуйской области, а также жители столицы страны, и представители Иссык-Кульской области.

Наибольшее доверие (балл «2» в двух и более областях) у населения вызывали такие институты как: Президент страны, местные администрации (айыл окмоту в селах и мэрии в городах, МЧС, жааматы в селе и местные сообщества в городе, суды аксакалов), ДУМК, кыргызстанские СМИ). В разрезе областей самыми «доверчивыми» (балл «2» по 3-м и более институтам) оказались представители Таласской, Нарынской, Джалал-Абадской, Ошской областей и г. Ош.

Наивысший балл («1» - «полностью доверяю») получила только местная администрация в г. Ош. Наименьший балл «5» («не доверяю») не получил ни один институт, ни в одной из областей.

В свете актуальности на сегодняшний день темы «исламизации» и опасности ее радикальных проявлений, приведем также соответствующие данные исследования 2013 года. Для того, чтобы определить степень серьезности и глубины проникновения исламской традиции среди мусульман, тем, кто исповедует ислам (а подавляющее большинство жителей нашей страны, по данным исследования 2013 года, исповедовали ислам (87%), 10% - христианство и 3% - никакую религию не исповедовали), в ходе интервью был задан вопрос о том, совершают ли они действия, обязательные для выполнения «истинным мусульманином».

В итоге, в целом, по признанию респондентов-мусульман, 99% из них утверждали, что признают Аллаха, 87% мусульман утверждали, что отмечают все мусульманские праздники, 71%, что совершают религиозные пожертвования, более половины (62%) читают Коран, половина из опрошенных мусульман соблюдают пост в рамазан, каждый третий мусульманин совершает ежедневный пятничный намаз, почти каждый четвертый ходит на пятничную молитву в мечеть и каждый шестой мусульманин совершает хадж.

Но при этом, следует заметить, что в разрезе областей ситуация могла отличаться по некоторым параметрам достаточно существенно.

Так, если почти 97-98% представителей Чуйской, Таласской и Ошской областей (средний процент по стране – 87%) утверждали, что отмечают мусульманские праздники, то, например, лишь 34% представителей Баткенской области подтвердили данный факт.

Вообще, самыми «серьезными» верующими, по объему выполняемых ими религиозных ритуалов, оказались в основном представители юга Кыргызстана: Джалал-Абадской, Ошской областей, а также жители Таласской области и, возможно, жители г. Ош, если учитывать, что «совершение хаджа» - это все-таки самое сложное по своей доступности религиозное действие.

Жители же других областей и особенно жители Баткенской области и столицы страны являются, скорее представителями, так называемого более «мягкого ислама», не так строго или не в полной мере придерживаясь соблюдения основных религиозных предписаний.

Несмотря на достаточно заметную религиозность населения, по мнению большинства респондентов (64%) в 2013 году, нашей стране все-таки больше подходит модель светского государства, хотя и довольно существенная часть, около четверти опрошенных (25%) – также выступали и за традиционную «жесткую» исламскую модель с соблюдением законов шариата.

Если попытаться делать заключения по индикатору «безопасность», который был одним из ключевых в обоих исследованиях и за 2011, и за 2013 годы, то, необходимо отметить, что порой результаты были неоднозначными. Как видно было из описаний выше, хотя подавляющее число респондентов считали безопасными места своего проживания (города и села) и не имели серьезных намерений переезда из страны, тем не менее, почти в 1,5 раза реже они оценивали безопасной саму страну в целом. Факторами нестабильности, называя при этом митинги и революции, а также общую нестабильность в стране.

Также, хотя положительной тенденцией можно назвать рост ощущений защищенности законом в 2013 году, по сравнению с 2011 годом, процент ощущающих себя защищенными все же не превышал в целом 40%. При этом доверие к различным институтам, призванным эту защиту осуществлять, колебалось в пределах оценки «и доверяю, и не доверяю, трудно сказать». Причем наименьшее доверие у населения вызывали именно такие главные в ключевом отношении структуры как: ГАИ, Жогорку Кенеш, суды, прокуратура, ГКНБ, милиция.

Хотя и подавляющее большинство опрошенных, по итогам исследования 2013 года, признавали наиболее подходящей моделью устройства страны светскую модель, вызывает настороженность, и особенно в проекции на сегодняшний день, достаточно ощутимый процент (около четверти респондентов) приверженцев «жесткой» исламской модели государственного устройства с соблюдением законов шариата.

***Литература***

1. Отчет по результатам социологического «Исследования ценностей жителей кыргызстанского общества», Бишкек, ГИИП, 2011 год.

*А.С. Калиев,*
*ЖАМУ*

# ЭТНОСТОР АРАЛЫК КОНФЛИКТТЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУДА ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРДЫН РОЛУ

Ааламдашуу мезгилинде, коомчулукта көптөгөн өкмөттүк эмес уюмдар мамлекеттин ички жана сырткы иштерине кийлигишүүсү көп эле байкалууда. Бейөкмөт уюмдардын коомдогу ролу жана орду демократиянын деңгээлине жана анын мүнөздүү белгилерине жараша кызмат кылаары жөнүндө азыноолак айта кетсек, бир жагынан бейөкмөт уюмдар өзүнө мамлекеттик милдеттенмелердин бир бөлүгүн алат жана аны материалды аз чыгымдоо менен ишке ашырат. Экинчи жагынан, бейөкмөт уюмдар мамлекеттеги көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. Мындай көйгөйлөр социалдык проблемалар, адамдардын анча чоң эмес тайпасындагы чыр-чатак маселелери бийлик органдары жана эл аралык түзүмдөр да көбүнчө шериктештик мамиледе иш алып барышат.

Айрыкча мамлекеттер аралык жана мамлекеттин ичиндеги этникалык, граждандык чыр-чатактардын мезгилинде бейөкмөт уюмдар өзгөчө мааниге ээ болуу менен иш алып барат. Анткени бийлик мындай мезгилде өз жарандарына болгон таасирин жоготот. Ошондой эле саясий диалог жүргүзө албай калат. Ошондуктан, бейөкмөт уюмдардын ролу жогорулап, бийлик жоготкон таасирдүү күч алар тарапка ооп, маселени чечүүчү, калыбына келтирүүчү формасында чыга келип, көптөгөн адамдардын жашоосун сактап калуусу да “Бейөкмөт уюмдарын” этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда актуалдуу маселелерден экендиги коомчулуктун көңүл борборунда экендиги жалпыга маалым.

СССРдин курамындагы мамлекеттердин өз алдынчалыкты алуусу менен анын карамагына караган көптөгөн аймактарда улуттар аралык конфликтер жогорулаган. Алардын көпчүлүгү аягына чыгып чечилбестен, азыркы күнгө чейин уланып келет.

1989–1990-жылдары бейөкмөт уюмдар аргасыз миграциялык көрүнүштөр жана территориялык конфликтер менен байланышкан көйгөйлөрдүн чечилүү жолдорун камтыган узак мезгилдүү программаларды иштеп чыгуунун зарылдыгы белгилешкен. Көбүнчө бийлик органдары  массалык баш аламандыкты чечүү жолунда жаңы көйгөйлөрдү эски усулдардын негизинде чечүү керектигине ынанышкан. Башкача айтканда салттык билим колдонулган. Ошол эле мезгилде бейөкмөт уюмдардын, коомдук зарылдыктын негизинде иш алып баруучу адамдардын майда тайпалык бирикмелери түзүлүп, конфликтүү маселелерди токтотууда, качкындардын көйгөйлөрүн кыска мөөнөт ичинде чечүүгө же өз жерине кайтарууда негизги ролду ойношкон. Бейөкмөт уюмдар өз алдына ар түрдүү маселелерди коюшкан. Анткени мурдагы СССРдин курамындагы мамлекеттердин ыдыроосу менен анын территориясында көптөгөн курч маселелер пайда болгондугу жалпыга маалым. Мындай маселелерди чечүүгө алгачкы мезгилдерде мамлекеттик уюмдар аралашса, бүгүнкү күндө мындай конфликтүү зоналарда бейөкмөт уюмдардын иш жүргүзүүсү, багыты, универсалдуу көйгөйлөрдү камтуусу, натыйжалуу иш алып баруусу жагынан ар түрдүү бийиктикти багындырышкан. Бейөкмөт уюмдардын эң ирилеринин бири “Международный комитет красного креста” (МККК), “датский совет по беженцам” (ДБС) жана башка. Ири тайпалар менен бирге бир канча адамдан турган майда тайпалар да пайда болуп, кырдаалды жакшыртуу багыты менен чыгышкан. Бейөкмөт уюмдардын конфликтүү зоналардагы маселелерди чечүү классификацияларын төмөндөгүдөй бөлүүгө болот:

1) Гуманитардык багытта иш алып баруу – бул багытта биринчи кезекте тамак-аш, кийим-кече, бут кийим жана жашоо үчүн өтө зарыл нерселер-палатка, суу, жылуулук каражаттары, меш жана башкалар. Ошондой эле бул багытта, мүмкүнчүлүккө жараша жумушчу орундар менен камсыздоо, балдарды окутуу маселесин чечүү, медицина жана медикаменттик жардам, мындай жумушту аткаруу чоң каражатты талап кылат. Белгилүү болгондой, каражаттын негизги бөлүгүн эл аралык түзүмдү каржылаган ири уюмдар аткарат. Конфликтин жабырлануучуларын камсыздоо үчүн каражат толук жетишпейт. Ошентсе да мүмкүнчүлүккө жараша жардам берилет. Андай болбогон шартта жоготуунун саны ченемсиз көп болуусу да толук мүмкүн. Маселен, Чечнядан качкан качкындарды колдоону Дат кеңешмеси өз милдети катары эсептеп, анын таасиринин натыйжасында (Ингушетиядагы), кийинчерээк Чечнянын ички саясаты көптөгөн качкындардын өмүрүн сактап калган. Бейөкмөт уюмдардын жумушчулары үчүн негизги проблема дайыма зарыл болгон материалдык муктаждыкты камсыздоо жана бөлүштүрүү, башка сөз менен айтканда, негизги критерийлери жардам көрсөтүү. Ошого карабастан бейөкмөт уюмдардын үстүнөн болгон арыз даттануулардын саны да көп кездешет. “Международный комитет красного креста” (МККК) бейөкмөт уюмунун качкындарга, туткундарга жана алардын тууган-уруктарына берген жардамдарын да гуманитардык багыттагы жумуш катары баалоого болот.

2) Укук коргоо багытындагы иштери – бул жумуш болуп өткөн окуяга мониторинг же байкоо жүргүзүү багытын өз ичине камтып, жабырлануучулардын тартип бузуу динамикасын аныктоо менен укуктук жардамдарды көрсөтөт. Мындай багытта жумуш алып барган бейөкмөт уюмдардын катарында “Human Rights Watch Amnesty International”, укук коргоочу борбор “Мемориал” калкка сурамжылоо жүргүзүп же болуп өткөн окуялардын күбөлөрү аркылуу тактоо ишин жүргүзөт. Текшерилген фактылар прессага кабарланып, арыз же кайрылуу түрүндө басылып чыгат. Изилденген көйгөйлөрдүн тактыгы, келтирилген далилдери ишенимдүү болсо, бейөкмөт уюмдардын да ролу жогорулайт жана коомчулуктан колдоо табат. Маселен, кайра куруу жылдарында Орто Азия жана Кавказдагы окуялар негизги көңүлдү бурган, айрыкча, Карабах конфлиги чоң дискуссияга түшкөн.

1990-жылы конфликтин жабырлануучуларынын тагдырын талкуулоо максатында өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдар Москвада жолугушуп, Москва демократиялык кеңешмесинин жана СССР министрлер советинин токтому менен (1990-жыл, 15-май) Москва регионундагы качкындарды бошотуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Качкындарга мейманкана, жатакана башкача айтканда жашоо орундуктары берилип, алардын көпчүлүгү азыркы күнгө чейин ошол аймакта жашап келишет, бирок, Москва кеңешмеси чоң жумуш жасаган менен качкындарды турукттуу каттоодон өткөрүү азыркы күнгө чейин турмушка аша электиги тууралуу маалыматтар бар. Бул маселенин тегерегинде азыркы кезге чейин талаш-тартыш жүрүп, негизги аракет аларды өз мекенине кайтаруу болууда. Ушундай эле окуялардын бири 1994–1996-жылдары Чечнядагы согуштан жабыркаган кырдаалды да айтууга болот. Бул аймактагы калкты сурамжылоодо 60-70% калк "согуш бул адамдарды жок кылуу" деген пикирде болгону менен негизинен согуш негизги калктын катышуусу менен жүргөн. Аналитикалык материалдар жана катышуучу күбөлөр каршылашкан тараптардын жетекчилерине таасир этүү механизмдерин иштеп чыгууну, бийлик органдарына жана эл аралык түзүмдөргө жөнөтүшкөн. Эгер 1990-жылдары укук коргоочу органдар адам укуктарын коргоону жөнгө салуу боюнча дүйнөлүк коомчулукка, мамлекеттик жана эл аралык түзүмдөргө кайрылуу мониторинги өткөргөн. Акыркы мезгилдерде мындай уюмдардын бутактары көбөйүп "жалындаган көйгөйлүү" көрүнүштөргө түздөн-түз аралашып, укуктук жардамды көрсөтүп келүүдө. Өкмөттүк эмес уюмдарсыз деле укук коргоо органдарынын системасы менен жыйынтыкка жетишүүгө болот, бирок бул абсолюттук динамикадан алыс, анткени күнөөлүүлөрдүн укугун коргоодо, туткунга түшкөндөрдү бошотууда, убактылуу же биротоло жашаган жеринде каттоого тургузууда укук коргоо органдары натыйжалуу жыйынтыкты көрсөтпөйт. Кээде чоң деңгээлдеги чыр-чатактарды чечүүдө адам укуктары боюнча Европа соту чоң үмүттөнүүнү жаратат жана бул сотко Чечнянын көптөгөн окуялары боюнча арыздар жөнөтүлүп, көпчүлүгү чечилген.

3) Дүйнө түзүүчүлүк жана ортомчулук багытбул багыт өзгөчө деликаттуулукту пайда кылып, кырдаалды жакшы билүү жана анын өзгөрүүсүнө тез реакция жасоо. Карама-каршылашкан тараптардын ортосунда ортомчулар катары ООН, ОБСЕ, Европа кеңешмеси эсептелет. Булардын күчү дайыма эле жогору болуп, ийгиликке алып келе бербейт. Ал үчүн чечим кабыл алуудагы саясий эрк зарыл маселе. Карабах конфлигин жөнгө салуу процесси азыркы күнгө чейин саясий чечимин ала элек. Анткени алар тарабынан сунушталган саясий маселелерди, башкача айтканда "пакеттик" чечимдерди чечүүнү этап менен жүргүзүүнү, тактап айтканда, алардын ар биринин пакеттик мазмунундагы сунуштарды тараптардын кабыл албоосу.

1994-жылы согуштук аракетти токтотуу аягына чыккан эмес, бирок стабилдүүлүк орной баштаган. Конфликт чыңалган аймактарда экстремалдык шарттарда өкмөттүк эмес уюмдардын зарылдыгы байкалат. Алар чоң же кичине уюм болгонуна карабастан, негизги аткара турган функциясы карама-каршылыкка барган аймактарда сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, чечим кабыл алуучу тараптар менен диалогко баруу аракеттерин жөнгө салат.

1992–1994-жылдары Абхазиядагы туткундарды бошотуу, алмашуу, набыт болгондордун денелерин алмашуу жумуштарын аткарууда Паата Захариешвили чоң роль ойногон. Ал эки тараптын ортосунда сүйлөшүү иштерин, набыт болгондорду жерге берүү аракеттерин жүргүзгөн. Куралсыз көп ирет эл алдында болуп, элден генерал деген наам алган. Ошондой эле ал сүйлөшүүлөрдүн негизинде набыт болгондорду жерге берүүдө курал иштетүүнү убактылуу токтотуп турууга жетише алган жагдайды, аңыз кылып айтып келишет. Паат менен бирге Абхазияда Виктор Попков иштеп, рюкзак менен жүргөндүгү белгилүү болуп, карабах, Чечняда иш алып барып, ошол жерде апрелде өтө оор жаракат алган. 2000-жылы Масхадовго жетип, конфликти тынчтык жол менен чечүү планын сунуштаган. Алар менен интервью жүргүзүп, жолугушууну видео кассетага жаздырып, бардык материалды жана өзүнүн сунуштарын Путинге жөнөткөн. Тилекке каршы элдик дипломаттын аракети эске алынбай, эч кандай жооп болбогон. Виктор Чечняда көп пландуу иштерди аткара алган. Кайрымдуулук уюмунун өкүлү катары ал жакка ун жана кийим, балдар үчүн окуу курал жиберген фактыларды интернет маалыматтарынан кездештирүүгө болот. Ошондой эле Жалал-Абад областындагы "Ынтымак жарчылары" бирикмеси областын бардык район, шаарларында мамлекеттик админстрация, ички иштер бөлүмдөрү жана жергиликтүү аймактык башкаруу менен бирге ынтымакты бекемдөө, конфликтердин алдын алуу иш чараларын колго алышкан. Алар койгон талаптар да экономикалык багытты көтөрүү, жумушчу орундарын түзүү, түшүндүрүү профилактикалык иш аракеттерди жүргүзүү. Мындай акциялар Ала-Бука, Аксы, Таш-Көмүр, Майлы-Сай, Токтогул, Кара-Көл, Ноокен, Базар-Коргон, Сузак, Жалал-Абад шаарларында жана райондорунда жүргүзүлдү. ОБСЕнин демилгеси менен "Жалал-Абад, Ош областарында кыймылдуу данакер (мобилдик медиатордук) тайпалардын жардамы менен чыр-чатактардын алдын алуу" [2.100] долбоору сунушталып, "ынтымак жарчыларынын этникалык кодексинин" негизиндеги жоопкерчиликтери, милдеттеттери, опурталдуу кырдаал мезгилинде ыкчам жана бурмалоосуз иш алып баруу эрежелери, өзүнүн аймагынан башка бийлик органдарына байланышка чыгуунун мүмкүн эместиктери жана негативдүү маалыматты жайылтуунун мүмкүн эместиктери жөнүндөгү маалыматтар жыйнагы болуп саналат. Негизинен конфликтүү кырдаал жогорку чыңалууга жеткен мезгилде ушул сыяктуу өкмөттүк эмес уюмдардын таасири өтө жогорулайт. Бирок Кыргызстандын башка мамлекеттерге салыштырмалуу кичинекей өлкө экендигин жана аны башкаруучулардын санын эске алуу менен, бейөкмөт уюмдарсыз деле көйгөйлүү маселелерди мамлекеттик деңгээлде чечүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин белгилей кетүүбүз абзел. Ошого карабастан Кыргызстандын аймагында өкмөттук эмес уюмдардын, өз алдынча уюшулган бирикмелердин саны өтө көп. Маселен, "Алга жылдыруу жана өнүктүрүү борбору" коомдук бирикмесинин иш алып баруу багытынын негизин, Кыргызстандын мисалында коомдук саясаттын колдонулуш чөйрөсү, анын субъектилери, Кыргызстанда коомдук саясаттын өнүгүшү жана саясий дискурстардын ролу, маалымат булактары жана талдоо жүргүзүүнүн негизги усулдары, маалымат жыйноо, коомдук саясаттын аналитикалык текстерин даярдоо, саясатка талдоо жүргүзүүнүн спецификасы, саясий анализ форматындагы аналитикалык документтерди даярдоонун технологиясы, коомдук саясаттын коммуникациялары жана мониторинги түзөт.

Акырында айтаарыбыз, бейөкмөт уюмдар этностор аралык конфликттерди чечүүдө жана жөнгө салууда коомчулук арасында алгылыктуу байланышты түзүү менен жамааттар арасында ишеним көрсөтө алуусу менен өзгөчөлөнгөндүгүн кээ бир тарыхый фактылар ырастоодо. Демек, өкмөттүк эмес уюмдардын мамлекеттин бардык сферасындагы иш аракеттерине кийлигишүү жаатындагы ролунун жогорулап бара жаткандыгы да бекеринен эмес. Бейөкмөт уюмдар уюштурган жамааттык топторду мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчили менен улантып кетүү мамлекетибизде этностор аралык конфликтердин алдын алууга болоору да шек жаратпайт.

***Адабияттар***

1. Анцупов А.Я., Шипилов А.И. Конфликтология. -М.: ЭКСМО, 2009.
2. Жалал-Абад областы боюнча медиатор-тренерлердин өз ара кызматташуу маалымат китепчеси. Жалал-Абад.-2011.с100.

***Г.А.Анарбаева,***
***ЖАМУ***

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ЭЛЕТТИКТЕРИ – КОКОН ХАНДЫГЫНЫН НЕГИЗДӨӨЧҮЛӨРҮ ЖАНА БАШКАРУУЧУЛАРЫ

*Баяндамада Кокон хандыгынын түзүлөөр алдындагы этно-саясий кырдаалдын тийгизген таасири, хандыктын негизделишинде жана өнүгүшүндө кыргыз бийлеринин тарыхый орду көрсөтүлөт.*

*In the report ethno-political preconditions of formation of Kokandsky khanate, a role of the Kirghiz ancestors in a substantiation and its further development are short stated.*

Советтик тарыхнааманын улуу муундагы өкүлдөрүнүн айрымдарынан башкасы [19] Кокон хандыгын кыргыз тарыхынан бөлүп карап, атүгүл аны Кыргызстандын тарыхы менен эч байланышы жок деген көз караштa болуп келген. Ошондуктан Кыргызстандын тарыхы боюнча 1980-жылдардагы акыркы академиялык басылмасында Кокон хандыгынга арналган бап эмес, жок дегенде параграф да учурабайт [1].

Бул көз карашты алгачкылардан болуп бузгандардын катарында жаңы муундагы бир катар тарыхчылар [12, 13, 15, 16, 17, 20] менен бирге азыркы белгилүү тарыхчы Т.Кененсариев болду. Анын Кокон хандыгына арналган "Кокон хандыгы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бир формасы катары жашаган" деген ынанымдуу жыйынтыгы бир катар макалаларында чагылып [3, 4, 5, 6, 8, 9, 10, 11], кийинки жарык көргөн жогорку окуу жайларынынын студенттери үчүн окуу китептеринде киргизилди.

Албетте, бул илимий ийгилик гана. Ал эми кыргыз тарыхынынын илимий чөйрөсүнүн кеңири катмарына толук сиңирилген концепция Кокон хандыгынын маселелеринде орун ала элек. Мындан али кыргыз тарыхынын Кокон дооруна тийешелүү чечилүүгө тийиш маселелер дагы да көп экендигинен кабар берет.

Макалабызда Кокон хандыгынын түптөө алдындагы этносаясий кырдаалга сереп салып, мамлекеттиктин өбөлгөгү кандай болгондугуна көңүл бөлүүнү туура таптык.

Фергана өрөөнүндө биздин эрага чейинки I миң жылдыктын орто ченинен баштап эле, байыркы давандыктар менен сак урууларынын отурукташкан-дыйканчылык жана көчмөн-малчылык чарбаларынын жуурулушунан пайда болгон цивилизация келип чыккан. Фергана тарыхнаамада «өзөн цивилизациясы» деп аталуучу аймакка кирип, андагы жашоо тиричиликте жасалма сугатчылык зор роль ойногон. Ошондуктан экономикада сугат дыйканчылыгына негизделген жер ээлөө негизги маселе болуп, акырындык менен орто кылымда эле тургундардын социалдык-чарбалык төмөнкү эки тиби калыптанган:

Отурукташкан дыйкан, кол өнөрчү жана соодада шүгүрлөнгөн жамаат;

Көчмөн мал чарбасы менен кесиптенген жамаат [7, 25-28-бб.].

Мындай өнөктүк эки чарбалык типтеги саясий түзүлүштө саясий күчтөр (көчмөндөр жана көчмөн династиялары) менен экономикалык байлыктын ээлери (отурукташкан дыйкан чарбасы) өз ара тең салмактуулугун пайда кылып, бир эле учурда тең тайлашкан, бирок тынчтыкта жанаша жашап, бири бирисиз өнүгө албаган, отурукташкан жана көчмөн эки калктын уникалдуу жуурулушун, башка сөз менен айтканда тиричиликтин ферганалык вариантын калыптандырган.

Фергана чөлкөмүндө тээ Чыңгыз ханга чейинки доорлордо эле он уул кыргыз урууларынын, кийин отуз уулдун, сол урууларынын, ичкилик кыргыздардын насилдеринин жашашы, орто кылымдардан бери бул жердин түздүк талааларын турак кылган кыпчактардын (кыргыз-кыпчактардын, жети-кашка кыпчактардын жана башка), жарым отурукташкан түрктөрдүн, каракалпактар менен карамуруттардын, XVI кылымдан баштап келишкен көчмөн өзбек урууларынын отурукташышы көчмөндөрдүн «илатийййа» деп аталган күчтүү этносаясий жамаатын пайда кылган. Тышкы душмандардан коргонуу зарылчылыгы «илатийййанын» түрдүү курамынын өкүлдөрүн чечүүчү кырдаалдарда биригүүгө мажбурлаган [11]. "Илаттийййа" жамааты кыргыздарда абалтан бери эле элеттиктер деп аталып келгендигин бул жерде баса белгилей кетүү зарыл.

Фергана өрөөнү илгертеден Аксы-Анжиян-Алай деп – үч гана бөлүккө бөлүп аталган. Аксы чөлкөмүнө Фергана өрөөнүнүн Нарын дарыясынын оң жак бөлүгү, же азыркы Өзбекстандын Наманган облусу, Кыргызстандын Аксы, Ала-Бука, Чаткал райондору кирген. Анжиян деп Нарын менен Кара-Дарыянын ортосу, тарыхый аты Эки суу арасы же Өзбекстандын Анжиян облусу, Кыргызстандын Ноокен, Базаркоргон, Сузак райондору, Өзгөн, Каракулжа райондорунун оң бөлүгү аталган. Ал эми Алай чөлкөмүнө Карадарыянын сол жээги, башкача айтканда Кыргызстандын Өзгөн, Каракулжа райондорунун сол жээгинен баштап, Хожент тоолоруна чейинки Ош, Баткен облустарынын аймактары, Өзбекстандын Фергана областы, Тажикстандын Хожент облусунун кай бир жерлери кирген.

Фергана өрөөнүнүн аталган үч бөлүгүн тең байыртадан жердеп келген көчмөн илаттийанын (элеттиктердин) чоң бөлүгү кыргыздар экендиги маалым. Аларды тарыхта «Фергана кыргыздары» деп атаган, бирок бул термин теңиртоолук жалпы кыргыз элинен ажыратылып каралбайт, ал өзүнчө кыргыздын бир бөлүгү эмес. Азыркы кыргыз элинин XIV-XIX кылымдарда Фергана өрөөнүн туруктаган мезгилин чагылдыруучу гана компонентинин шарттуу аталышы катары кароо туура. «Манас» баш болгон кыргыз эпосторунун материалдарында, бардык санжыраларда Фергана өрөөнү кыргыздардын илгертеден жайлап келген жери катары айтылат. Андан да XVI кылымдагы жазма булак «Мажму-атут-таворих» кыргыздардын (гыздардын же гуздардын) негизги мекени деп дал ушул Фергана өрөөнүн (Кожент тоолору, Өзгөн, Алай, Анжиян, Аксы, Касан, Чаткал ж.б.) атайт [18].

Орто Азиядагы акыркы күчтүү феодалдык мамлекет болгон Кокон хандыгынын негизделишине ошол мезгилдеги Ферганадагы саясий-экономикалык бүримдиги, Орто Азиянын башка чөлкөмдөрүндө XVIII кылымдын башында болуп турган саясий окуяларга караганда Ферганaнын салыштырмалуу тынчтыгы, анын чөлкөмүнүн чакандыгы, дайыма тышкы экспансиялардын объектиси болгон Бухара менен Самарканддан алыстыгы, ар түрдүү этникалык, этносаясий жамааттардын көп жылдар бою бирге жашашынан келип чыккан жогоруда белгиленгендей чарбалык жана саясий тең салмактуулугу, тышкы душмандарга каршы дайыма бирге турушу жана башка ушул сыяктуу себептердин натыйжасында экономиканын жалпы жогорулашы Фергана өрөөнүндө мамлекеттин пайда болушуна ыңгайлуу өбөлгөлөрдү түзгөн.

XVIII кылымдын башында Фергана Бухарадан саясий түрдө бөлүнгөн чөлкөм болуп эсептелип, анын түштүк-батыш бөлүгүндөгү тургундар Кожент бийи Акбото-кыргызды таанып турган. Ал эми Ферганaнын борборунан чыгыш жакка карай созулган чөлкөмдөрү кожолордун теократиялык бийлигинин таасиринде болгон. Сопулардын орденине баш ийген кожолордун борбору Чадакта (Наманган вилайетинде) жайгашкан. Ферганада көчмөндөрдүн саясий күчү улам күчөп бара жаткан шартта аларга кожолор баш ийип калышы толук мүмкүн болгон.

Мына ушундай саясий кырдаалда көчмөндөрдүн тигил же бул жамаатынын бийликти тартып алуу үчүн аракеттенүүсү кадиресе көрүнүш эле. Анын үстүнө тышкы согуштук экспансиядан коргонуу зарылчылыгы, айрыкча калмактардын басып алуу коркунучу мамлекеттик бүримдикти түзүүгө негиз түзгөн тышкы өбөлгөлөрдү пайда кылган.

Акбото бий Шахрухтун кызына үйлөнүп, Кокон амирлигинин негиздөөчүсүнүн күйөө баласы болгон. Көчмөндөрдүн салтында күчтүү бийлөөчү гана башка бир атаандашынын кызын аялдыкка алуусу шарт экендиги маалым. Мындан биз Шахрухтун бийликке келишине Акбото бийдин чоң жардамы тийгендигин божомолдообуз мүмкүн. Бул окуяда миңдер менен кыргыз бийлеринин бийлик сересиндеги убактылуу бүримдиги чагылган. Ага биринчиден туугандык шарт, экинчиден кожолордун теократиялык бийлигинен кутулууга болгон жалпы аракет себеп болгон.

Ушундай кырдаалда бийликке келген Шахрух бий алгач 1709-жылы Риштанды (Өзбекстандын Фергана облусундагы тажиктер жашаган кыштак) караткан. Ушул жагынан алып караганда Шахрух бийдин Кокон хандыгынын негиздөөчүсү деп аталып калышы күмөндүүлүктү туудурат. Анткени, ал мезгилде бийликте турган Акбото бий Шахрухка караганда саясий жана согуштук жактан күчтүүрөөк болгондугу ырас.

Кантсе да бир аз мезгилден кийин Шахрух бий кожолор менен туугандашууну көздөмүш этип, Чадактан чоң кожону чакыртып, аны көчмөн өзбектердин миң уруусунун кызына үйлөнтмөк болот. Бирок, Шахрух келген меймандардын баарын мууздатып, капыстан Наманган чөлкөмүнө басып кирет да, бийлигин Фергана өрөөнүнүн күңгөй тарабына жайылтат. Кийинчерек Шахрух бий Кухкенд (чочкосу көп жер) деген камыш баскан саздуу жерге сепил курдуруп, ал Эски-Коргон деп аталган.

1721-жылы Кокон хандыгын негиздеген Шахрух бий дүйнөдөн кайткан. Анын ата-бабалары XVI кылымдын башынан бери миң уруусунун расмий бийи аталып келишкендиктен, кийинки адабияттарда, айрыкча, советтик тарыхнаамада Кокон хандыгын негиздегендер өзбектердин көчмөн миң уруусунун бийлери болгон, ошого байланыштуу «Кокон хандыгы өзбектердин хандыгы» деген түшүнүк калыптанып калган.

Чынында булактарда жана жаңы доордогу илимий эмгектерде Кокон хандыгы өзбектердин гана хандыгы деген көз караш жок. 1709-жылдан 1803-жылга чейин өзүлөрүн бий деп атап келишкен Кокон башкаруучулары ата жагынан тимурид, ал эми эне жагынан көчмөн элеттик миң уруусу болуп чыгышат. Кокон ханы Алим хандын (1798—1810) тушунда калыптанган генеалогиялык санжырада тимурид тукуму Алтын Бешикти асырап алышкандар деп миңдердин, кыргыздардын, кыпчактардын жана жүздөрдүн (кээ бир булактарда түрктөр да кошулат) аталышы, алардын Фергана чөлкөмүндө XVI кылымдан баштап эле саясий чөйрөдө ферганалык элеттиктердин негизги өкүлдөрүнүн хандыктынын түптөлүшүнө тең аталык укукка ээ болгондугунан кабар берет.

1709-жылдан 1876-жылга чейин жашаган Кокон мамлекетинин өнүгүүсүн Т.Кененсариев жана башка окумуштуулар үч чоң доорго бөлүп карашат. Биздин пикирибизче анын тарыхый жана фактылык далилдери арбын. Алар төмөнкүлөр:

1709—1800-жылдар — Кокон мамлекетинин түптөнүшү. Бул мезгилде кокон амирлиги өз алдынча мамлекет катары саясий-административдик жактан калыптанып бүткөн, социалдык-экономикалык жактан чыңалган. Фергана чөлкөмү Кокон мамлекетине биротоло бириккен.

1800—1840-жылдар — Кокон хандыгынын өнүгүү жана гүлдөө мезгили. Бул жылдары Кокон мамлекетинин саясий-административдик жактан андан ары өнүгүүсү менен өз алдынча ички-тышкы саясаты чыңдалган. Фергана өрөөнүнүн экономикалык абалы бекемделген. Кокон хандыгы Фергана өрөөнүнөн сырткары жактарга чөлкөмдүк жагынан кеңейген.

1842—1876-жылдар — Кокон мамлекетиндеги социалдык-саясий кризистердин күчөшү жана хандыктын кулашы. Бул мезгилде социалдык, феодалдык жамааттар аралык карама-каршылыктардын өсүшү, мамлекеттик түзүлүштүн толук реформаланбагандыгы, борбордук бийликтин феодалдык эзүүсүнүн күчөшү, саясий кризистерге, атуулдук кагылыштарга, көтөрүлүштөргө алып келген да, 1873—76-жылдардагы элдик кыймыл Кокон мамлекетин кулаткан. Фергана өрөөнүн орус колонизаторлору каратып алган.

Фергана кыргыздарынын белгилүү бөлүгү Кокон мамлекетинин курамында биринчи күндөн баштап эле болуп келсе да, өрөөндүн чыгыш тоо этектериндеги жана тоолорундагы кыргыз уруулары, Ош жана Өзгөн шаарларынын, алардын айланасы хандыкка 60-жылдардын башында бириккен.

Омор хандын жана анын уулу Мадалы хандын (1822—1841) мезгили Кокон мамлекетинин социалдык-экономикалык, саясий гүлдөө доору болгон. Ферганaнын экономикасы өнүккөн. Ири ирригациялык курулуштар салынган. Салыштырмалуу тынчтык жана экономикалык өнүгүш Фергана өрөөнүнүн көчмөндөрү болгон кыргыздардын, кыпчактардын, түрктөрдүн жана башкалардын отурукташуусуна шарт түзгөн. Жаңы шаарлар түптөлгөн. Кокон шаарынын ички шарты жакшырып, Омор хандын мезгилинде ал түгүл оорукана да салынган. Шаарда башкы мечит, хандар көрүстөнүнүн ансамбли жана башка имараттар түшкөн.

Ферганaнын шааарларында жана кыштактарында социалдык жана чарбалык жагынан окшош, бирок этникалык жагынан түрдүү калк жашаган. XV—XVI кылымдарда отурукташкан шаар-кыштак калкын түзүп, мурун иран тилинде сүйлөп, кийин түрктөшүп кетишкен тургундарды «сарттар» деп аташкан. Кийинчерээк, XVIII кылымда олтурукташкан өзбектерди, түрктөрдү да сарттар деп атап калышты. «Сарт» термини этникалык маанide колдонулган эмес. Ал орто кылымдардан бери эле социалдык мааниде колдонулуп, «дыйкан, кол өнөрчү, соодагер» деген түшүнүктү камтыган. Султан Бабурдун айтымында XV-XVI кылымдарда Фергана өрөөнүндө Маргалаң, Исфара, Кожентте гана сарттар, ал эми Ошто, Анжыянда, Аксыкентте түрктөр жашаган [2, 467-б., 14, 3, 32-бб.]. Булардан башка бир топ шаар, кыштактарда (Кожент, Канибадам, Исфара, Касан, Чуст жана башка) тажиктер жашашкан. Ал түгүл бир эле шаарда да ар түрдүү этно-саясий топтордун жашагандыгы белгилүү. Мисалы, XVIII кылымдын башында Кокон шаарында негизделген 4 коомдун «кокандиден» (сарттар) башкасы: самарканди, кашкари, кухистанилер жергиликтүү эмес эле жана алар XVII—XVIII кылымдардын чегинде коңшу чөлкөмдөрдөгү саясий баш-аламандыктардын кесепетинен Коконго көчүп келишкендер болучу. Ошентип, отурукташкан шаар-кыштак калкын негизинен «сартииййа» деп аталчу жамаат түзгөн.

Жогоруда аталган этностордун Кокон мамлекетинин курамында жашап турушу — биз кааласак да, каалабасак да хандыктын социалдык-экономикалык мамилелерине, ички жана тышкы саясатына, бийлик кармоочулардын курамына жана жалпы эле Фергана өрөөнүнүн саясий өнүгүүсүнө таасирин тийгизип турган. Мамлекеттин мындай этносаясий курамы сөзсүз түрдө бир эле учурда айыгышкан күрөштү да, тышкы коркунучтарга каршы биригүүнү да, кандайдыр бир деңгелде саясий стабилдүүлүктү да камсыз кыла алган. Чарбасы бири-бирин толуктаган, коңшу жашаган жана айылдары аралаш-келки жайгашкан бул калктар социалдык-экономикалык мамилелердин кандайдыр бир жуурулушун (диалектикалык карама-каршылыктардын биримдигин) түзүп, чарбалык-этникалык гана эмес, коомдук-саясий өнүгүүнүн ферганалык моделин түзгөн. Бул карым-катнаштын экономикалык өнүгүүсү убакубагы менен саясий күрөштөрдүн чыгып турганына карабастан бир эле учурда саясий стабилдүүлүктү да, тең салмактуулукту да пайда кылган. Бул саясий абалда кыргыз бийлери көрүнүктүү ролдо турган. 1709—1760-жылдарда саясий бийликтин башында миңдер тобу турганы менен, алар бийликти кыргыз бийлери менен бөлүшүшкөн (Акбото бий, 1741—60-жылдардагы кокон—кыргыз союзу, Кубат бий, Ажы бий жана башка.)

1800—1840-жылдарда бийликтин башында миңдер кала бергени менен алардын саясатын экономикалык байлыгы күчтүү топ «сарттар» жана согуштук каста «галчалар» тескеп турган. Нүсүп бий, Алымбек датка сыяктуу жаш саясатчы ишкерлер Кокон ордосунун башкаруу чөйрөсүнө батыл аралашып, саясий жактан олуттуу күч түзө алышкан. Иш жүзүндө бийлик көчмөн миңдердин колуна толук тийген эмес жана алардын отурукташуусунун күчөшү, шаар калкына айланышы сарттар менен тыгыз байланышка өтүүсүнө, ал түгүл ал категорияга кирип кетүсүнө шарт түзгөн.

1840—42-жылдардагы саясий кризистин натыйжасында кыргыз бийлери кайрадан тарыхый аренага келишип, 1842—44-жылдары бийликти колдоруна толук ала алышты. (Нүзүп бий.) 1844—56-жылдары кыпчактардын үстөмдүгү орноду. (Мусулман-кул миңбашы.) 1856—58-жылдары болуп өткөн саясий ополоң-тополоң кайрадан бийликти кыргыздарга алып келди.

1858—65-жылдары Алымбек менен Алымкулдун мезгилинде расмий хандык бийлик эң төмөнкү абалга түшүп калган. Айрыкча 1863—65-жылдары хандыкты бүтүндөй башкарган кыргыз Алымкул лашкер башынын мезгилинде Кокон хандыгынын ички-тышкы, социалдык-экономикалык жана аскерий бийлиги толук кыргыздардын колунда болгон.

1865—75-жылдары болсо бийлик эски миң феодалдарынын өкүлдөрүнө жана “сартиййа” жамаатына тийгени менен кыргыз-кыпчак бийлери мамлекет башкарууга активдүү катышып турган. (Абдрахман аптабачы, Шер датка, Нарманбет датка, Кедейбай датка, Курманжан датка жана башкалар.)

Ал эми 1873—76-жылдардагы азаттык кыймылынын мезгилинде кыргыз бийлери бийликти алууга дагы бир аракеттенип көрүшкөн жана анын натыйжасында кыргыз Искак Асан уулу хан көтөрүлгөн. Мааниси жана максаты таптакыр башкача болгону менен Искак-Полот хандын кыймылын жана анын аракеттерин мурунтан салт катары келаткан саясий тең салмактуулукту калыбына келтирүүгө болгон аракет деп эсептесе да болот.

Кокон хандыгынын тарыхындагы тигил же бул этапта кайсыл бир этникалык жамааттын бийликке келишин абсолюттук бир беткей көрүнүш деп түшүнүү жарабайт. Ал жаамат бийликтин негизги мерчемдерине жетишкени менен, калган жааматтардын өкүлдөрү деле башкаруу ишине катышып турушкан.

Ошентип, бул кыскача макалада көрүнүп тургандай фергана элеттиктеринин, алардын эң орчундуусу болушкан кыргыз бийлеринин Кокон тарыхындагы орду олуттуу жана аны изилдөө кеңири ыкманы колдонгон тарыхый иликтөөгө арзыган маселе деп жыйынтык чыгарууга болот.


***Адабияттар***

1. История Киргизской ССР./С древнейших времен до наших дней.—Ф.: Кыргызстан,1986.—Т.2, с.478.
2. Захриддин Мухаммед Бабур. Бабур-баян. «Кыргыздар» деген китепте.—Б.,1991.—467-б.
3. (Кененсариев Т.) Алымкул Аталык: Тарыхий – булакнаамалык бейне. / Түз. жана коммент. Т.Кененсариев, өзбек тил.котор. А.Топчуев. – Бишкек – Ош, 1999. – 72 б.
4. Кененсариев Т. Искак Асан уулу Полот хан.—Ош: КТЖ,1998.-80 б.
5. Кененсариев Т. Кыргыздар жана Кокон хандыгы.-Ош, ОшМУ,1996.-64 б.
6. Кененсариев Т. Кокон хандыгы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бир формасы катарында// Ош,Уш,Osh.Эл аралык адабий-көркөм, коомдук-саясый альманах.-№4(18), 2003 июль-август.-Ош, 2003.-36-55-бб.
7. Кененсариев Т. Кокон хандыгындагы этносаясий кырдаалга карата.// Кыргызстан наше отечество: История взаимосвязи и укрепления единство народов Кыргызстана в условиях становления независимого государства.—Б., Мурас, 1997, с.25-28
8. Кененсариев Т. Кокандское ханство как форма государственности кыргызов.// Диалог цивилизаций. Вып.III. Развитие государственности в условиях взаимодействия кочевых обществ и оседлых оазисов в зоне шелкового пути. –Б., 2003.-129-133-бб.
9. Кененсариев Т. Кыргызстандын Орусияга каратылышы.—Б.: Кыргызстан, 1997.—360 б.
10. Кененсариев Т. Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясый өнүгүүсү.- Б., 2009.-392-б.
11. Кененсариев Т. Кыргыздар жана Кокон хандыгы.—Ош: ОшМУ,1996.
12. Молдокасымов К. Курманжандын көз жашы.—Б.: Кыргызстан, 1991.—16 б.
13. Молдокасымов К.. Полот хан. //Мурас. — 1991.— № 1.—28—33-бб.
14. Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства.-Казань, 1886.
15. Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду. (XIX ортосу - XX к.башы). – Б.: Бийиктик, 2003. – 288 б.
16. Өмүрбеков Т.Н., Чоротегин Т.К. Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы. XVII—XX кк. башы. —Б.: Кыргызстан, 1995. —186 б.
17. Өмүрзакова Т. Курманжан датка. Доор. Инсан. Ишмердүүлүк. – Б.: Кыргызстан, 2002. – 206 бет.
18. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы (Мажму атут-таворих). Которгондор: Молдосабыр Досболов жана Омор Сооронов.-Б., 1996, 126 б.
19. Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов (вторая половина X1X — начала XX вв.).—Ф.: Илим, 1980, с.321
20. Урстанбеков Б., Чороев Т. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк.—Ф.: Кырг. Сов. Энцикл. Башкы ред., 1990.-288 б.



***Сейдесимбаева А.К.,***
***БГУ***


# ЯЗЫКИ КЫРГЫЗСТАНА КАК ФАКТОР ИНТЕГРАЦИИ


*В статье, на основе данных, полученных в ходе социологического исследования, описываются языковые компетенции жителей Кыргызстана. Язык рассматривается как потенциальный интегративный фактор как внутри нашего кыргызстанского пространства, так и как отражение стремления общества к интеграции с внешними языковыми пространствами.*



***Ключевые слова:*** *язык, уровни владения языком, языковое пространство, интеграция.*


Весной 2013 года по заказу проекта ПРООН «Мир и развитие» было проведено социологическое исследование «Социальная безопасность жителей Кыргызстана». В ходе исследования были проведены структурированные интервью с 3010 респондентами из всех семи областей республики. Выборочная совокупность исследования формировалась на основе вероятностного отбора единиц наблюдения. Методологическая база исследования была построена на трех основных индикаторах: безопасность, толерантность и интеграция. В качестве одного из возможных факторов интеграции в инструментарий исследования была включена категория «языка». По итогам экспертных дискуссий,

посвященных методологии исследования, в которых участвовали ведущие специалисты из области науки, политики, государственного управления и представители гражданского общества, в исследовании планировалось рассматривать язык как одну из возможных констант, несущих в себе определенный потенциал либо интеграции, либо дезинтеграции. Согласно исследовательской гипотезе предполагалось, что язык может служить фактором интеграции с тем или иным внешним языковым пространством, а возможно, наоборот, быть источником внутристрановой дезинтеграции, в зависимости от уровня знания населением языков страны. Поскольку категория «языка» была лишь одной из подтем исследования, а не ключевой темой, данная статья не претендуют на аналитический уровень, а лишь излагает результаты исследования, носившего «разведывательный» характер.

Таким образом, по результатам исследования 2013 года, 87,9% респондентов говорят на кыргызском языке, на втором месте был русский язык (71,9%) и на третьем месте – узбекский (24,1%) *(см Таблицу 1 ниже).*

На кыргызском языке могут общаться подавляющее большинство кыргызстанцев, свыше 90% респондентов почти во всех областях республики, за исключением Таласской (там на нем говорят чуть меньше, 83% опрошенных), в Чуйской области (77%) и в г. Бишкек (69%).

На русском языке говорят свыше 90% представителей Иссык-Кульской (92%) и Чуйской областей (92,7%), а также городов Бишкек (96,8%) и Ош (93,8%), свыше 70% Ошской (75%) и Таласской (71,7%) областей. Самый малый процент русскоговорящих в Баткенской (38,3%), Джалал-Абадской (34,5%) и особенно Нарынской (26,2%) областях.

На узбекском языке говорит каждый второй житель в г. Ош (50,6%), а также около 30%-40% жителей Джалал-Абадской и Баткенской областей.

Кроме того, в Баткенской области каждый десятый (10,4% респондентов) владеет таджикским языком, некоторые респонденты в Чуйской и Таласской областях владеют казахским языком (7,5% и 5,8% соответственно).

***Таблица 1. На каких местных языках Вы можете общаться? (в % от общего числа ответов)***

| На … | Баткен | Джалал-Абад | Иссык-Куль | Нарын | Ош | Талас | Чуй | г. Бишкек | г. Ош | Итого |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **кыргызском** | 94,3 | 97,7 | 94 | 100 | 96,7 | 82,5 | 76,7 | 69,2 | 95 | 87,9 |
| **русском** | 38,3 | 34,5 | 92 | 26 | 75 | 71,7 | 92,7 | 96,8 | 93,8 | 71,9 |
| **узбекском** | 39,1 | 28,7 | 4,8 | 1,5 | 56 | 6,7 | 6,9 | 4,3 | 50,6 | 24,1 |
| **другом** | 0 | 0 | 0,8 | 0 | 0 | 0 | 1 | 1,1 | 0 | 0,4 |
| **таджикском** | 10,4 | 0 | 0 | 0 | 0,3 | 0 | 1 | 0 | 0 | 1 |
| **дунганском** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 2,9 | 0,4 | 0 | 0,5 |
| **азербайджанском** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,5 | 0 | 0,6 | 0,4 | 0 | 0,3 |
| **татарском** | 0 | 0 | 1,2 | 0 | 0,2 | 0 | 0,4 | 1 | 0,6 | 0,4 |
| **уйгурском** | 0 | 0 | 2 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0,9 | 0,6 | 0,6 |
| **украинском** | 0 | 0 | 0,4 | 0 | 0 | 0 | 0,4 | 1,5 | 0 | 0,4 |
| **казахском** | 0,4 | 0 | 1,6 | 0 | 1,2 | 5,8 | 7,5 | 3 | 1,9 | 2,5 |

Что касается владения иностранными языками, то в среднем около 84,5% респондентов не говорят ни на одном иностранном языке *(см Таблицу 2 ниже).*

На первом месте по популярности среди иностранных языков, которыми владеют респонденты, находится английский язык. Особенно высокий процент им владеющих - среди жителей г. Бишкек (26,2%). Английским владеют также 14,6% жителей Чуйской области и 13,1% г. Ош. Среди представителей других областей процент владеющих английским не превышает 10%, с самым низким процентом в Баткенской области (1,7%).

***Таблица 2. На каких иностранных языках Вы можете общаться? (в % от общего числа ответов)***

| На… | Баткен | Джалал-Абад | Иссык-Куль | Нарын | Ош | Талас | Чуй | г. Бишкек | г. Ош | Итого |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **английском** | 1,7 | 8,1 | 9,6 | 4,6 | 3,1 | 5,8 | 14,6 | 26,2 | 13,1 | 11 |
| **турецком** | 0,4 | 1,9 | 2,8 | 4,6 | 2,2 | 0 | 6,5 | 6,2 | 3,1 | 3,5 |
| **китайском** | 0,4 | 0,2 | 0 | 0 | 0,5 | 0 | 0,2 | 1,3 | 1,9 | 0,5 |
| **немецком** | 0 | 0,8 | 1,2 | 0,8 | 0,5 | 7,5 | 4,2 | 5,7 | 1,9 | 2,4 |
| **французском** | 0 | 0,8 | 0 | 0 | 0 | 0,8 | 0 | 1,7 | 0 | 0,5 |
| **корейском** | 0,4 | 0,4 | 0 | 0,8 | 0,2 | 0 | 0,2 | 1,3 | 0,6 | 0,5 |
| **японском** | 0 | 0 | 0 | 0,8 | 0,0 | 0 | 0 | 0,2 | 0 | 0,1 |
| **арабском** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,3 | 0 | 0,8 | 0,6 | 0,6 | 0,3 |
| **другом** | 0 | 0,2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,4 | 0,4 | 0 | 0,2 |
| **не говорю ни на одном иностранном языке** | 97,4 | 89,6 | 88,4 | 91,5 | 94,3 | 87,5 | 77,7 | 65,8 | 80,6 | 84,5 |

Также отдельно респонденты оценивали уровень своего знания государственного, кыргызского, и официального, русского, языков страны.

Таким образом, несмотря на высокий уровень владения обоими языками, провозглашенный ранее (*см Таблицу 1 выше,* где общий уровень владения бытовым кыргызским составляет 87,9% респондентов) степень и глубина владения им респондента могут быть разными. По всей видимости, уровень бытового общения и применения в нем кыргызского языка среди населения достаточно высок, чего нельзя сказать об уровне более высокого порядка, владении языком на художественном, профессиональном, научном уровнях.

Так, например, в такой области как Нарынская, где на кыргызском языке общается 100% населения, пользоваться кыргызским в научной и профессиональной деятельности способны, по собственному признанию респондентов, уже не более половины опрошенных (44,6%), а истинный уровень владения кыргызским в совершенстве подтвердили только 55,4% респондентов *(см для сравнения Таблицу 1 выше и Таблицу 3[1] ниже).*

Наиболее низкий уровень владения кыргызским показали респонденты в Чуйской области и г. Бишкек: около 31% опрошенных подтвердили свое полное незнание языка *(см Таблицу 3).*

***Таблица 3. Как Вы оцениваете свое знание государственного кыргызского языка? (в %)***

| | Уровень языка от самого низкого к самому высокому: | Баткен | Джалал-Абад | Иссык-Куль | Нарын | Ош | Талас | Чуй | г.Бишкек | г. Ош | Итого |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 0 | **полное незнание языка** (вообще не владею языком) | 5,7 | 2,1 | 6 | 0 | 0,7 | 0,8 | 23,3 | 30,8 | 5 | 10,9 |
| А1 | **уровень выживания** (могу говорить простыми предложениями; понимаю, когда говорят медленно) | 10,4 | 7,7 | 0 | 0 | 2,2 | 5 | 2,1 | 2,6 | 2,5 | 3,7 |
| А2 | **предпороговый уровень** (могу выражать свои мысли в простых ситуациях, писать короткие сообщения) | 12,6 | 4,0 | 1,2 | 0 | 5,3 | 9,2 | 1,3 | 2,3 | 5,6 | 4,1 |
| В1 | **пороговый уровень** (могу понимать передачи, писать простые тексты, умею общаться в большинстве жизненных ситуаций) | 19,1 | 4,3 | 5,6 | 0 | 11,9 | 10 | 1,7 | 4,9 | 6,9 | 6,9 |
| В2 | **продвинутый пороговый уровень** (могу следить за ходом мысли в длинных речах, понимать новости, репортажи, художественные фильмы, читать статьи и книги; могу участвовать в дискуссиях с носителями языка) | 24,3 | 12,6 | 23,6 | 0 | 11,9 | 15,8 | 1 | 4 | 11,3 | 10,4 |
| С1 | **уровень профессионального владения** (могу спонтанно, бегло и точно выражать свои мысли, свободно общаться в научной и профессиональной деятельности, создать хорошо выстроенное сообщение на сложные темы) | 27,4 | 39,6 | 59,6 | 44,6 | 28,4 | 22,5 | 7,9 | 10 | 29,4 | 26,9 |
| С2 | **уровень владения в совершенстве** (понимаю практически любое устное и письменное сообщение, говорю спонтанно с высоким темпом, подчеркивая оттенки значений даже в самых сложных случаях) | 0,4 | 29,6 | 4 | 55,4 | 39,5 | 36,7 | 62,7 | 45,5 | 39,4 | 37,1 |

В целом, если бытовым кыргызским владеют, как упоминалось выше, 87,9% респондентов, из них в среднем только 26,9% респондентов могут похвастаться уровнем С1 и только 37,1% уровнем С2 *(см Таблицы 1 и 3 выше).*

Что касается русского языка, то, в целом, чуть более четверти респондентов, 26,5%, подтвердили свое полное незнание официального языка страны, и чуть менее четверти, наоборот, уровень владения им в совершенстве. Как видно из *Таблицы 4 ниже,* те, кто заявили о том, что владеют русским в совершенстве - преимущественно представители Чуйской области и столицы страны (63,8% респондентов и там, и там). Если сравнивать с *Таблицей 1 выше*, то также становится очевидной разница между количеством респондентов, владеющих русским на бытовом уровне (71,9%), и числом респондентов, владеющих официальным языком страны на более высоких уровнях языка. Лишь 9,8% респондентов владеют им на уровне С1 и лишь 23,1% на уровне С2.

*Таблица 4. Как Вы оцениваете свое знание официального русского языка? (в %)*

| | Уровень языка от самого низкого к самому высокому: | Баткен | Джалал-Абад | Иссык-Куль | Нарын | Ош | Талас | Чуй | г. Бишкек | г. Ош | Итого |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 0 | **полное незнание языка** (вообще не владею языком) | 61,7 | 56,4 | 8 | 73,8 | 25,0 | 28,3 | 7,3 | 3,2 | 6,3 | 26,5 |
| A1 | **уровень выживания** (могу говорить простыми предложениями; понимаю, когда говорят медленно) | 13,5 | 17,5 | 1,6 | 2,3 | 18,3 | 16,7 | 1,5 | 0,8 | 13,8 | 9,6 |
| A2 | **предпороговый уровень** (могу выражать свои мысли в простых ситуациях, писать короткие сообщения) | 13,5 | 8,3 | 5,6 | 8,5 | 26,0 | 6,7 | 2,3 | 1,3 | 11,3 | 9,8 |
| B1 | **пороговый уровень** (могу понимать передачи, писать простые тексты, умею общаться в большинстве жизненных ситуаций) | 4,8 | 9,1 | 31,2 | 12,3 | 15,5 | 20 | 4,2 | 4,2 | 21,9 | 11,4 |
| B2 | **продвинутый пороговый уровень** (могу следить за ходом мысли в длинных речах, понимать новости, репортажи, художественные фильмы, читать статьи и книги; могу участвовать в дискуссиях с носителями языка) | 2,6 | 5,1 | 26,8 | 0,8 | 8,8 | 11,7 | 8,3 | 8,9 | 23,8 | 9,7 |
| C1 | **уровень профессионального владения** (могу спонтанно, бегло и точно выражать свои мысли, свободно общаться в научной и профессиональной деятельности, создать хорошо выстроенное сообщение на сложные темы) | 3 | 2,5 | 26 | 1,5 | 4,5 | 5 | 12,7 | 17,9 | 13,1 | 9,8 |
| C2 | **уровень владения в совершенстве** (понимаю практически любое устное и письменное сообщение, говорю спонтанно с высоким темпом, подчеркивая оттенки значений даже в самых сложных случаях) | 0,9 | 1,1 | 0,8 | 0,8 | 1,9 | 11,7 | 63,8 | 63,8 | 10 | 23,1 |

Для изучения того, может ли в кыргызстанском обществе язык быть потенциальным фактором интеграции и, если да, то какой из них и о потенциале интеграции с каким именно языковым пространством может идти речь, в исследовании задавался вопрос о том, на каком языке респонденты желали бы, чтобы говорили их дети?

Таким образом, вероятно, местным языковым фактором интеграции внутри страны мог бы быть русский язык, поскольку, как оказалось, подавляющее большинство респондентов, выбирая из местных языков, хотели бы, чтобы их дети говорили на русском языке (79%). Желающих, чтобы их дети говорили на кыргызском – 22% респондентов *(см Таблицу 5 ниже):*

*Таблица 5. На каких местных языках, кроме родного, Вы бы хотели, чтобы говорили Ваши дети? (в %)*

| На … | Баткен | Джалал-Абад | Иссык-Куль | Нарын | Ош | Талас | Чуй | г. Бишкек | г. Ош | Итого |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **кыргызском** | 15,6 | 18,7 | 10,8 | 0,0 | 24,6 | 3,2 | 22,7 | 21,1 | 16,7 | 22 |
| **русском** | 53,5 | 65,7 | 78,5 | 65,4 | 66,5 | 92 | 65,9 | 64,5 | 71,1 | 79 |
| **узбекском** | 24,1 | 7 | 3,7 | 0 | 4,5 | 3,2 | 1,2 | 1,8 | 9,4 | 6,8 |
| **другом** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,8 | 0 | 0 | 0,2 |
| **только на родном** | 1,5 | 8,6 | 3,4 | 34,6 | 4,5 | 1,6 | 4,8 | 10,7 | 2,2 | 6,1 |
| **таджикском** | 5 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,6 | 0,6 |
| **дунганском** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1,2 | 0,2 | 0 | 0,3 |
| **Азербайджанском** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,7 | 0 | 0 | 0,1 |
| **татарском** | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,3 | 0 | 0,2 |
| **уйгурском** | 0,3 | 0 | 1,3 | 0 | 0 | 0 | 0,2 | 0 | 0 | 0,2 |
| **украинском** | 0 | 0 | 0,3 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0,2 | 0 | 0,1 |
| **казахском** | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 2,5 | 1,3 | 0 | 0,9 |

в-третьих, рыночные отношения требуют изучения форм и методов управления на уровне основного экономического звена – предприятия, фирмы.

в-четвертых, широкий выход отечественных предприятий и объединений на мировые рынки обуславливает необходимость коммуникативной компетенции менеджера [1].

Современная теория менеджмента включает как элементы тейлоризма, так и элементы «движения за гуманные отношения» и административно-бюрократический подход [2]. В практике менеджмента различают три модели менеджмента: американская, японская, европейская.

В целом, система менеджмента должна оцениваться с точки зрения того, как она позволяет стране эффективно мобилизовать личностный и общественный потенциал народа для реализации постоянного роста производства, и роста организации. Для того чтобы оценить, насколько каждая из существующих моделей соответствует интересам организации и экономики государства, нами была сделана попытка, сформулировать ряд критериев современной модели менеджмента, которые состоят в следующем:

1. менеджмент должен быть связан с общественно-экономическим укладом страны, отражать исторические особенности, культуру, менталитет и социальную психологию; и включать следующие системы:

• система управления персоналом – это система, в которой успех фирмы связывается гибкостью и гармонией человеческих отношений внутри фирмы;

• система контроля – система, обеспечивающая соответствие результатов целям организации;

• система управления качеством - система, способствующая повышению конкурентоспособности организации.

Исследования национальных моделей менеджмента позволила обнаружить в результате сопоставления их сильные и слабые стороны.

Функционирование системы менеджмента направлено, прежде всего, на повышение эффективности деятельности организации в целом, и основные показатели ее эффективности следует отыскивать в конечных результатах работы организации. Поэтому на наш взгляд, более простым, но менее корректным с методологической точки зрения, является оценка эффективности менеджмента не с позиций самих конечных результатов, а с точки зрения того, как система менеджмента способствует получению этих результатов.

Таким образом, местная специфика теперь становится одним из конкурентных преимуществ национального менеджмента. Причем это влияние носит как положительный, так и отрицательный характер.

На наш взгляд, развитие менеджмента в Кыргызстане обусловлено следующими факторами:

Факторы экономического характера:

- экономические условия хозяйствования;
- формирование рынка и рыночной инфраструктуры;
- развитие предпринимательства.

Факторы правового характера:

- развитие различных форм собственности;
- несовершенство законодательства, низкий уровень правового сознания населения.

Факторы социально-культурного характера:

- социальные особенности, убеждения;
- родственные связи;
- образование, грамотность.

Современное состояние менеджмента в сферах услуг Кыргызстана имеет свои особенности, что позволяет говорить о его различных моделях, так в настоящий момент можно условно выделить три модели управления:

1) модель здравого смысла;
2) ападная модель;
3) советская модель.

Первая модель распространена преимущественно в сфере малого и среднего предпринимательства.

Вторая модель представлена западными фирмами, работающими на кыргызском рынке. Кыргызские фирмы перенимают в основном внешнюю атрибутику западного управления, почти не обращая никакого внимания на западные технологии внутрифирменного управления, т.е. западный менеджмент заметно повлиял на форму и техническую сторону и почти не оказывает заметного влияния на само существо кыргызского менеджмента.

Третья модель управления самая распространенная. Несмотря на многочисленные реформы макроэкономики, порядок управления на многих крупных предприятиях до сих пор остается практически неизменным со времен СССР и обладает характерными чертами административно-командной системы управления.

**Основными характерными чертами национальной модели менеджмента являются:**

1. Собственность и менеджмент. Во многих кыргызских компаниях собственность не отделена от менеджмента. Во главе находятся их основатели, либо, родственники. Кыргызы ценят кровно – родственные отношения, на основе которых формируются настоящие кланы.

2. Стиль управления, коммуникация и принятие решений. В большинстве, менеджменту характерны такие принципы, как: иерархичность, авторитаризм, централизованность. Предприниматели склонны принимать лично все основные управленческие решения. Принятие решения, особенно, если речь идет о вопросах управления финансами, централизованно и строго контролируется менеджерами в одностороннем порядке.

Современное состояние развития менеджмента на предприятиях промышленности характеризуется следующими позитивными процессами, позволяющими говорить об эффективном управлении:

- важным фактором изменений в подходах к управлению предприятиями в настоящее время является изменение мышления руководителей, их отношения, оценок и восприятия ситуации в бизнесе и внешней среде;
- большинство предприятий малого и среднего бизнеса находится в частных руках;
- сохраняется тенденция снижения доли нерентабельных предприятий, что свидетельствует об улучшении финансово-хозяйственной деятельности и повышении эффективности управления предприятиями;

На наш взгляд, существенными недостатками в развитии менеджмента на отечественном рынке являются следующие:

- невысокий уровень специализации управленческих функций;
- трудности анализа и оценки внешней среды предприятия и сложности с поиском ресурсов для его развития;
- сложности с формированием эффективной структуры управления;
- трудности с созданием и поддержанием благоприятного климата в коллективе;
- проблемы стимулирования продуктивной работы подчиненных;
- проблема выбора стиля руководства;
- отсутствие стратегии в кадровой политике предприятия и др.;
- информационное поле недостаточно используется менеджментом в силу неразвитости соответствующей инфраструктуры.

Внедрение системы менеджмента, способно принести организации практически любого профиля, широкий спектр преимуществ. Международные, финансовые организации уделяют серьезное внимание наличию системы менеджмента в компании, устанавливают меньшие страховые проценты при финансировании.

Необходимо отметить, что эти проявления внедрения системы менеджмента могут и должны быть взаимосвязанными с системными и рисковыми изменениями. В совокупности они приводят к эффекту синергии: в лучшем случае система менеджмента запускает механизм последовательного улучшения в организации, способствуя совершенствованию устойчивости, результативности и эффективности компании в целом.

Таким образом, в республике Кыргызстан созданы первоначальные условия для формирования характерной для экономики Кыргызстана модели менеджмента: институт частной собственности, свобода предпринимательства, корпоративное управление, государственная поддержка развития малого и среднего бизнеса. Ведется подготовка профессиональных специалистов для структур управления.

*Литература*

1. Государственная программа поддержки малого предпринимательства в Кыргызской Республике. – Б., 2011.
2. Джылкычиева Ж. Проблемы и особенности развития менеджмента на современном этапе. - Б., 2009.
3. Качкынова А. Ч. Современное состояние и развитие малого и среднего предпринимательства и сектора услуг в Кыргызской Республике. –Б., 2011.
4. Насыров А. Проблемы малого и среднего предпринимательства в Кыргызской Республике. / Насыров А. //«Кыргыз Бизнес Консалт», - Б., 2012.
5. Бландел Р. Эффективные бизнес-коммуникации. Принципы и практика в эпоху информации. – Спб.: - Питер, 2000.

***Рустамова Д. А.,***
*Ошского государственного университета*

# СОЦИАЛЬНАЯ АДАПТАЦИЯ ВОСПИТАННИКОВ СПЕЦИАЛИЗИРОВАННЫХ ДЕТСКИХ УЧРЕЖДЕНИЙ

В специализированных детских учреждениях адаптация поступивших детей воспринимаются болезненно с психологической стороны. Ребенок, попадая другую сферу, абсолютно не зная правил и образ жизни в этой среде, который впоследствии начинает жить в страхе. Большую роль в процессе социальной адаптации воспитанников специализированных детских учреждений включает различные виды трудовой деятельности.

В сегодняшних кризисных условиях труд является средством самообеспечения социального учреждения, обустройства собственной жизни детей в нем. Но это не самое главное. Важно то, что систематическое участие в труде вместе со сверстниками и взрослыми дает им бесценный позитивный опыт, формирует навыки делового общения, помогает преодолеть социальный инфантилизм, порожденный всем опытом предшествующей жизни и грозящий перерасти в социальное иждивенчество.

Адаптация - это процесс активного приспособления индивида к условиям изменяющейся среды, обеспечивающий наиболее оптимальный баланс реализации возможностей. В широком смысле адаптация представляет собой процесс изменения социокультурных диспозиций, направленный на достижение личностного соответствия и комфорта во взаимодействии с непосредственным социальным и физическим окружением.

Представляя своего рода компромисс, адаптация лишь в относительной степени может соотноситься с понятием оптимальных решений. Скорее можно говорить лишь о нахождении некоторой медианы учета особенностей, интересов и возможностей взаимодействующих сторон, обеспечивающей минимально достаточный уровень взаимоприемлемости. Именно интерактивный характер адаптации приобретает особую популярность сегодня из всего многообразия видов труда, в которые могут быть включены дети, преобладает связанный с самообслуживанием и благоустройством [1].

Социальная адаптация воспитанников государственных учреждений осуществляется в тесном взаимодействии воспитательной и образовательной работы. Социальную помощь оказывают школьный психологи школьный социальный работник.

Социальная адаптация детей в условиях государственного учреждения во многом определяется качеством развития учреждений образования и воспитания детей.

Необходимо углублять демократические отношения внутри коллектива детского дома или интерната и в его связях с трудовыми коллективами и общественными организациями. Развивать самоуправление по вопросам, которые доступны детям соответственно их уровню воспитанности. Контакты с внешкольными коллективами направлять не только по линии материальной помощи, но и на формировании у детей социальной защищенности, на подготовку их к жизни, включение в трудовой процесс, в систему непрерывного образования [2].

В деятельности детского дома или интерната приобретают особую актуальность принципы практической психологии и педагогики, учитывающие индивидуальные особенности детей. В первую очередь целесообразно вовлекать воспитанников в деятельность, интересную для них и вместе с тем обеспечивающую развитие их личности: начальное профессиональное техническое, художественное, музыкальное образование. Эти виды образования необходимо осуществлять во взаимосвязи, поскольку, например, музыкальное образование нередко оказывается не востребованным обществом.

Учебная, трудовая деятельность должна быть нацелена на достижение успеха, что усиливает мотивацию саморазвития личности. Каждый школьник получает представление о сильных сторонах своего развития, опираясь на эти качества, дети достигают высокого уровня общеобразовательной и первоначальной подготовки. Разнообразные виды деятельности позволяют детям включиться в учебно-трудовой процесс в соответствии с индивидуальными особенностями.

Основной задачей государственных учреждений является социализация воспитанников, их социальная адаптация. Для этой цели должны быть расширены мероприятия по моделированию семьи: взрослые дети должны заботиться о младших, проявлять уважение к старшим. Подготовку к семейной жизни целесообразно вести так, чтобы у воспитанников вырабатывались навыки ведения домашнего хозяйства, оказание первой помощи, организации досуга.

Труд воспитанников социального учреждения должен быть достаточно длительным и систематическим, а не подменяться разрозненными и эпизодическими трудовыми мероприятиями.

Социальная адаптация детей-сирот будет проходить с большей эффективностью, если улучшится психологический климат в детском доме или интернате. Необходимо стремиться к повышению заботливости, доброжелательности в отношениях с детьми и друг с другом, избегать конфликтов, а при их возникновении решать их с помощью переговоров и взаимной уступчивости.

Медикаментозная и психологическая коррекция может играть существенную роль в решении задач социальной адаптации лиц, переживших экстремальные военные или социальные потрясения, ситуации переселения.

Одним из важных факторов в процессе социальной адаптации ребенка в детских домах является степень его принятия приемными воспитателями. Под принятием в психологии понимают положительное отношение к человеку при адекватном восприятии его достоинств и недостатков. Этот процесс является чрезвычайно важным, поскольку он составляет основу для формирования взаимоотношений между воспитателями и ребенком/детьми. Поэтому у воспитателей необходимо с самого начала формировать положительную установку на общение и взаимодействие с будущим ребенком.

Помимо вышеназванных проблем воспитатели сталкиваются и с другими трудностями в процессе воспитания детей-сирот. К наиболее распространенным можно отнести:

- трудности в поведении ребенка (непослушание, капризы, упрямство);
- отсутствие элементарных санитарно-гигиенических навыков (неумение чистить зубы, умываться, мыть руки перед едой и т. д.);
- проявление неуважения к окружающим (неуместные реплики в адрес незнакомых или взрослых людей, сквернословие в общественном месте, неприличные жесты и т. д.);
- эмоциональная «глухота»; ссоры с другими детьми; конфликтные взаимоотношения с окружающими; нежелание трудиться, помогать по дому.

Тем не менее, пессимизм воспитателей не всегда означает, что они плохо выполняют свои обязанности. В период взаимной адаптации воспитателей и детей каждая из сторон нуждается в советах и рекомендациях о том, как справиться с негативными эмоциями и переживаниями; в объяснении причин подобного поведения; в ободрении и поддержке со стороны своего ближайшего окружения. Квалифицированная профессиональная помощь специалистов соответствующих учреждений, способствует созданию семейной атмосферы, благоприятной для психического и личностного развития ребенка.

***Литература***

1. Словарь-справочник по социальной работе [Текст] / Под ред. Е.И. Холостовой. – М.: Юристъ, 1997. – 417 с.

2. Фурманов И.А. Психологические особенности детей, лишенных родительского попечительства [Текст] / И.А. Фурманов. – Минск: Тесей, 1999. – 160с.

***Малтабаров Б.А.,***
*БГУ,*
*Кыргызстан социологиялык ассоциациясынын (SAK)*
*биринчи Вице президенти*

# ЗАМАНБАП КЫРГЫЗСТАНДА АЖЫЛЫК САПАР: ЭКСПЕРТТЕРДИН КӨЗ КАРАШЫ

Кусеин Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин социологтору автор жана Саламат Дюшембиев жана Махмуд-Барскоон Кашкари атындагы Чыгыш университетин изилөө тобу, профессор Асан Ормушевдин жетекчилиги астында 2013-жылдын 3-майында Кыргызстандагы Ажылык сапар боюнча маалыматтарды топто үчүн эксперттик сурамжылоо өткөрүлгөн. Биз бул макалада ошол убакта өткөрүлгөн эксперттик сурамжылоонун жыйынтыгы менен таанышып көрсөк.

Эксперттик сурамжылоо иштери биринчи этапта түштүктөн жана экинчи этапта түндүктө жүргүзүлдү. Анда биринчи этапта Баткен, Ош жана Жалад-Абад аймактары боюнча эксперттер суралды. Жалал-Абад аймагын проф. Асан Ормушев, Баткен жана Ош аймагын боюнча доц. Саламат Дуйшембиев жана бул макаланын автору эксперттик сурамжылоону өткөрүштү.

2-этапта Нарын, Ыссык-Көл, Талас жана Чүй аймактары проф. А. Ормушевдин жетекчили астында жана башка изилдөөчүлөрдүн жааматты менен өткөрүлдү. Сурамжылоодо 57 айылдын, 21 райондун, 11 шаарлардын 7 областын жана Бишкек шаарында өкүлдөрү, 159 кыргыздар, 24 өзбек жана 17 башка улуттардын өкүлдөрү эксперттер изилдөө камтылган. Изилдөөнүн жыйындысы боюнча 200 эксперт суралды. Эксперттик сурамжылоодо жынысы боюнча 82,5% эркектер жана 17,5% аялдар суралды. Жаш курагы боюнча 16-29 жашка чейинки 9,0% калктын жаштары эксперт катарында сурамжыланды. Ал эми 30 жаштан 39 жаш курагында 21,5%, 40-49 жаш курагын сурамжылоого 14,5 % эксперттер катышты. Ар бир 4-чү (24,5%) эксперттер 50-59 жаш курагын, ар бир 5-чи 60-69 жашты жана ар бир 10-чу суралгандар 70 жаштан жогорку куррактарды түздү. Эксперттик сурамжылоодо 20 багыттан ашык кесиби боюнча эксперттер камтылган.

Биз эксперттерге төмөнкү суроону бердик: “Сиз жашаган айылдан мурда же кийин ажылыкка зыяратка барган адамдардан кимдерин билесиз?”. Бул суроого эксперттер 1-ден жана андан көп барган жана билген адамдардын атын жана фамилиясын белгилешкен. Сиз жашаган айылдан мурда же азыр ажылыкка зыяратка адамдар “Канчанчы жылдары” барышкан деген суроону эксперттерге бердик. Бул суроого эксперттердин жообу 1800-жылдардан баштап 2012-жылга чейин ажылыкка баргандардын жылдарын белгилешкен. Биз бул көрсөтүлгөн убакыттарды 1800-жылдан баштап 1900-жылга чейин, кийинкисин советиттик империясынын доору деп, 1900-жылдан баштап 1917-жылга чейин, анан кийин 1917-жылдан баштап азаттык мезгилге чейин деп белгиледик. Кийин мезгилди Кыргызстандан азаттык чыккандан баштап, 1991-жылдан азыркы мезгилге чейинки мезгил деп көрсөттүк.

Биринчи мезгилде 1800–1897-жылдарда 3 киши (1800, 1875 жана 1890-жылдары) ажылыкка барышкан.

Экинчи мезгилде 1900–1917-жылдарында тагыраак айтканда, 1908, 1910, 1915-жылдарында бирден киши ажылыкка барышкан деп, эксперттер жооп беришкен. Жалпылап айтканда, бул мезгилде баардыгы болуп бирчи мезгилдей эле 3 киши ажылыкка сапарга чыгышкан.

Үчүнчү мезгилди советтик империясынын доорунда, 1917-жылдан баштап 1991-жылга чейин 8 киши ажылыкка барышкан. Бул мезгилде 1971-жылы 1 киши, 1950-жылы 2 киши, 1952, 1960 жана 1978-жылдары бирден кишилер жана 1990-жылы 4 киши ажылыкка барышкан. Эксперттерге сиз жашаган айылдардан жана шаарлардын ажылыкка зыяратка адамдар “Кайсы маршрут аркылуу” барышкан деген суроого, төмөнкү жоопторду алдык.

• Биринчи маршрут боюнча Кыргызстандан Туркия аркылуу Сауд Арабиясына деп 17 эксперт белгиледи.

• Экинчи маршрут Кыргызстанда түз эле Меккеге, Джиддага жана Медина шаарларына багытталган деп – 41 суралуучу жооп берди.

• Үчүнчү маршрут Кыргызстандан Сауд Арабияга коншу Өзбекстан аркылуу деп 3 эксперт белгиледи.

• Төртүнчү маршрут Кыргызстандан Таджикистан жана Ооганстан аркылуу ажылыкка барышкан деп 3 эксперт белгилеген.

• Бешинчи маршрут Кыргызстандан Түркмөнстандан жана Иран аркылуу Иорданияга жана Араб Эмиратына чейин барышкан деп 6 эксперт биздин суроого жооп беришти.

• Алтынчы маршрут Кыргызстандан Казахстан жана Өзбекистан аркылуу барган деп 1 эксперт

• Жетинчи маршрут Кара Деңиз менен деп 1 эксперт белгилешти.

Ажылыкка барган маршруттарды билип алгандан кийин, биз төмөнкү суроону узаттык: “Сиз Кайсы унаанын түрү менен ажылык сапарга жөнөдүңүз”. Бул суроого 32 эксперттер автобус, машиналар менен бардык жооп беришти. Учак менен 84, жана жөө, төө жана ат менен деп 14 эксперттер бул суроону белгилешти. Поезд менен 1, кеме менен 1 жана велосипед менен деп 2 эксперттер бул суроого жооп беришти.

Ажылыкка барган инсандар ким менен барганын билиш үчүн бул суроону бердик: “Сиз тааныган инсандар ажылыкка жалгыз же адамдардын тобу менен барганбы?” Эксперттер төмөнкүдөй жооп беришти. Жеке, жалгыз деп 10 эксперт, топ менен деп 102 эксперттер жана адамдар менен барышкан деп 5 суралуучу деп жооптор алынган.

Абдышүкүр Нарматов жана Модали ажылар, ар бири 3 жолудан, Абдурахман, Муратаалы Жуманов, Мухаммед, Нарын Нурмухаммед, Садридин жана Чойбек ажылар болсо 2 жолудан жана башкалары 1 жолу зыяратчылардын тобун башкарышкан. Дагы башка кошумча жоопко Бишкек казысы Максат, Курманбек, Махаматжан, Омурзак ажылар болсо бардыгы бир жолудан зыяратчылардын тобун башкарып алып барышкан. Биз эксперттердин айылдык, райондук, республикалык жана дүйнөлүк деңгээлде ажылыкты модернизациялоого кандай иш чараларды жүргүзүш керек деп кайрылдык.

Сиздин жакын туугандарыныз, досторунуз, кесиптештериниз, коншуларыныз ажылык зыяратка жөнөп бара жаткан учурда кандай жөрөлгө иштер жасалды деген суроого, ажылык зыяратка жөнөп бара жаткан учурда, мал союлду деп 27% эксперт жооп беришкен. Акча беришти деп, 17,5% эксперт жооп берсе, ал эми мал да союлду жана акча дагы беришти деп 6% эксперттер белгилешти. Калган эксперт башка деп жооп беришкен.

Суралган эксперттердин 85,5% Ажыга барган боло, ал эми калганы бара элекпиз деп жооп берген. Ажылык зыяратка баргандардын 55,5% эксперттер, бул өзүнүн жеке чечими экени деп белгилешкен. чечим кабыл алууда башкалар таасир берген деп 9,5% эксперт жооп берген. Атасынын таасири деп 8,0%, энесинин таасири деп 4,5% жана 2,5% эксперттер жубайымдын таасири болгон деп белгилешкен. Агасынын таасири жана эже-карындаштарымдын таасири деп 1% ар бирине жооп узаткан.

Ажылыкка зыярат жасоо ниетиниздин негизги себеби, бул ар бир мусулмандын ыйык парзы деп 87% эксперттер белгилешкен. Рухий изденүү деп 4,5% ээксперттер жооп беришкен. Туризм жана бизнес кызыкчылыгы деп 0,5% жана 5,5% эксперттер башкала себебтер деп жооп беришкен.

Ажылык зыяратка зарыл болгон каржы маселесин 44,5% эксперттер өзүм өмүр бою топтодум деп, каржылыгандар болду деп 19,5% жана 10% эксперттер туугандарым жардам беришти деп жооп беришкен. Ал эми 13,5% эксперттер балдарым жана башкалар деп жооп узатышкан.

Ажылык зыяратка даярданып жатканда 11% эксперттер виза ачууда, 9% уюштуруу иштеринде, 2,5% эмдөө жаатында жана 32% эксперттер башка кыйынчылыктарга дуушар болдук деп, бул суроого жооп беришкен.

Ажылык зыяратка жөнөп жатканда мал сойдук, элден бата алдык деп 12,5%, туугандарым, досторум узатышты деп 13,5%, эхсан өткөрүү деп 4% жана 4% эксперттер чайга чакырып узатуу болду деп жооп беришкен. Кошуналарым чогулуп дуа кылышты жана шарият боюнча өткөрдүк деп 3,5% эксперттерден жооп берилген.

Сауд Аравиясы тарабынан ажылык зыярат жасоо 41% эксперттер мейманкана жана тамак аш жактан ыңгайлуу шарттар түзүлгөн жана бош убакыт кызыктуу жана үнөмдүү пайдаланылган деп 6 эксперт жооп беришкен. Башка ыңгайлуу шарттар түзүлгөн деп ар бир бешинчи эксперт (22%) жооп беришкен.

Ажылыкка зыяратка бараардын алдында 42,5% эксперттердин толкундоо, сүйүнүү, кубануу, жакшы сезимдер пайда болду деп жооп беришти. Барардын алдында парзды аткаруу сезими деп 7% жана ыйлыдым, көзгө жаш алдым деп 4,5% эксперттер жооп узатышты. Аллага ого бетер сыйынуу сезими пайда болгон деп 2%, барганча шаштык, тезирээк жетсек деп 2% жана жоопкерчилик сезими деп 2% эксперттер бул суроого жалпы жооп беришти. Ыйык Меккеге жеткенде 18% эксперттер ыйладык, толкундандык, күнөөлөрдү кечиргиле дедик деп белгилешти, 9,5% эксперттер ажылыгым кабыл болсо экен деп куткөнбүз жана Мен ойлогон жана ойлобогон сонун нерселер болду деп 6,5% эксперттер жооп бершити. Каабаны, пайгамбарыбыздын мечитин көрдүм, ага ибадат кылдым деп 6,5% эксперттер, Ыйык парзды аткаруу 5,5%, Алланын үйүн көрүүнү күттүм, анын кудуретин күттүм деп 3% эксперттер бул суроого ушундай жооп беришти.

Ажылык зыяраттан кайтканыныздa жакшы маанайда, кубаныч менен тосуп алышты деп 22,5%, суйунуу, кубануу, менен тосушту деп 11,5%, килем салып тосуп алышты, пайгамбарыбыз баскан жерди басты деп 6,5%, аэропорттон туугандарым, досторум жакшы кутуп алышты, келип кой союлуп бата тилек айтылды деп 6,0% эксперттер жооп беришти. 5,5% эксперттер Ажылык зыяраттан кайтканында мал союуп тозуп алышты деп, туугандарым, уй булом мени ыйык адам катары башкача жагымдуу көз караш менен тосуп алышты деп 4,5% эксперттер жообун белгилешти. Ал эми калган эксперттер Ажылык зыяраттан кайтканынызда башка көп жакшы жышаан менен тосуп алышты деп бул суроого жооп беришити.

Биз эксперттердин айылдын, райондун, республиканын жана дүйнөлүк деңгээлде Ажылык сапарды модернизациялоого кандай иш чараларды жүргүзүш керек деп кайрылдык. Эксперттердин жоопторун талдап 5 таблицадан 2 ден жогору 25 жоопко чейин ранжировка жасап, контролдук төмөнкү таблица түзүлдү. Толук төмөнкүдөгү 1-чи таблицаны караңыз.

**1-чи таблица**

| № | Айылдын деңгээлинде | Райондун деңгээлинде | Облустун деңгээлинде | Республиканын деңгээлинде | Дүйнөнүн деңгээлинде |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 25 эксперт Ажыга барам дегендерди алдын ала даярдоо, окутуу, үйрөтүү, адеп ахлагына көңүл буруу | 18 эксперт Ажыга барууучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, окутуу керек | 12 эксперт Казыяттар уюштуруу жагын жакшыртышы керек, самолёт учактардын маршрутун кыскартуу керек | 18 эксперт Уюштуруу иштерин муфтият өзү алса, ажы башчылары динди жана тилди жакшы билишсе | 6 эксперт Уюштурууучу топ дүйнөлүк деңгээлде болуусу каалайм, түшүндүрүү иштерин жакшы жүргүзүү |
| 2. | 20 эксперт Түшүндүрүү иштерин, максатын түшүндүрүү керек | 4 эксперт Квоталарды туура пайдаланышса, туура бөлүштүрүлсө, мурда баргандар кайра барбаса | 9 эксперт Квотаны адилет бөлүштүрүү, көбөйтүү | 8 эксперт Муфтият коррупцияланган, контролду күчөтүү керек | 5 эксперт Мусулмандардын башкалардан артыкчылыгын далилдөө, башкаларга жеткирүү |
| 3. | 4 эксперт Мечиттерде ажылык парздарды айтуу | 2 эксперт Жума намаздарда маалыматтарды мечиттен элге жеткизип турса | 5 эксперт ММК, ТВ, гезиттерге туура маалымат берип турса | 7 эксперт Квоталар элдин санына карата бөлүнсө, көбөйтүлсө | 3 эксперт Мекке, мадина, арафат, мина ж.б тазалыгына көңүл буруш керек |
| 4. | 4 эксперт Квоталар райондорго областарга адилеттүү бөлүнүшү керек | | 3 эксперт Ажы башчылары казылардын гана тааныштары кетип жатышат, тиешеси жок адамдарды ажы башчы тандап алса | 7 эксперт СМИ аркылуу үгүт кылуу, үйрөтүү, социологиялык анализ берүү | 2 эксперт Транспорт маселеси өз убагында болсо |
| 5. | 4 эксперт Уюштуруу дэңгээлин көтөрүү | | 2 эксперт Ажы башчыны топ өзү шайлаш керек | 4 эксперт Ажылыкка бара тургандарды атайын курстарда окутуп даярдоо | |

Бул суроого эксперттер айылдын денгээлинде, ажыга барам дегендерди алдын ала даярдоо, окутуу, үйрөтүү, адеп ахлагына көнүл буруу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүш керек, максатын түшүндүрү керек, мечиттерде ажылык парздарды айтуу, квоталар райондорго областарга адилеттуу бөлүнүшү керек жана уюштуруу иштеридин дэңгээлин көтөрүш керек деп белгилешти.

Ажыга баруучуларга тушундуруу иштерин жүргүзүү, окутуу керек, квоталарды туура пайдаланышса, туура бөлүштүрүлсө, мурда баргандар кайра барбаса жана жума намаздарда маалыматтарды мечиттен элге жеткизип турса деп, эксперттер райондун деңгээлинде иш чараларды белгилешти. Облустун деңгээлинде казыяттар уюштуруу жагын жакшыртышы керек, самолёт учактардын маршрутун кыскартуу керек, квотаны адилет бөлүштүрүү, көбөйтүү, ММК, ТВ, гезиттерге туура маалымат берип турса, Ажы башчылары казылардын гана тааныштары кетип жатышат, тиешеси жок адамдарды ажы башчы тандап алса жана Ажы башчыны топ өзү шайлаш керек деген сунуштар айтышты.

Эксперттердин пикири боюнча республиканын деңгээлинде Уюштуруу иштерин муфтият өзү алса, ажы башчылары динди жана тилди жакшы билишсе, Муфтият коррупцияланган, контролду күчөтүү керек, Квоталар элдин санына карата бөлүнсө, көбөйтүлсө, ММК аркылуу үгүт кылуу, үйрөтүү, социологиялык анализ берүү жана Ажылыкка бара тургандарды атайын курстарда окутуп даярдоо маселелерин карашса деп белгилешти.

Акыры сунуш дүйнөнүн деңгээлинде кандай иш-чараларды жасаш керек десек, анда уюштуруучу топ дүйнөлүк деңгээлде болуусун каалайм, түшүндүрүү иштерин жакшы жүргүзүү, мусулмандардын башкалардан артыкчылыгын далилдөө, башкаларга жеткирүү, Мекке, Мадина, Арафат, Мина ж.б тазалыгына көңүл буруш керек жана транспорт маселесин өз убагында болсо деген сунуштарды эксперттер айтышты.

Жыйынтыктап айтканда, Ажылык сапарга айылдан, райондон, областтан барарда ал жерлерде жашаган адамдардын санына карата квотаны адилеттүү бөлүштүрүү керектиги жана муфтият коррупцияланган маселерди чечүү жана көзөмөлдүү органдар контролду күчөтүш керек экенин бул сурамжыда айкын көрүнүп турат. Уюштуруу иштеридин дэнгээлин жогорулатуу маселелери, ал иш-чараларды ММК, ТВ, гезиттер, интернет аркылуу туура маалыматты калка берип кабарлап турса жана муфтияттын ишине жалпы коомчулук жардам көрсөтүп турса, бул эл үчүн дагы, Алланын алдында дагы биз өзүбүздү парзыбызды аткарганга жакшы болмок.

***Адабияттар***

1. www.http://arch.24.kg/community/153891-xadzh-2013-novye-skandaly.html
2. // Вечерний Бишкек. Асель Шабданова: Муфтият публикает список на хадж в 2012 г. – 24 сентября 2012 г.
3. www.http://comment.kg - 18.08.2011

***Сыргабаев С. Б.,***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК: ТАБИЯТЫ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ТҮРКҮКТӨРҮ

*Макалада автор учурда актуалдашып жаткан социалдык иденттүүлүк маселесине кайрылып, анын табиятын, түркүктөрүн жана типтерин социалдык-психологиялык факторлордун алкагында чечмелеген. Бул максатта автор теориялык көз караштар менен катар эле конкреттүү социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктарын талдоога алган.*

***Өзөктүү түшүнүктөр:*** *социалдык иденттүүлүк, иденттешүү, социалдык баалуулуктар, ишеним.*

***Иденттүүлүк – инсандын "алтын казыгы" катары.*** Бүгүн "иденттүүлүк" түшүнүгү турбуленттүү абалдагы заманбап коомдорду жана анда орун алган жеке инсандык, ошондой эле жамааттык деңгээлдердеги социалдык мамилелерди изилдөөдөгү натыйжалуу концепция болуп калды. Ошентсе да "иденттүүлүк" категориясы ушу убакка чейин социологиялык коомчулукта кызуу талашты жараткан терминдердин бири болуп саналат.

Илимий айлампага бул термин америкалык психолог Э.Эриксондун 1940–1950-жылдардагы психологиялык жана антропологиялык изилдөөлөрүнө байланыштуу киргени белгилүү [4]. Ошондон бери "иденттүүлүк" түшүнүгү батыш социалдык илимдеринде кеңири жайылып, учурда илимий дискурста гана эле орун албастан, тиричилик тилинде да байма-бай колдонулуп жүрөт. "Идентүүлүк" кубулушуна социологиялык маселе катары постсоветтик өлкөлөрдүн окумуштуулары, анын ичинде кыргыз социологиялык коомчулугу да акыркы мезгилдерде олуттуу маани берип келет. Бул жагдай мурунку советтик мамлекеттердин жана коомдордун транзиттик абалы менен түшүндүрүлөт. Өткөөл мезгил инсандык деңгээлде гана эмес, бүткүл социум мейкиндигиндеги социалдык-рухий таянычтарды, багыттамаларды издөөгө мажбур кылды. Анткени буга чейин социалдык карым-катнаштарды жөнгө салып келген кординаттар тутумунун (коммунисттик идеология, социалисттик баалуулуктар, "советтик

адам" концепти ж.б.) жок болушу, 90-жылдардагы "маданий травма" белгилүү деңгээлде иденттүүлүк кризисин пайда кылды [6]. Мындай шарттарда коом өзүнүн мезгилдин талабына жооп берген "кимдигин" издеши табигый көрүнүш экендиги анык эмеспи.

Салттуу түрдө "иденттүүлүк" түшүнүгү инсанга тиешелүү пайдаланылып келсе, бүгүн анын мааниси бир кыйла кеңейди деп айтсак болот. Жеке "инсандык" иденттүүлүк менен катар эле социалдык иденттүүлүк коомдогу адамдардын жүрүм-турумун, аң-сезимин жөнгө салуучу маанилүү механизм катары эсетелет. Ал эми "социалдык иденттүүлүк" деп адамдын тигил же бул социалдык категорияларга, мисалы, улутка, класска, жыныстык, кесиптик, курактык ж.б. топторго таандыктыгын аңдап сезишин атайбыз. Таандыктык сезиминин пайда болушу топко тиешелүү ченемдерди, социалдык ролдорду, баалуулуктарды, жүрүм-турум үлгүлөрүн өздөштүрүү аркылуу ишке ашат. Мунун натыйжасында адам өзүн белгилүү бир топтун (өз кезегинде топ конкреттүү же элестүү болушу мүмкүн) мүчөсү катары сезет. Бул жүрүш иденттешүү деп аталат. Иденттешүү заты өзүнө түрдүү коомдук түзүмдөрдү, маселен, үй-бүлөдөн тартып геосаясий түзүлүштөргө чейин камтышы ыктымал. Натыйжада иденттешүү механизми тигил же бул социалдык иденттүүлүктүн түрүн жаратат.

Учурдагы татаалдашкан коомдордо инсан социалдык иденттүүлүктүн бир эмес бир нече түрүнө ээ болот. Маселен, иденттешүү затына жараша бир катар социалдык иденттүүлүктөрдү ажыратып карасак болот, атап айтканда:

- кесиптик (мис., окумуштуу, куруучу, мугалим, дарыгер ж.б.);
- этностук (мис., кыргыз, орус, өзбек, түрк ж.б.)
- аймактык (мис., нарындык, таластык, оштук ж.б.)
- диндик (мис., Кудайга ишенүүчүлөр, атеисттер, мусулмандар, христиандар ж.б.)
- жарандык (кыргызстандык, америкалык, россиялык ж.б.) жана башкалар.

Ошентсе да социалдык иденттүүлүктөрдүн жыйындысы башаламан эмес, тескерисинче инсандын аң-сезиминде тартипке келтирилген тутум иретинде иштейт. Тутумда социалдык иденттүүлүктөр иерархиялык катарга, башкача айканда даражасына жараша жайгашат. Бул даража шатысы заманга, коомдо орун алган конкреттүү жагдайга карата өзгөрүп турат. Маселен, жалпы жарандык иденттүүлүк бошоңдогон шарттарда, инсандын аң-сезиминде аймактык, диндик же этностук иденттүүлүк үстөмдүк кылышы мүмкүн. Мына, ушул жерден социалдык иденттүүлүккө мүнөздүү омоктуу касиеттерди белгилей кетсек.

Биринчиден, топтук, б.а. социалдык иденттүүлүктүн жеке иденттүлүккө салыштырмалуу ийкемдүүлүгү төмөн, себеби ал топтун алкагында кабыл алынган "эрежелерге" баш ийдирилген жана аны индивид өз каалоосу менен өзгөртө албайт.

Экинчиден, иденттүүлүктүн тигил же бул түрүн инсан курат (албетте белгилүү бир топтун ичинде). Андыктан иденттүүлүк кандайдыр бир деңгээлде "элестүү" курулуш, башкача айтканда аң-сезимде жаралган руханий түзүлүш. Демек, индивид иденттүүлүктүн формасын эркин тандай алат. Маселен, ошол эле өзгөрүлбөс деп эсептелген баштапкы биологиялык белги – жынысты алалы. Ал жыныстык иденттүүлүктүн жаралышына өбөлгө түзүүчү негизги шарт экени анык. Бирок, жынысты өзгөртүү (башка жыныстык белгиге алмаштыруу), анын артынан бөлөк жыныстык иденттүүлүктүн келип чыгышы учурда кадыресе көрүнүш болуп калбадыбы. Эми башка мурасталуучу белги – улутту карап көрөлү. Улуттук иденттүүлүк да мезгилге, жагдайга жараша инсан тарабынан кайра каралып чыгып, жаңы мазмунга ээ болушу мүмкүн. Айрым учурда белгилүү бир улутка таандык болуу сезиминен адам такыр баш тартышы да ыктымал.

Учурдагы социологиянын көч башында "кеч модерн" [3], "ашкере тобокелдүү цивилизациялар" [2] сыяктуу концепциялар жана жалпы эле постмодернисттик идеялар турат. Алардын негизги маанисине ылайык, туруксуздук, корголбогондук, расмий мамлекеттик институттарга карата ишенимдин бошоңдошу, келечекке ишенимдин жоктугу бүгүнкү социалдык жашоонун нормасына айланды. Адамдардын "узак мөөнөткө" эсептелген менталдуулугу "кыска мөөнөттүү" менталдуулук менен алмаштырылууда [1]. Ушундан улам иденттүүлүк кубулушу да өтө ийкемдүү жана өзгөргүч болуп эсептелет. Ал өмүр бою өнүгүп олтуруп, прогрессивдүү же негативдүү багытта калыптанат. Эреже катары, азыркы инсандын иденттешүү затын жакын топтор (үй-бүлө, тууган-урук) түзүүдө, себеби алар туруксуз чоң социалдык топторго салыштырмалуу инсандын коомдогу абалын турукташтырып, ага кандайдыр бир коопсуздук сезимин берип турат. Ушундай тенденциялардын кыргыз коомунда да байкалып жаткандыгын социологиялык изилдөөлөр көрсөтүүдө.

***Социалдык иденттүүлүктүн психологиялык тамырлары.*** Иденттүүлүктүн маңызын ачып көрсөтүүдөгү маанилүү көрсөткүчтөрдүн бири болуп инсандардын социалдык-психологиялык ахыбалы эсептелет. Ал өз кезегинде коомдо орногон социалдык-саясий, эң оболу, экономикалык жагдайдын, өлкөдө ишке ашырылып жаткан реформалардын натыйжалуулугунун тасири астында куралат. Инсандын өздүк психологиялык абалы анын социалдык маанайынын жана жалпы эле жашоо стратегиясынын калыптанышы үчүн белгилүү өлчөмдө эмоциялык фон иретинде кызмат кылат. Демек, психологиялык ахыбал социалдык иденттүүлүктүн "өңү-түсүн" аныктай турган салмактуу шарттардын бири болуп эсептелет. Андыктан, биз жогоруда белгилеп кеткендей, социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктарына таянып, кыргызстандыктардын социалдык-псхологиялык абалына назар салсак. Бул феномен изилдөөнүн алкагында жалпылагыч көрсөткүч катары каралып, өзүнө бир нече аспектилерди камтыган эле.

Башкача айтканда сурамжыланган респонденттер өздөрүнүн ахыбалын бир катар индикаторлордун негизинде баалашкан. Белгилей кетсек, аталган социологиялык изилдөө 2013–2014-жылдар аралыгында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин базасында ишке ашырылган. Автор изилдөөчү топтун мүчөсү болгон. Изилдөө сурамжылоо (стандартташтырылган интервью) ыкмасы менен жүргүзүлүп, Кыргызстандын жети облусунда, Бишкек жана Ош шаарларында жашаган 2000 адамды кучагына алган. Репрезентативдүү тандаманын негизинде респонденттер төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

эркектер – 971 адам, аялдар – 1029 адам; 18–29 жаш - 729 адам, 30-39 жаш – 446 адам, 40-49 жаш – 377 адам, 50-59 жаш – 232 адам, 60 жаштан жогору – 216 адам; кыргыздар – 1474 адам, өзбектер – 246 адам, орустар – 180 адам, башка этностор – 100 адам; Нарын – 94 адам, Талас – 76 адам, Ысык-Көл -164 адам, Ош – 378 адам, Жалал-Абад – 350 адам, Баткен – 152 адам, Чүй – 318 адам, Бишкек шаары – 368 адам; Ош шаары – 100 адам. Мындан тышкары, тандамада сурамжылануучулардын билими, кесиби, жашаган жери (айыл, шаар) боюнча да репрезентативдүүлүк камсыз кылынган.

**1-таблица. Сиз өзүңүздүн социалдык-психологиялык абалыңызды кандай баалайсыз?**
*(берилиштер % менен)*

| Социалдык-психологиялык абалдын аспектилери | Кээде | Дайыма | Эч качан |
|---|---|---|---|
| Айлана-чөйрөмдө болуп жаткан оорчулукту жеңе албагандыгым кейитет | **68,0** | 16,3 | 15,6 |
| Өзүмдүн жетишкендиктериме сыймыктанам | **50,2** | 43,2 | 6,6 |
| Күнүмдүк иштерге алымсынбоо, туталанып жүрөм | **69,4** | **14,8** | 15,9 |
| Турмуштун өтө оордугун сезем | **65,6** | **20,0** | 14,4 |
| Жалгыздык сезими бушайманга салат | **44,8** | 11,2 | **44,0** |
| Мени эч ким кызыктырбайт | **44,2** | 9,0 | **46,8** |
| Оюмдагыны эч кимге айта албайм | **60,0** | 13,0 | 27,0 |
| Жакын адамдардын, кесиптештердин колдоосуна муктаждыкты сезем | **62,8** | **23,1** | 14,0 |

Респонденттердин социалдык-психологиялык өздүк ахыбалына берген баасы “жумшактыгы” менен айырмаланат. Сурамжылангандардын басымдуу көпчүлүгү сунушталган психологиялык аспектилер боюнча баасын “кээде” деген көрсөткүч аркылуу чагылдырган.Ошентсе да кыргызстандыктардын социалдык “ден соолугундагы” негативдүү учурлар, атап айтканда: “турмуштун өтө оордугун сезүү”, “оорчулукту жеңе албагандык”, “жакын адамдардын колдоосуна муктаждык” сезимдери күнүмдүк турмуштагы өз ордун жогото электигин көрө алдык. Буларга респонденттердин болжолдуу эсеп менен 16–23% “дайыма” деген баасын берген.

Социологиялык изилдөөдөн алынган маалыматтарды респонденттердин демографиялык мүнөздөмөлөрүнүн (жынысы, билими, кесиби, жашаган жери, областы) кесиминде талдоо сурамжылангандардын социалдык-психологиялык абалына берген баасында олуттуу айырмачылыктар деле жок экендигин көрсөттү. Ошентсе да, айрым кызыктуу учурларга токтоло кетсек. Маселен, изилдөөгө катышкан жарандардын ичинен орто билимдүүлөрдүн 27,2 пайызы “турмуштун өтө оордугун” дайым сезээрин билдерген. Бул көрсөткүч жогорку билимдүүлөрдүн баасына (15,8%) салыштырмалуу дээрлик эки эсеге көптүк кылат. Ошондой эле, респонденттердин аймактык белгилери боюнча алганда, “турмуштун өтө оордугун” дайым сезгендердин катарында башкаларга караганда нарындыктар басымдуулук кылаары (28,7%) анык болду (мисалы, ысык-көлдүктөр – 11%, баткендиктер – 23%).

Инсандын социалдык-психологиялык ахыбалы өз кезегинде дагы бир олуттуу көрсөткүчтү жаратат. Бул – адамдардын жашоо шартына (демек жалпы эле жашоого десек да болот) канааттануу деңгээли. Бул индикатор да жалпылоочу мүнөзгө ээ болуп, изилдөөнүн жүрүшүндө бир катар аспектилер боюнча өлчөндү.

**1-диаграмма. Күнүмдүк жашоо шартыңызга канчалык деңгээлде канааттанасыз?**
*(берилиштер % менен)*



Жашоого канааттануу деңгээли өтө "сезимтал" көрсөткүч жана ал көп факторлордун таасири асында калыптанат. Мына ушуну эске алуу менен респонденттерге берилген суроонун жыйынтыктарына көңүл бурсак. 1-диаграммада чагылдырылгандай, кыргызстандыктар өздөрүн эң эле олуттуу деңгээлде канааттандыргандар иретинде "жашаган жеринин аба-ырайын" (70,5%), "ичкен суусун" (63,5%) жана "тамактануусун" (65,1%) белгилешкен. Ошол эле учурда, респонденттерди эч качан канааттандырбай турган жашоо шарттарынын катарына "жашаган жеринин коомдук транспорт кызматы" (23,6%), "эс алуусу" (20,3%) жана "бош убактысын өткөрүүсү" (19,5%) кирген. Демек, кыргызстандыктарды негизинен объективдүү факторлор (климат, суу) канааттандырат. Ал эми социалдык институттардын ишмердигине тикелей байланыштуу нерселерге (мисалы, коопсуздук, транспорт, иштеген иши, алган билими) респонденттер солгун баа беришкен. Ошентсе да, жалпысынан алганда жарандардын жоопторунда оң тенденция орун алат. Маселен, узатылган суроонун алкагында сунушталган бардык индикаторлор (б.а. жашоо шарттары) боюнча респонденттердин канааттануу деңгээлинин орточо пайыздары төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: "толугу менен канааттанам" – 48%; "жарым жартылай канааттанам" – 35,8%; "эч качан канаатанбайм" – 12,3%; "айта албайм" – 3,9%.

Терeңдетип талдоо максатында жарандардын жашоого канаааттануу деңгээлин сурамжылоо жүргүзүлгөн областтардын кесиминде карап көргөн элек. Жыйынтыгында төмөнкүдөй тенденция байкалды. Бардык изилденген аймактардын ичинен жашоо шарттарына канааттануунун эң эле жогорку көрсөткүчтөрү Ош, Жалал-Абад, Чүй облустарында жана Бишкек шаарында орун алган. Ушул өңүттөн алганда, эң эле "депрессивдүү" регион катары Нарынды белгилеп кетсек болот. Ал эми респонденттеринин канааттануу деңгээли менен алардын башка демографиялык белгилери – жынысы, курагы, билими жана кесибинин ортосундагы кандайдыр бир стаститикалык олуттуу көз карандылык байкалган жок.

Адамдардын социалдык-психологиялык өздүк сезиминин абалы, жашоого канааттануу деңгээли алардын алдына койгон турмуштук максаттарын аныктап коеру талашсыз. Албетте, ал максаттардын жүзөгө ашуусу инсан үчүн андан да маанилүү. Бирок бул башка маселе. Дегенибиз, кыргызстандыктардын келечектеги максаттары кандай? Мына ушуну аныктоо үчүн изилдөөнүн жүрүшүндө респонденттерге тиешелүү собол узатылган эле. Изилдөөнүн жыйынтыгында сурамжылангандар өздөрү үчүн эң эле маанилүү деп эсептеген максаттардын узун тизмесин алдык. Аларды маанисине жараша жалпылаштырып, бириктирүүгө туура келди. Натыйжада кыргызстандыктардын орчундуу турмуштук максаттарынын үчилтигин: 1) "бакубат турмуш куруу" (үй-жайлуу болуу, балдарга татыктуу тарбия берүү, бутуна тургузуу, татыктуу атаэне болуу ж.б.у.с.); 2) "өлкөдөгү туруктуулук, тынчтык" (бейпилдик, элдин ынтымагы); 3) "материалдык жылгалчылык" (экономикасы өнүккөн өлкөдө жашоо, көз карандысыз татыктуу турмуш) түздү. Максаттардын тизмеси көпчүлүк учурда респонденттердин максаттарына караганда алардын каалоолору (б.а. келечекте жете турган конкреттүү объект эмес, ал эми инсан үчүн кандайдыр бир оңтойлуу, комфорттуу жагдайдын болушу) басымдуулук кылаарын көрсөттү. Бул эмнеден кабар бериши мүмкүн? Биздин оюбузча, учурдагы экономикалык катаал шарттарда калктын калың катмары күнүмдүк жашоону камсыз кылуу менен алек. Социумдагы туруксуз абал жана келечектин аныксыздыгы инсандардын жашоо багыттарын бүгүнкү күндүн чийининен чыгарбайт. "Күнүмдүк жашоо" стратегиясы, албетте, адамдарга келечекке, узак мөөнөткө багытталган, конкреттүү тариздelген максаттарды коюга мүмкүндүк бербейт. Себеби эртең кандай жашоо болоору белгисиз.

Кыргызстандыктардын турмуштук максаттары көбүнесе алардын куурактык топторунан көз каранды экенин терeңдетилген социологиялык талдоо көрсөттү. Маселен, жаштар (б.а. 18–29 жаштагы когорта) үчүн приоритеттүү максаттар катары "билим алуу, жакшы кесиптин ээси болуу" (28,2%), "үй-бүлө куруу" (23,8%), "жумуш ордун табуу" (20,3%) болсо, улуу куурактагылардын (30–39, 40–49, 50–59 жаштагылар жана 60тан жогорулар) жетектөөчү максаттарын "балдарга татыктуу тарбия берүү, үй-жайлуу кылуу" (суммардык орточосу 35,1%), "үй-бүлөнүн жыргалчылыгы" түзөт. Ошондой эле улуу муун үчүн "өлкөдөгү туруктуулуктун, бейпилдиктин болушу", "ден соолукту чыңдоо" сыяктуу максаттар жаштарга караганда бир кыйла мааниге ээ.

Республиканын жарандарынын максаттарынын тизмесин алардын баалуулуктар тутуму менен эришаркак талдоо максатка ылайыктуу. Бул бир нече себептер менен шартталат. Биринчиден, баалуулуктар тутуму жүрүм-турумду жөнгө салгыч олуттуу механизм катары өз кезегинде инсандын социалдык багыттарын, максаттарын, ошондой эле анын жалпы жашоо стратегиясын да калыптандырат. Экинчиден, өлкөнүн жарандары жетекчиликке алган баалуулуктар аркылуу коом, анын гуманисттик дарамети жана өнүгүү келечектери тууралуу ой жүгүртсө болот. Үчүнчүдөн, социалдык баалуулуктардын жана багыттардын тутуму тыштан келип кирбейт, ал ушул эле коомдо иштеп жаткан социалдык институттар тарабынан тарыхый тажрыйбанын жүрүшүндө иштелип чыгат. Эми баалуулук маселесине өзгөчө маани берүүчү акыркы жагдай.

Баалуулуктар социалдык багыттардын тирөөчү катары адамдардын жүрүм-турумуна түрткү берүүчү түпкүлүктүү негиз, социалдык тутумдун бүтүндүгүнүн өбөлгөсү катары кызмат кылат. Негизги социалдык баалуулуктарга карата консенсуска жетишкен коом, толук негизде туруктуу тутум катары карала алат.

Ушуну менен бирге эле, бүгүн жаңы социалдык-экономикалык чындыктын, ааламдашуу жүрүштөрүнүн кысымы астында коомдун баалуулуктар тутуму бир кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Мурда арткычылыктуу мааниге ээ болгон айрым бааллуктар өз ордун жоготсо, жаңылары сезилээрлик формага келип, тиешелүү мазмунга толо элек абал орун алууда.

Социологиялык изилдөөнүн жүрүшүндө кыргызстандыктарга берилген тизмедеги баалуулуктарды алар үчүн маанилүүлүк даражасына жараша он баллдык шкала аркылуу жайгаштыруу сунушталган эле. Изилдөөнүн жыйынтыктары айкындагандай, респонденттердин бааллуктар шкаласындагы алдыңкы позицияларды негизинен түпкүлүктүү (терминалдык, б.а. жогорку деңгээлдеги) баалуулуктар ээлейт. Тактап айтканда, биринчи үч орунга "үй-бүлө" (51,9%), "ден-соолук" (36,0%) жана "Ата Мекен" (29,4%) татыган. Ал эми илимий адабияттарда каражат баалууктары (инструменталдык же жашоонун материалдык мазмунун чагылдырган, мисалы, турак-жай, автоунаа, байлык ж.б.) боюнча сурамжылангандардын пикиринде тиелектештик жок экендиги ачык байкалат. Респонденттердин аларга ыйгарган даражалары өтө чачыранды келип, бул баалуулуктар шкаладагы 4-орундан 12-орунга чейин кеңири диапазондо жайгашкан.

**2-диаграмма. Респонденттер үчүн эң маанилүү баалуулуктар**
*(сунушталган ар бир баалуулук 10 баллык шкала аркылуу бааланган)*




| | жооп жок | 1-орун | 2-орун | 3-орун | 4-орун | 5-орун | 6-орун | 7-орун | 8-орун | 9-орун | 10-орун | 11-орун | 12 -орун |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Үй-бүлө | 7,4 | 49,3 | 31,2 | 6,3 | 2,6 | 0,9 | 0,8 | 0,1 | 0,1 | 0,4 | 0,5 | 0,2 | 0,2 |
| Ата-Мекен | 7,9 | 4,9 | 15,0 | 33,8 | 11,1 | 5,0 | 4,4 | 3,6 | 3,4 | 2,7 | 2,3 | 3,2 | 2,7 |
| Байлык | 8,4 | 1,9 | 4,9 | 11,2 | 18,3 | 4,0 | 4,0 | 4,8 | 5,7 | 6,3 | 5,7 | 5,9 | 18,9 |
| Ден-соолук | 7,7 | 35,5 | 34,5 | 10,5 | 5,4 | 1,5 | 0,8 | 0,7 | 1,0 | 0,6 | 0,2 | 1,1 | 0,5 |
| Жан дүйнөмө туура келген жумуш | 7,8 | 0,7 | 0,9 | 5,3 | 10,4 | 15,7 | 14,9 | 12,8 | 10,1 | 7,4 | 4,8 | 5,4 | 3,8 |
| Эмгек акысы көп жумуш | 8,0 | 0,3 | 1,1 | 1,5 | 4,8 | 9,4 | 12,2 | 12,8 | 12,1 | 13,1 | 11,7 | 8,8 | 4,2 |
| Жогорку билимдүү болуу | 8,2 | 0,1 | 1,1 | 3,3 | 8,3 | 13,1 | 11,7 | 12,1 | 11,9 | 10,1 | 9,7 | 5,1 | 5,3 |
| Заманбап өздүк турак-жай | 7,6 | 0,2 | 0,6 | 1,8 | 3,9 | 7,4 | 7,4 | 10,6 | 13,8 | 13,3 | 14,4 | 13,2 | 5,8 |
| Өздүк автоунаа | 7,8 | 0,7 | 0,5 | 1,1 | 1,9 | 4,3 | 5,9 | 7,1 | 9,2 | 13,8 | 14,6 | 17,0 | 16,1 |
| Мамлекет | 8,1 | 0,4 | 0,8 | 3,4 | 6,3 | 8,8 | 7,3 | 10,7 | 9,2 | 9,1 | 14,0 | 10,5 | 11,4 |
| Достук | 7,9 | 0,2 | 1,1 | 7,2 | 13,6 | 11,4 | 10,7 | 8,2 | 7,9 | 6,4 | 8,5 | 11,0 | 5,9 |
| Коомчулуктун сыйына татыктуу болуу | 9,3 | 0,1 | 0,7 | 6,3 | 6,6 | 10,4 | 11,0 | 9,2 | 7,3 | 8,8 | 6,0 | 9,4 | 14,9 |

Муундар аралык өзгөчөлүктөрдү табуу максатында, баалуулуктар иерархиясын ар түрдүү куратык когорталардын алкагында талдап көрдүк. Кызыктуусу, жаштардын (18–29 жаш) баалуулуктар шкаласы улуу муундагылардыкынан анчейин айырмаланбайт. Ошондой эле, респонденттердин жынысы, жашаган аймагы, билими, кесиби боюнча да статистикалык жактан олуттуу айырмачылыктар байкалган жок. Башкача айканда, бул суроого жооп берүүдө сурамжылоого алынган кыргызстаныктардын пикири дээрлик бири-бирине шайкеш келген.

Мамлекетибиз багыт алган суверендүүлүктүн тарыхый жолу тайкы болуп, социалдык-саясий туруксуздук, аныксыздык жана депрессивдүү абал өлкөнүн негизги мүнөздөмөлөрүнө айланганын тана албайбыз. Мындай ахыбалдын жаралышына мамлекеттик институттардын чабал ишмердиги да тиешелүү "терс" салымын кошту десек болот. Бул шарттарда орун алган "инсан-коом" моделине жана мамлекет менен жумурияттын социалдык карымкатнаштарында ишеним "дефицити" мүнөздүү көрүнүшкө айланды. Эксперттик байкоолор дагы карапайым калктын социалдык институттарга карата ишеними төмөндөгөнүн кабарлашууда. Чынында эле, заманбап кыргызстандыктардын бүгүнкү күндө кимге, канчалык деңгээлде ишенээри зор кызыгууну туудурат. Ушул өңүттөн, эмпирикалык маалыматтарга таянып, биздин өлкөнүн жарандарынын ишеним "ресурсун" өлчөп көргөн элек.

**3-диаграмма. Респонденттердин ишеним деңгээли**

*(5 баллдык шкала аркылуу бааланган, берилиштер % менен)*




| | Ата-энеме | Балдарыма | Тууганд арыма | Жубайыма | Кудайга | Достору ма | Кесиптештериме | Кошунама | Жердештериме | Билимиме | Кесибиме | Мамлекетке | Өзүмө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 б. | 80,0 | 60,9 | 41,2 | 59,8 | 85,4 | 29,8 | 16,0 | 15,0 | 15,9 | 41,4 | 43,1 | 18,1 | 65,6 |
| 4 б. | 6,3 | 15,8 | 34,1 | 11,4 | 7,3 | 37,4 | 34,0 | 29,6 | 29,1 | 35,6 | 29,6 | 21,9 | 23,6 |
| 3 б. | 1,7 | 2,6 | 15,5 | 4,1 | 3,2 | 19,4 | 26,2 | 30,0 | 27,6 | 14,5 | 14,3 | 26,6 | 6,6 |
| 2 б. | 0,7 | 1,0 | 4,0 | 1,8 | 1,1 | 7,0 | 8,0 | 11,0 | 10,4 | 3,9 | 4,5 | 13,7 | 1,7 |
| 1 б. | 0,9 | 0,7 | 1,8 | 0,9 | 1,2 | 3,1 | 4,7 | 6,5 | 9,2 | 2,4 | 2,4 | 9,3 | 1,2 |

Берилген суроонун алкагында сурамжылангандар тигил же бул объектке карата ишенимин беш баллдык шкала аркылуу билдирешкен. Алынган ишеним деңгээлин (3-диаграмманы караңыз) кыргызстандыктар үчүн маанилүү баалуулуктар тизмесине байланыштуу талдоодо кызыктуу тенденция байкалды. Тагыраак айтканда, өзүнө болгон ишенимин жогорку деңгээлде баалаган (4–5 балл) респонденттердин баалуулуктар шкаласында “мамлекет” өз алдынча баалуулук катары акыркы орундарды (10–12 позициялар) ээлеген. Ал эми өздүк ишенимин төмөн (1–3 балл) баалаган жарандардын баалуулуктар шатысында “мамлекет” бир кыйла жогорку тепкичтерден орун алган (7–8 орундар).

Ошентип, социалдык идентүүлүктүн маани-маңызын жана анын социалдык-психологиялык компоненттерин теориялык, ошондой эле эмпирикалык нукта талдообуздун натыйжасында төмөнкүдөй тыянактарды чыгарсак болот:

• жыйынтыктап айтканда, социалдык иденттүүлүктүн түпкү маңызы – инсанга социалдык мамилелердин алып жүрүүүчүсү иретинде коом мейкиндигинин “алтын казык” жылдызы сымал ээлеген ордун аныктоого мүмкүнчүлүк берип, кыймыл-аракеттеринин жол-жобосун, бүтүндөй жашоо стратегиясынын багытын шарттаганында камтылган. Андыктан, социалдык иденттүүлүктү изилдөө “инсан-коом” моделиндеги өзгөрүүлөрдү, өзгөчө өткөөл шарттарда орун алган социалдык мамилелерди, коомогу ар кыл топтордун кимдигин терең талдоого кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат;

• инсан бир эле мезгилде бир нече социалдык идентүүлүккө ээлик кылат. Анын аң-сезиминде бул иденттүүлүктөрдүн түрлөрү иерархиялык мүнөзгө ээ болуп, тигил же бул тарыхый шартарга жараша даражалары өзгөрүп турат. Социологиялык өңүттөн алганда, коомдо учурда кайсы иденттүүлүктүн түрү үстөмдүк кылат жана анын табияты кандай деген маселени изилдөөнүн мааниси зор. Себеби идентүүлүк инсандын жүрүм-турумун, коомдогу топтук биримдикти аныктай турган орчундуу факторлордун бири болуп эсептелет;

• социалдык иденттүүлүктүн, тактап айтканда алардын түзүмдүк бөлүктөрүнүн (баалуулуктар тутуму, турмуштук максаттар, ишеним ж.б.) калыптанышында инсандардын (жана алардын топторунун) социалдык-психологиялык маанайы күчтүү эмоциялык фактордун кызматын аткарат. Андыктан калктын психологиялык ахыбалын, ошондой эле жашоого канааттануу деңгээлин талдоону иденттүүлүк маселесинин маңызын ачып көрсөтүүдөгү милдеттүү баскычтардын бири катары баалоо абзел;

• изилдөөдөн алынган малыматтарга ылайык, турмушта кыргызстандыктарды коомдук институттарга байланышкан социалдык-экономикалык компоненттерге (мисалы, коопсуздук, транспорт, иштеген иши, билими ж.б.) караганда объективдүү факторлор (мисалы, климат, суу) көбүрөөк канааттандырат. Бул жагдай жарандардын күтүмдөрүнө экочөйрө эмес, кадимки күнүмдүк жашоо шарттары жооп бербей жатканын айгинелейт. Ошентсе да, жалпысынан сурамжылоодон алынган калктын социалдык-психологиялык абалынын сүрөтү оң түскө ээ;

• учурдагы шарттарда кыргызстандыктардын жашоосунда эң маанилүү орунду анын жакынкы “тегереги” ээлейт. Булардын катарына, биринчи кезекте, үй-бүлөсү, ата-энеси, балдары, туугандары кирет. Ал эми руханий дүйнөсүн Кудайга болгон ишеним бийлейт. Дал ушуларга карата респонденттердин ишеним деңгээли эң жогорку деңгээлде белгиленди. Азыркы тапта бул институттарды жарандардын өздүк иденттешүүсүнүн негизги механизмдери деп атасак болот. Ал эми мамлекет азыркы мезгилде жарандардын иденттешүү затына айлануудан алыс. Мамлекеттик институтарга болгон ишеним дефицити изилдөөнүн алкагында сурамжыланган бардык куракттык топтордо байкалган.

• Кыргызстан жарандарынын баалуулуктар тутумунун өзөгүн негизинен түпкүлүктүү баалуулуктар түзөт. Алар “үй-бүлө”, “ден-соолук” жана “Ата Мекен”. Рационалдашып бара жаткан турмуш талаптарына карабастан материалдык багыттагы баалуулуктар кыргызстандыктардын баалуулуктар шкаласынын чет жакасынан орун алды. Ошол эле учурда өзүнө көңүлдү кадаган бир жагдай бар. Кыргызстандыктар үчүн “Ата Мекен” жана “мамлекеттин” ортосунда кандайдыр бир рухий (же болбосо концептуалдык, түшүнүк деңгээлинде да) байланыш жоктой сезилет, анткени алар жарандардын баалуулуктар шкаласынын карама-каршы уюлдарында жайгашкан. “Мамлекет” баалуулук иретинде акыркы орундардын бирине сүрүлүп калса, “Ата Мекен” биринчи орундарда турат. Андыктан табияты бир бул эки категорияны (баалуулукту) бир бүтүндүккө бириктирүү, демек жарандардын баалуулуктар тутумундагы конфликтти жоюу жана келечектеги жалпы жарандык иденттүүлүктү жаратуудагы зарыл шарт катары кабылдоо керек деп ойлойбуз.

• Заманбап кыргызстандыктардын аң-сезиминде “кыска мөөнөттүү менталдуулук” (З.Бауман) үстөмдүк кылаарын изилдөөнүн жыйынтыктары белгилүү деңгээлде айгинелеп койду. Себеби сурамжылоо көрсөткөндөй, жарандардын конкреттүү турмуштук максаттары жок. Калктын басымдуу бөлүгү рационалдуу максаттардын (мисалы, бир нерсеге жетишүү) ордуна бүдөмүк каалоолорду (мисалы, тигил же бул жагымдуу шарттар болсо деп) айтышкан. Демек, жарандардын пландашуу горизонту өтө тар, анткени эртеңки келчекке ишеним жок. Өлкөдөгү саясий туруксуздук, социалдык-экономикалык абалдын начардыгы, социумдагы чыңалуу түйүндөрү, албетте, ушундай жагдайдын жаралышына тикелей өбөлгө түзүп жатат десек жаңылышпайбыз.

***Адабияттар***


1. Бауман З. Индивидуализированное общество. - М., 2002. - 390 с.
2. Бек У. Общество риска. На пути к другому модерну. / Пер. с нем. В. Седельнику и Н. Фёдоровой; Посл. А.Филиппова. - М.: Прогресс-Традиция, 2000. -384 с.
3. Гидденс Э. Ускользающий мир: как глобализация меняет нашу жизнь. - М.: Весь мир, 2004.
4. Гудков Л.Д. Негативная идентичность. - М., 2004. - 140 с.
5. Де Фреде Э. К ультура, цивилизация и идентичность // Полис. 2012. №5. –С.17-23.
6. Российская идентичность в условиях трансформации: опыт социологического ислдеования / Отв. ред. М.К.Горшков, Н.Е.Тихонова. –М.:Наука, 2005. -396 с.
7. Хантингтон С. Кто мы?: вызовы амерканской на циональной идентичности / Пер. с англ. А. Башкирова. - М., 2004. - 635 с.
8. Штомпка П. Культурная травма в посткоммунистическом обществе // Социологические исследования. - 2001. - № 2.
9. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис. – М.:Флинта, Прогресс, 2006. – 352 с.



*Айменов А.Ж.,*
*МКТУ им. Х.А.Ясави, РК*


# ТЕОРЕТИКО-МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ИЗУЧЕНИЯ СОЦИАЛЬНЫХ МЕХАНИЗМОВ ИНСТИТУЦИОНАЛИЗАЦИИ ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ

Правовое регулирование в современном казахстанском обществе - важное условие создания стабильного правового порядка, а также органов, институтов и учреждений, способных обеспечить защиту и охрану от нарушений тех прав, свобод и законных интересов граждан, которые закреплены действующими нормами права. Общие социальные цели правового регулирования преследуют достижение социально полезных результатов и, в первую очередь, создание необходимых условий для прогрессивного развития и процветания общества.

Изучение механизма правового регулирования занимает ученых длительное время. Значительный интерес для разработки этой проблемы имели труды С.С. Алексеева, в частности его монографии «Механизм правового регулирования в социалистическом государстве» и «Теория права», где отмечалось, что категория «механизм правового регулирования» определена в теории государства и права для показа момента движения, функционирования правовой формы. Но со временем категория «механизм правового регулирования» стала употребляться и в другом назначении, как «механизм правотворчества», «юридический механизм управления» и т.д. В настоящее время понятие «механизм правового регулирования» применяется как способ функционирования и система средств воздействия, как юридическая надстройка в системном «работающем» виде [1].

Понятие «механизм правового регулирования» производно от понятия правового регулирования. С.С. Алексеев определяет правовое регулирование как осуществляемое при помощи системы правовых средств (юридических норм, правоотношений, индивидуальных предписаний и др.) результативное, нормативно-организационное воздействие на общественные отношения с целью их упорядочения, охраны, развития в соответствии с общественными потребностями [2].

Как видно, С.С. Алексеев определяет правовое регулирование через правовое воздействие. Однако не всякое правовое воздействие составляет механизм правового регулирования. Понятие механизма правового регулирования уже понятия механизма правового воздействия. М.Н. Марченко отмечает, что понятие «воздействие» по объему более широкое, чем «регулирование», так как воздействие включает как регулирование с помощью определенной правовой нормы, так и другие правовые средства и формы влияния на поведение людей. С.А. Комаров включает в механизм правового воздействия наряду с механизмом правового регулирования правовое сознание, правовую культуру, правовые принципы, правотворческий процесс [3].

Отличие правового воздействия от правового регулирования состоит в том, что правовое воздействие является частью социального воздействия. Как культурная и информационная ценность, право определяет направление человеческой деятельности, вводит ее в общие рамки цивилизованных общественных отношений. Именно в этом смысле правовое воздействие шире, чем правовое регулирование общественных отношений. Особенность правового регулирования заключается в осуществлении государством посредством издания общеобязательных норм поведения. Здесь проявляется искусство правотворческих органов, их умение учитывать реальные возможности и предвидеть наступающие последствия. «Однако уровень механизма правового регулирования зависит не только от состояния законодательства, - считает А.И, Бобылев. – Важно и реализовать на практике принятые законы. Поэтому остро встает вопрос о механизме реализации норм права» [4].

Цель механизма правового регулирования по А.В. Малько – обеспечение беспрепятственного движения интересов субъектов к ценностям, т.е. гарантированность их справедливого удовлетворения. Исходя из этого, он определяет механизм правового регулирования как систему правовых средств, организованных наиболее последовательным образом в целях преодоления препятствий, стоящих на пути удовлетворения интересов субъектов права [5].

Анализируя сказанное, следует отметить, что для механизма правового регулирования понимается совокупность правовых средств, взятая в единстве, с помощью которых государство осуществляет правовое воздействие на общественные отношения в желаемом для него направлении. С.С. Алексеев, в механизме правового регулирования выделяет структуру правового регулирования, которая характеризуется, прежде всего, методами и способами регулирования. Каждой отрасли права присущ свой метод или сочетание методов правового регулирования. В теории правового регулирования принято выделять два метода правового воздействия: 1). Метод децентрализованного регулирования, построенный на координации целей и интересов в общественном отношении и применяемый в сфере отраслей частноправового характера; 2). Метод централизованного, императивного регулирования, базирующийся на отношениях субординации между участниками общественных отношений и используемый в публично-правовых отраслях.

Способы правового регулирования – выступают основными стратегиями юридического воздействия, выраженные в юридических нормах и других элементах правовой системы. С.С Алексеев выделяет следующие способы правового регулирования: дозволение – предоставление лицам права на свои собственные активные действия; запрещение – возложение на лиц обязанности воздерживаться от совершения действий определенного рода; позитивное обязывание – возложение на лиц обязанности активного поведения (что-то сделать, передать, уплатить и т.д.) [6].

В.В. Лазарев называет те же способы правового регулирования, но в иной последовательности: позитивное обязывание; дозволение; запрещение. По его мнению, метод – это совокупность юридических способов правового регулирования, а способы – это своего рода «строительный материал», «юридическое вещество» составляющее метод.

Таким образом, процесс правового регулирования в каждом конкретном случае различен – в зависимости от выполнения правовых обязанностей - добровольно или под принуждением. Для понимания правового регулирования существенное значение имеет его предмет или сфера правового регулирования. Предметом правового регулирования являются разнообразные общественные отношения, которые объективно, по своей природе, могут поддаваться нормативно-организационному воздействию. В сферу правового регулирования входят различные группы общественных отношений: 1) отношения людей по обмену ценностями; 2) отношения по властному управлению обществом; 3) отношения по обеспечению правопорядка, возникающие из нарушения правил, регламентирующих поведение людей в двух вышеуказанных сферах.

Сфера правового регулирования не является неизменной и постоянной, она может расширяться за счет появления новых отношений (отношения в сфере экологии) или статься за счет отказа от использования права в тех или иных областях общественных отношений. От содержания и характера предмета во многом зависят особенности содержания правового регулирования, а отсюда и особенности структуры права. Ими могут быть имущественные, земельные, управленческие, организационные и др. отношения. В.В. Лазарев уточняет вопрос о сфере и пределах правового регулирования. Он отмечает, что их правильное определение необходимо для того, чтобы исключить использование юридических инструментов в сферах взаимодействия людей, требующих иных средств социальной регуляции. Из сказанного можно сделать вывод, что понятие механизма правового регулирования позволяет: не только объединение явлений правовой действительности – норм, правоотношений, юридических актов и др., участвующих в правовом воздействии, - и обжаловать их как целостность, но и представить их в работающем, системно – воздействующем виде, что характеризует результативность правового регулирования; определить специфические функции, которые выполняют те или иные юридические явления в правовой системе, показать их связь между собой и взаимодействие. Только при таком подходе можно установить, насколько эффективно действуют компоненты, каковы их функции и насколько результативной является работа механизма в целом как единого целостного образования.

Изучение же строения механизма на уровне составляющих его частей является неполным. Поэтому, чтобы получить верные представления о механизме правового регулирования, его способности выступать в этом качестве следует рассматривать максимально полно все его компоненты, а также взять их во взаимосвязи и взаимодействии. При таких методологических требованиях механизм правового регулирования можно рассматривать как сложную систему, состоящую из правовых средств, субъектов, осуществляющих правовое регулирование или правовую деятельность, и юридически значимых результатов их деятельности. При этом единый механизм правового регулирования сообразно стадиям правового регулирования подразделяется на три компонента: 1). Механизм правотворчества; 2). Механизм реализации норм права, 3). Механизм государственного принуждения [7].

В целом, значение единства и взаимодействия в механизме правового регулирования весьма существенно для укрепления правовой основы государственной и общественной жизни.

***Литература***

1. Алексеев С.С. Теория права. – М.: Издательство БЕК, 2000. С. 145.

2. Бобылёев А.И. Механизм правового воздействия на общественные отношения // Государство и право. – 1999. - № 5. 106. с

3. Общая теория государства и права / Под ред. В.В. Лазарева. – М.: Юристъ, 2002. 136 с.

4. Общая теория государства и права. Академический курс / Под ред. М.Н. Марченко. Т. 2. – М.: Юристъ, 2000. 435 с.

5. Сырых В.М. Теория государства и права. Учебник для вузов. – М.: Былина, 2000. 146 с.

6. Теория государства и права. Курс лекций / Под ред. Н.И. Матузова и А.В. Малько. – М.: Юристъ, 2003. 625

7. Теория государства и права: Учебник для вузов / Под ред. М.М. Рассолова, В.О. Лучина, Б.С. Эбзеева. – М.: ЮНИТИ –ДАНА, Закон и право, 2000. 337 с.

***Б.А. Малтабаров,***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# ЗАМАНБАП КЫРГЫЗСТАНДА ДИНИЙ ИДЕНТҮҮЛҮК

Кыргызстандагы диний идентүүлүк маселеси азыркы учурда пайда болуп жаткан ар түрдүү саясий, экономикалык, социалдык жана руханий чөйрөлөрдөгү иш-чаралар менен байланыштуу. 2005–2010-жылдары болуп өткөн элдик ыңкылаптар социалдык–саясий идентүүлүктөрдүн жоголушу, этно-маданияттын диний идентүүлүктөрүнүн өсүшүнө алып келген. Социологиялык энциклопедиялык сөздүктө баяндалгандай, идентүүлүк өзгөрүп турган мааниге ээ деп белгиленген. Анда идентүүлүктү ар дайым токтобостон өзүнүн “Мен” деген көрүнүшүн издеп жана аны өнүктүрүүгө ар дайым даяр процесс деп түшүндүмө берилет. Социалдык топто идентүүлүктү ар дайым динамикалык өнүгүүгө дуушар болгон, социалдык коомдо группалык мамилелерди идентификациялаган мамилелер менен тыгыз байланышы белгилүү деп сөздүктө аныктама берилет [3,344].

Идентүүлүктүн тутумунда, социалдык–саясий, этникалык идентүүлүк, диний идентүүлүктөн көпкө жайгалышылынган эле эмес, пайда болгон механизми менен дагы айырмаланат. Биринчи мүмкүнчүлүктө аймактык факторлор, экинчиден өзгөрүүгө дуушар болбогон раса жана жыныс, үчүнчүдөн этноконфессиалдуу коомдордун киришине дуушар болгон. Диний идентүүлүк өзүнүн тутумуна бардык тилдерди, улуттарды, чоң мамлекеттерде (саясий, экономикалык, социалдык) тутуму менен кошо камтыйт [4,13].

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын алдында динге байланыштуу көптөгөн чечилбеген маселелер турат. Көбүнчө актуалдуу болуп турган суроо “совет” учурундагы маданияттын азыркы Кыргызстанга тийгизген таасири, башкача айтканда, маданияттын өнүгүшүнө Кыргызстанда диндин тийгизген таасири өтө чоң. Анткени дин эненин сүтү сыяктуу эле, кийинки коомго кааласак да, каалабасак да өтөрү белгилүү. Диндик идентүүлүк кандай болгон күндө да муундан муунга өтө турган көрүнүш, ошондуктан диндик идентүүлүктүн башка идентүүлүктөргө тийгизген таасири Кыргызстандагы жашаган калктан да көз каранды болуп эсептелинет. Кыргызстан көз карандылыкты алганча мамлекеттеги диний мекемелер өздөрүнүн иштерин ачык айкын жүргүзө алышкан эмес. Анткени динди ошол убакта илимге карама-каршы көз караштa деген түшүнүк болгон. Бирок диний тутум башка тутумдарга караганда илимди толуктап турган так тутум болуп эсептелинет. Дин маданиятуу күч менен полиэтникалык мамлекетке консолидациялык жардам берет. Андан тышкары дин ар бир адамга тиешелүү болгон маселелерге дагы кайрыла алат. Дин коомдогу адамдардын укуктарын, кызыкчылыктарын социалдык өнүгүүдө жардам бере алат. Идентүүлүк процесси өзүнүн «Мен» деген тутумунда токтобостон өзгөрүп турат. Ал эми социалдык топтук идентүүлүктүн алдында пайда болгон социалдык капитал болсо жаралгандан баштап эле динамикалык түрдөтоптук мамилелерди идентификациялайт. Диний идентүүлүк өзүнүн курамына мамлекеттеги тилди, расаны, ар кандай саясий өзгөрүүлөрдүн дагы өнүгүшүнө таасирин тийгизе алат [4,12].

Азыркы өнүгүү учурунда социологдордун алдында дин менен социалдык коомдун ортосундагы мамилелерди чечүү маселелери турат. Анткени азыркы көз карандысыз Кыргызстанда базар экономикасынын өнүгүшү менен социо-маданиятка диндин таасири жогорулай баштаган, ал эми мурунку совет доорун учурунда дин таасир бере албай калган. Баса белгилеп кетүүбүз керек, идентүүлүк тутумунда социалдык, саясат, эл аралык тутумдардан гендердик жана рассалык, жарандык, этникалык, диндик идентүүлүктөр бири-биринен өсүү механизими менен айырмаланышат. Биринчиден, рационалдык факторлор, экинчиден өзгөрбөй турган жыныс, раса, үчүнчүдөн тарыхый инерциялык күч чоң роль ойнойт. Ар бир коомдун өкүлдөрү өздөрүн курчап турган социалдык, этникалык, эл аралык жана башка стереотиптерге жайылышууда. Коомдогу идентификациялык процесстерге көптөгөн коомду окуп үйрөнүүчүлөр социалдык-экономикалык, саясий бөлүктөрүн ар кандай катмардагы элдерге тиешелүү деп эсептешет. Бирок кандай болгон күндө да баардык процесстер болуп жаткан саясий, экономикалык, аскердик жана эл аралык иштерге көз каранды болуп эсептелинет. Өзгөрүүлөр ар кандай коомдогу топторго, жеке адамдарга дагы көз каранды [4,12].

Бирок көптөгөн тарыхый убактарга чейин өзгөрбөй турган бир нече баалулуктар бар, бул баалуктар көп убакыт өтсө дагы, коомдо өз ордун жоготпой өзүнүн идентүүлүгүн жоготпой келет. Буга мисал катары кандайдыр бир этноско тиешелүү болгон коомдук тутумдар кирет. Кыргыз адам өмүр бою кыргыз бойдон калат, капитализм же социализм же болбосо экономикалык жана башка убакыттарда дагы кыргыз адам түбөлүк боюнча кыргыз бойдон калат. Бирок ар бир улут, этнос, тарыхый жана социо-маданияттык багыттар да бир гана өзгөрүп кетиши мүмкүн. Элдер көтөрүлүшкө чыгып, социалдык-саясий идентификация жоголуп, көптөгөн учурларда мамлекетте мобилизация жоголуп, совет бийлиги кулап турган мезгилде этно-маданияттык, диний идентүүлүктор чоңөсүүгө жетишкен. СССР, Югославия, Осмон империясы, Индия жана башка мамлекеттерде адамдар кандай маселе болбосун диний бөлүмдөргөөз кызыкчылыктары менен бөлүнүп кетишкен, ал адам кудайга ишенсе дагы, ишенбесе дагы бул топко кирген [3,13].

Аламдашуу шартында батыштын либералдык-жеке моделдер социалдык-экономикалык жүрүмтурум Кыргызстанда жашаган коптогон адамдар үчүн жашоодогу баалулуктардын талкаланышына алып келген. Бул моделдер ар биринин гана өз жеке кызыкчылыктарын көздөп ушул убакытка чейин келе жаткан ата бабалар мурасын жана баалуулуктарынын сиңип кеткенге аракет кылып келүүдө, ошол жүрүшкө дин каршылыгын көрсөтүп жаны жолдорду сунуштап турат. Ошон үчүн кыргыздардын диний идентүүлүгү социологторго чоң кызыгуу жаратууда.

1991-жылдын башында Кыргызстанда алгач «Ыйман» деген аталыштагы газета чыккан, баардык исламга тиешелүү окуулар, элдерди ислам динине суугара турган аяттар жарыкка чыгып турган. Андан тышкары газетада кыргызча «Исламдын ибадаттары» деген бөлүм болгон, бул бөлүмдө жазылгандардын бардыгын ар бир мусулман аткарууга тийиш болгон., о.э. кыргыз тилинде Мухаммад Алейхи саламдын «Жүз бир хадис» окуусу сандан-санга чыгып турган. 1991-жылы жазында бардык мусулман диниин өкүлдөрүнүн курултайы болгон. Бул курултайдын эң негизги максаты болуп мусулман маданиятын өнүктүрүү, диний китептерди чыгаруу, мечит медреселерди куруу, исламга адамдардын кызыгуусун артыруу болуп эсептелинет [6,1].

1993-жылы Кыргызстанда мусулмандардын казыяты пайда болгон, 5 айдан кийин, 17-сентябрда 1993-жылы Ташкентеги мусулмандарды колдоо кеңешинин жардамы менен Кыргызстанда да кеңеш ачылган, кеңешти муфтий Кимсанбай ажы жетектеген, ал Ливиядагы Ислам институтунда шариат жана анын мыйзамдары боюнча билим алып келген. Бара бара көптөгөн мечиттер курулуп, бүткөндөрү ишке кирип башташкан, ошону менен бирге медресе, институттар да ачыла башташкан. 8-сентябрда 1995-жылы Ош областынан мусулмандардын казыяты иштей баштаган, бир жылдан кийин 26-августа Жалал-Абад облусунун казыяты иштей баштаган. Республиканын түндүк регионунда 16-октябрда 1996-жылы Нарын облусунун казыяты иштеп баштаган. 1995-жылы Борбордук мечит эски мечиттин ордуна тургузулуп иштеп баштаган. Борбордук мечиттин курулушуна финансылык жардамды 1993–1995-жылдары түзүлгөн «Аль Вакф Аль Ислам» фонду жардам көрсөткөн. Ушул эле фонд 1998-жылда Нарын облусундагы курулган мечитке да, азыркы учурда «Чоң-Суу» деген медресеге (Ыссык-Көл обласынын Ысык-Көл районундагы Григоьевка айылы) финансы жактан жардам берүүдө. Ошондой эле «Социалдык рефармалоо коому» жетишпеген, социалдык жардамга муктаж адамдарга жардам берип, Бишкек Ислам институтунун курулушуна да финансылык жардам көрсөтүүдө. Дин маселелери боюнча түзүлгөн мамлекеттик комисссиянын берген маалыматы боюнча Дүйнөлүк мусулмандар лигасы «Рабита» (Сауд Аравия) Ошто курулуп жаткан «Рахматулла Алла» жана «Имам Бухари» мечиттеринин курулушуна финансылык жардам көрсөтүүдө.

Азыркы учурда көбүнчө жаны мечиттер республиканын түштүк аймагында көбүрөөк курулуп жатат, көбүнчө мечиттерди салууда ислам өлкөлөрүнүн өкүлдөрү чоң жардам көрсөтүшүүдө. Азыр республиканын ар бир айылында мечит курулган, ошондуктан жаш кары дебей мечитке барышып сыйынышууда тактап айтканда бардыгы Курандын өзүн жана анда жазылган аяттарды билүүгө аракет жасап жатышат. Ошондой эле диний китептер дагы чоң суроо талапка ээ, ар бир үйдө ислам дининин ыйык китеби Куранды кездештирсек болот.

Кыргызстанда диний майрамдар пайда болуп баштаган, үй-бүлөсү менен чогуу «Орозо айт», «Курман айт» майрамдарын өткөрүп башташкан. Президенттин буйругу менен бул күндөр эс алуу күндөрү болуп эсептелип калган. Азыркы учурда көптөгөн окуучулар медреседен билим алууга барышууда, бул көрүнүштү дин өкүлдөрү элестете алышкан эмес. Күндөн күнгө жаштар арасында дагы ислам институтуна тапшыргандардын саны көбөйүүдө. 1996-жылы Хазрети Умар ислам институтуна окуу үчүн бир орунга 3,5 адам туура келген. Бул институт болгону 2 жыл медресе болуп иштеп анан 1993-жылы институт болуп калган. Бул жакта 5 жылдык окуу мөөнөтү жана ошондой эле институтка чейин даярдоо бөлүмү дагы бар. 1993-жылдын февраль айында Ошто Жогорку Ислам окуу жайы ачылган, Ош мамлекеттик окуу жайында

Турциянын Кыргызстандагы элчилигинин жардамы менен Борбордук Азияда биринчи жолу теология факультети киргизилген, 1–2 курстун студенттери Анкара университетинде бекер билим алышат, билим учун «Дианет» фонду өзүнө алган, ал эми калган курстарын ОшМУнун теология факультетинде Г.24.322 бөлүмүндө уланта алышат. (Билим Берүү Министрлиги берген лицензиянын номери №5/2 7-июль, 1994-жыл). 1993-жылдын 27-июлда Ош областынын Кадамжай районунда Хахрети Али атындагы медресе, Талас областында 3-майда 1995-жылында Кок Токой районунда орто билим алуу үчүн медресе ачылган. 1996-жылы 22-январда Алексеевка айылында Хазрети Осмон атындагы медресе, 1996-жылдын 4-мартында «Төөлөс» атындагы ислам медресеси, ушул эле жылдын 24-майында Кара-Колдо «Жети Суу» атындагы ислам институту, 23-июлда Кызыл-Кыяда «Сырт билим» медресеси, 2 жылдан кийин Токмок шаарында 1998-жылдын 20-августунда «Лукман-аль Хаким» атындагы Токмок ислам институту ачылган, башчысы Лунгмар-ажи болгон .

1990-жылда республикада мечиттердин саны аябай өсө баштаган, Мамлекетик коммисиянын билдирүүсү боюнча мечиттерге «Ашар» биримдиги финансылык жардам көрсөткөндүгүн айтышкан. Ошондой эле Голландиядагы «Аль Вакф Аль Ислам» борбору дагы финансы жактан жардам көрсөтүшкөн. Андан тышкары Кувейтте жайгашкан «Социалдык реформа бирикмеси» дагы кандайдыр бир финансылык жардамын көрсөтүүдө. Кыргызстандын аймагында 7 ислам институту иштейт. 1993-жылдан бери Ош мамлекеттик институтунда теология факультети иштейт, факультетте 170 студент билим алат, бул факультетти «Дианет Вакфы» фонду финансы жактан каржылайт. Ал эми дин таануучуларын болсо Кыргыз Улуттук Университетинде, Кыргыз Орус Славян Университетинде, жана ошондой эле «Дин тануу» факультетине 2009–2010-окуу жылдарында Бишкек гуманитардык университети дагы студенттерди кабыл алган [1,1].

Ал эми Кыргыз-Түрк «Манас» Университетинде Теология бөлүмү 2012-жылы ачылган. Азыр бул адистик боюнча алды 4-курска жетип калышты, быйыл 2015-жылы Алгачкы бүтүрүүчүлөрдү чыгарышты.

1993-жылы Кыргызстандагы мусулмандардын башкаруучусу Муфтиятты шайлашкан. 1996-жылы бул кеңештин курамына 25 адам кирип, алардын курамында 9 казыят бар, алардын ичинен 7 облустук казыят, 2 казыят Бишкекте жана Ошто жайгашкан. 1991-жылы республикада мечиттердин саны 39га болсо, 2010-жылы мечиттердин саны 1649га жеткен. Азыркы учурда бул тутумдун өзүнүн курамына 2000 жакын исламдык бирикмени, 9 жогорку диний окуу жайын, 50 медресе, 47 фондту, ислам бирикмелерин, андан сырткары 3 чет мамлекеттик конфецияны камтыйт [7].

Православие Кыргызстанда исламдан кийинки эле дин болуп эсептелинет. Православиянын ыйык китеби болуп Библия эсептелинет. Православия миндеген жылдардан бери орус маданияттына, славян элдеринин менталитетинин, үй-бүлөлүк жана мамлекеттик принциптеринин өнүгүшүн камсыздап келген. Республиканын аймагында православия динин туткандардын саны 100мин адамга жеткен башкача айтканда калктын 8%ы көбүнчө украин элдери, орустар жана беларус элдери болгон. Христиан элдери Орус Епархиясына баш ийишкен. Епархиянын курамында 39 чиркөө, 1 аялдардын сыйынуучу жайы кирген. Христиан дининин православие багытынын өкүлдөрүнүн сыйынуучу жайлары Кыргызстандын бир гана Нарын облусунда жок, ал эми башка аймактарында кенири таркаган. Христиан дининин правовлавие багыты 130 жылдан бери республиканын аймагында бар жана азыркы убакта Бишкек шаарында 1, Джал-Абадта 4, Ыссык-Көлдө 11, Ош областында 4, Талас областында 3, Чүй областында 20 диний мекемелер бар. Кара-Балта шаарында жана Чүй областында аялдардын монастыры бар. Диндин ички жана тышкы көрүнүштөрү теологиялык түшүндүрүү боюнча кудайдын продуктусу болуп эсептелинет. Социологиялык талдоонун негизинде коом менен диндин ортосундагы түшүнүктү 2 бөлүктө болуу менен түшүндүрсөк болот: дихомотикалык жана имманенто-трансценденттик. Диний ойчулдар социологиялык проблемаларды, теологиянын социологгторго тийгизген таасирин азыркы убакта талдап жатышат. Социологиялык окуулар өздөрүнүн фундаменталдуу принциптерин иштеп чыгышууда, Динди изилдөө менен социолог адамга тиешелүү болгон, илимий социологиялык позицияларды изилдеп, диний түшүнүктү теология илиминин жардамы менен талдап чыгуу керек. Тактап айтканда социологиялык талдоонун негизинде, Кыргызстандагы диний абал төмөндөгүчө: кыргызстандыктардын христиан дининин православие багытындагылар 8%, алардын көбүнчөсү орустар, беларустар жана украин элдери түзөт. Булар 2015-жылы Орто Азиядагы өздөрүнүн сыйынуучу жайынын 165 жылдыгын белгилешкен. Бул христиан дининин өкүлдөрү активдүүлүгү жагынан ислам дининин жактточуларынан дагы алдыда турушат. Өздүрүнөн динин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзам актыларына жана эл аралык актыларга дагы киргизип коюшкан.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда христиандын протестантизм багытынын 11 түрү бар, алар негизки ислам дини жана православие багытына караганда, республиканын аймагында тез өнүгүүдө. Алардын бири баптистер XVII кылымдан бери пайда болгон. Кыргызстанда баптистердин союзу дагы бар, баптистердин саны республика боюнча 2000 ден ашык, азыркы убакта 35 филиалы, Бишкекте 4, Чүйдө 17, Ыссык-Көлдө 5, Талас облусунда жана Жалал-Абад облусунда, Баткенде 3, Нарын менен Ош облусунда 1ден филиалдары бар. Христиан дининин өкүлдөрүнүн бирикмеси Кыргызстанда 19 диний объекттерди камтыйт. Жалал-Абад облусунда 3, Ыссык-Көл облусунда 2, Ош облусунда 2, Талас,Чүй, областарында 1ден сыйынуучу жайлары бар. Жана ошондой эле төмөндөгүдөй окуу жайлары бар: 1) Христиан жардам беру фонду «Ырайым»;2) Жардам берүү миссиясы «Благая весть»; 3) Миссиялык коом «Звезда Надежды»; 4) Христиан мектеби «Ак-Бата»; 5) Евангельдик Библиялык колледж «Шелковый путь» [7].

Баптистер өздөрүнүн динин ар бир үйлөргө, квартираларга барышып өздөрүнүн китептерин, журналдарын таркатышат жана ошондой эле аялдамалардан, эл чогулган жерлерге барышып активдүүөздөрүнүн динин таркатып жатышат. Азыркы учурда официалдуу түрдөкаттоодон 36 уюм өткөн. Кыргызстанда 40 чогулуш өтүү залы, 6 зал ижарага алынып иштөөдө. Чогулуш залдары Бишкекте 16, Ыссык-Көлдө 4, Чүйдө 17, Нарында, Таласта 1ден жайгашкан. 2003-жылы чогулуш залына 9000 адам барса, 550 адам баптистерге кирген. Баптистердин бирикмеси республикада 17 сыйынуучу жайлары бар, Бишкекте 1, Чүйдө 12, Жалал-Абадта, Ыссык-Көлдө, Ошто жана Таласта 1ден жайгашкан. Сыйынуучу жай «Конкордияда»20га жакын адамдар эмгектенет. Кыргызстандын аймагында каттоодон төмөндөгүдөй протестантизмге тиешелүү диний бирикмелер өткөн:1) Христиан Чиркөөсү «Слово жизни»; 2) ЕХЦ «Сокулук»;3) Христиан пресвитериан Церкови «Сын дон»; 4) ЕХПЦ «Соман»; 5) Эл аралык диний миссия ЕХЦ «центральная»; 6) Христиан Бишкек чиркөөсү «Бог-Ым-Благая Весть»;7) Евангельский Христианский Борбору «Благодать», булардан башка дагы 3 объектиси, 1 борбору, 1 Церкову, 1 жардам беру фонду; 8) «Возрождение» чиркөөсү; 9) Евенгалия Христиан чиркөөсү «Сун-Богым»; 10) «Силоам» фонду; 11) «Ире» иркөөсү; 12) Церковь «Еммануил»; 13) Түштүк чиркөөсү. Кыргызстандын аймагында төмөндөгүдөй протестантизмге тиешелүү диний харизматикалык уюмдар иштейт. «Исус Христостун чиркөөсү», республикада 18 филиалы. Каттоодонөткөн протестантизмге тиешелүү диний фондтору, борборлору жана бирикмелери төмөнкүлөр: 1) Христиан борбору «Агапе»; 2) Жардам берүү фонду «АДРА»;3) АСТ (Голландиялык жардам берүү фонду) [7].

Католицизм-христиандардын түндүктөгү бир бөлүгү болуп эсептелинет. Католиктер Кыргызстанда каттоодон 1969-жылы өткөн. Католиктер республикада 7 сыйынуучу жайлары бар жана 600–700 адам кирет. Католиктер азыркы учрда өздөрүнүн диний иш аракеттерин көбүнчө Бишкек шаарында жүргүзүшөт. 1990-жылдан баштап Кыргызстанда Кришна дининин өкүлдөрү пайда боло баштаган. Көбүнчө бул диндин жактоочулары ар түрдүү элдердин жаш адамдары кирген. 2000-жылдын башында Кришнанын 2 борбору, 300 адамы менен иш чараларды жүргүзүшчү. Бахаистер бирикмесинин Кыргызстанда 13 чогулуш борбору бар. Алардын 2-сү Бишкекте, Чүйдө 3, Жалал-Абад, Ыссык-Көл, Ошто 2ден, Нарын менен Таласта 1ден жайгашкан. Кыргызстандын аймагында легалдуу эмес дагы диний топтор абдан коп. Алар 1) «Сан Мьян Муна» чиркөөсү, мыйзамнегизинде иш алып барбайт, каттоодон өткөн бирикмелердин атын жамынып иш алып барат 2) «Белое Братсво» бирикмеси республикада мыйзамсыз эле өз ишин жүргүзүп келет 3) «Хизб-ут Тахрир аль Ислам» партиясы бир гана Кыргызстанда эмес көптөгөн Азия өлкөлөрүндө мыйзамсыз иш алып барат [7]. Бул статистикалык талдоону тастыкташ үчүн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин социология бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстандагы Социологиялык Ассоциясынын президентинин, социологиянын профессору К. Исаевдин жеке демилгеси менен жана университеттин колдоосу аркылуу 2014-жылы Кыргызстандагы диний идентүүлүктү аныктоо үчүн "Кыргыз Республикасында жалпы жарандык идентүүлүк маселеси: социологиялык талдоо" деген темада социологиялык изилдөө өткөргөн. Бул изилдөөдө жалпы республикалык тандама боюнча 2000 респондент сурамжылоого катышкан. Социологдор дин деген түшүнүккө адамдардын жүрүм турумун жана реалдуу аң сезимин камтышат. Кыргызстандын социологдору жооптордун негизинде респондентердин категориясын белгилешкен, алар биринчисине, жогорку топ б.а. бул топко диндик эрежелерди толук аткарган адамдар, экинчисине, орто бул топко орточо деңгээлде эрежелерди аткарган адамдар, үчүнчүсүндө, диний активдүүлүгү төмөн жана түртүнчүсүнө эң төмөн, эч кандай диний эрежелерди аткарбаган адамдарды киргизишкен. Сурамжылоодо катышкан респонденттерге **"Сиз өзүңүздү Кудайга ишенген адам деп эсептейсизби?"** деген суроо берилген: Бул суроого 96,6% респондент "ооба" Кудайга ишенген адам деп эсептейбиз деп жооп беришкен. Бул суроого жок, Кудайга ишенген адам деп эсептебейбиз деп 1,8% респонденттер жооп узатышкан. Атеистмин деп 0,8% жана 0,8% респондентертер бул суроого жооп бере албайм дешкен (1-диаграмманы караңыз).

**1-диаграмма.**



Респондентердин диний багытын билиш үчүн төмөнкү суроону бердик: “Сиз өзүңүздү кайсы динге же диний ишенимге таандык деп эсептейсиз?” Бул суроого 90,3% респондентер ислам динине таандык деп жооп беришкен. Православие дини Кыргызстанда экинчи дин катары иш алып барат, биздин социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 6,4% респондентер бул динге таандыкпыз деген жооп алганбыз. Биздин изилдөөдө 0,6% респондентер теңирдик ишенимине жана 0,2% протестанттарга таандыкпыз деп жоопторун узатышкан. Башка диний ишенимине таандыкбыз деп 0,5% жана 0,6% респондентер бул суроого такыр жооп бере алаган жок (2-диаграмманы караңыз).

**2-диаграмма.**




Бул изилдөөдө 46,0% эркек жана 44,2% аял респондентер ислам динине таандык деп жооп беришкен. Бул сурамжылоодо 2,8% эркек жана 3,6% аял респондентер өздөрүн православие динине таандыкбыз деп жооп беришкен. Протестант, тенирлик ишеними жана башка диндерге ар бири 2% таандыкбыз деп жооп узатышкан. Ал эми аял респондентер болсо 0,1% протестант, 0,4% тенирлик ишеними жана 0,3% башка диндерге таандык экенин изилдөө көрсөтүп турат. Эч бир динге таандык эмесмин деп 0,6% эркек жана 0,7% аял респондентер жооп беришкен (1-таблицаны караңыз)

**1-таблица.**

**Сиз өзүңүздү кайсы динге же диний ишенимге таандык деп эсептейсиз?**

| № | Жооптор | Жооп жок | Ислам | Право славие | Протестантизм | Теңирлик ишеними | Эч бир динге таандык эмесмин | Башка | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Эркек | 0,2% | 46,0% | 2,8% | 0,2% | 0,2% | 0,6% | 0,2% | 50,2% |
| 2. | Аял | 0,4% | 44,2% | 3,6% | 0,1% | 0,4% | 0,7% | 0,3% | 49,8% |
| 3. | **Бардыгы** | **0,6%** | **90,3%** | **6,4%** | **0,2%** | **0,6%** | **1,3%** | **0,5%** | **100,0%** |

Динге жынысы жана улуту боюнча таандык экенин аныктагандан кийин, респондентерге төмөнкү суроого бердик: «Эмне себептен Сиз өзүңүздү бул динге таандык деп эсептейсиз?». Бул суроого жооптор төмөнкүдөй болду. Бул эң туура дин деп 42,8%, Ата-энем ушул динди тутунгандыктан деп 22,8% жана бул менин улутумдун тандоосу деп 18,9% респондентер жооп беришкен. Бул менин жеке тандоом деп 13,4% суралгандар бул суроого жооп беришкен. Эч бир динге таандык эмесмин деп 1,3% жана 0,3% респондентер бул суроого жооп бере алган жок (2-таблицаны караңыз)

**2-таблица.**

**Эмне себептен Сиз өзүңүздү бул динге таандык деп эсептейсиз?**

| № | Жооптор | Жооп берген респонденттердин саны | Процент менен |
|---|---|---|---|
| 1. | Жооп жок | 6,0 | 0,3 |
| 2. | Ата-энем ушул динди тутунгандыктан | 456 | 22,8 |
| 3. | Бул менин жеке тандоом | 267 | 13,4 |
| 4. | Бул менин улутумдун дини | 378 | 18,9 |
| 5. | Бул эн туура дин | 857 | 42,8 |
| 6. | Эч бир динге таандык эмесмин | 26 | 1,3 |
| 7. | Башка | 10 | 0,5 |
| **8.** | **Бардыгы** | **2000** | **100** |

Респондентердин динчилдиги жогору болгондуктан, диний эрежелерди канча дэңгээлде аткарарын билиш үчүн төмөнкү суроону бердик: “**Мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүно ж.б. барып турасызбы?”.** Социологиялык изилдөөнүн негизинде диний мекемелерди такай (күнүгө) барам деп 7,8% респондентер жооп беришти. Жумасына 1 жолу 23,1%, айына бир жолу 5,4% жана кэзде гана (жылына 1-2 жолу) ар бир

5-чи (22.4%) респондентер бул суроого жооп беришкен. Бул динчилдиктин дэңгээлин билдирет. Бирок, биздин суроого 40,8% респондентер мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүнө ж.б. барбайбыз деп жооп берген. Бул суроого 0,6% респонденттер такыр жооп беришкен жок (3-диаграмманы караңыз). Респондентердин кыргыз улуту жана башка этностор боюнча канчалык дэңгээлде мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүнө ж.б. барып турганын аныктадык. Изилдөөнүн жыйынтыгы төмөнү диаграммада берилди.

**3-диаграмма.**

**Мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүнө ж.б. барып турасызбы?**




Респондентер кыргыз улуту боюнча такай 4,3% жана жумасуна бир жолу 17,4% мечитке барып турушат экен. Айына бир жолу деп 3,9% жана жылына 1–2 жолу гана барам деп (15%) кыргыз улутундагы респондерттер жооп беришти. Ар бир үчүнчү респондент (31,0%) такыр барбайм деп жана 0,4% суралган кыргыз улутундагы респондентер бул суроого жооп берген жок. Бул суроого 1,9% орус этносундагы респондет чиркөөгө, сыйынуу үйүнө барбайм жеп жооп беришкен. Такай күнүгө 0,2%, жумасына бир жолу 0,8%, айына бир жолу 0,6% жана жылына 1-2 жолу 3,8% орус этносундагы респондентер бул суроого ушундай жооп беришкен. Өзбек этносундагы респондентер күнүгө 2,6%, жумасуна бир жолу 3,0%, айына бир жолу 0,6% жана жылына 1-2 жолу 1,2% суралгандар бул суроого жооп беришти. Мечитке, сыйынуу үйүнө барбайм деп ар бир 20-өзбек этносундагы респондертер жооп беришкен (4-диаграмманы караңыз).

**4-диаграмма.**




Жалпылап айтканда, дин, анын ичинен ислам кылымдар бери эненин суту менен синипкеле жаткан процесс. Бул процесс биздин социологиялык изидөөнү жыйынтыгында да Кудайга ишенген адамдар эң жогору болду. Анын ичинен бул изилдоо теңирдик ишенимине таандыктар дагы аныкталды. Үй-бүлө социалдык институт катары диний социалдашууда ата-энесинин туткан дини чон таасир берерин жана диний идентешууну калыптанышына чоң экенин ар бир бешинчи суралгандар пирики боюнча бул изилдоо аныкталды. Кыргыз уулуту жана башка этностордун диний идентүүлүккө ар бир бешинчи суралгандардын пикири боюнча таасирин бар экени тастыкталды. Бул сурамжылоодон кийин Кыргызстанда дин жарандык сезимдердин калыптанышына таасири чоң экен жана жарым жартылай экен деп ар бир үчүнчү респондентердин пикирлери боюнча жыйынтыктап айтсак болот.

*Адабияттар*

1. Бакытбек Амир Малтабаров. Социология религии. – Б.: Техник, 2010. – С. 220.
2. Горшков М.К., Тихонова Н.Е. Российская идентичность в условиях трансформации: Опыт социологического анализа. – М.: Наука, 2005. – 396 с.
3. Мчедлов, М.П. Религия в самосознании народа. – М., 2008. – 415 с.
4. Социология: Энциклопедия / Сост. А. А. Грицанов, В. Л. Абущенко, Г. М. Евелькин, Г. Н. Соколова, О. В. Терещенко – Мн.: Книжный Дом, 2003. – 1012 с.
5. Филатова С. Социология религии. – СПб, 2000.
6. Ыйман. – 1991. - №1. – С. 1.
7. www.http://religion.gov.kg/ru/relgion_union.html

---

***Т.С. Шаршембиева,***
*Кыргыз-Түрк “Манас” университети*

# ШААР ЖЕРГЕСИНДЕ ЖАШАГАН КЫРГЫЗДАРДЫН СОЦИОМАДАНИЙ ИДЕНТТЕШҮҮСҮ

Заманбап коом абдан тездик менен ар кандай факторлордун таасири астында болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөргө учурап жатат. Бул өзгөрүүлөр өзгөчө адамдардын социалдык-экономикалык, социалдык-психологиялык абалдарына да таасирин тийгизүүдө. Бирок бул өзгөрүүлөр дайыма эле позитивдүү боло бербей тургандыгы белгилүү. Албетте бул жерде адамдардын канчалык деңгээлде ушундай өзгөрүүлөргө даярдыгы да абдан маанилүү. Эгер адам коомдогу өзгөрүүлөргө даяр эмес болсо, анда адам өзүнүн кимдигин жоготуп коюу коркунучу жаралат.

Бул сыяктуу өзгөрүүгө бир мисал катары, айыл жергесинен шаарга орун которуп келип, биротоло шаарда отурукташып калган калктын бөлүгү жөнүндө айтса болот. Шаарга жумуштары менен (соода жасамак, туугандарын көрүш үчүн ж.б.) убактылуу келип, кайра кетип калуу менен биротоло көчүп келип жашоонун ортосунда бир топ айырмачылыктар бар.

Бүгүнкү күнү Кыргызстандын бардык булуң-бурчунан шаарларга, борборлого көчүп, орун которуу маселеси өтө актуалдуу, бирок жер которуп, биротоло отурукташууга келген адамдар өздөрүн “ким” –деп сезишет?

Мурдатан көнгөн жашоо образын түп тамырынан бери өзгөртүү дайыма эле жакшы нерселер менен коштолбостон, ар кандай көйгөйлөр менен дагы коштолот. Мындай учурда адамдар кандай абалда болушат? Алар өздөрүн толук кандуу “шаардык” катары сезүүгө мүмкүнчүлүктөр барбы? Деги эле шаардык иденттүүлүк же шаарга таандык болуу деген эмнени түшүндүрөт? Макала ушул суроолордун чегиндеги материалдарды камтыйт.

Макалада Кыргызстандын борбор шаары болгон Бишкек шаарына биротоло көчүп келип жашап жаткан кыргыздардын арасында шаардык иденттүүлүк боюнча жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн айрым бир жыйынтыктары берилди. Жалпысынан изилдөө үчүн тереңдетилген интервью жана анкеталык сурамжылоо методдору колдонулган. Тереңдетилген интерью үчүн 50 киши, ал эми анкеталык сурамжылоо үчүн 400 киши тартылган.

Ошентип макалада бардык алынган натыйжаларды берүүгө мүмкүн болбогондуктан бир гана тереңдетилген интервью методу менен чогултулган материалдардын айрым жыйынтыктары гана берилди.

Алгач, аймактык иденттүүлүк түшүнүгү жөнүндө сөз кылсак, анда бул терминди орус изилдөөчүсү И. С. Самошкин[1] тарабынан киргизилгенин көрүүгө болот. Автор: аймактык иденттүүлүк - социалдык иденттүүлүк терморининде ачыкталат жана анын акыркы аспектилеринин бири катары каралат, - деген пикирин айткан. Аймактык иденттүүлүк структурасында үч компонентти бөлүп кароого болот:

- Когнитивдик компонент. Шаардын образын камтыйт (аймак жана маршрут);
- Эмоционалдык компонент. Шаар менен байланышкан тынчсызданулар жана эмоционалдык абалдар;
- Баалуулук компонент. Символикалык белгилери, канааттануу, жайгашкан жерге болгон байланышкандык.

Демек И.С.Самошкин аймактык иденттүүлүк жөнүндө сөз кылганында ал шаардык иденттүүлүктү түшүнгөнүн көрүүгө болот. Анда шаардык иденттүүлүк эмнени түшүндүрөт?

Ал социомаданий конструкт болуп эсептелет жана ыңгайлашуунун, социалдашуунун натыйжасында белгилүү аймактагы калктын маданий символдорун, кабыл алган нормаларын, салттарын, ошол калктын жашоо стилин өздөштүрүүсүнүн негизинде түзүлөт.

Шаардык иденттүүлүк адамдын иденттешүүсүнүн шаар менен, чоң социалдык топ катары башка коомчулуктардын катарынан айырмаланып турушу, шаарга тиешелүү белгилери боюнча бөлүнүп каралышынын жыйынтыгында келип чыгат.[2]

Шаардык иденттүүлүктүн түзүлүшү үч факторго таасирин тийгизет: биринчиден, туруктуу факторлорго; шаардын жайгашкан жери, климаты, шаардын тарыхына; экинчиден, өзгөрүлмө факторлорго: шаардын жана калктын ченемдерине, санына (көлөмү), шаардын тышкы көрүнүшүнө, жашоочулардын жыргалчылык абалдарына, жергиликтүү калктын маданий салттарына; үчүнчүдөн, символикалык факторлорго: шаардын символикасына, саясий климатына, жашоочулардын маданий жүрүм-турумуна, белгилүү окуяларына, белгилүү инсандарына, товар жана кызмат көрсөтүүлөргө болгон өзүнчө модага, коомчулуктун ичиндеги коммуникациянын мүнөзүнө ж.б.

Шаардын образы (россиялык географ, культуролог Д.Н. Замятиндин белгилөөсү боюнча) – өз ара байланышкан жана өз ара аракеттенишкен белгилерди, символдорду, архетип жана стереотиптерди ачык жана ошол эле учурда кандайдыр бир аймакты жетиштүү түрдө мүнөздөөчү система.[3]

Шаардын образын сүрөттөө эмоционалдык же болбосо аксиологиялык баалоого байланыштуу, географиялык абалы жана архитектурасы, өнүгүү тарыхы, шаардын өзгөчөлөнүүсү, шаардыктардын каада-салттары, белгилүү окуялары, шаарды, регионду жана анда жашап, тарыхта калган инсандарды эскерүү, адабий чыгармалары жана искусство - булардын баары шаардын образын элестетет. Шаардын образы шаардык иденттүүлүктүн негизги символикалык компоненти болуп эсептелинет. Шаардыктардын түшүнүгүндө “өзүмдүн шаарым” (жеке адам үчүн мааниге ээ болгон субьективдүү окуялар менен байланышкан) жана “биздин шаар” (бул шаардын коллективдүү образы, мында шаар субьект катары каралат) деген кеңири маанидеги түшүнүктөр бар. Бирок эч качан алар бир багытта, бир түшүнүктө ойлой алышпайт жана реалдык абалды ар ким өзүнүн потенциалынын чегинде карап, баа бере алат.

Шаарда жашоо ыкчамдык менен өтөт жана адамдар мындай шартта өздөрүн канчалык деңгээлде шаарга таандык экенин сезе алышат, тааный алышат? Уэрттин[4] ою боюнча чоң шаарларда адамдар бири-бири менен өтө тыгыз жайгашышкан, бирок ошол эле учурда алар бири-бири менен тааныш эмес. Шаардыктардын ортосундагы байланыш өтө тездик менен жана үстүртөн өтүп кете турган мүнөздө болушат, ошону менен бирге алар өз ара мамиле түзүүдөгү толук кандуу канааттануу эле эмес жөн гана кандайдыр бир максатка жетүү үчүн курал катары эсептелиши мүмкүн.

Шаарды калктын социалдык жактан обочолонгон тобунун интеграциялануусунун негизинде түзүлүүчү социалдык жамаат катары аныктоого болот. Интеграциялык жараяндар өз мааниси, жана алардын элементтеринин өз ара аракеттенишүүсүнүн жеке жаратылышы бар ар түрдүү деңгээлдерде ишке ашат. Мисалы, социалдык-психологиялык, социомаданий, психологиялык, ландшафттык-географиялык, метафизикалык деңгээлдерде ишке ашат.

Социалдык-психологиялык деңгээлде шаардыктар өз шаарынын түздөн-түз орду жөнүндө ойлонушат. Бул боюнча респонденттер Бишкек шаарынын Кыргызстандагы эң чоң шаар экенин жана анда жашоо бир жактан кызыктуу, ошол эле учурда кымбат шаар экенин айтышты. Бишкек шаары респонденттердин басымдуу бөлүгүнүн ою боюнча жакынкы 2–3 жыл ичинде көрктүү, таза шаарга айланат – дешсе, айрымдарынын пикири боюнча Бишкек борбор шаар деген статуска туура келбеген шаарга айланганын айтышат. Буга себеп катары шаардын акыркы мезгилдеги таштанды ыргытуучу жайга айланып бараткандыгы, адамдардын санынын өсүүсү, жумушчу орундардын жоктугу, шаар инфраструктурасынын эскилиги жана заманбап талаптарга жооп бербей тургандыгын мисал келтиришкен.

Шаардык иденттүүлүктүн социомаданий деңгээлин карасак, анда бул шаардагы ар түрдүү топтордун жана катмарлардын ортосундагы өз ара аракеттенишүү жолундагы социалдык статустук жана этникалык тосколдуктарды жеңүү үчүн түзүлгөн шаардык маданияттын толеранттуулугу эсептелет. Бул боюнча интервьюнун катышуучулары төмөндөгүдөй пикирлерди билдиришкен. Шаарда адамдардын бири-бири менен мамиле түзүүсү жана өз ара аракеттенишүүсү абдан татаал процесс. Анткени айылдагы алардын мурдагы жашоосу, байланыштары, коом менен мамиле түзүүлөрү азыркы абалынан түп-тамырынан айырмаланып турат. Себбеи, шаар көлөмү жагынан чоң болгондуктан калктын саны дагы көп жана алар өлкөнүн төрт бурчунан келип чогулгандар. Бул жерде айылдагы тыгыз социалдык байланыш: урук-тууугандык, достук, коңшулук мамилелер жокко эсе же т.а., абдан алсыз. Андыктан адамдардын бири-бирине байлануусу өтө эле бош.

Шаарда негизинен кесиптик статустар арасындагы мамилелер жакшы иштейт. Калктын басымдуу бөлүгү таңдан кечке чейин жумушта болушат, негизинен ал жердеги адамдар-кесиптештер менен болгон байланыштын таасиринде, өздөрүн алар менен иденттештиришет. Эгер адам өзүн алардын бир бөлүгү катары эсептебесе, анда ал чөйрө менен мамиле түзө албайт.

Бул деңгээлде этникалык тосколдуктарды дагы кароо зарылдыгы бар. Жогоруда айткандай, шаар өзүнө ар кандай жаштагы, түрдүү кесиптеги, түрдүү улуттагы адамдарды өзүнө камтыйт. Албетте локалдуу бир жерде этностордун көп түрдүү болуусу абдан маанилүү. Бул жерде алмашуу теориясы ийгиликтүү ишке ашат: адамдар өз гана маданиятынын, каада-салтынын гана чегинде калбастан, башка улуттагылардын дагы маданиятын өздөштүрүшөт, өздөрүнүкүн башка улуттун өкүлдөрүнө таанытышат. Булардын негизинде коомдо ынтымакта жашоого түрткү болуучу шарттар түзүлөт. Бирок ошол эле учурда этностук байланыш алсыз болгон учурда ар түрдүү көйгөйлөр жаралат: бир күчтүү этнос экинчи өзүнөн алсызыраак этноско өз маданиятын таңуулайт, эгер экинчи тарап кабыл албаса, анда конфликттер келип чыгышы мүмкүн. Айрым учурда, бир күчтүү этностун үстөмдүгүнүн астында экинчи бир этнос өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн, каада-салтын, өзгөчө тилин унутууга барат. Бул жерде ар түрдүү этностор өзүн обочолонгон улут катары карабастан, бир гана “мен бул өлкөнүн жаранымын” жана “мен бул шаардын тургунумун” деген аң-сезим менен ой жүгүртсө, кандай гана көйгөй болбосун чечиле тургандыгы анык. Интервьюга катышкан респонденттердин басымдуу бөлүгү жакынкы 3–5 жыл ичинде шаарга биротоло отурукташууга көчүп келгенине карабастан, дагы деле айлана-чөйрөсүндөгүлөр менен толук кандуу аралаша албай жаткандыгын, мамиле түзүү бул жерде кандайдыр бир эсептердин негизинде жасала тургандыгын билдиришкен.

Респонденттерди ыңгайсыз абалга тушуктурган көйгөйлөрдүн ичинде –тил маселеси да бар экенин көрүүгө болот, анткени шаар жергесинде эне тили эмес мурдатан көп колдонулуп, калк арасында коммуникация куралы катары калыптанып калган орус тили көбүрөөк колдонулат. Айылдан келгендер үчүн бул чоң көйгөйлөрдү жаратат жана көп учурда алар башкалар менен мамиле курууда кыйналышат, "беделдүү" деп эсептелген жумушка орношууда, айлана-чөйрөсүндөгүлөр менен теңтайлашып баарлашууда бир кыйла дискомфортту жаратат дагы, адамдар өздөрүнчө башкалардан обочолонууга туура келет же илимий тилде айтканда өздөрүн "жабык" территорияга айдап киргизишет, башкалардан обочолонушат.

Инсандардын шаарга таандык экенин кароодо дагы бир деңгээл бар экенин айттык, бул - психологиялык деңгээл. Анда калктын шаар менен, шаардын жашоо образы менен, шаардык маданият менен, шаардын тарыхый-маданий мурасы менен, шаардын калыптанган каада-салттары, интеллектуалдык жана руханий потенциалы менен болгон өздүк иденттүүлүгүн көрүүгө болот.

С развитием истории международное общение обретает формальный, официальный, политический характер, обладая рядом специфических, устойчивых черт, позволяющих относить его именно к этой разновидности общения которое реализуется через различные формы сотрудничества людей, государств. Поэтому взаимоотношения, отношения между государствами или группами государств, предполагающие устойчивые и длительные экономические, политические, научно-технические и культурные связи в политологической науке трактуются как международное общение.

Благодаря международному общению происходит взаимовлияние и взаимообогащение культур, мировоззренческих установок, взглядов, интересов. Ведь международное общение – это результат длительного социального, экономического и духовного общения народов. Процесс международного общения просматривается здесь как процесс исторический, так как связан с историческим развитием народов, общества и цивилизации.

Международному общению присущи разнообразные формы связи, которые имеют характер организованности. Иными словами, общество, существующее в пределах государства, с одной стороны, представляя собой структурированную организацию или систему, строится на каких-либо организационных принципах, с другой стороны – закрепляет за государством право обязывать осуществлять контроль над внешними контактами всей системы в целом. Поэтому государство должно вести строгий контроль за деятельностью всех ведомственных органов, неправительственных организаций, иностранных агентов в лице международных организаций. Причиной является тот факт, что международное общение осуществляется не только как организованный процесс, но и как контролируемый. Уместно заметить и тот факт, что международное общение может быть упорядочено и организовано только государством. Международное общение подчинено определенной политической системе.

Человеческий фактор является определяющим в содержании международного общения. От него зависит сущность, характер, формы, способы и темпы международного общения. При этом, его уровень определяется объемом знаний, навыков, преобладающего темперамента, степенью развития правового сознания. Таким образом, социальные и физиологические факторы, формирующие человека и общество, в значительной степени определяют структуру и организацию международного общения. Как отметил российский политолог Д.Носков «ни одна организация не может быть лучше людей, ее составляющих»[5]. В связи с этим, роль человеческого фактора как организующего начала общения был и остается определяющим во все времена и во всех условиях, ситуациях развития человеческого общества.

*Литература*

1. Урманбетова Ж.К., Абрасулов С.М. Истоки и тенденции развития кыргызской культуры. – Б.: Илим, 2009. -212 с.

2. Фролов М. Общение и его элементы связи. – М., 2012. -С. 75.

3. Мокеев А. Кыргызы на Алтае и на Тянь Шане. – Б., 2010. –С.24.

4. Бардашев Г. Записки о дикокаменных киргизах // Материалы для статистики Туркестанского края.- СПб., 1874.- Т. 3., репринтное издание.- М.,2003.-С.123.

5. Носков Д. Роль человеческого фактора в международном отношении. – М., 2008. - С. 115.

***Токтогонова К.Д.,***
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# ЗАМАНБАП КЫРГЫЗСТАНДА ДИНИЙ ИДЕНТҮҮЛҮКТҮН БЕЙЕНЕСИ
## *(жаштардын мисалында)*

Ааламдашуу шартында учурдун эң маанилүү маселелеринин бири жаштардын динге берилүүсү эсептелет. Кыргызстан жаштарынын радикализмге тартылышын көзөмөлдөөдө жана мамлекеттин диний коопсуздугун камсыздоодо чогуу иш-аракеттерди көрүү зарылдыгы пайда болууда. Ошондуктан макаланын негизинде студент жаштардын диний иденттүүлүгүн изилдөө максатын коюп талдоого аракет жасалды.

«Дин»[1] - деген сөз күндөлүк турмушта илимий, көркөм адабияттарда, публистикалык басылмаларда кеңири колдонулат. Бул сөздү колдонуу менен анын эмне экендиги, маңызы толук түшүнүктүүдөй көрүнүшү мүмкүн. Бирок, көпчүлүк убакта дин түшүнүгүнүн артында диндин маңызы эмес, анын сырткы көрүнүшү гана берилери маалым.

Римдиктер - «Религия» - деп атаган кубулушту арабдар - din – дин, индустар – дхарма (dhama) – деп аташкан[2]. Диний аң-сезимдин өнүгүшүнүн эволюциясынын тарыхын Дж. Фрезер (1854 -19410) сүрөттөөгө аракеттенип, бардык тарыхый доорлорго тиешелүү материалдарды топтоп, аларды өз ара салыштыруу жолдору менен түшүндүрүүгө умтулган, эволюция идеясы – изилдөөнүн негизги ыкмасы болгон. Ал, адамзаттын руху тектеш, акылдын адаты, эркин ой –жүгүртүүгө, интеллектиге тескери деп эсептеген.

Дж.Фрезер[3] «Алтын бутак» деген негизги эмгегинде алгачкы коомдогу диндин эволюциясын сүрөттөп, магия менен дин карама-каршы кубулуштар, магия тарыхый орду боюнча динден мурда жаралган деп жыйынтыктайт.

«Социология» деген илиминин негиздөөчүсү О. Конт[4] дин маселесинин чечилишине олуттуу көңүл бургандардын бири. О. Конт өзүнүн изилдөөлөрүндө диндин коом менен шартталышына жана анын коомго карата тийгизген таасирине, ролуна көңүлүн бурган.

Анималистик теориянын жаралышына Э.Б. Тейлордун[5] (1832 – 1917) эмгеги себепчи болгон. Ал цивилизациянын эволюциясын алгачкы коомдун адамынан баштап ошол мезгилдеги Европалык коомдо жашаган адамга чейинки мезгилди сүрөттөгөн. Дин таануучулар үчүн Тейлордун анимизм (anima – жан) теориясы бөтөнчө маанилүү. Жан бар деген ишеним, диндин алгачкы формасы «макулуктар жандуу - деген ишеним бардык диндердин негизи, фундаменти. Байыркы адамдардын ишениминен баштап учурдагы коомдун адамдарынын динине чейин камтыйт». Анимизм макулуктар түгөлү менен жандуу, ал жан өлүмдөн кийин да, дене чирип жок болгондон кийин да жашап кала берет. Жан макулуктарга гана эмес, нерселерге да тиешелүү. Арбактарга сый, урмат көрсөтүлүп, курмандыктар чалынат. Ушул арбактар магиялык салттарды жана мифологиялык түшүнүктөрдү жаратты, өткөндөрдүн арбактары башка жаныбарларда, нерселерде жашашы мүмкүн. Асман телолору, табияттын кубулуштары, өсүмдүктөр, жаныбарлар бардыгы Адам сымал жандуу. Алардын жандуу касиеттери табияттагы кубулуштардын туюнтмасы, алар адамдын сыйына арзыйт.

Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет болгондон бери социалдык-саясий жана экономикалык өзгөрүүлөргө дуушар болду. Дүйнө практикасы көрсөткөндөй, элдердин ортосундагы кагылышуулар жана согуштар негизинен диний ажырымдардын ортосунан келип чыккандыгы жалпыга маалым болсо керек. Биздин өлкөбүздөгү диний конфессиялардын көптүгүнөн мезгил мезгили менен жер жерлерде айрым бир кагылышууларлардын болуп жаткандыгына баарыбыз күбө болуудабыз. Мунун баары диний сабатсыздыктын айынан экендиги талашсыз. Учурда жаштардын ар түрдүү туура эмес диний агымдарга азгырылып жаткандыгы аларга туура тарбия, туура багыт көрсөтүлбөй жаткандыгынан улам болуп жатат. Инсандын диний идентүүлүгүн коомдо изилдөө өзүнө терең кароону талап кылат жана социогуманитардык багыттардагы талкуулоолордун улуттук толеранттуулугун жана терең маданий айырмачылыктарды кароого шарт түзөт. Диний идентүүлүк «Мен» образы менен байланыштуу. Тарыхый эске келбеген жана жоготулган руханий аң сезимдин жоктугу албетте кооптонууну пайда кылат. Аны менен бирге өзүн өзү таандык кылуунун жоктугу, башкага болгон «башка» «бөлөк» деген сыяктуу агрессивдүү мамилени жаратат.

Мына ушул себептен коомубуздагы айрыкча жаштарыбыздын диний түшүнүгүн жана диний идентүүлүгүн аныктоо абдан маанилүү болуп жатат. Себеби, алар коомубуздун - Кыргызстандын келечегин түзүшөт жана алардын андан ары динди туура кабыл алуусу, жашоо баалуулуктарын түшүнүүсү илимдердин биринчи кезектеги маселеси. Мына ушул себептен К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университеттин студенттеринин 100 студенти сурамжылоо жүргүздүк. Ар бир курстан 20дан студент катышты.

Студенттердин көпчүлүк бөлүгү 88,4 пайызы ислам динин тандашты, православдык динин 9,6 пайызы белгилеп кетишти. Ал эми 2 пайызы башка диндерди белгилеп кетишти.

Ислам ойгонуусун коркунучтуу же жаман деп айтууга болбойт. Анткени бул жерде окшоштук (идентүүлүк) маселеси жатат. Мен кыргызмынбы, демек, мен мусулманмын. Дин жаатында тиешелүү сабатка ээ болбогондордун арасында (өзгөчө жаштар) динге тартылуунун өсүшү, салттуу диний институттардын алсыздыгы, карапайым адамдар арасында нааразылыктын өсүшү сыяктуу нерселердин бардыгы коркунуч жаратат. Акыркы жылдардагы окуялар көрсөткөндөй, исламдын өзү коркунуч туудурбайт, тескерисинче, азыр динди туткандардын динди бурмалап, туура эмес чечмелегени исламга коркунуч жаратууда. Көпчүлүк адамдар «ислам дини тыюудан, ага чакыруу коркутуп-үркүтүүдөн башталат турбайбы» деген ойдо калып жаткандыктары ошондон. Ушундан улам исламдын маңызын түшүнгөн, ал боюнча билими бар мусулман менен билими жок мусулмандын айырмасы асман менен жердей экендигине ынансак болот.

Ар бир диндин өзгөчөлүгү бар, ал өзгөчөлүктөр ошол туткан динге ылайык ар кандай ырым-жырымдар менен айырмаланат. Ал эми жаштардын өз динине ылайык диний ырым- жырымдарды канчалык деңгээлде аткарарын №1 диаграммадагы жооптордон көрсөк болот.

*Диаграмма №1*




Студенттерге «Диний ырым- жырымдарды аткарасызбы?» деген суроодон, 28,8% диний ырым жырымдарды дайыма аткарарын белгилеп кетишти. Булар диний ырым- жырымдардын катарына намаз окуу, сыйынуу жана мечиттерге (чиркөөгө) баруу менен бирге ар жумада боорсок жасап куран окууну белгилешсе. 52,1% сурамжылоочулар үчүн ырым жырымдар кээде гана аткараары белгилүү болду. Ал эми, 15,2% суралгандар ырым жырымдарды такар аткарышпайт болсо, жооп бере албагандардын саны 3,9% түздү.

Ошол диний ырым- жырымдарды аткаруунун бирден бир бөлүгү катары - мечитке (чиркөөгө) баруу эсептелет. Мына ушул себептен респонденттердин диний мекемелерге канчалык деңгээлде бараарын төмөндөгү суроо аркылуу аныктадык.

*Диаграмма №2*




Биздин сурамжылануучуларга: "Канча убакытта бир мечитке барасыз?" – деген суроо берилип. Мында, суралган 21,1% студенттер үчүн мечитке (чиркөөгө) баруу бир жумада бир жолу болсо, 14,9% студенттер үчүн бир айда бир жолу дээрлик барышары маалым болду, ал эми 17% жарым жылда бир жолу барышса, калган 20,7% таптакыр барышпайт экен. Суралгандардын 26,3% пайызы бул суроого жооп берүүдөн баш тартышты. Жогорудагы диаграмма көрсөтүп тургандай негизинен азыркы тапта жаштардын диний агылуусу бир кыйла активдешкендигин байкоого болот.

Ачыгын айтсак, исламдын бирден бир максаты - ишеним, адеп-ахлак жана рухий баалуулуктар аркылуу, жеке адамды жана жалпы коомду түз жолго салуу, ошондой эле, адамдын экономикалык, финансылык, социалдык, саясий жана укуктук иши боюнча исламдын мыйзамдарын коомдун, мамлекеттин турмушуна киргизүү менен коомдо тынчтыкты, акыйкаттыкты жана шайма-шайлыкты (гармонияны) орнотуу. Бирок мунун баардыгы акырын түшүндүрүү, ынандыруу жолу менен ишке ашканы туура. Тең салмактуулукту жана туруктуулукту бузбастан, компромиссти издешибиз керек. Демек, «ислам ойгонуусу»[6] дегенибиз – бул эң алгач мусулмандар ичиндеги сенек стереотиптерден, караңгылыктан интеллекттик ойгонуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасы демократиялык жолду тандап алгандан кийин Конституцияда расмий түрдө динди мамлекеттик саясаттан бөлүп салды. Бул бөлүнүүнүн оң жана терс таасирлери коомдо даана байкалып калды. Мамлекет диний билим берүүнү өз көзөмөлүнө албагандыктан, адамдар динди мыйзамсыз жолдор аркылуу үйрөнө башташты. Кээ бирлер батыштан келген ар кандай диний секталарга кирип, динди үйрөнүүгө аракет кылышса, айрымдар динди туура эмес жолдон, сабатсыз дин кызматкерлеринен үйрөнүштү, кээ бири акыйкат дин деген ишеним менен башка диний агымдарга кирип, мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч келтире баштады. Албетте, мунун баары өлкөбүздөгү жаштар арасындагы диний башаламандыкты көргөзүп турат.

Алсак, жаштардын динге кызыгуу, окуу (сыйынуу) деңгээлин билүү үчүн: «Сиз өзүңүздүн диниңизге ылайык намаз окуганды (сыйынууну) канчалык деңгээлде аткарасыз?» деген суроо берилип, төмөнкүдөй жоопторго ээ болдук (№3 Диагр.).

*Диаграмма №3*



Диаграмма көрсөтүп тургандай намаз окуу (сыйынуу) жаштардын арасында кеңири тараган көрүнүш. Муну менен бирге алар өздөрүнүн таандуулугун же болбосо диний идентүүлүгүн белгилөөдө. 27,8% инсандарыбыздын намаз окуганды (сыйынганды) билем жана күнүгө аткарам деген жоопторуна ээ болдук. Азыркы учурда динге болгон жаштарыбыздын көз карашы арта баштады. Көбүнчө жаш улан кыздар намаз окуп, туура жолго түшүнүүн жолун көздөөдө. 37,4% намаз окуганды (сыйынганды) билем бирок күнүгө аткарбайм деп өз жоопторун айтты. А чындыгында эле биздин азыркы жашап жаткан коомдо, убакыттын тардыгы, жумуштун көп болгону мындай көрүнүшкө себеп болуп жатат. 14,5% биздин жаш жарандарыбыз намаз окуганды (сыйынганды) билем, бирок такыр аткарбайм деген жооп кайтарышты. Мындай көрүнүшкө алардын кудайга ишенүүсүн, бирок биздин турмушка байланыштуу намаз окуп (сыйынганга), кандайдыр бир көйгөйлөрдүн тоскоолдук болушу себеп катары көрүнүп турат. 13,3% намаз окуганга (сыйынганга) кызыкпайм, аткарбайм деп белгилеп кетишти. Мындай жагдайдын себебин бир жактуу түшүндүрүү кыйын, балким бул көрүнүш диний илимдин жетишсиздиги, башка жагы катары жаштардын диний ырым-жырымдарга такыр эле көңүл бурбагандыгы, дагы бар себеби катары совет доорундагы диний кызыкчылыктарга тыйуу салынып, тарбия алган ата-энелеринин таасири эсептелиши мүмкүн. Чындыгында азыркы жаштардын жашоосунда динден башка маселелер приоритеттүү болуп жаткандыгын тана албайбыз, башкача айтканда алар көпчүлүк убактысын социалдык тармактарда, достор менен биргеликте өткөрүүгө, эс алуу жайларына коротушат

Жогорудагы жоопко карабастан чындыгында студенттердин пикиринде, эгерде ар бир жаран диний ырым жырымдарды туура аткарса, шарияттын жолунда жүрсө бейишке түшөөрүн белгилеп кетишти. Ал эми башка бир респонденттеринин оюнда алар жеке өзүлөрүнүн кызыкчылыгы үчүн кандайдыр бир ырым-жырымдарды аткаруу, алардын турмуш жолун жеңилдетет деп ишенишет, б.а алардын алдыдагы тоскоолдуктарын жоет. Кудай жөнүндө, дин тууралуу айтып берүү, анын түшүргөн кураны, аткаруу парздары жөнүндө башкаларга жеткирүү ар бир жарандын парзы жана алар бул нерседен ырахат алабыз деп айтып кеткендери да жок эмес.

***Диаграмма №4***




Жогорудагы суроо боюнча жаштардын пикирине көңүл бура турган болсок: Ар кимибиз бир нерсеге ишенип, ошол нерсе жардам берет деп үмүттөнгөнүбүз жакшы. Анткени коомдо, биздин чөйрөбүздө чындыгында көйгөйлөр аз эмес. Алар менен жалгыз күрөшүү кыйынга турат деген ойду 39,2% студенттер белгилешти. Кандайдыр бир кереметке ишенип, алардан жардам күтүү бул биринчиден адамдын ишенүүсүн арттырат жана моралдык жактан жардам берет дегендер да жок эмес, мындай жооптун ээлери 27,8% түздү. Ошондой эле кудайга ишенүү психологиялык жактан колдоо көрсөтөт деген жаштарыбыздын саны 23,6% болду. Бирок чындыгында эле бул нерсени четке кагып коюуга болбойт. Балким бул жооптун ээлерине ошол касиетке ишенүү алардын абройун көтөрүп, психологиялык жактан колдоо көрсөтүп жаткандыр. Негизинен бул суроо кээ бир жаштарыбыз үчүн кыйынга турду. Кудайга ишенүү бул эмне берет экендигине жооп таба албагандардын саны 9,4% түздү. Балким чындыгында алар өз күчтөрүнө гана ишенгендер же болбосо кандайдыр бир кереметке ишенип, кимден кандай жардам алууну билбей өз жолун издеп жүргөндөр.

Ар кимибиз жүрөгүбүздө кудайга, башка керемет касиеттерге ар башка ишенебиз жана ар кандай ырым жырымдарды аткарабыз. Мына ошол себептен дин менен адамдын ортосундагы байланыш кантип байкалары жөнүндө суроо берилген. Анда, төмөнкү жооптор алынган:

- Диний жана улуттук таандуулуктун бири-бири менен байланышта болуусу - 46,6% түздү. Респонденттер тарабынан берилген мындай жогорку пайыздын себебин төмөндөгүдөй түшүндүрсөк болот: негизинен инсан бул жашоого келгенде коом тарабынан тапшырылган белгилүү бир статустарга ээ болот. Алардын ичине дин да кирет, ар бир адам өзүнүн улутуна жараша белгилүү бир динди кабыл алап тутуп келет эмеспи, тактап айтканда мисалы көпчүлүк учурда мен кыргызмынбы демек мен ислам динин тутушум керек деген ишеним жүрөгүбүздө жашап келет.

● Дин менен каада-салттардын байланышы көп деп белгилегендердин саны саны 40,6% түздү. Анын негизги себеби ар бир дин жаман менен жакшыны бөлүп, ыйман жолунда жүрүүнү көздөйт ошондой эле ар бир элдин каада-салты бабалардын кеңеши да ошол диндин принциптерине дал келет. Негизинен биз өз салтыбызды четке кага албайбыз, ал биздин кан жаныбызга сиңип калган андан эч кимибиз баш тарта албайбыз. Ошонун негизинде дин менен салтыбызды чогуу алып жүрүүбүз керек.

● Дин менен адамдардын ортосунда байланыш жок - 3%; Дин менен адамдын ортосунда байланыш жок дегендер да бар болду. Алардын мындай жооп берүүсүнүн да себеби бар болуш керек. Эч бир динге, касиеттүү нерселерди таанып билбеген адамдар да арабызда бар. Мына ушундай адамдардын жеке өздөрүнүн оюу болуш керек.

● Жооп бере албайм деп бул суроого жооп таба албагандар да болду. Биздин көптүгүбүз азыркы учурда бул суроону өзүбүзгө өзүбүз берип көрбөгөндүрбүз. Бирок кандай болсо да бул суроого жооп таба албагандар саны - 9,8% түздү.

**Жыйынтык.** Биздин бүгүнкү коомубузда диний көз караштарды жайылтуу, анын касиеттерин, кереметтерин айтып, кандай болгондо ал ырым-жырымдарды туура аткарылышын камсыз кылып, элге жеткирүү чаралары диний уюмдар тарабынан аз жайылтылып жатат. Албетте,эч бир инсан, жаран исламдагы ырым жырымдардын аткаруу менен гана чектелип башка эч кыймыл көрбөй отуруп калбашы керек. Дин бүтүндөй, керек болсо экономикалык, социалдык маселелерди камтыган тутум экендигин да эскертип кетүү да ашыкча болбойт. Кийинки мезгилде жаштардын арасында биздин улуттук кызыкчылыктарды эске ала турган, жаңыланган ислам тууралуу идеялар көтөрүлүп жатат. Мындай идеялар багыттар кантип өнүгө тургандыгы мусулман коомчулугунан да, мамлекеттен да көз каранды. Ислам бүгүнкү коомдун талаптарына ылайык өнүгүшү керек, бүгүнкү күндүн суроолоруна жооп берип, бүгүнкү күндүн маселелерин чечүүгө жөндөмдүү болушу керек.


***Адабияттар***

1. Дин таануута киришүү: 1 бөлүк. (Орто мектептин мугалимдери, окуучулары жана жогорку окуу жайынын студ. үчүн окуу китеби). /Которгон: А.М.Тиленбаев, Ч.К.Сооронбаева /К.Тыныстанов атын. Ысык-Көл мамл. ун-ти.–Толукт., 2-бас. – Каракол; 2009. -32 б.

2. Дюркгейм Э. Социология. Ее предмет, метод. предназначение / Пер. с фр., составление, послесловие и примечания А.Б. Гофмана. - М.: Канон. 1995 С 305.

3. Тайлор Э.Б. Первобытная культура. -М., 1989.

4. Фрезер Дж. Золотая ветвь. -М., 1986.

***Интернет булактары:***

1. http://shookum.kg/zhashtar-mamlekettin-kelechegi/

2. https://ru.wikipedia.org/wiki

3. http://www.philosophy.ru/library/ric.



***Р.Ж. Уркунчиева,***
*К.Карасаев атн. БГУ*


# КЫРГЫЗСТАН ЖАШТАРЫНЫН МАДАНИЙ ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Акыркы жылдары «иденттүүлүк» термини гуманитардык илимдердин арасында кеңири колдонула баштады. Өзгөчө актуалдуулугу менен социология илиминде да пайдаланууда. Ал эми иденттүүлүк термини этноско, топко, инсанга жана башка ушул сыяктуу сөздөргө таандык болгон популярдуу сөздөргө «өзүн билүү (самосознание)», «өзүн аныктоого (самоопределение)» байланыштуу болуп, социалдык изилдөөнүн актуалдуулугун жаратууда.

Бул илимий макалада «*иденттүүлүк*» түшүнүгүнө шилтеме берилип, Кыргызстан жаштарынын маданий иденттүүлүк өзгөчөлүктөрү изилденет. «Маданият» деген латын сөзүнөн келип чыккан. Оболу ал жер иштетүүнү, аны пайдаланууну белгилеген. Бара- бара «маданият» кыйла корутулангaн мааниге ээ болгон. Көптөгөн илимдер тарабынан иликтенгендиктен, ар бир илим тарабынан ошол «маданият» тууралуу 500 гө чейин аныктамалар бар. Ошонун ичинен социология илимине жакын болгонун карасак. «Маданият» деп адамдын жана коомдун кайра түзүүчүлүк иш- аракетинин бардык түрлөрүн, ошондой эле ал иш- аракеттердин натыйжаларын түшүнөбүз.

Ааламдашуу процессинин негизинде маданият өз маанисин жоготуп жатканы байкалууда. Мындай жагдайга Кыргызстан коому да кабылууда. Бул тапта эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналып, кандай жол менен эгемендүүлүктү, улуттук «мен», өзгөчө уникалдуу маданиятты, кыргыз элинин баалуулугун сактоонун негизин түзүү болуп саналат. Изилдөөдөгү негизги аспект катары кыргыз жашатарынын маданий иденттүүлүгү, өзгөчөлүгү, жаштардын мендигин аныктоо эсептелет. Инсандын калыптануусуна түздөн- түз таасир тийгизген үй-бүлө менен бирге, бул – улуттук өзгөчөлүктөр, баалуулуктар жана каада-салттар эсептелет.

Статистикалык маалыматтарга таянсак, курагы боюнча Кыргызстандын калкы жаш деп каралат. Калкыбыздын 40 пайызга жакынын балдар жана өспүрүмдөр түзсө, 60 пайызга жакыны эмгекке жарамдуу жарандар. Айыл аймактарына караганда шаар жергесинде 20 куруктан жогору жаштар көптүк кылышат[1]. Мындай өзгөчөлүктү эске алып жаштарды сурамжылоого алуу максатка ылайык экендигин белгилөөгө болот. Жаштар арасында улуттук маданияттын сакталып калышынын критерийлеринин бири катары эне тилин билүү каралат, үрп-адаттарды сактоо, өз тарыхын, тилин, дилин терең өздөштүрүү сыяктуу баалуулуктарды кайра жаратуу зарыл. Жаш муундардын коомдук өнүгүүсүн изилдөөдө социалдашуу категориясы негизги орунда турушу абзел. Жеке сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй жаштардын маданият жөнүндө түшүнүгү (карагыла №1 диаграмма) төмөнкү көрсөткүчтөр менен берилет.

**Диаграмма №1**

**Сиздин оюңузча кыргыз маданияты кайсыл көрсөткүчтөр аркылуу берилет?**




Демек, жогорудагы жоопторго токтоло турган болсок: респонденттерибиз кыргыз маданиятынын өзгөчөлүгүн эң негизги көрсөткүчтөр, тактап айтканда 39,5% менталитетибиз жана 34,7% салт-саналар аркылуу берилет деп белгилешкен. Ал эми 17,9% сурамжылануучулар кыргыз элинин тааалим-тарбия берүүсү да маанилүү көрсөткүч катары аныкташкан. Албетте маданий өзгөчөлүктөр укумдан-тукумга тарбия, социалдашуу аркылуу берилерин сурамжыланууучуларыбыз да тастыктап кетишти. Андан тышкары 5,6% жашоо тиричилигибиз, 1,2 % дин аркылуу берилет деп эсептешсе, 1% жооп берүүдөн кыйналам деген жоопторду узатышкан.

Ал эми жаштардын маданий аң сезиминин деңгээлин аныктоо максатында төмөндөгү суроо узатылган.

**Гистограмма №1**

**Сиздин оюңузча кыргыз жаштарынын маданий аң сезими кайсыл баскычта турат?**




Албетте, алынган жооптор көрсөтүп тургандай жаштардын пикиринде кыргыз жаштарынын маданий аң сезими эң жогорку баскычта -36,9%, ортоңку баскычта – 35,4%, ортодон ылдыйкы баскычта 10,4%, төмөнкү баскычта – 9,5% жана эң төмөнкү баскычта – 7,8%. Бул көрүнүш албетте бүгүнкү күндөгү жаштардын социалдашуу процесси баалуулуктар, идеалдар системасынын өзгөрүү шартында өтүүсүн айгинелеп турат.

Ал өз учурунда социалдык жүрүм-турумдун жөнгө салуучусу катары баалуулуктар адамдарга жүрүм-турумунун жеке парадигмаларын, жашоо образын калыптандырууда жана ишке ашырууда бир топ өз алдынчалыктарды берет. Ошондуктан, социалдык баалуулуктардын аракети субъекттин өз керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын ишке ашырууга багытталган ички умтулуусу катары көрүнөт.

Маданият очокторун изилдөө жана жаштардын турмушундагы эс алуунун түрлөрүн уюштуруу алардын өнүгүүсүн түшүнүү үчүн абдан маанилүү болуп саналат. Жаш адамдардын жашоо-турмушунун ыңгайын аныктаган жана жаш адамдардын өз ара аракеттенүүсүнүн негизин калыптандырган күнүмдүк маданиятты билүү алардын жүрүм – турумунун кыйла бөлүгүн түшүнүүгө жана алдын алууга мүмкүндүк берет. Бул суроону берүүдө айылдык жаштар менен шаардык жаштардын эс алуусун уюштурууда айырмачылыктар болгондуктан аларды өз алдынча кароо зарыл.

**Диаграмма №2**

**Айылдык жаштардын эс алуусун уюштуруу ыкмалары.**




Жаштардын көпчүлүк бөлүгү бош убактысын үй-бүлөсүндө 62%, достору менен 32% пайызы өткөрөөрү сурамжылоо көрсөттү. Биздин пикирибиз боюнча эс алуунун үй-бүлөдө өтүшүнүн бир четинен маданият жана эс алуу мекемелеринин жоктугу болсо, экинчиси жагынан каржылык каражаттарынын жетишсиздиги болуп саналат. Кыязы үй-бүлөнүн жана достордун арасында эс алуу анча сарптоолорду талап кылбайт. Жаштардын үй-бүлөлүк статусу бош убакытты өткөрүүгө таасирин тийгизет. Алсак, бойдок жана күйөөгө чыга элек респонденттер дээрлик бирдей деңгээлде үй-бүлөдө да, достору менен да өткөрүшөт (тиешелүү түрдө 45% жана 48%), ал эми үй-бүлөсү бар эркектер да, аялдар да көпчүлүгү үй-бүлөсүндө өткөрөт. Салттуу болуп калган социалдык ролдор ээлеген бош убакытты пайдалануунун чөйрөсүн калыптандырууда аял үй-бүлөдө көбүрөөк болот. Эркектер үчүн – үй-бүлө жана достор үчүн көрсөткүчтөр бирдей болуп саналат.

**Гистограмма №2**

**Шаардык жаштардын эс алуусун уюштуруу ыкмалары**



Айыл жаштарынан айырмаланып, борбордун жашоочулары эс алууну өткөрүүнү тандоого мүмкүнчүлүктөрү көп: алар түнкү клубдарга -35,7%, кинотеатрларга -28,6%, театрларга -17,9% барышат.

Баалуулуктардын негизи болуп тигил же бул максатка багытталган ишмердүүлүк катары белгилүү болгон практика эсептелет. Баалуулуктардын булактарын адамдардын аң-сезиминен эмес, социалдык практикадан, коомдук эмгектин натыйжасынан издөө зарыл.

**Диаграмма №3**

**Кыргыз маданиятынын азыркы абалдагы өзгөчөлүгү:**




Респодenttердин пикири боюнча чыгыш маданиятын абдан туурап жаткандыгын 21% белгилеп кетишти. Бул болсо өз учурунда чыгыш маданиятынын кыргыз коомуна тийгизген таасирин айтпаса дагы түшүнүктүү экендигин далилдейт. Ал эми, дээрлик суралгандардын 31,1% пикиринде жаштар чыгыш элинин маданиятын кабыл алышат, бирок ошол эле учурда өзүнүн салт-санааларын кармнышат. Болгону 6,8% сурамжылоочулардын пикиринде азыркы жаштар өздөрүнүн салттарын кармаганга аракет кылышат. Калган 15,8% респонденттердин оюнда жаштардын идеологиясы жок, ал тургай патриоттук сезими дагы жок. Мындай жооп албетте бизди тынчсыздандырбай койбойт. Себеби, жаштардан келечек куралат. Ал эми келечегибиздин өнүгүүсү жаштардын патриоттук аң сезимине жараша болот. Бизди өкүндүргөнү бул болгону 24,7% суралгандардын пикиринде көпчүлүк жаштар өз эли үчүн аң сезимде болушат. Бул жалпы суралган жаштардын 3/1 бөлүгү ушундай пикирде. Калган 0,6% респонденттер бул суроого жооп бере алышкан жок

Ал эми чыгыш маданияты жаштарга кандай таасирин тийгизерин №4 диаграммадагы жооптордон көрсөк болот.

**Диаграмма №4**

**Чыгыш маданиятынын жаштарга тийгизген таасири:**



Жогоруда №4 диаграмма көрсөтүп тургандай суралгандардын 42,8 пайызы бул жарымы десек болот чыгыш маданияты жаштарга терс таасирин тийгизет деп белгилеп кетишти жана 29,3 пайыз сурамжылоочулардын пикиринде бул азыркы ааламдашуу шартында боло турган көрүнүш чыгыш маданияты жаштарга таасирин тийгизет деп белгилеп кетишти. Жаштар арасында индивидуализмдин өнүгүшү менен бирге эле, ошол эле учурда жеке байланыштарга басымдуу ишенүүсүн, советтик доорго чейинки патриархалдык салттарды жандандыруусун жана динге болгон жогорку сый урматын байкашы өзүнчө парадоксту жаратты. Мисалга алсак, эгерде 1991-жылга чейин бардыгы болуп 39 мечит, орус православие чиркөөсүнүн 25 храмы иштесе, ал эми бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматтары боюнча 1648 мечит, 46 православие храмы, анын ичинде 15 протестанттык багытта иштейт. Бардыгы болуп өлкөдө 1800 ислам жана 300 христиан уюмдары иштейт[2]. Секталардын жана ар кандай диний агымдардын так саны эмдигиче белгисиз. Кыргызстанда сатанисттер, Ак Чиркөө, кришнаиттер, Мун чиркөөсү жана башка секталардын өкүлдөрү аракеттенет. Мындан тышкары жашыруун түрдөгү экстремисттик багыттагы Хизб ут-Тахир, Өзбекстандын Ислам кыймылы аракеттенет.

Диндин ролунун жогорулашы өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай респонденттердин 62% биринчи кезекте өздөрүн мусулман катары, *андан кийин гана кыргыз катары* таанышкан. Намазды күнүнө беш маал 15-24 курактагы жаштардын 10% жана 24-34 жаш курактагы жаштардын 16% окушат. Атеисттик көз караштардын диний ар кандай конфессияларга, ар кандай агымдарга алмашуусу жүрүүдө.

Жогоруда айтылган динге берилүүнү жана ишенимди жаштар арасында күчөп жаткандыгын тилекке каршы биздин сурамжылообуз дагы бир ирээт тастыктап кетти. Бул жөнүндө жаштарга мындай суроо берилген: «Акыркы кездерде дин жөнүндө көп сөз кылынууда. Ал эми динге болгон көз карашың кандай?» - деген суроого мындай жооптор алынды:

**Таблица №1**

**Жаштардын динге болгон ишеними:**

| | Жоопторду тизмеси | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | Мен кудайга ишенген адаммын | 52,0 |
| 2 | Мен кудайга ишенем десем болот | 30,8 |
| 3 | Мен кудайга ишенбейм десем болот | 3,7 |
| 4 | Мен кудайга ишенбейм | 5,4 |
| 5 | Мен атеистмин | 3,3 |
| 6 | Жооп бере албайм | 4,8 |
| | Жалпысы | 100,0 |

Манас жаштар ордосунун жана социологиялык изилдөөсү көрсөткөндөй жаштардын биринчи кезектеги баалуулугу бул «эмгек» 18,1%, ошондой эле «адилеттүүлүк» – 22, 8% жана «мекенчилдик» – 22,7%[3] кирет. Изилдөөчүлөрдүн көңүлүн кечээ эле артыкчылыктуу жана «кебелбес» деп эсептелинип, бүгүнкү күнү жаштардын аң сезиминин четинде калган баалуулуктар каралган.

Жекече, адамдын өзүнө мүнөздүү баалуулуктар калыптанып жана иштей баштады –бул болсо өзүнө, өз күчүнө, өз үйүнө, үй-бүлөгө гана ишеним арттыруу дегендик. Жаштардын жигердүүлүгү өзүнүн жеке турмушун ыңгайлаштырууга умтулууларында гана көрүнбөстөн, өз өлкөсү үчүн жоопкерчилик, өз айланасындагы жашоо-турмушту кайра өзгөртүүнү каалагандыгынан да көрүнөт. Жаштар мамлекеттин стратегиялык ресурсу катары саналып, коомдун жана өлкөнүн иш-аракеттеринин жаңы багыттарынын жана чечимдеринин булагы болуп каралат. Андыктан, мамлекет жана улуу муун жүргүзгөн жаштар саясатынан өлкөбүздүн келечеги көз каранды. Өнүккөн, күчтүү мамлекеттердин тарыхый тажрыйбасына кайрылсак, максаттуу жана иреттүү жүргүзүлгөн жаштар саясатынын негизинде карым-катнаштын жаңы түрлөрү ачылып, өнүгүүгө дем берген. Өлкөдөгү социалдык-экономикалык, саясий жактан өзгөрүүлөрдүн оордугу жаштарга өзгөчө таасирин тийгизүүдө. Жаштар маселесин өлкөдө болуп жаткан процесстерден тышкары кароого мүмкүн эмес. Өткөөл мезгилдеги коомчулукта жана мамлекет ичинде болуп жаткан көйгөйлөр: жумушсуздук, билим берүү маселелери, маданият, ден-соолук абалы, жакырчылыктын күч алышы жаштарга да тиешелүү. Биздин мамлекетте жаштар саясаты маданий, спорттук, аскердик иш-чараларды өткөрүү, гезит чыгаруу, майрамдарга арналган концерт өткөрүү менен гана чектелип калат. Булардан улам натыйжалуу жаштар саясатын жүргүзүү керектиги айттырбай эле белгилүү болгондой. Бул көрүнүштү колго албасак, оор кырдаалды алып келмекчи. Айрыкча, мамлекетке жана мамлекеттик мекемелерге болгон ишенич жоголуп, колдоону экстремисттик агымдардан, коомго жат кыймылдардан таап жатышканы ойлондурбай койбойт. Ал эми ички жана тышкы миграция Кыргызстандын демографиясында бир топ эле таасирин тийгизүүдө.

Чындыгында улуттук мамлекет куруу процессинде мааниси жагынан эки түрдүү улут түшүнүгү калыптанып келген. Буларды «жарандыкка негизделген улут» жана «маданиятка же этноско негизделген улут» деп экиге бөлүп кароого болот. Жарандыкка негизделген улут түшүнүгү демократиялык баалуулуктар менен айкалышкандыктан, бул түшүнүктө улут саясатка катышуу укугуна ээ жарандарды түшүндүрөт. Бул түшүнүктө жарандардын маданий же этникалык иденттүүлүктөрү эмес алардын саясий укуктары гана маанилүү болуп эсептелет.

Жогоруда каралган кээ бир маселелердин чечилүү жолдорун табууга негиз болот. Алсак, биринчиден, Кыргызстанда «жарандык иденттүүлүккө тарбиялоо, бекемдөө» маселесин чечүү – жалпы үй-бүлөлүк мамилелер менен катар эле илим жана саясат анын үстүнөн иштеши абзел. Экинчиден, жаштарды патриоттуулукка тарбиялоо үй- бүлөнүн гана максаты катары каралбастан, билим тармагында дагы өзгөчө көңүл буруулусу зарыл.

Адамдын инсан катары калыптанышы өзүн кызыктырган иш аракет чөйрөсүндө өзүнө мүнөздүү болгон касиеттерин жигердүү түрдө көрсөтө билишине же ишке ашырылышына байланыштуу. Ошону менен катар инсан үчүн анын ошол аракетин өзү нарк туткан башка адамдар тарабынан көңүлгө алынышы, колдошу зор мааниге ээ. Инсандын жеке касиеттеринин ишке ашышы коомго пайдалуу, коомго керектүү же коомго каршы, коом тарабынан колдоосуз болуп ар кандай жолдор менен чечилет. Мына ошол себептерден улам жаштардын маданий, этникалык, жарандык идентүүлүгүн аныктап тактоо багытында алгылыктуу иштерди жүргүзүү талап кылынат. Ал үчүн ар бир адам жеке өзүнөн баштап, социалдык институтар өз деңгээлинде иш алып барып, мамлекеттик маанилүү иш чаралар да алынып барылыш мезгилдин талабына айланууда.

Жыйынтыктап айтканда инсандын калыптанууусуна түздөн-түз таасир тийгизген үй-бүлө менен бирге, бул – улуттук өзгөчөлүктөр, баалуулуктар жана каада-салттар эсептелет. Мына ошол себептен улам жаштардын маданий, этникалык, жарандык идентүлүгүн аныктап тактоо багытында алгылыктуу иштерди жүргүзүү талап кылынат. Ал үчүн ар бир адам жеке өзүнөн баштап, социалдык институтар өз деңгээлинде иш алып барып, мамлекеттик маанилүү иш чараларды, реформаларды ишке ашыруу мезгилдин талабына айланууда.

***Адабияттар***

1. Волков, Ю.Г. Социология молодёжи: учебное пособие [Текст] / Ю.Г. Волков, В.И. Добреньков и [др.] / Под ред. проф. Ю.Г. Волкова. – Ростов на / Д.: Феникс, 2001. – 576 с.

2. Жусубалиев А.Р. «Жалпы кыргызстандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү»., // БГУ жарчысы № 3 (26) 2013., 40

3. Кыргызстан жаштарынын заманбап шарттарынын социалдык бейнеси. – Б., 2012.

4. Кыргызстан: ийгиликтүү жаштар-ийгиликтүү өлкө. – Б., 2013.

5. http://shookum.kg/zhashtar-mamlekettin-kelechegi/

6. http://www.stat.kg/

**УДК: 301:15:33**

***К.Ж. Момунова,***
*ОшМУ*

# ЭКОНОМИКАЛЫК ИДЕНТҮҮЛҮКТҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТТЕРИ

*Макалада инсандын өзүн өзү экономикалык субъект катары кабыл алуусунундагы жана баалоосундагы өзгөчөлүктөрү каралган*

*В статье рассматриваются особенности в восприятии и оценке себя как экономического субъекта*

*Article discusses the features in the perception and evaluation of itself as an economic entity*

***Түйүндү түшүнүктөр:*** *экономикалык иденттүүлүк, экономикалык психологиялык статус, экономикалык категориялаштыруу, социалдык-экономикалык адаптация экономикалык иденттештирүү.*

Экономикалык иденттүүлүктүн маңызын түшүнүдө, анын социалдык идентүүлүк менен окшош касиеттери бар экендигин белгилеп кетүү керек. Алар адамдын социалдык топко өзүнүн тиешелүүлүгү бар экендигин түшүнүүдөн баштап, андагы мүчөлүктү баалоо менен байланыштуу инсан үчүн маанилүү болгон кыжаалатчылык. Ошону менен бирге топтун белгилүү объективдүү жана субъективдүү (психологиялык) белгилерине адамдын ээ болуусун да, ошол касиеттерге кошууга болот.

Бирок экономикалык идентүүлүктүн социалдык жана башка идентүүлүктүн түрлөрүнө, анын маңызынын спецификасынын келип чыгуусунун өгөчөлүктөрүн, калыптану жараянын аныктай турган бир катар айырмачылыктары бар. Идентүүлүктүн мындай айырмачылыктары - бул феноменди изилдөөнүн теориялык, эмпирикалык багыттарынын калыптануусуна көмөктөшөт. Экономикалык идентүүлүк инсандын Мен - экономикалык бөлүгү, анын экономикалык аң-сезиминин жыйынтыгы (продукту) катары экономикалык-психологиялык категория болуп саналат. У. Джеймсдин пикири боюнча бул категория экономикалык мамилелер системасында адам өзүнүн абалын барынан мурун инсандын борбордук базанын мамилелерин (менчикке болгон мамилесинин) аныктоонун жыйынтыгы. Менчик – бир учурда адамдын мамилелеринин, анын кубанычты же кайгыны баштан өткөрүүлөрүнүн, үмүттөрүнүн объекти да, жана инсандын калыптануусунун негизи, анын экономикалык субъективдүүлүгү да. Анткени менчик мамилелери адамдардын бай же кедей, эркин же социалдык көз карандыбы аныктай турган жана адамдын экономикалык жүрүм-турумунун жөнгө салып турган маанилүү регулятору болуп эсептелет [1, 2].

Инсанды түшүнүдө алар зор мааниге ээ, себеби мындай мамилелер аркылуу ал өзүнүн ишмердүүлүгү менен башка адамдарга болгон оюн билдире алат. Адамдын менчикке карата мамилеси анын экономикалык идентүүсүнөн өзгөчөлүктөрү анын психологиясында кайта презентацияланат. Адам менчикке карата кылган өзүнүн мамилесин өзү түшүнүүсү индивиддин түшүнүү жүрүмү катары, анын экономикалык иденттүүлүгүнүн калыптануусуна негиз боло алат. Бир тарабынан, менчикке ээ болуунун жана анын объекттерин менчиктөөнүн объективдүү шарттарынын фактына, башка жагынан - өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү (жөндөмдүүлүктөрү, иштиктүү касиеттери), ички күчү жана эрктүүлүк сапаттары. Индивиддин менчик объекттерине ээ болууну объективдүү фактын (объективдүү экономикалык статусу) гана эмес, менчиктин психологиялык чечин орнотуп берген анын "психологиялык талабы" да бул жүрүмдүн маанилүү өзгөчөлүгү, башкача айтканда, экономикалык-Мен болуп саналат. Мындай маанидеги индивиддин менчикке карата мамилеси анын аң-сезиминин маанилүү экономикалык-психологиялык мүнөздөмөсү. Ал инсан сапаттардын атайын жыйыны менен (инсандык иденттүүлүк) өзүн өзү энчилөөдө билинет. Материалдык жыргалчылыктарга ээ болуунун деңгээли баарыдан мурда адамдын экономикалык статусун белгилөө үчүн колдонулат андан соң анын инсандык сапаттарын, инсандын өзүн өзү баалосун аныктайт.

Экономикалык идентешүү – бул бир тарабынан инсандын социалдык жүрүм-турумунун өбөлгөсү, башка жагынан, анын инсандык иденттүүлүгүнүн калыптануусунун негизи. Ошондуктан инсандын экономикалык-Менин инсандык идентүүлүктүн жана экономикалык белгилери боюнча иденттүүлүктүн айкалышуусу катары көрсөтүүгө болот. Демек, кеп инсандын аң-сезиминин алкагындагы экономикалык иденттүүлүк менен инсандык иденттүүлүктүн бири-бирин шарттоочулугу жана бирдейлиги тууралуу болуп жатат. Анда инсандын иденттүүлүк-Мени экономикалык субъект катары башкачалардан айырмалай турган индивидуалдык бөтөнчөлгүн, экономикалык иденттүүлүк – Мен өзүмдү ким менен иденттештирем, кимдин катарына кошом жана өзүмү кандай мүнөздөмөлөрдү берем? – деген суроолорго жооп берет. Ал эми, инсандык иденттүүлүктү инсандын социалдык-экономикалык өзүн өзү презентациялоонун контекстинде кароо зарыл.

Экономикалык иденттүүлүк өзүн өзү жарыялышы боюнча дайыма инсандык идентүүлүктөн келип чыгат. Демек, инсандык иденттүүлүктү адамдын реалдуу экономикалык мамилелер системасында индивидуалдык позицияны уюштура турган принцип, экономикалык субъект катары кароого болот.

Экономикалык иденттүүлүктүн калыптануу жарыянын өзгөчөлүгү иденттүүлүктүн башка түрлөрү, т.а. этностук иденттүүлүктүн бөтөнчө өзгөчөлүгүнүн – себеби, ал "байлар-кедейлер" экономикалык категориялары жөнүндөгү биполярдуу системасындагы түшүнүктөрдүн социалдык категориялаштыруунун (иденттештирүүнүн жана дифференциациялоонун) натыйжасы болгондугунда. Даана көрүнүп турган объектидүү чектери бар калктын "арадагы" экономикалык топтордун бөлүп чыгуу өтө эле татаал. Адамдын мүлктүк статусунун бар болгон объективдүү белгилери (кирешесинин деңгээли, менчик объекттеринин – кыймылсыз мүлк, кымбат баалуу буюмдар ж.б.) ачык көрүнүп турган улуттук, социалдык-экономикалык, маданий, аймактык мүнөзгө ээ. Ал эми реалдуу мүлктүк абалы тууралуу ылайыктуу маалыматты алууга кыйын, кээ бирде ал толугу менен жашыруун болот. Анын үстүнө, менчик ээлеринин топторунун дифференциациялоонун объективдүү критерийлери динамикалуу жана туруксуз. Адамдын кирешелеринин деңгээли коомдун жыргалчылыгынын өсүүсү менен барабар же анын жашоосундагы конкретүү экономикалык же социалдык шарттарга байланыштуу, маселен, туруктуу жашоого башка өлкөгө көчүп кеткен учуру да өзгөрүүсү мүмкүн. Бул көбүнчө аталган белгилердин дифференциацияланган күчүн нивелирдеп, бирдей теңдештирип салат. Ошондуктан, коомдук жана индивидуалдык аң-сезимде адамдардын бай жана кедей топтору жөнүндө белгилүү түшүнүктөр көптүр же аздыр бар болгондугун айтууга болот. Менчик ээлеринин топторунун бир далайы социалдык түшүнүктөрдүн же статистиканын натыйжасы катары көрүнөт. Изилдөөлөрдү көбүнчө "жакырлар", "байлар", "ортодогулар" сымал топторго бөлүп алынат.

Колдонмо изилдөөлөрдө адамдын экономикалык абалынын статусун референти катары адамдын "жыргалчылыгынын деңгээли", "материалдык абалынын деңгээли", "жашоонун сапатынын деңгээли" түшүнүктөрүн интенсивдүү колдонуу экономикалык иденттүүлүктүн феноменин маанилүү белгисине, анын континуалдуулугуна айрыкча көңүл бурулат. Демек, индивиддин иденттүүлүгүн жакырчылыктын жана байлыктын полюстары менен берилген жыргалчылыктын үзгүлтүксүз шкаласындыгы белги катары түшүнүүгө мүмкүн болот. Ошону менен бирге шкала байлык же жакырчылык жөнүндөгү өзүнүн адамдын түшүнүгөн негизделгендиктен, анын калыптануусун көзгө көрүнөрлүк субъективдүү мүнөзгө ээ. Инсандын экономикалык аң-сезиминин базалык компоненти материалдык (атрибуттар), каржылык(жакырчылыктын жана байлыктын чеги) жана психологиялык (максаттар, каражаттар, жетүүнүн себептери, өздүк сапаттар) белгилердин категорияларынын биримдигин мүнөздөй турган адамдын экономикалык жыргалчылыгынын индивидуалдык (субъективдүү) моделин түзөт [3]. Социалдык-экономикалык шарттарды адам бир эле мааниде кабыл албайт. Социалдык-психологиялык көрүнүштөрдүн жанында транформациялангандыктан, алар тандап, дифференциациялап таасирин тийгизет. Мындай маанидеги инсандын экономикалык иденттүүлүгү, анын эң эле маанилүү белгилеринин жана критерийлеринин деңгээли менен түзүмү, алардын иерархиясы чөйрөнүн тышкы социалдык-экономикалык шарттар менен психологиялык факторлордун өз ара аракеттенүүлөрүнүн конкреттүү формалары менен анык болот. Демек, адамдын өзүнүн мүлктүк статусун түшүнүүсү жана өзүнүн реалдуу кирешелеринин чоңдугун субъективдүү баалоосу адамдын объективдүү экономикалык абалын, анын экономикалык координаталарынын ички системасы же жыргалчылыктын субъективдүү шкаласы менен салыштыруу аркылуу гана мүмкүн. Жыргалчылыктын субъективдүү шкаласы адамдын өзүнүн материалдык абалын баалоо үчүн эң маанилүү ориентир (багыт) болуп эле калбастан, эң негизгиси, мындай баалоонун "стандарттарын" аныктап берет.

Кээ бир учурларда инсандын экономикалык-психологиялык статусу адамдын чыныгы мүлктүн абалын гана эмес, анын социалдык-экономикалык үмүттилектерин, күтүүлөрүн көрсөтөт. Инсан өзүнүн экономикалык статусун аныктоодо көбүнчө объективдүү, реалдуу абалына караганда субъективдүү психологиялык критерийлер менен (байлык жана жакырчылык жөнүндө түшүнүктөр, социалдык керектөөлөр, умтулуулар ж.б.) түшүндүрөт. Баалонун стандарттары индивидуалдык түшүнүктөрдүн негизинде гана калыптанбастан, бир кыйла өлчөмдү адам өмүрүн сүргөн социалдык-экономикалык чөйрөсүн өзгөчөлгүнө байланыштуу социалдык-типтүү спецификасын көрсөтөт. Жашоо деңгээлинин стандарттарын социалдык ченемдери калктын түрдүү социалдык-экономикалык топторунун түшүнүгүндө бар. Бул түшүнүктөр өтө зор мааниге ээ. Анткени, калктын мүлктүк дифференциациялоонун чыныгы көрүнүшүн, мүлктүк абалы боюнча коомдун поляризациялоосун (карама-каршылыгын), ошондой эле коомдун өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык тенденцияларын, ошону менен катар өлкөдөгө жагымдуу экономикалык жагдайды мүнөздөйт. Адам “байлар” жана “кедейлер” топторуна категориялаштыруу, аларды бири-бири менен салыштырып, баалоо механизминин жардамы менен менчик ээлеринин тобуна өзүнүн тиешелүүлүгү бар экендигин аныктайт, ага ысым берүү өзүнүн субъективдүү белгилерин кошо эсептейт. Ошентип, ал жыргалчылыктын субъективдүү менен, континуумунда өзүнүн абалын (статусун) белгилейт. Бул принципке ылайык топторду өзүнүкү деп эсептегендер менен башка өзүнүкү катары эсептебеген адамдардын категориялаштырусу жүрөт. Демек, биполярдык баалоо - менчик ээлеринин топторунун сапатарына индивиддин окшоштугунун даражасын билүүнүн ыкмасы. Ал эми анын менчик ээлери жөнүндөгү түшүнүктөрү адамдын жыргалчылыгынын субъективдүү моделин түзөт. Биполярдык шкаланын жардамы менен индивидуалдык субъективдүү шкаланын негизинде бай жана кедей адамдардын топтору менен өзүн салыштыруу инсанды экономикалык идентештирүүнүн алдынкы механизми болуп эсептелет.

Тигил же бул мүлктүн топко таандык экендигин түшүнүү инсандын дифференциациялай турган белгилер жөнүндөгү субъективдүү түшүнүктөрү менен шартталат. Ошол себептен адамдын экономикалык жыргалчылыгынын субъективдүү моделин биполяризациялоосунун даражасы инсандын экономикалык аң-сезиминин маанилүү мүнөздөмөсү болуп эсептелет. Бай менен кедей адамдын баалоосунун биполяризациясынын даражасы субъективдүү шкаланын ченемдүүлүгүн шарттайт жана экономикалык-Мендин күчү сыяктуу индивиддин экономикалык аң-сезиминин мындай параметри менен тыгыз байланышта болот. Ал эми экономикалык-Мендин негизинде өзүнүн атаандашуу жөндөмдүүлүгүн баалоо жатат. Башкача айтканда, экономикалык идентүүлүк үзүнүн жаратылышы боюнча идентүүлүктүн башка түрлөрүнөн өзүнүн субъективдүү (психологиялык) детерминациясынын өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ошону менен бирге инсандын экономикалык идентешүүсүнөн объективдүү (социалдык контексти) жана субъективдүү (психологиялык) факторлорунун ара катышы тууралуу маселени чечүү үчүн сөзсүз эмпирикалык негиз керек. Биполярдуулук принциби экономикалык категориялаштыруунун механизми катары инсандын экономикалык идентүүлүгүн ченөөнүн методикалык ыкмаларын иштеп чыгуу үчүн себеп боло алат.

Бир катар объективдүү белгилери, маселен, кирешенин жана керектөөнүн, материалдык, мүлктүк жыргалчылыктарынын деңгээли, менчик объекттерине ээ болуу боюнча аныктала турган адамдын материалдык абалынын мүнөздөмөсүнө тиешелүү экономикалык идентүүлүк жана инсандын экономикалык статусун экономикалык түшүнүктөрүн категория катары айырмалоо зарыл. Экономикалык идентүүлүк көпчүлүк учурда индивиддин реалдуу экономикалык статусу менен дал келбейт. Тагыраак айтканда экономикалык идентүүлүк көлөмү боюнча экономикалык статусу субъективдүү бааланган декларацияланган идентүүлүк менен бирдей чыкпайт. Ал бир катар себептер менен шартталат.

Биринчиден, экономикалык идентүүлүк менчик ээлеринин белгилүү социалдык-экономикалык тобуна өзүнүн окшоштугун түшүнүүнү (баалоону, сезип кайгырууну же кубанууну жана мамиле кылууну) талап кылат. Бул субъективдүү экономикалык статус экономикалык идентүүлүктүн когнитивдик компоненти экендигин билдирет.

Экинчиден, экономикалык идентүүлүк менен субъективдүү экономикалык статус түшүнүктөрүн дал келиши, белгилүү мүлктүк топко таандык экендигин сезип кубануу же кайгыруу жана ал топко өзүн идентештирген, экономикалык субъект катары социалдык түшүнүктөрдү өзүнө камтыган, экономикалык-психологиялык феномен түрүндө субъективдүү экономикалык статусту жөнсүз түшүндүрүүгө алып келүүсү ыктымал [4].

Мындай маанидеги инсандын субъективдүү экономикалык статусу экономикалык идентүүлүк түшүнүгү менен бирдей болуп эле калбастан, инсандын экономикалык-Мен феноменине да окшошот. Бирок бул феномен инсандын мүлктүк таандыгы жөнүндө түшүнүк гана эмес, индивиддин өзнүн уникалдуулугун же инсандык идентүүлүктү да өзүнө камтыйт.

Үчүнчүдөн, экономикалык идентүүлүк адамдын өзүнүн реалдуу жыргалчылыгын баалого гана таянбастан инсандын экономикалык умтулууларын ылайык көбүраак анын каалаган (күткөн) деңгээлине маани берет. XX -кылымдын 30-жылдары Хайман Г. Адам тең келе турган жашоо стандарттары өзү мүчө болгон топтун багыттары менен эмес эле, өзүн тиешелүү сезген топтун көрсөтмөлөрү менен детерминациялангандыгын белгилеп кеткен. Так ошонун өзүнүн экономикалык идентүүлүк адамдын өзүнүн чыныгы материалдык абалы менен канаатангандыгынын ченемин пайда кылат. Анын белгилүү социалдык-экономикалык топко тийиштүү болуусу субъективдүү экономикалык мүлктүк критерийлер системасын башкалардан бөтөнчө санап бөлүп алуу ыкма катары эсептейт. Материалдык жыргалчылыктар менен канаатангандыгы инсандын белгилүү менчик ээлеринин тобуна таандыгынан келип чыккан башка кубануу же кайгыруу сезимдери менен бирге экономикалык идентүүлүктүн эффективдүү компонентинин индикатору болуп калат. Ошон үчүн материалдык жыргалчылыкты баалоо жана ал менен канаатангандыгы көбүнчө дал келбейт, бирок субъекттин аң-сезиминде бир убакытта боло алат.

Экономикалык иденттүүлүк – бул өзүн топ менен окшоштугун түшүнүү менен бирге, ага баа берүү, ал топтун мүчөлүгүнөн маанилүүлүгүн сезүү. Ал белгилүү позитивдүү(сыймык, өзүн өзү кадырлоо) же карама-каршы (таарынуу, коркуу,- кемсингендик, кысылуу) сезимдеринин бар болуусун талап кылат. Субъективдүү мамилелердин модалдуулугу инсандын өтө зарыл материалдык, социалдык жана рухий керектиктерин канаатангандыгынын даражасынан жана анын коомдогу социалдык статусунан көз каранды.

Инсандын экономикалык жыргалчылыгын чыныгы (реалдуу) көрүнүшүнөн алдыга өтүп кеткен анын экономикалык багытталышы (келечекке багыттануу) экономикалык иденттүүлүктүн өзгөчөлүгү болуп саналат. Бул инсандын күтүүлөрү жана аракеттенүүлөрү менен байланыштуу. Менчик субъектинин жеке чогулган акчаларынын жана материалдык баалуулуктарынын суммасы өскөн сайын, алардын субъективдү маанилүүлүгү жөнүндөгү түшүнүктөр да кошо өзгөрөрү белгилүү. Бул инсандын өзүнүн мүлктүк статусун кайрадан баалоо менен жүрүм-турумдарынын социалдык стандарттарын өзгөрүүгө алып барат. Бай адам кээде жупуну, оор басырыктуу көрүнүүсү, кээ бирде өзүнүн экономикалык элитага таандык экендигин көрсөтүүсү мүмкүн. Анын үстүнө, адамдын турмушунун маанилүү багыттарынын түзүмүнө өзүнүн идеалдуу жыргалчылыгы жөнүнөгү жеке түшүнүктөрдүн кирүүсү, анын материалдык жыргалчылыгынын деңгээлин гана аныктабастан, жашоодогу куралдык (каражаттар) же терминалдык (максаттар) маанисин белгилеп берет. Экономикалык иденттүүлүк этностук иденттүүлүк сыяктуу менчик ээлеринин белгилүү топторуна туруктуу, өзгөрбөй таандык боло бербейт. Башка сөз менен айтканда, индивиддин экономикалык иденттүүлүгүн белгилүү социалдык топтогу өзүнүн мүчөлүгүн өзүнүн активдүү таандоо жарыянын натыйжасы катары. Коом, түшүнүү керек башка адамдар менен болгон экономикалык мамилелер системасында анын индивидуалдык позициясы кайра презентациялаган жана өмүр бою өзгөрүп турган инсандын экономикалык-Мениинин бөлүгү экономикалык иденттүүлүк болуп эсептелет.

Экономикалык иденттүүлүк маданий жана адеп-ахлак салттары менен байланыштуу. Ал белгилүү элдин менталитетинде кадыресе синип калган байлык менен кедейлик жөнүндө түшүнүктөргө негизделет. Ошондуктан, социалдык адилеттүүлүк сезиминин келип чыгуусу менен тыгыз байланыштагы, менчик ээлеринин топторуна өзүнүн таандыгын кубануу же кайгыруу сезиминин адеп-ахлактык аспектин бар болуусун экономикалык иденттүүлүк дайыма талап кылат. Аны инсан өзү түшүнбөөсү мүмкүн.

Экономикалык иденттүүлүктүн аффективдүү компоненти башка адамдардын индивидке кылган мамилелеринин көз карашынан, адеп-ахлак нормаларынын позициясынан өзүнүн мүчөлүктүгүнүн кайгыруу же кубануу сезимдерин камтыйт жана айланадагылар менен социалдык мамилелер системасын түзүүгө таасирин тийгизет. Мисалы, мен-“кедеймин”, бирок ак ниеттүү, ошондуктан айланадагылардын колдоосуна акым бар, мен-“баймын”, демек ишим ийгиликтүүк-саламатмын,ошондуктан айланадагылар менен бөлүшү керекмин.

*Коркуу* - өзгөчө мааниге ээ эмоциялык көрүнүш. Ал адамдын жүрүм-турумуна, аң -сезимине терең таасир этет. Албетте, бул сезимди адам баласы кээ бир учурда гана башынан өткөрөт. Бирок ошентсе да адамдар бул эмоциядан алыс болууну каалашат. *Коркуу* сезими болгондо сөзсүз түрдө сырткы келбет, кандын жүрүшү, үн өзгөрүп ар кандай кыймылдар пайда болот.

Салттуу лингвистикада эмоциялык жана рационалдык көрүнүш - тилдеги бири-бирине карама-каршы келген кубулуш. Тил жана ой салыштырмалуу синхрондуу, ал эми эмоция сөздүн негизги маанисине коннотативдик маанидеги мүнөздү кошумчалап турат.

Лингвистикалык талдоолордун негизинде мындай жыйынтык чыгарууга болот. Тилдик деңгээлде *коркуу* эки типтеги симптомдук туюнтуу аркылуу вербалдашат. Аны төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот.

1 – Адамдын коркууда болгон сырткы жана ички өзгөрүүсүн чагылдырган сөздөр жана сөз айкаштары аркылуу вербалдашат: *кубаруу, бозоруу, калтыроо, кыйкыруу, титирөө, көзү чакчайуу* ж.б.

2 – метафоралык жол аркылуу вербалдашат: *жүрөгү түшүп калуу, жүрөгү алкымына келүү.*

Кыргыз тилинде бул эмоциянын номинанты катары *коркуу, чочуу, жүрөгү түшүп калуу* деген синоним сөздөр менен колдонулат.

“Манас” эпосундагы коркуу сезимин туюндурган сөздөрдү төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот: а) коркуу эмоциясынын адамдын жүрүм-турумуна тийгизген таасири; б) эр жүрөктүүлүктүн карама-каршысы; в) өлүм жана коркуунун айкалышы; г) коркуу сезиминен чыгуу; д) коркуунун тарбиялоочулук функциясы.

«Манас» эпосунда коркуу эмоциясынын физиологиялык, мимикалык жана жүрүм-турумдук номинациясы арбын камтылган. Алардын текст ичинде вербализацияланышы стилистикалык ыкмалар, лексика - фразеологиялык бирдиктер, физиологиялык белгилерди сүрөттөгөн маанидеги лексемалар аркылуу ишке ашат.

**Коркуу.** Чочуу, жалтануу, кооптонуу, жүрөгү жок, кайратсыз болуу түшүнүгүн берет [КТС2: 21]: *«Барсаң, барсаң, барсаң!» - деп, Кайраттуунун баарысын. Баралбады баарысы, өңүнөн чыгып сарысы, Камалып коркуп токтолду* [СО: 179], же: *Акылы кетип аз болуп, Коркуп өңү саз болуп* [СО: 1041], - деп коркуу эмоциясын коштоп жүргөн адамдын жүзүндөгү өзгөрүүлөр жана аларды чагылдыруучу ымдоо-жаңсоо белгилер эпосто манасчы тарабынан ийине жеткирилип сүрөттөлгөн. Мында *өңдүн саргарышы, өңү саз болуу* деген бейвербалдык каражатты аркылуу туюндурулуп жатат. Же болбосо: *«өлөбүз!»-деп, өкүрүп, өткөн ишке өкүнүп, Үйүн кармап чеп кылып, Арбып кетип алтайлык, «Айрылдык кара жандан!»-деп, Аманат жандан шек кылып* [СО: 71]. өкүрүү, ыйлоо, көзүнө жаш алуу жана башка лексемалар менен бейвербалдык каражаттар, башкача айтканда, фонациялык элементтер коштоп, коркуу сезимин билдирип жатат. Андан сырткары *коркуу* сезимин тилибизде башка лексемалар менен да берилет.

***Жалтануу*** – жазганып башты булкуп алуу, жалт берүү, чочуп селт этүү, тик карай албоо жалтаңдоо [КТС1: 485]: *Алманбеттен жалтанып, Ата уулулар кол салбай, Алдырашып калыптыр* [СО: 1034]. Дагы бир экинчи маанисинде, жазганчаак, тартынчаак, коркок, ийменчээк, жалтаң, тике багынып карай албоо, тайсалдоо, жалтайлоо деген кыймыл-аракетинин, мимкасынын бейвербалдык каражаттары аркылуу берилиши [КТС1: 485]: *Алтайга кабар бер-деди, Жалтанып жатып калбасын* [СО: 177].

***Жалтаюу*** – жазгануу, ийменүү, тартынуу, жалтактап чечкиндүү боло албоо, тайсалдоо, жалтаңдоо [КТС1: 484]: *Бири эмес баарысы, Жашы менен карысы, Жалпы аламан аттансын, Жалтайып жатып албасын. Жалтанамын-деп, туруп, Жаман ишке калбасын* [СО: 177].

***Сороюу*** – уркуюп, сорогой тартып чыгып туруу [КТС2: 445], корккондунан сестенип, денесин кайда катаарын билбей, өзүн ыңгайсыз сезип, кирээрге ийин таппай турган абал: *Марттык балбан баш болуп, Колду көрүп короюп, Коркуп турду сороюп* [СО: 253].

***Жалпаюу*** - *Жалпы аламан аттансын, Жалпайып жатып албасын. Жалтанамын-деп, туруп, Жаман ишке калбасын* [СК: 176].

***Кылчайбастан жүгүрүү*** **-** мойнун буруп, артын карабай чуркоо, корккондунан артты караганга да, чамасы келбей, коркуп, жанын ала качуу [КТС2: 173], *Кылчайбастан жүгүрүп, Кыстоо түшүп башына, Кыйла жандан түңүлүп* [СК: 853].

**Кылчактоо** – улам-улам арт жагына карануу, кылчактоо [КТС2: 172], бирөөдөн корккондунан качып баратканда, алысбы же, жакындабы куугун билиш үчүн тынчсызданып, артына улам карап баруу: *Аркасын карап кылчыктап, Коңурбай качып калган кез экен* [СК: 842 ].

***Жапыстоо*** – бийиктиги жагынан ортодон төмөн, жапыс, ылдый, эңкейүү маанисин берет. Коркондо, жалтактап качып жөнөгөндө кейкейбестен жерге эңилип ылдыйлоо ишааралы: Алтайлык качып ар жакка, *жапыстап* кетип баратат [СО: 73].

***Каарына тура албоо*** – жанына жакын жолой албай, коркуп, сестенип качуу: *Алманбет баскан жол жагын , Ача берди казактар, Каарына тура албай, Кача берди казактар* [СО: 1034].

***Такат кылып тура албоо*** – туруштук, чыдамдуулук кыла албоо, тынчы кетүү, коруу, корунуу ж.б. маанилерин билдирет [КТС2: 490], *Арстан эрди көргөндө өлүм келди оюна, Такат кылып тура албай, Калтырак кирди оюна* [СО: 231].

***Жалдыроо*** – адам корккондунан жалдырап карап калуусу, эси оогондой шалдайып максатсыз карап отура берүү, кыймылсыз бир нерсени тиктеп калуу кинемасы аркылуу ишке ашат. Мисалы: Карап алып бир-бирин, *Жалдырашып калыптыр* [СО: 1035].

***Калтыроо*** – корккондо, ачуусу келгенде ж.б. учурда токтоно албай денеси титирөө, калч-калч этүү [СО: 756]. *Кытайдын алпы Мадыкан Күндөй болуп күркүрөп, Уккан киши калтырап, Бүткөн бою дүркүрөп, Качырып калды Манасты* [СК: 756]. Же: *Мандикердин баарысы, Бая Басаңдан коркуп калтылдап. Байкуш бай муну билбеген, Барып калды салпылдап* [СО: 86]. *Айбаты катуу заары күч арстан эрди көргөндө, өлүм келди оюна, Калтырак кирди боюна* [СО: 231].

***Алдыроо*** – корккон кезде өзүнүн кыймыл-аракетин башкара албай, эмне кыларын билбей шашып калган, өзүн жоготуп койгон абал [КТС1: 99], *мисалы: Алманбеттен жалтанып, Ата уулулар кол салбай, Алдырашып калыптыр* [СО: 1034].

***Сексейүү*** – *Аттын коюп жалына, Кайра чаап эр Манас Сексенине барганы, Сексейишип сексени Манаска көзүн салганы* [СО: 130].

***Далдыра*** – эмне кыларын билбей калуу, дал болуу, шалдаюу, эси чыгып, дендароо болуп корккондогу эмоционалдык абал. *Акылы кетип далдырап, Араң кетип баратат* [СК: 805].

***Делдейүү*** – *эмне кыларын билбей далдырап түшүү, селейип, жалдырап туруп калуу*, корккондунан далдайып, серейип, соксоюп туруп калган дененин кыймылы: *Ашталы балбан баш болуп, Кырылып түштү сегиз жан. Сегизи өлүп селдейди, Баатырлар коркуп делдейди* [СО: 219].

***Далаюу*** – *"Кайда кеткен каныбыз? Мынча келген көп аскер, Калбайт ко тирүү жаныбыз!" Капырдын баары далайып, Карап турду шалдайып* [СО:200].

***Шалдаюу*** – Тарбанга тийип тарбайып, өлдү бирөө далбайып, өзгөлөрү катылбай, Кетти - деди шалдайып [СК: 189].

***Селдейүү*** – апкаарып, калтаарып же эси оой түшкөндө, таң калганда, өзүн жоготуп койгон учурда ж.б. кыймылсыз делдейип туруп калуу [КТС 2:428]: *Корккондунан селдейип, оозунан кеби түштү дейт* [СК: 509].

***Орою чочуу*** – бети, жүзүнүн корккон, чочугандай, корунгандай абалга келиши [КТС2: 329]: *Орго салган он төртүн, Олорду аман алыптыр. Ороого кирген айкуштар Орою чочуп калыптыр* [СО: 239].

***Дүргүү*** – *дүрбөө, дүрбөлөң түшүү, жапырт жөнөө* [КТС1: 447], кыймыл- аракеттери адам корккон кезде, күтүүсүздөн кол салганда же жаман кабар укканда ызы-чуу түшүүсүн ушул лексема аркылуу тилибизде ишке ашат. *Дүргүү* баш-аламанга түшүү, качуу, кым-куут болуу, чак-чалекей түшүү, *баш көргөндү көз көрбөйт* деген маанини билдирип турат: *Бабаң: «Кепти ук -деди, Мына ушундай кылыңар, Баарың ылдам чык!» - деди. Айтканын угуп дүргүшүп, Коркоктору мүргүшүп, Забар зындан барганы* [СО: 173].

***Дүрбөө*** – *Кандай кабар алышты, Калайык дүрбөп калышты, Жеркендеги түркке Жетип кабар салышты* [СО: 176].

***Чочуу** – Чочуп кетип Ажыбай, Жетип келди дыр коюп* [СК: 805].

***Дүүлүгүү*** – ар кандай таасирге учуроонун натыйжасына денеде ачыштыргандай, тызылдаткандай, ысып чыккандай сезим пайда болуусу [КТС1: 448], корккондо адамдын ички ой-туюмунан сырткары дене да бейвербалдык каражат болгон дененин калтыроосу, титирөөсү коштолоору бышык: *«Эй, калайык!»-деп, айтат Түрктөн катын туубайбы? «Бир катыны тууду»-деп, Дүүлүксөм кудай урбайбы!* [СО: 77].

***Элирүү*** – коркконунан да чочуганынан да эч нерсеге карабай, энтиге кыймылдашы: *Эси чыгып калмактан Элиргенин билбедим, Же коркуп калып калмактан Коруганын билбедим* [СО: 66].

***Апкааруу*** – корккондо шашылып эмне кылаарды, эмне дээрди билбей аптыгуу, сөз келбей, сөз таппай сүйлөй албай калуу [КТС1: 126], *Айбатына баатырдын Апкаарыша калышып* [СО: 1024]. *Аяр деп койсо апкаарып мынча коркуп турдуңар!* [СО: 256]. *«Эми бир айтып бергин?»- деп, Алмамбет антип сурады, Ата уулунун баарысы Апкаарышкан убагы* [СО: 1026].

***Титирөө –*** майда калтырак басуу, дирилдөө абалы [КТС2: 556] коркконabалды туюндурган дене кыймылы болуп саналат: *Титиретти журтту, Тикирейип мурутту, Эшикти тосуп альптыр, Каарын жүзгө толтуруп, Жүүртө басып олтуруп* [СО: 1051].

***Калчылдоо*** – коркконунан калч-калч этүү, калтыроо: *өжөрлөрү калчылдап, өтүмдүүнүн баарысы, өрттөй көзү жалтылдап* [СО: 222].

***Мүргүү*** – сүрдүгүү, мүдүрүлүү, тайгылуу, коркконунан, чочуганынан жүдөй түшүү, чалынуу, илең-салаң абалда болуу: *Баарың ылдам чык!-деди. Айтканын угуп дүргүшүп, Коркоктору мүргүшүп, Забар зындан барганы* [СО: 173].

***Дүргүү*** – Кытайдын баары дүргүшүп, Коркоктору мүргүшүп, Алтымыш миң аскери Айгай салып та-талап [СК: 161].

***Энтелөө, энтеңдөө –*** абдан шашкалактап энтигүү, чый-пыйы чыгуу [КТС2: 853], корккондо адам шашакалактап, энтелеп калуусу. Мисалы: *Дөөдүр барды энтеңдеп, Эр Манастан келтек жеп, өкүргөндөн бакырып, өкүрүгү таш жарып* [СК: 205], же: *Энтелеңдеп дүрбөшүп, Алапайын табалбай* [СК: 198].

***Акылы качуу*** – коркконунан эмне сүйлөөрүн билбей, оозунан кеби түшүү, сүйлөөр сөзүн таппай, алактап калуу: *Акыл качып алдырап, тил байланып жалдырап, Мууну кетип шалдырап, Жашын төгүп койнунуна* [СО: 1054].

***Далысы куушурулуу*** – адамда коркуу сезими болгондо далысын куушурултуп, өзүн ыңгайсыз абалга түшкөнүн билдирип коюучу дененин кыймылы болуп саналат. Аны чыгармаларда же, оозеки сүйлөө кебибизде *далысы куушурулду* деген сөз айкашы менен беребиз. *өлөбүз – деп, баарысы, Куушурулду далысы, Куп жүдөдү баарысы* [СО: 1052].

***Дүңкүйүү*** – жондонгон, дүңкүйгөн көрүнүштө болуу [КТС1: 445], [СО: 1034], коркуп, кысынып, айласы куруп, амалсыз турган мезгилде башы бир аз эңкейиңки абалда болуп, далысы чыгып калуу бейвербалдык кыймыл-аракети менен коштолот: *Түрк уругу барсыңбы!? Баарың дүнкүйүп жатып алдыңбы?! Байгур уулу барсыңбы, Баарың баш көтөрбөй калдыңбы?!* [СО: 65].

***Кусуу*** – ичкен-жегенин кайра оозунан чыгарып окшуп таштоо [КТС2: 115], чындыгында коркуу сезими болгондо, ар бир адамдын ар кандай реакциялык абалы болот, ошонун кээ бир учурларында ушундай абалга да келет: *Түрүн Манас бузуптур, жүрөк чочуп кырк баатыр, Түгү калбай кусуптур* [СО: 1052]. Же: *Ал мүнөзүн көргөндөр, Үч күн үйдө кусуучу, Жүдөп болуп алуучу, Жүрөгү чыгып калуучу* [СО: 1051].

***Окшуу*** – кусуп жибере турган болуп жүрөгү айлануу [КТС1: 304], Күтүүсүз жерден катуу коркуп кеткенде, жүрөгү кабынан чыкчуудай болуп катуу согуп, жүрөгүнө келип тыгылып, дал болуу эмоционалдык абалга түшкөнүн күчөтүү аркылуу тилдик каражат менен берилиши: *Баркыраган доошу Тай чабым жерден угулду, Олтурат элем үйүмдө, Окшуп келип жүрөгүм, Оозума келип тыгылды* [СО: 37].

***Айласы кетүү*** – эч амалын таба албоо, аргасы түгөнүү, кыйын абалда калуу, эмне кылаарын билбей абдан кыжалат болуу. Корккон кишинин өтө кыйын абалда калганда алаңдап, көздөрү жалдырап, эки алаканын жайып олтуруп калганы [КТС1: 87] : *Алакөөдөн Коңурбай, Айласы кетти бир далай* [СК: 898].

***Үшү кетүү –*** катуу коркуп жүрөк заада болуу, абдан мүңкүрөгөн, үрөйү учуп абдан корккон абалда болуу [КТС1: 674]. *Түрүн көрүп баланын, Үшү кетип калганы. Канчырынан кан тамган, Караса көздөн от жанган* [СО: 209]. Же: *Улуксунган Актемир, Ушу жерде көрдү Жакыпты, Үшү кетти Канынын, Тынчы кетти жанынын* [СО: 1118].

***Мууну кетүү*** – кээ бир учурларда, мууну бошоо, мууну калтыроо деген синонимдик сөз айкаштары менен да алмаштырылып колдонулуп келет, муун деген деген сөз бул жерде - каруу, күч, кубат маанисинде келип, корккондо адамдын муунундагы каруу-күчү кетип, алсызданып, дендароо боло түшкөндөгү абалы: *Акылы качты алырап, Мууну кетип шалдырап, Жашын төгүп койнуна, өлүмдү алып мойнуна* [СО: 1052].

***Сабылуу*** – аябай жан далбастап аракет кылуу, умтулуу, тырышуу, жан соогалоо, үшү кетип, коркуп турган же өлүм коркунучу турган адамдын эмоционалдык абалында дененин, колу-буттун кыймыл-аракети активдүү болот: *Кыяз турду сабылып, Канчорого жалынып* [СО: 204].

***Өйдө-төмөн түйлөө*** – жогору, ылдый баса берүү, жогору чыгып, ылдый түшө берүү [КТС2: 345], корккондо алаңдап, бир орундунда тура албоо кинемасы тынчсыздануунну, сабыры түгөнүүнүн,айласы кеткендикти билдирет. *Коркуп жүрүп ыйладым, өйдөтөмөн түйладым* [СК: 615].

***Өйдө-төмөн жүгүрүү*** – тынчы кетип, коркуп, ары-бери, жогору-ылдый баса берүү, бир орундукта тура албоо: *өөдө-төмөн жүгүрүп, өрттөнгөн дүйнө оңбой кал, өмөлөп кытай келгенде, өлөм-деп жандан түңүлүп* [СК: 892].

***Уйгу-туйгу жүгүрүү*** – баш аламан, бир калыпта эмес, өйдө-ылдый, уюлгуган сыяктуу [КТС2: 637], адам корккон кезде да шашкалактап, эмне кылаарын билбей дендароо боло түшкөндөгү абал: *Уйгу-туйгу жүгүрүп, «Кырып иер бекен»-деп, Кызыталак жандан түңүлүп* [СК: 346].

***Жалынуу*** – жалбарып, жан дили менен абдан суранүу, жалдырап өтүнүү, кимдир бирөөдөн корккондо, жан соогалаганда, ырайым күткөндө сурангaнда жалынат. Анда, муңкангандай доош чыгып, кебетеси да аянычтуу абалда болуп, бүрүшкөн, корунган кыймыл-аракет коштойт. *Заарынан коруп чоронун, Кыяз турду сабылып, Канчорого жалынып* [СО: 204].

***Эмне кылаарын биле албай калуу*** **–** корконунан кайсактап, эмне кылаарын билбей, психологиялык жактан өзүнүн баскан-турган абалына жооп бере албай, денеси, колу-буту чар-жайыт кыймылга келип, дал болуп калаган абалы. *Алдырай түштү калмактар, Не кыларын биле* албай [СК: 798].

***Батына албоо*** – *батын* этишинин терс формасы, батын-кайра тартпаган, өтүмдүүлүгүн көрсөткөн мамиле жасоо[КТС1: 230], тартынбоо дегенди билдирсе, батына албоо тескерисинче мококтугун, корконунан эч нерсеге даай албай , адамдын колу буту, денеси кыймылга келбей туруп калган абалы: *Кор башысы Актаяк, Коркуп алар жан аяп, Батына албай тарады* [СО: 1101].

***Айбатына чыдабоо*** – *айбат* - бирөөнүн кол салышына, өкүмдүк, зордук кылышына каршы көрсөтүлгөн кайрат, каршылык [КТС1: 50], сүрдүү, айбаты күчтүү, каардуу, ачуулуу адамдын жанына жолой албоо: *Аны айтып акырып, Ат койду Манас бакырып, айбатына чыдабай, Канкус тоону бет алып, Качып Жолой калыптыр* [СО: 143].

***Чочуу*** – коркуп селт эте түшүү, кооптонуу [КТС2: 738], *Чоң балекет келиптир, чочуп келди жаным-деп* [СО: 1110]. Же: *Каарданып кабылан, Калайыкты чочутуп* [СК: 407]. *Душман болду кумдан мол, Чочуду биздин жаныбыз* [СО: 201].

***Ыргып туруу*** – адам күтүүсүз нерсе, окуя болгондо, катуу үн чыкканда, күтүүсүз кабар укканда корконунан отурган ордунан ыргып тура калат же денесинин селт этип, ыргып барып кайра калыбына келиши. Бул эмоционалдык абал дене кыймылы аркылуу берилет: *Жакып мындай дегенде, Безгек сайган эмедей, Ыргып кетти эр Манас: «Кокуй, ата, не дейсиң?!»* [СК: 255]. *Же: Айза менен сайгандай, Ыргып туруп ордунан, Кылыч алып колуна, Кыйкырып турду кан Манас* [СК: 769].

***Шашуу*** – апкаарып, эмне кыларын билбей шашкалактап калуу, оңтойсуздана түшүү, шаштысы кетүү [КТС2: 786], *Коң төрө, Жолой баш болуп, Коркуп жаны шашкан-деп* [СО: 1054].

***Качуу*** – жеткирбөө, алыстап кетүү, кутулуу үчүн аракет кылып жүгүрүү, карматпоонун аракетин кылуу [КТС1: 809]: *Чабдарга камчы салыптыр, Чарк айланып көп колун, Айлана качып калыптыр* [СО: 100].

***Антаңдоо*** – карбаластап, эмне кылаарын билбей корконунан шашкалактап, шаштысы кетип энтелеңдөө, кыйынчылык тартып чабалактоо, эси эки болуп кыйналуу [КТС2: 786]: *Кызыталак Алакөө Көргөн экен бирди - деп, Көп аскер тилдеп шалпылдап, Качып-үркүп антаңдап* [СК: 414].

Пикир алышууда бейвербалдык каражат катары саналган үндүн чыгышына да көңүл буруу керек. Кептеги үндүн бийиктиги, тембри ритмика-интонациялык жалпы аталышы *просодика* деп аталат.

Просодикалык жана экстралингвистикалык каражаттар кеп агымын тиешелүү белгилер менен камсыз кылып турат. Алар кептик айтымда тилдик каражаттардын ордуна колдонулуп, ар кандай эмоцияны чагылдыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Анткени адам баласынын ички сезиминде, ой-туюмунда болуп жаткан нерселер анын үнүнө, кебинин ылдамдыгына таасир этип, угуучуга ал жөнүндө маалымат берет. Ал эми жазууда алар тиешелүү сөз каражаттары менен чагылдырылып берилет. Алсак, манасчылар «Манас» эпосунда коркуудан улам пайда болгон просодикалык каражаттарды көркөм таасирдүү сөздөр менен бере алганын көрөбүз.

***Ый, ыйлоо*** – коркуунун эң бир жеткен чеги катары ыйлоо же, үнүн чыгарып зарлоо болуп саналат. Бул фонациялык бейвербалдык аркылуу адам өзүн алсыз, жанын кыйналгандыгын билдирет: *Эне-атасын кыйраткан, Кыжылдаган кытайдын Кыз-катынын ыйлаткан* [СО: 321].

***Чыңыруу*** – абдан катуу, ачуу ичке үн чыгаруу, ушундай үн чыгарып ыйлоо [КТС2: 762], чочуп, коркуп, же алсыз болуп турганда, ал сезимди фонациялык каражаттар аркылуу берилиши: *Чыңырды бала ордогу, Кошойдон коркуп шордоду* [СК: 164].

***Боздоо*** – буркурап муңдуу ыйлоо, муңкануу, зарлап какшоо, [КТС1: 291], корконунан, жалынып-жалбарып, боздоп, сыздоо: *Тизеси жерге бүгүлүп, Тилеп турду жүгүнүп, Ыйлап турду буркурап, өкүрүп-өксөп даңгырап* [СК: 803].

***Буркуроо*** – *Баары басты буркурап, Тизеси жерге бүгүлүп, Кытайча чокунуп, жүгүнүп, Алмамбеттин алдына Таазим кылды чуркурап* [СК: 656].

***Чуркуроо*** **–** чурулдап жалпы, жапырт үн чыгаруу бул фонациялык үн каражаты аркылуу, адамдын коркуу сезимин туюндурат, ызы-чууга түшүп, баш-аламан болуп, чуу көтөрүлүп кеткен учурду көрсөтөт: *Айгай кулак тундуруп, өкүрүгү таш жарат! Жүрөгүндөдө чаң буркурап, Эсенкандын көп аскер, өлөң айтып чуркурап* [СК: 227].

***Жашуу*** – мууну бошоп ыйлагысы келүү, зээни кейүүдөн, корккондон, карпа болгондон мууну бошоп кетүү, ыйлап жибере жаздоо, көзүнө жаш алуу [КТС1: 531]: *Каны суудай ташыды, Каракан түшүп эсине, Калың журттар жашыды, Кара калмак манжуу журт, Каарын салып узду алды* [СК: 25].

***Тили байлануу*** – корконунан кеп сөзгө келе албоо, сүйлөй албай абдырап, сөз таппай калуу: *Акылы качып алдырап, Тил байланып жалдырап, Жашын төгүп койнуна* [СО: 1052].

***Мукактануу*** – сөз айтайын деп айта албай токтоп калуу, шар сүйлөп кете албоо [КТС2: 125]. *Муну айтып бай Жакып мукактанып турады. «Мырдар атыңды бат айт» -деп, Булар күчөп сурады. Жакып атын жашырып, «Бердике деген мен –деди* [СО: 112].

***Апкааруу*** – корккондо, шашылганда же сүрдөп калганда эмне кыларды, эмне дээрди билбей аптыгуу, сөз келбей, соз таппай сүйлөй албай калуу: *Аман эсен Жуда –деп, Апкаарышып жаш балдар «Манас козу сойду» -деп, Калп айтышты булар –деп* [СО: 55].

***Сөздү айтууга тили келбөө*** – тили кырмөөгө алы жок, алдастап, эмне дээрин билбей, корккон абалда калуу: *Сиз түшкөн соң чантууга, Тил келбей сөздү айтууга, Кайрат кылдык өлмөккө, бул дүйнөдөн кайтууга* [СО: 223].

***Жашка жуулуу*** – *Баркырады, ыйлады, Акылы кетти башынан, Алды жуулду жашынан* [СО: 110].

***Бирин-бири кучактоо*** – аябай катуу коркуу сезими болгондо жаныңдагы адамды бек кучактоо, кармоо, бири-бирин кучактап калуу кыймыл- аракети аркылуу өтө катуу коркуп жаткан сезими туюнтулуп жатат*: өжөрлөрү калчылдап, өтүмдүүнүн баарысы өрттөй көзү жалтылдап, Кайгайлашып кытайлар, Бирин-бири кучактап* [СО: 222].

Эпосто берилген психологиялык *коркуу* абалынын бейвербалдык каражаттарын төмөнкүдөй топтоштурууга болот:

1) Беттин, жүздүн ымдоолору, өңдүн, түстүн өзгөрүшү (мимика) – *чочуу, айбыгуу, жалдыроо, абдыроо, нес болуу, ыйлоо, делдеңдөө, саргаруу, бозоруу, саз болуу.* ж.б.

***Өңү кубаруу*** – корккон мезгилде адамдын өңү өзгөрүлүп, ички эмоциясын билгизип, дененин, колу-буттун кыймыл-аракети да ой-пикирин коштоп турат жана ошого параллелдүү түрдө адамдын өң-түсү да өзгөрөт. Башкача айтканда, өңү кубарганда адамдын бир нерсеге корконун же жагымсыз нерсе болгонун айттырбай билинет. *Үзөңгүдөн бут тайып, Ээрден көчүк булайтып, Кубарып өңү суюлуп, Эки беттен аккан жаш, Акырек ылдый куюлуп* [СК: 189].

***Сумсаюу*** – сусдануу, кейиште болуп томсоруу [КТС: 458], корккондон эмне кылаарын билбей, кабагы түшүп отуруп калган мимикалык кыймыл болуп саналат: *Баягы турган жигиттер, Баары коркту сумсайып. " Сумсайбаңар, баатыр – деп", Буларга мен сонунду кылам акыр-деп, Кырк беш төө жүк экен, Олжо кылам такыр – деп* [СО: 788].

***Түрүн бузуу*** – кебете-кейпи, өң-түстүн корккон абалдагы өзгөрүлүүсү, бозорушу, карарышы ж.б.: *Түрүн Манас бузуптур, Жүрөк чочуп кырк баатыр Түгү калбай кусуптур.*

***Өңү саз болуу*** – бир нерсеге катуу кыжаалат болуп, корконго, терең ойго баткан кезде, жаны кыйналып турганда, акылы качып, эмне кылаар айласын таппай, алаңдап калган кезде, өңү өзгөрүлүп кир сары тартып калганда тилдик каражатыбыз аркылуу берилиши: *Акылы кетип аз болуп, Карккону-нан Алмаңдан, Коркурап куру мас болуп* [СО: 1041].

***Сестейүү*** – коркуп, чочуп, элейип туруп калуу: *Эмне болуп кетти? –деп, Сестейип эл дал болду* [СК: 599].

Баштын кыймылы – *тескери кароо же башын тескери багып кетүү, эки жагын карануу, башын чайкоо* ж.б:

***Баш чайкоо*** – бир нерсеге абдан өкүнүп, коркуп турган мааниде колдонулат: *Калмактардан кан Жолой Башын чайкап күйүнүп. «Кармаса кыргын салат»-деп, Кайран жандан түңүлүп* [СК: 152].

***Баш көтөрбөй калуу*** –баш ийип, жүгүнүү кыймыл аракети, адам корккон кезде, жалтанганда да каалсаң да, каалабасаң да дене мүчөлөрү ийилип, баш жерге карата шылкыйган абалда болуп, аркасы бүкүрөйгөн абал аткарылат, бул кыймыл аракети түз маанисинде да , өтмө маанисинде да бир түшүнүк берип, багынуу, коркуу дегендикти байкатып турат: *Түрк уругу барсыңбы!? Баарың дүңкүйүп жатып алдыңбы?! Байгур уулу барсыңбы, Баарың баш көтөрбөй калдыңбы?!* [СО: 65].

2) Колдун жаңсоолору, ишааратттары (мануалдык) – *колу менен калкалануу,*

Дененин кыймылы, абалы (корпорация) – *калдаюуу, качуу, козголуу, обдулуу, титирөө, калчылдоо, жүгүнүү.*

***Жүгүнүү*** – кошомат кылуу, жагынуу, кечирим суроо, бөйпөңдөө, баш ийип кулдук кылуу [КТС: 599], коркуу эмоционалдык абалынын аша чаап берилиши: *Жан соогалап баарысы, Жаш-карысы жүгүнүп* [СК: 201]. *Тизеси жерге бүгүлүп, Кытайча чокунуп, жүгүнүп, Алмамбеттин алдына Таазим кылды чуркурап* [СК: 656]. *Көөдөндө ысык жаны бар, Бирөө кирди сороюп Ордо толгон көп кытай Дүргүп тура калышты, Баарылары жүгүнүп, Таазим кылып салышты. Карылардын баарысы Тизелери бүгүлүп Кайраты жок жамандар Кытайлардын астына Келин болуп жүгүнүп* [СО: 26].

***Бою дүркүрөө*** – бул сөз айкашы аркылуу дененин, бойдун корккон, чочуган кезде дүр дей түшүүсү: *Кудай бетин көрсөтпө, Мурундун баары бүлүнүп, Кулактын баары кулжуюп, Тарсылдактан жулунуп, Туш-тушунан көргөндө, Пенденин бою дүркүрөп* [СК: 187] . *Же, Коңурбай келет артынан, Күндөй болуп күркүрөп, Көрүп турду Алмамбет, үткөн бою дүркүрөп* [СК: 682].

***Бою калтыроо*** – коркуу сезими болгондо денисин калтырак басуусу, *Кыраан Манас барганы, Карап алып катыны. Кара бою калтырап, Коркуу кирди акыры* [СО: 230].

***Кылчылдоо*** – *Бети-башы тырышып, Кылчылдап кытай турганда, Алмамбет, Сыргак аты уйкаш, Аянбай салды согушту* [СК: 693].

3) Үндүн өзгөрүлүшү (фонация) – *кыйкыруу, бакыруу, акыруу, айкыруу, апкааруу*

4) Ооздун кыймылы - *жутунуу, оозун ачуу,*

5) Көздүн кыймылы (окулесика) – *чекчейүү, көзү жалтылдоо, көзү алактоо, көзү кылайуу* ж.б.

***Көзү жалтылдоо*** – корконунан ыйлагысы келүү, жашып кетүү, айла-амал таппай, жардам суроо: *өтүмдүүнүн баарысы өрттөй көзү жалтылдап, Кара жашы буурчактап* [СК: 222].

***Көзү алактоо*** – көзүнүн кареги чоңоюп, чаарынан чыгып кетчүдөй болуп, алаңдап калуу, корконунан, шашып, көзү тоголок боло түшүү: *Ач бөрүдөй алышып, Арманы жок салышып, Кол сындырып шалактап, Бут сындырып салактап, Коркокотун көзү алактап* [СО: 1114].

***Көзү кылаюу*** – *Эки көзү кылайып, өлө турган эмедей, Акырайып алайып, Ары –бери темтейип, Туйлап жаткан андан көп* [СО: 663].

6) Буттун кыймылы – *буту калтыроо, тизе бүгүү* ж.б.

***Тизеси бүгүлүү*** – бутту тизеден бүгүп, ныгырып олтуруу багынуу, баш ийүү, коркуу [КТС2: 543], *«Жаным калар бекен»-деп, Энтелеңдеп тоо байлап, Качкан кыргыз мындан көп. Каарылардын баарысы Тизелери бүгүлүп, Кайраты жок жамандар, Кытайлардын астына, Келин болуп жүгүнүп* [СК: 41]. *Тизеси жерге бүгүлүп, Кытайча чокунуп, жүгүнүп, Алмамбеттин алдына Таазим кылды чуркурап* [СК: 656].

***Буту салактоо*** – аябай эси чыгып коркондо, дарманы кетип, мууну бошошкон абал: *Билегинен сап кетти, Жүрөгүнөн кап кетти, Айтып коюп ал кетти, Көзү кетти алактап, Буту кетти салактап* [СК: 255].

***Бүк түшүү*** – буттарын бүгүп, көмкөрөсүнөн бүрүшүп жатуу, кайгыга жеңдирип, күйүткө алдырып, күчтөн тайып мүңкүрөп калуу, чөгүү дегенди билдирет: *Он эки катбы бечара, Жүрөгү түшүп өлүптүр, Түшкөндө бала тик түшүп, Көргөн кемпир бүк түшүп* [СК: 142].

7) Аралыктын сакталышы – качуу, кашына келе албоо, жакын жолой албоо, тушуна келе албоо: *Кашына келген бир жан жок, Кармай турган тири жан жок. Тушуна келер бир жан жок, Тута турган тирүү жан жок.* ***Кашына келе албоо*** – жалтанып, айбыгып, корконунан маңдайына даап келе албаганын билдирип жатат. Проксемикалык каражат, башкача айтканда, аралыктын катышы берилип жатат: *Кашына келген бир жан жок, Кармай турган тири жан жок* [СО: 1607].

***Тушуна келе албоо*** – үшү кетип, даап бастырып келе албоо, бешенесине же, көзүнө көрүнүп тура албоо дегенди билгизип жатат, бул жерде да, бейвербалдык каражат болгон аралыктын сакталышы түшүндүрүлүп жатат: *Тушуна келер бир жан жок, Тута турган тирүү жан жок* [СО: 1608].

Кээ бир учурларда адам жасаган ишинин жыйынтыгынан алдын ала коркуп, ичи туюмуна, жан дүйнөсүндө кыйналып, өзү менен өзү сүйлөшүп, денесинде пайда болгон коркунуч сезимден арылыш үчүн айла издей баштайт. Мындай адамдын учурундагы коркуу көрүнүштөрү эпосто мындай сүрөттөлөт:

Каныкейдин эр кийимин кийип, салтты бузуп, жесир экенин унутуп, элде жок ишти жасап, бөтөн эл-журтка уят кылып, карыган Тайторуну ат чабышка кошконуна ачууланган Ысмайылдын каардуу жини менен эжесин өлтүрүү үчүн келе жаткан Семетейден коркуп айла таппай турган жерин карап көрөлү. Каныкей бул кабардан мурун да өзү жасаган иши оңунан чыгар бекен деп бүдөмүк болуп, аны төлгө катары жасап жаткандыктан, Семетейди өлтүрүүгө келе жаткандыгы анын жан дүйнөсүнө бүлүк салып коркуу сезимин күчөттү. Каныкейдин бул учурдагы ички абалын, сырткы көрүнүшүн контексттеги *өрттөнүп ичи болду чок, Көзүнүн жашы төгүлүп, Кабырга сөөгү сөгүлүп, үстүнө каран түн түштү* деген саптарда түшүндүрүлдү [5: 19]. Бул саптарда *коркту* деген атайын лексема айтылбаса да, контексттен Каныкейдин корккон абалын сезип-туябыз.

Ошондой эле **коркуу абалынын фазеологизмдер аркылуу берилишин** да карап көрөлү:

***Жаны чыгуу*** – бир нерседен кооптонуу, катуу коркуу, үрөйү учуу [КТФС: 92], *Мунун жүрөгүнөн чаң чыгат, Добушунан жан чыгат* [СК: 865]. *Оргуп-оргуп чаң чыкты, Чаңга чыдап тура албай, Ойлонсоң, менден жан чыкты* [СК: 426].

***Акылдан адашуу*** – шашып же коркуп кетип, эмне кыларын билбей калуу, апкаарып калуу: *Капырды сайып өткөндө Канжыгадай кара кан Найзасына жабылды. Аны көрүп Кытайдын Акылы баштан жаңылды. Коркосуң, кайра качтың –деп, Акылыңдан шаштың –деп* [СО: 49].

***Эсин оодаруу*** – айласын таптырбоо, коркутуу, чамасын чак кылуу: *Эскирип келген куу чалдын, Эсин бир оодарып салсак-деп* [СО: 1116].

***Жүрөгү түшүү*** – катуу коркуп калуу: *Байбиче белги көрүптүр, Ал белгини көргөндө, Он эки катбы бечара, Жүрөгү түшүп өлүптүр* [СК: 37].

Коркуу эмоциясынын **метафоралык каражат аркылуу берилиши**: *Болбой эси бир чыкты, Билегинен сап кетти, Манастын түрүн көргөндө, Жүрөгүнөн кап кетти* [СК: 93]. *Жүрөгүнөн чаң чыгат, Добушунан жан чыгат* [СК: 46]. *Жалгызга жардам бир кудай, Жалпайбайлы биз мындай. Жалынган менен жан калбайт, Жайытка жалгыз мал калбайт* [СО: 187].

Коркуу сезими адамдын психологиясына, жүрүм-турумуна канчалык деңгээлде таасир этиши макал-лакаптар аркылуу терең чагылдырылганын көрөбүз. Алсак: *Корккон го кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. Коркок көлөкөсүнөн да коркот.*

Эпостун кээ бир саптарында коркуу сезиминин күчтүүлүгү, башкача айтканда, каармандардын ички сезими, болуп жаткан окуяга болгон реакциясы бир канча сөздөр менен берилген. Мисалы, төмөндөгү саптарды карап көрөлү: Улугунун баары өлгөн, Эси чыгып Манастан Нескара качып жөнөлгөн. Калганынын баары *калтырып*, Кара *көзү жылтырап*, Жан соогаттап *буркурап*, Жалпы баары *чуркурап* [СО: 101]. Сагымбай бул саптардагы *калтырап, көзү жылтырап, буркурап* сыяктуу лексемалар аркылуу ошол мезгилде болуп жаткан жагдайды, шартты, абалды сүрөттөп берген.

Ошондой эле коркуу сезими адамдын психологиясына, жүрүм-турумуна канчалык деңгээлде таасир этиши макал-ылакаптар аркылуу терең чагылдырганын көрөбүз. Алсак: *Корккон го кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. Коркок көлөкөсүнөн да коркот деген сыяктуу.*

Иште "Манас" эпосунан алынган коркууга байланыштуу түрдүү бейвербалдык абалдарды туюнткан 210 лексикалык бирдик табылды.

Жыйынтыктап айтканда, *коркуу* коомдук жашоо-турмушка жана адамдын ишмердүүлүгүнө таасир этүүчүлүк мүнөзүнө ээ. Ошону менен бирге кыргыз тилинде *коркуу* концептиси атайын лингвистикалык изилдөөнү талап кылат.

***Адабияттар***

1. Крейдлин, Г.Е. Невербальная семиотика: язык тела и естественный язык / Г.Е.Крейдлин. – М.: Новое литературное обозрение, 2002. – 592 с.

2. КТС 1 - Кыргыз тилинин сөздүгү. Биринчи бөлүк. -Б.: «AVRASYA PRESS», 2011.-880б.

3. КТС 2 - Кыргыз тилинин сөздүгү. Экинчи бөлүк.

4. СО - Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. / Түз.: С.Мусаев – Б.: Хан-Теңир, 2010. - 1840б.

5. СК - Манас: С.Каралаевдин варианты б-ча / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев. - Б.: Турар, 2010. – 1008 б.

6. Рыскулова, Г. «Манас» эпосунда сезимдин жана кебете-кешпирдин туюндурулушу (психолингвистикалык аспектиде): автореферат дисс....канд.филол.наук. – Б., 2008. – 24 б.

*Б.Усмамбетов,*
*БГУ*

# МАХМУД КАШГАРИНИН “ДИВАНЫНДАГЫ” АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ САЛЫШТЫРМАЛУУ ТЫБЫШТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Ар бир тилдин фонетикалык кубулушунун өз турпаты бар. Ал өзгөчөлүк белгиси башка тилдерге окшогон жана окшобогон фонетикалык системадан турат. Окшоштуктардан көп болушу тилдердин жакындыгын, аз болушу алардын алыстыгын белгилейт. Мындай процесстер жакынкы жана алыскы тектеш тилдердин фонологиясында оркоюп көрүнүп турат. Өзгөчө фонетикалык кубулуштарга учураган сөздөр монгол тилинде көп кездешет. Монгол тилине салыштырмалуу сөз кылып жаткан Махмуд Кашгаринин “Диванында” мындай кубулуштар көп байкалбайт. “Дивандын” “Диалектилик айырмачылыктары жөнүндө” деген бөлүмүндө түрк урууларынын сөздөрүндөгү тыбыштык өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары жөнүндө: “Негизги тилде төл сөздөрдө айырмачылык аз болот. Айырмачылык сөздөрдөгү бир нече тамгалардын ордуна башка бир тамгалар алмашып келишинен, же болбосо кээ бир тамгалардын түшүп калышынан болот. Мисалы: өгүздөр менен кыпчактар атооч жана этиштердин башында келген “йа” тамгасы “алиф” тамгасына, же “жийм” тамгасына алмаштырып айтышат. Ошентип, түрктөр “мусапыр” сөзүн “йелкин” десе өгүздөр менен кыпчактар “елкин” дешет. Түрктөр “жылуу суу” деген сөздү “йылыг сув” десе, алар болсо “ылыг сув” дешет. Ошондой эле түрктөр “бермет” деген сөздү “йинчү” десе, алар “жинчү” дешет. Түрктөр төөнүн чуудасын “йугду” десе, өгүздөр менен кыпчактар “жугду” дешет.

Мындан башка аргулар сөз ортосунда келген, же аягында келген “йа” тамгасын “нун” – тамгасына алмаштырышат.

Мисалы: түрктөр койду “кой” десе, аргулар “қон” дешет.

Түрктөр кедей- кембагалды “чыгай” десе, алар “чыган” дешет. Түрктөр “қайу нең” –кайсы нерсе десе, алар “кану-нең” дешет.

Өгүз, кыпчак жана суварлар сөздүн башындагы “мим” тамгасын “ба” тамгасына алмаштырышат.

Мисалы: түрктөр “мен бардым” дегенди алар “бен бардын” дешет.

Түрктөр сорпону “мун” душсе, алар “бун” дешет.

Өгүздөр жана ага жакын жайгашкандар сөз курамындагы “та” –тамгасын “даль” –тамгасына алмаштырышат.

Мисалы:түрктөр төөнү “теве” дешсе, алар “деве” дешет.

Ошондой эле, тешик деген сөздү түрктөр “өт” дешсе, алар “өд” дешет.

Таза түркчөдө “даль” –тамгасы менен келген сөздөрдүн көпчүлүгү өгүзчөдө “та” –тамгасы менен айтылат.

Мисалы: түрктөр канжарды “бүдге” дешсе, өгүздөр “бүкте” дешет.

Түрктөр жийдени “йигде” дешсе, өгүздөр, түркмөндөр “йикте” дешет. Бул өңдүү сөздөр өтө көп, алардын барын бир бирден айтып отурбадым.

Таза түрк сөздүрүнө “фа” менен “ба” тамгаларынын арасында айтылуучу “фа” тамгасы өгүздөр жана аларга жакын жашагандар “вов” тамгасына алмаштырышат.

Мисалы:алар үйдү “еф” дешсе, өгүздөр “ев” дешет. Алар аңга чыгууну “ааф” дешсе, өгүздөр “аав” дешет.

Мен сөздөрдүн эң туура формасын гана берем. Тамга салыштырылып сүйлөй тургандардын тилдериндеги тамгалардын алмашуусун акыл жүгүртүүп өзүң билип алаарсың.

Ягма, тохсы, кыпчак, ябаку татар, кай, чомул жана өгүздөрдүн баары заль-тамгасын дайыма “йа” тамгасы менен алмаштырышат, эч качан “заль” – тамга менен сүйлөшпөйт.

Мисалы түрктөр (ак) кайың дарагы дегенди “казың” дешсе, алар “кайын” дешет.

Ошондой эле, чыгыл жана башкалардын түрк тилдеринде “дза-заль” –тамгасы менен айтылуучу сөздөр Орус жана Урум өлкөлөрүнө дейре созулган кыпчак, йемек, сувар, булгарлардын тилдеринде “зай” менен айтылат.

Мисалы: түрктөр аяк, деген сөздү “адзак” дешсе, алар “аза?” дешет.

Түрктөр кайын журтту (кудаларды) “казын” дешсе, алар “кайын” дешет. Чыгыл түрктөрү карын тойду дегенди “қарын тозты” дешсе, алар “тозды” дшет. Калган атооч жана этиштери ушул мисалдардын үлгүсүндө түшүнүш керек. Жыйынтыктап айтканда, чыгыл тилиндеги “заль” тамгасы ягма, тохсы, өгүз жана кээ бир аргулардан кытайга чейин созулган жерлерде жашаган бардык уруулардын тилдеринде “йа” тамгасына алмаштырышат; Урумга чейинки чөлкөмдөгү кыпчак жана аларга жакын жайгашкан башка уруулар да бул тамганы “зай” тамгасына алмаштырышат. Булардын бардыгын өз учурунда орду орду менен көрсөтүп өтөм.

Түрктөр бара турган жер деген сүйлөмдүн “баргу йер” дешсе, өгүздөр “барасы йер” дешет.

Түрктөр туруу убакыты дегенди “тургу угур” дешсе, өгүздөр “турасы угур” дешет “қаф” тамгасы “каф” тамгасына алмашылат. Булардын өз гезегинде айтам. Тамгалардын алмашуусу жөнүндөгү сөздү ушуну менен токтотом” – деп белгилейт (М.К., ТТС, 91-99;).

Ушул сыяктуу “Дивандагы” айрым сөздөрдүн кыргыз тилине салыштырмалуу тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп көрөлү: ***1.Сөздүн башындагы өзгөргөн тыбышта:*** **Е – И:** ***егрик*** *– ийрик,* ***еску*** *– иске (ирге),* ***егди*** *– ийди*; **Ж – Й**: ***йазым*** *– жазым,* ***йүгүн*** *– жүгөн,* ***йап*** *– жап,* ***йаптыг*** *– жабдык,* ***йүгуркан*** *– жууркан,* ***йип*** *– жип*; **С – Ш:** ***сибек*** *– шимек,* ***субургу*** *– шыпыргы* ***,сырук*** *– шырык*; **Б – М:** ***бойундурук*** *– моюнтурук,* ***бурундук*** *– мурундук*; **Ө – Ү:** ***өртүк*** *– үртүк*; **Ч – Ж:** ***чапгут*** *– жапкыч*; **О – А:** ***олма*** *– алма*; **С – Ч:** ***санач*** *– чанач.*

2. ***Сөздүн ортосундагы өзгөрүүгө дуушар болгон тыбыштар***

**Г – К:** ***утгун*** *– куткун*, ***кысгач*** *– кычкач*, ***кабгак*** *– кабкак*; **К – Г:** ***чыктаан*** *– чыгдан*; **И – Е:** ***бишик*** *– бешик*; **У – Ү:** ***бук*** *– бүк*; **Г – Й:** ***егрик*** *– ийрик*, ***егди*** *– ийди*, ***түгүн*** *– түйүн*, ***түгмаа*** *– түймө*; **В – Й:** ***кивиз*** – кийиз; **З – Й:** ***кизиз*** *– кийиз*, ***казык*** *– кайык*, ***казыш*** *– кайыш*; **Б – П:** ***көбсөөн*** **–** көпсөн, ***көбчүк*** – көпчүк, ***субургу*** *– шыпыргы*; **И – Ы:** ***кызыз*** *– кийиз*, ***чы****г – чий*; **В – П:** ***севдич*** *– септик*; **У – Ы:** ***субургу*** *– шыпыргы*, ***чарук*** *– чарык*, ***кузыч*** *– кычкач*; **Л – Й:** ***олук*** *– ойук (ой+ык)*; **З – Д:** ***өмзүк*** *– өңдүк*; **Т – Д:** ***чыктаан*** *– чыгдан*; **У – О:** ***бүгкүк*** *– боолук*; **Р – Л:** ***бурук*** *– боолук*, ***кирит*** *– килит (ачкыч)****;*** **З – С:** ***кезинди (тон)*** *– кесинди*, ***кезлик*** *– кесик*, ***базган*** *– барскан (бас+кан)*; **Н – Й:** ***көнлек*** *– көйнөк*; **Л – Н:** ***көнлек*** *– көйнөк*; **У – А:** ***аркук*** *– аркак*;**Е – Ө:** ***төшек*** *– төшөк*, ***көнек*** *– көнөк*, ***өрген*** *– өргөн*, ***өрмек*** *– өрмөк*, ***билегү*** *– бүлө (-гы)*; **З – С:** ***кузач*** *– кусач (орус тилинде)*, ***базган*** *– барскан*; **О – А:** ***очак*** *– очок* ; **Ү – Ө:** ***өркүч*** *– өркөч*, ***йүгүн*** *– жүгөн*; **Л – Д:** ***тузлук*** *– туздук*, ***излик*** *– издик*; **Р – Л:** ***тукурка*** *– тукул*; **Н – М:** ***кандук*** *– камдык*; **М – Н:** ***өмзүк*** *– өңдүк*; **У – Ы:** ***кандук*** *–камдык*, ***алтун*** *–алтын*, ***кашук*** *– кашык*, ***сакалдурук*** *–сакалдырык*, ***сырук*** *– шырык.*

3. ***Сөздүн аягындагы тыбыштык өзгөрүүлөр***

**Г – К:** ***аркаг*** *– аркак*, ***артыг*** *– артык*, ***өтүклүг*** *– өтүктүк*, ***буг*** – бүк, ***тушаг*** *– тушак (тушоо)*, ***куршаг*** *– куршак*, ***чуг*** *– чук*, ***тулгаг*** *– тулгак*; **Г – Й:** ***чыг*** *– чий*; **Ү – Е:** ***еску*** *– иске (ирге)*, ***керегү*** *– кереге.*

4. ***Сөздүн башына, ортосуна жана аягына кошул түшүп калган тыбыштар:***

**Ы:** ***чыгрыы*** *– чыгрык*, ***сыдрым*** *– сыдырым*; **К:** ***алачу*** *–алачык*

5. **Тыбыштардын сөз башында, ортосунда жана аягында түшүп калуусу**

**К:** ***утгун*** *– куткун*; **О:** ***ботлуу*** *– ботолуу*; **У:** ***укрук*** *– укурук*, ***козук*** *– козулук*; **Л:** ***козук*** *– козулук*; **Ч:** ***тирегү*** *– тирегич*; **С:** ***базгаан*** *– барскан*; **Т:** ***четген*** *– чеккен*; **И:** ***ийк*** *–* ***ийик.***

5. ***Кошумча кирген тыбыштар***

**Г:** ***йүгүркан*** *– жууркан*, ***оргок*** *– орок*; **В:** ***сувлук*** *– суулук*; **Г:** ***таргак*** *– тарак*, ***тергиш*** *– териш (дасторкон)*, ***тагаар*** *– таар*; **Ң:** ***ийңне*** *– ийне*; **Л:** ***чашкал*** *– чашка (орус тилинде)*

6. ***Созулма тыбыштардын (үндүүлөрдүн) сөздүн ортосунан түшүп калуусу***

***Калкаан //курмаан*** *– калкан,* ***чыктаан*** *– чыгдан,* ***кумгаан*** *– кумган,* ***бешиик*** *– бешик,* ***тагаар*** *– таар,* ***кетмээн*** *– кетмен,* ***чаатыр*** *– чатыр;*

7. ***Созулма тыбыштардын (үндүүлөрдүн) сөздүн аягынан түшүп калуусу***

***Тутмаа*** *– тутма; (сыгрып); (тактуу),* ***кесмее*** *– кесме,* ***керкии*** *– керки.* ***камчыы*** *– камчы,* **(самдаа), бүкдөө - бүктөө, (көркее), чөмчии** *– чөмүч;****(тукмаа); самдаа.***

***әә тыбышынын колдонулушу*** (мындай көрүнүш кыргыз тилинин түштүк диалектисиде кеңири колдонулат) ***әмәч*** *– амач (буурсун),* ***бүкдәә - бүктөө*** *(маки, бычак, канжар)*

Жогоруда көрүнүп тургандай "Дивандагы" айрым сөздөрдүн кыргыз тилине салыштырууда анчейин деле орчундуу тыбыштык өзгөрүүгө дуушар болгонун байкабайбыз.

***Адабияттар***

1. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). – Ф.: Мектеп,1969.

2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). – Ф.: Мектеп,1984.

3. Махмуд Кашкари «Түрк тилдерини сөздүгү» Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, I т. – Б., 2011.

4. Махмуд Кашкари «Түрк тилдерини сөздүгү» Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, II т., – Б., 2012.

5. Махмуд Кашкари «Түрк тилдеринин сөздүгү» Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, III т. – Б., 2013.

---

***Кенан Семиз,***
***БГУ***

# ДЫЙКАНЧЫЛЫК ЛЕКСИКАСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ ЖӨНҮНДӨ

Сөздүк курамынын байлыгы тигил же бул элдин дүйнөлүк маданиятка кошкон салымын чагылдырган баа жеткис нарк-дөөлөтү жана маалыматтар базасы экендиги белгилүү. Мындай нарк-дөөлөттөр эмгектин ар түрдүү формалары, анын коомдогу бөлүнүшү, өндүрүштүк мамилелердин калыптанышы, кесиптин түрлөрү, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү аркылуу майданга келип, тилдин лексикалык базасынан көрүнүш табары бышык. Демек, бул жагынан алганда кесиптик лексиканы изилдөө түрк тил таанымындагы өзөктүү маселе экендиги талашсыз. Чынында да, кесиптик лексиканы изилдөө теориялык жактан да, практикалык жактан да олуттуу мааниге ээ, анткени мындай изилдөөлөр аркылуу кесиптик терминдердин курамы аныкталып, алардын келип чыгышы, калыпташы жана сөз жасоо моделдери такталып, жоголууга кириптер болгон улуттук реалийлер калыбына келтирилип, түрк элдеринин башка тайпалар менен болгон тилдик байланыштарын чагылдырган төл жана чет сөздөрдүн тарыхый катмарлары аныкталып, булардын натыйжасында айыл чарбанын дыйканчылык, мал чарбачылык сыктуу ар кандай тармактарына тиешелүү терминологиялык базаларды иштеп чыгууга жана терминологиялык, тарыхый, түшүндүрмө, диалектологиялык, нормативдик, эки тилдүү сөздүктөрдү түзүүгө өбөлгө болору шексиз.

Дыйканчылык лексикасы түрк тилдеринин кесиптик лексикасында өзгөчө орунду ээлейт. Анткени дыйканчылык – малчылык, аңчылык, уз-устачылык менен катар көчмөндөр чарбасынын көп кылымдан берки бир түрү, учурдагы түрк элдеринин орчундуу бөлүгү, элет эли алектенген олуттуу тармак. Дыйканчылыкка байланыштуу кесип ээлерин даярдоо терминология маселелерин иштеп чыгууну, ар түрдүү колдонмо-нускоолорду жана сөздүктөрдү түзүүнү талап кылат. Ошол эле маалда кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексика синхрондук планда да, диахрондук планда да системалуу түрдө салыштырып изилденбегени анык. Андыктан биздин макалабызда түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасын изилдөө жагына кыскача сереп салуу максаты көздөлөт.

Кесиптик лексиканы изилдөө иштерин тиешелүү лексика-семантикалык жана тематикалык топтор боюнча жүргүзүү салты дээрлик калыпташканы жана дыйканчылык, мал чарбачылык, курулуш, үй эмеректери, буюм-тайым, элдик медицина, метеоролия өңдүү тармактардын аталыштары боюнча теориялык пландагы атайын изилдөөлөр аткарылганы маалым [1: 5]. Мындай изилдөөлөр өткөн кылымдын экинчи жарымынан тектеш түрк тилдеринин фактысында да колго алына баштайт. Буга мисал кылып тектеш тилдердин ичинен алгач ирет өзбек тилиндеги кесиптик лексиканы изилдөөгө арналган С.Ибрагмовдун басылмаларын келтирүүгө болот [2]. Бул саамалыктан соң аталган багыттагы изилдөөлөр башка түрк тилдеринде да колго алына баштайт. Мунун натыйжасында түрк тилдеринин терминологиясын өнүктүрүү жана нормалаштыруу үчүн илимий-практикалык мааниге ээ болгон пахтачылык, дыйканчылык, багбанчылык, мал чарбачылык, ботаника, зоология сыяктуу тармактар боюнча түшүндүрмө жана кош тилдүү сөздүктөр жарыяланат. Айрым сөздүктөр атайын илимий изилдөөлөрдүн объектисине айланып, алардын негизинде айыл чарба тармактарынын терминологиясы боюнча эмгектер жаралып, диссертациялык изилдөөлөр аткарылат. Тактап айтканда, бул багыттагы Н.Маматов, А.Курбанов, Х.Джамалханов, А.Тачмурадов, Ш.Каримходжаев, А.Жаппуев, А.Шамшатова, Т.Нутманов, Ш.Баратов, А.Айгабылов өңдүү окумуштуулардын изилдөөлөрүндө негизинен төмөнкү эки маселе көтөрүлөт:

1) терминологиялык, энциклопедиялык, түшүндүрмө, котормо сөздүктөр сыяктуу практикалык колдонмолорду түзүү, материал чогултулуу жана системалаштыруу өңдүү лексикографиялык маселелер;

2) эмгек процессинин ар түрдүү баскычтары менен объектилери, айыл чарба терминдеринин семантикалык классификациясы, лексикалык катмардын курамы, профессионализмдердин системадагы орду өңдүү лексикологиялык маселелер.

Ошол эле маалда аталган багыттагы иштерди үч тематикалык топко бөлүп кароого болот:

1) профессионализмдердин тарыхый катмарларындагы калыпташуу процессин изилдөө;

2) профессионализмдердин атоо кызматын аткаруу жолдорун териштирүү;

3) профессионализмдердин терминдер менен болгон карым-катышын иликтөө.

Ошентип, өйдөкү үч багыттын үчөөндө тең профессионализмдердин ички түзүлүшү менен жасалыш жолдору каралып, аталган терминологиялык аталыштар лексикадагы башка катмарлардай эле тилдин ички ресурстарынын эсебинен да, башка тилдерден өздөштүрүү аркылуу да байыры аныкталат. Адам ишмердигинин кайсыл тармагына тиешелүү болбосун, андагы жа?ы сөздөрдүн чыгыш теги тилдин өнүгүү тарыхында эбактан бери калыптанып калган үлгү-моделдерге таянат. Бул өңдүү моделдер тилдин сөздүк курамын байытууга өбөлгө түзүү аркылуу белгилүү бир системаны калыпташтырат [3: 37].

Терминологиялык лексиканы толуктап туруучу ички ресурстар тууралуу сөз болгондо ирадды сөз жасоонун лексика-семантикалык, морфологиялык жана синтаксисттик жолдору бөлүп көрсөтүлгөндүктөн, жогорудагы иштерде кесиптик лексиканын келип чыгышы изилденет. Терминология адатта үч топко бөлүнөт: ошол тилдин түп нуска сөздөрү, жалпы түрк сөздөрү жана башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр. Калктар баарлашуу процессинде бири биринен чарба жүргүзүү тажрыйбаларын үйрөнүшөт, экономика жана маданияттагы жетишкендиктер менен алмашуулар жүрүп, мунун натыйжасында байланышкан калктардын тилине реалийлер менен бирге сөздөр да кирип кетет. Чынында да, лексикалык жактан баштан аяк төл сөздөрдөн турган, ар кайсы мезгилде жана ар кандай шартта башка тилден өздөштүрүлгөн сөздөрү болбогон тилдер болбойт [4: 141-142].

Дыйканчылыкка байланыштуу аталыштар курамындагы башка тилден өздөштүрүү маселеси карачай-балкар тилинин фактысында А.Жаппуев тарабынан атайын бөлүп иликтенет. Ошол эле маалда бул тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу аталыштар башка түрк тилдеринин жана байыркы түрк жазма эстеликтеринин фактылары менен салыштырма планда каралып, аталган тармактагы түрк-монгол параллелдери өзгөчө бөлүп көрсөтүлөт [5]. Айыл чарба аталыштарынын терминдешүү процессине кабылышын изилдөөдө терминологиялык лексика илимдин бардык тармактары боюнча бирдей иштелип чыгууга жана курамы жагынан тартипке келтирилүүгө тийиш. Бирок бул маселени чечүү үчүн ар тилдин термин жасоо каражаттары менен булактарын, өнүгүү мыйзамдарын, терминологиялык лексикада тиешелүү тармактардын чагылышын кылдаттык менен изилдөө керектиги анык. Бул жагынан түркологияда бай факты материал топтолгонуна карабастан аларды системалаштыруу учурунда тиешелүү тармактар боюнча терминологиялык кемчиликтер табылып, бул тематикага тиешелүү элдик терминдер, кесиптик сөз жана сөз айкаштары, диалектилик синонимдер жана этнографизмдер көп учурда жыйналбай калганы байкалат [6]. Учурунда өзбек тилиндеги ботаника терминологиясынын теориялык негиздерин иштеп чыгуу аракети көрүлгөнү маалым [7]. Бул эмгек автордун ботаника боюнча энциклопедиялык сөздүк түзүүдөгү көп жылдан берки тажрыйба-байкоолорунун натыйжасы болуп саналат.

Анда ботаникалык терминдерди унификациялоо, алардагы полисемия, омонимия жана синонимия маселелери изилденип, мындай терминдердин башка тармактарга салыштырмалуу көбүрөөк улуттук мүнөзгө ээ экендигин белгиленет. Бирок мында терминдер менен профессионализмдердин жигин ажыртуу көйгөйү келип чыгат. Кесиптик лексиканын курамында жалпы элдик тилдин энчисине айланган жана адабий тилдин нормасына шайкештенген тар кесиптик терминдер же кесиптик диалектизмдер да ортого чыгат: "Тигил же бул кесипти жана ишти аркалаган тар чөйрөдөгү адамдар тарабынан колдонулган жана жалпы колдонуштагы лексикага кирбеген терминдер профессионализмдер же тар кесиптик терминдер деп табылат [2: 5]. Терминология маселелеринин алкагында айыл чарба лексикасына арналган изилдөөлөр аймактык тар мүнөзгө ээ экендиги анык. Буга мисал кылып түрк диалектилериндеги дан эгиндери аталыштарына, бакчачылык лексикасына арналган бир катар изилдөөлөрдү келтирүүгө болот. Булар түркологиядагы адабий тилдин алкагында аткарылган лексикологиялык изилдөөлөрдүн деңгээли аймактык лексикологиялык изилдөөлөрдүн деңгээлинен алдаканча жогору турарын, кесиптик жана терминологиялык лексиканы изилдөөдө лексикологдор да, лексикографтар да, диалектологдор да биргелешкен иш-аракетке өткөнүн ачык күбөлөйт [8: 6].

Кесиптик лексикага арналган эмгектердин басым көпчүлүгүндө термин сөзүнө кең маани ыйгарылып келгени белгилүү. Бул жагынан дыйканчылык лексикасында төмөнкүлөр өзгөчө белгиленүүгө тийиш: бир алкактын чегинде сөз маанисинин өзгөрүлмөлүүлүгү, дыйканчылык лексиканын тилдин жалпы лексикасы менен тыгыз байланышта болушу, жалпы колдонулуучу лексиканын дыйканчылык лексиканын курамына кириши, бул процесстин терминге айлануу деңгээли менен мүнөзү ж.б. Демек, мындай өзгөчөлүктөр элдик терминология, илимий терминологиядан айырмаланып, кандай нукта калыптанарын ачыкка чыгарат [9: 62].

Түрк тилдеринде дыйканчылык лексикасы мал чарбачылык аталыштары менен катар өзгөчө орунду ээлеп, узак жылдар бою калыпташары да талашсыз. Алардын тарыхы терминологиялык системанын калыптануу тарыхы экендиги да ырас. Анткени түрк тайпалары үчүн дыйканчылык чарбанын негизги жана өтө маанилүү түрлөрүнүн бири болуп, айыл чарба шаймандары менен жер иштетүүнүн адепки ыкмаларынын жөнөкөйлүгү буга байланыштуу лексика менен фразеологиянын элдин кеңири катмарына жетик болушун табигый түрдө шарттаган.

Дыйканчылыкка байланыштуу лексика тилдин сөздүк корун эки жактан байытууга алып келет. Биринчиден, дыйканчылыкка байланыштуу жаңы эмгек процесстери менен өндүрүлгөн азык-заттарды атап көрсөткөн жаңы сөздөр жалпы сөздүк корунун элементи болуп калат, экинчиден, адабий тилден туруктуу орун тапкан сөздөр атайын кесиптик кошумча маанилерге ээ болот. Бул болсо табигый түрдө тилдин сөздүк курамын байытып, анын номинативдик функциясын кеңейтип турат. Ошол эле маалда эски терминдердин айрымдары колдонуудан чыгып турса, башкалары жаңы мазмунга ээ боло баштайт. Агрономия илиминин жетишкендиктери менен жаңы технологиялар дыйканчылыктын жаңыча уюшулушун шарттап, буга дайыма түрткү берип турат. Дыйканчылык терминологиясы лексикологиялык өңүттөн атайын изилдөөнүн объекти болуп, тектеш тилдердин фактысында айыл чарбанын ар тармактарын камтыган нормативдик, кош тилдүү, диалектологиялык жана терминологиялык сөздүктөр иштелип чыга баштайт. Булардын бир бөлүгү жалпы эле дыйканчылыкка, анын ичинде сугат жана кургак жердеги дыйканчылыктын эски ыкмаларына байланыштуу аталыштарды камтууга багытталат.

Ошентип, түркологияда дыйканчылык терминдерин изилдөөдө тектеш тилдердин учурдагы абалын чагылдырган фактылар да, байыркы жана орто кылымдарда майданга келген жазма эстеликтердин даректерин да айкалыштыра пайдаланган жөн. Тилекке жараша түрк тилдери үчүн мындай тарыхый даректер, байыркы Орхон-Энесай жазма эстеликтерин эске албаган күндө да, дээрлик арбын. Булардын катарында Кашгарлык Махмуттун "Дивану лугат-ит түркү", Замахшаринин "Мукеддимат ал-адабы", Абу Хайяндын "Китаб ал идрак лилисан ал атракы" өңдүү эстеликтерди кошууга болот [10]. Бул жагынан кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн "Манас" эпосунда камтылган даректер баа жеткис. Демек, бул жана ушул өңдүү түркологияда топтолгон бай тажрыйбаны эске алуу жана аларды чыгармачылык менен пайдалануу кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу аталыштарды салыштырып изилдөөгө өбөлгө түзөрү талашсыз.

***Адабияттар***


1. Аванесов Р., Орлова И.Г. К очередным задачам русской диалектологии // Материалы исследования русской диалектологии. – М., 1959.
2. Ибрагимов С. Профессиональная лексика узбекского языка. АДД. – Ташкент, 1961.
3. Гулямов Я.Г. История орошения Хорезма. – Ташкент, 1957.
4. Черных П.Я. Очерки русской исторической лексикологии. – М., 1956.
5. Жаппуев А.А. Термины земледелия в карачаева-балкарском языке. КД. – М., 1979.
6. Курбанов А. Термины зерновых культур и зернового хозяйства в узбекском языке. АДД. – Ташкент, 1974.
7. Джамалханов Х.А. Изистории формирования и развития узбекской ботанической терминологии. АКД. – Ташкент, 1968.
8. Сарыбаев Ш.Ш. Проблемы казахской региональной лексикографии. АДД. – Алма-Ата, 1973.
9. Трубачев О.Н. Ремесленная терминология в славянских языках. – М., 1966.
10. Расулова Н.А. Исследование языка "Китаб ал идрак ли-лисан ал атрак" Абу Хайяна. АКД. – Ташкент, 1969.

***Ж.А. Артыкова,***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДА *КУБАНУУ* ЭМОЦИЯСЫНЫН БЕЙВЕРБАЛДЫК КАРАЖАТТАР АРКЫЛУУ ТУЮНДУРУЛУШУ

*Бул макалада «Манас» эпосундагы* кубануу *эмоциясынын бейвербалдык каражаттар аркылуу берилиши каралат. Бул эмоцияны туюндурган лексикалык топторго талдоо жүргүзүлөт.*

Эмоциянын объективдүү көрсөткүчү болуп анын адамдын жүрүм-турумуна дал келген сырткы манифестациясы болуп саналат. Бирок дайым эле бул көрсөткүч бир эле эмоцияны чагылдырбайт. Тагыраак айтканда, адамдын бир эле кыймылы ар кандай сезимди чагылдырышы мүмкүн, же тескерисинче, бир эле сезим ар кандай ымдоо-жаңсоолор менен коштолушу ыктымал.

Психологдордун изилдөөсү көрсөткөндөй, кубануу - оң эмоциялык абал. Жанындагы адамдарга да оң таасирин тийгизип, сүйлөшүүдө жакшы жыйынтык берет.

В.А.Лабунскаянын эмоциялык абалдын мимикалык коддорун жасаган классификациясын карап көрөлү. Кубанган адамдын оозу жабык же бир аз ачылгандай болуп, эриндеринин бурчтары өйдө көтөрүлүү менен, көздөрү узатасынан кетип же бир аз чоң ачылган калыбында, көзү жалжылдап, кашы жогору көтөрүлөт. Каштын ички бурчтары да жогору көтөрүлгөн абалда, чекесинде горизонталдуу сызыктар пайда болуп, бет динамикалуу абалда болоорун белгилеп кеткен [1].

Кубануу эмоциясын ырахаттануу, ыраазы болуу, сүйүнүү, шайыр болуп жыргап-кууноо сезимдерин жандап келип, тилде аларды оң маанидеги лексемалык компоненттер коштойт.

Лингвист Е.А.Булахтын изилдөөлөрүндө *кубануу* эмоциясы аркылуу социалдык байланыштардын эмотивдери түзүлүп, терс эмоцияны жок кылып, оң маанидеги лексемалар дайыма жанында жүрөт. Алсак, жүзү нурлануу, жылмаюу, жаркылдоо, көзү жоодуроо, бурала басуу, көзү нурлануу, кашкая күлүү, барбаюу ж.б. [2: 16].

Текст ичинде *кубануу* эмоциясын берүүдө, негизинен, мимиканы чагылдырган этиш сөздөр колдонулат. Мисалы: жылмайды, күлдү, сүйүндү ж.б. Төмөндө алардын ар биринин семантикалык маанисине, эпостун ичинде бейвербалдык каражат катары кызмат аткарышына талдоо жүргүзүп көрөлү:

***Кубануу*** – кубанычта болуу, сүйүнүү, шаттануу, көңүлү көтөрүлүү [КТС2: 87]. Адам баласы жашоосунда кандайдыр бир жагымдуу, көңүлгө туура келген окуя болсо маанайы көтөрүлүп, кубануу сезимине ээ болот. Албетте, мындай учурда адам организиминде да өзгөрүү болуп, көздөрү жайнап, баскан турганы жайдары болуп, күлкүсү чыгып, ууртунда жылмаюу пайда болот. Манасчылар эпосто мындай көрүнүштөрдү угуучуга таасирдүү лексемаларды колдонуу менен жеткиргенге аракет кылышкан. Мисалы: *Акбалта көрүп акыры, «Сүйүнчү!»-деп бакырды. Кубангандан бай Жакып: «Не дейсиң»-деп чакырды* [СО: 36]. Эгер бул ыр саптарын оозеки түрдө манасчынын оозунан уксак, анда анын үнү көтөрүңкү маанайда болуп, кубануу тууралуу маалымат берет. Ал эми жазууда ошол эмоция илептүү белги менен көрсөтүлгөн.

Кубануунун негизги синоним сөзү - *сүйүнүү, жыргоо.* Ал кубануу, шаттануу, сүйүнүү, көңүлү куунак болуу, маанайы ачык, күлүү деген маанини берет [КТС2: 467]: *Жоо дегенде сүйүнүп, Эр мүчөлүү бейтаалай, Эркектин кийимин кийинип, Ашып-шашып кенебей* [СК: 499].

Кубануу сезиминин натыйжасын адамдын жылмайганынан, күлгөнүнөн, керек болсо ыйлаганынан, жүзүндөгү ар кандай физиологиялык өзгөрүүдөн көрө алабыз. Эпосто каармандардын кубануусу да ар түрдүү бейвербалдык каражаттарды туюндурган лексемалар аркылуу чагылдырылат:

***Жаркылдоо*** – кабагы жарык, жайдары мүнөздө болуу, көңүлү шат болуу [КТС1: 518]: *Калк ичинде сайрады, Сүйлөгөндө баркылдап, Кейиштүү кыргыз ал журтка, Кеп баштады жаркылдап* [СК: 109]. *Жаркылдап* сөзүнүн уңгусу *жарк* деген кыймыл-аракеттин тездигин билдирүүчү элестүү сөздөн жасалып *–ылда (-илде, -илде, -үлдө)* - тууранды сөздөн этиш жасоочу татаал мүчөнүн жалгануусу менен пайда болду. Адамдын сырткы өңү-түсү, кабагынын ачык болушу менен *жарк* этип көрүнгөндөй элес калтыруусунан улам ушул лексема тилибизде колдонулат.

***Жылмаюу*** – күлүмсүрөө, күлүмсүрөгөн кейипте болуу [КТС1: 625]: *Жылмайып басып байбиче, Элечектен каш чыгып, Эки көздөн жаш чыгып, Байбиче келип турганы* [СО: 31].

***Күлүү*** – күлкү келерлик кеп-сөз укканда же тамашага, кандайдыр бир окуяга карата көңүлү көтөрүлүп, шаттанып, кубанып турганда ж.б. өзгөчө сезимин билдирип каткыруу, кыткылыктоо, жылмаюу аркылуу күлкүсүн чыгаруу. Жадырап-жайнаган абалда, шаңдуу-шат көрүнүштү билдирүүдө колдонулат [КТС1: 132]: *Жабын-абын сөздөрү, Кытай экен билгени. «Кудай бизге берди!-деп», Кыраан Манас күлгөнү* [СО: 177]. *Күлдү журттун баарысы: «Нээти менен айтат!»-деп, Куңгүрөп күлүп калганы* [СО: 104]. *Таанып келди-деп, айтып, Каткырыгы баш жарып Катуу күлүп калышып* [СО: 1085].

***Каткыруу*** – көңүлү көтөрүлүп, көңүлү куунак болуп турганда үнүн катуу чыгарып күлүү, каткырык салуу [КТС1: 804]: *Каткырыгы_баш жарып, Катуу күлүп калыптыр* [СО: 1060]. *Жети күнү, жети түн Жыйылбай оозум бүпбүтүн, Каткырыгым баш жарып, Катуу күлүп мен карып* [СО: 1096]. Тилибиздеги *каткырыгы баш жаруу, каткыруу* сөздөрү *кат* этишинен *каткы* сөзү жасалган.

***Оозу жыйылбоо*** – күлкүсүн тыя албоо, аябай күлүү, токтоно албоо [КТС2: 317] деген маанисинде берилип жатат. Адамдын көңүлү көтөрүлүп, күлүп турганда, ооздун кыймылы активдүү катышат: *Жети күнү, жети түн Жыйылбай оозум бүпбүтүн, Каткырыгым баш жарып, Катуу күлүп мен карып* [СО: 1096].

***Санын чабуу*** – аябай ыраазы боло кубанып, каткыра күлүп, көңүлү ачык болуп олтургандын белгиси катары кабыл алынат: *Шаңкылдап күлүп эр Манас Санын чаап алганы: «Ырас айтат Серегим, Ыгы менен ар качан Тийип калат керегиң»* [СК: 818]. Чын дилден кубанып каткыргында жана өкүнүп калганда колу менен жоон санын чаап койгон бейвербалдык кыймыл-аракети жасаларын байкадык.

Күлүү эмоциясы негизинен адамдын жакшы маанайда болгон абалында пайда болсо да, кээ бир жагдайларда адам корккондо, шылдың кылганда, кошомат кылган учурларда күлүшү мүмкүн. Эposто мындай маанидеги күлүү да жок эмес:

А) кошомат кылуу - *Айкөл Манас шерине Арсаңдап күлүп эки эр, Тартуу кылып эки атын: «Күнөөбүз кеч!»- деп турду эми* [СК: 586].

Б) шылдыңдоо - *Журттун коркуп калганын Каны Темир билди эми, Биле коюп ошондо Мыйыгынан күлдү эми. «Атаңдын көрү, жаман эл, Куудай сакал карыңды, Кудай алсын баарыңды!»* [СК: 539].

***Жүзү нурлануу*** – адамдын өңү, бети, ырайы кубангандан күлүңдөп, нурдануусу, жүзү жагымдуу болуп нур чайып туруусу, кубануу эмоциясын адам беттин мимкалык бырыштары, ооздун, көздүн, каштын, жаактын кыймылы аркылуу берилет: *Токойдон чыгып буралып, Толук жүзү нурланып, Меңдибай чыгып келгени* [СО: 24].

***Кашкаюу*** – жүзү жарык, жайдары көрүнүү, ачык-айрым көрүнүштө болуу, аппак тиштери жаркырап, күлгөнүнөн көрүнүп турган абалы [КТС1: 813]: *Каалгадай кашка тиш, Калайыктан башка тиш Кашкайып чыгып алыптыр, катуу күлүп эр Манас каткырыгын салыптыр* [СО: 1084].

***Көзү жайноо*** – кабагы ачык, көңүлү көтөрүңкү болуп кубанып, сүйүнүп турган абал: *Бурулчаны көргөндө, Бууругуп Алмаң туралбай, Азизкандын жалгызы Чолпондой көзүн жайнатып, боюнда жабдык кыңгырап, Басып кирди ордого* [СК: 674]. *Көзү жайноо* деген этиштик сөз айкашы, кубанган абалдын көз аркылуу берилиши сүрөттөлүп жатат. Кандай гана эмоциялык абал болбосун (кайгыруу, таң калуу, уялуу, жакшы көрүү, жаман көрүү ж.б.), эң активдүү катышып, адамдын жан дүйнөсүндөгү болуп жаткан абалды, ички сезимин таамай чагылдырган көз болуп эсептелинет. В.Ключевский: Көз- жаныбыздын күзгүсү эмес, ал анын терезеси, ал аркылуу көчөнү көрөт, бирок көчө дагы жаныбызды көрөт деп белгилеп кеткен [7: 295-305].

***Жоодурап көзүн кароо*** – маанайынын жакшы экени, кубанып турган абалында адамдын көз-карашы да өзгөрүлүп, кабагы ачылуу менен көздөрү да балбылдап, күлүңдөгөн абалы: *Жоодурап көзүн карады, Жолборстук сыны тарады* [СО: 1079].

***Жүрөгү акылдоо*** – кээ бир учурларда кубанганда, жакшы сезим пайда болгондо, кубанычтуу окуя болгондо жүрөгү элеп-желеп болуу деген лексемалар менен берилет: *Умачтай көзү ачылып, Сүйүнүп жүрөк акылдап, Ошол кезде таманы жерге такылдап* [СК: 126].

***Жүрөгү алып учуу*** – толкундануу, кубанганда, жүрөгү ээ-жаа бербей түрсүлдөп согушу [КТС2: 87]: *Алмамбеттин жүрөгү, Алып учуп_дегдеди, Асы тынчтык бербеди* [СО: 1023].

***Жүрөгү дегдөө*** – көңүлү эргип, токтоно албай, алеп-желеп болуу кандайдыр бир кубанычтуу нерсени күткөндөй тынчсыздана берүү [КТС1: 607]: *«Бала туур бекен!?»-деп, Бай Жакып жүрөк дегдеди* [СО: 31].

***Жүрөгү болкулдоо*** – аябай толкундоодон, сүйүнгөндөн жүрөк эти туйлоо, жүрөк кабынан чыгып кетүүчүдөй абалды сүрөттөп жатат: *Торучаарды көргөндө «Баабедин»-деп бакырып, Жылкычысын чакырып, Боконо жүрөк болкулдап, Көкүрөгү кирилдеп* [СО: 69].

***Муруту суюлуу*** – кубанып, күлүп турганда, маанайы ачык болгондо бети жайылып кеткенин билдирип жатат: *Абасы Бакай көк жалдын, Муруту кетти суюлуп, Сүйүнгөндөн чыдабай, Эки көздөн аккан жаш, Акырек ылдый куюлуп* [СК: 371]. Бул бейвербалдык каражат татаал этиштик форма менен берилип, *муруту* деген сөзү алгачкы *мурут түк* деген эки сөз биригип, ошол эле учурда кыскарып кетишинен турушу мүмкүн: *мурунтүк<муру(н) т(үк)>мурут. Түк* сөзү *чач, сакал, жүн* деген мааниде. Демек, кубанып күлгөн кишинин бетиндеги сакалы, муруту бетине жайылган абалын элестетип жатат.

***Мурутунан күлүү*** дегендин ордуна *мыйыгынан күлүү* деп айтууга болот. Анткени *мыйык* сөзү башка түрк тилдеринде *быйык, мыйык, бызык, бытык* түрүндө *мурут* маанисинде айтылат [8: 184].

***Мурду барбаюу*** – кээде *мурду дердейүү* деген синонимдери аркылуу тилибизде берилет, мактануу, өзүн сыймыктуу сезүү, кубануу [КТС2: 259]: *Сүйүндү Манас дардайып, Чаначтай мурду барбайып, Көк арсландай чамынып Жаратканга жалынып* [СК: 371].

***Кабагы ачылуу*** – аябай капа болуп, кайгыга түшкөн адамдын көңүлү жайланып, муңу басылып, тилеги орундалып, көксөгөнү табылып, кубануусу. Муңканган кебетеси кубанганды билдирген жүзүнүн, кабагынын өзгөрүлүшү: *Аман болсо Манасың, Күйүттүү кабак ачылат, Күйүккөн жүрөк басылат* [СК: 96]. *Кабак ачылат* этиштик сөз айкашындагы, көз караш менен каштын ортосундагы аралыкты билдирген *кабак* сөзү *кап+ак* бөлүктөрүнөн куралган. Сөздүн уңгусу *кап* этиши, ал *жап* маанисин берет. Ага этиштен зат атооч жасоочу *–ак* мүчөсү жалганып, *кабак* сөзү келип чыккан. Кабак сөзү алгач жапкыч, жапма дегенге жакын маани берген. Анткени, адам көзүн жумганда жана ачканда кабак кыймылдайт, көздүн асты бир калыпта турат [8: 123].

***Арстан түрү тарады*** – кабагы ачылып, жини тарап, көңүлү көтөрүлүү, кубануу: *Адамдай көзү карады, Арстан түрү тарады, Жоодурап көзүн карады, Жолборстук сыны тарады* [СО: 1079]. «Манас» эпосунда арстан, жолборс күчтүн, ачуунун, каардуулуктун, тайманбасыктын символу катары берилген. Демек, кубануу абалындагы көрүнүштө арстан, жолборстой сүр болбойт.

***Бою ысуу*** – жакшы сөздү укканда адамдын кубануу сезими пайда болгондо дененин табы да көтөрүлөт, бул бейвербалдык каражатты тердөө, кызаруу, ысуу, дем алуунун оорлошу ж.б. түрдүү бейвербалдык каражаттар коштоп олтурат: *«Айтканыңды кылайын, Акыр сенин ышкыңа, Аманат жаным кыяйын!» Муну сүйлөп салганы, Нургузарың кызыны Угуп бою ысыды* [СО: 211]. *Бою ысыды* этиштик сөз айкашы кээ бир контекстик маанилерине жараша *денеси ысыды*, *жүрөгү жылыды, бети ысыды* сыяктуу лексемалар аркылуу, ошол кездеги адамдын ички эмоциялык абалын билдирип жатат.

***Тула бою дирилдөө*** – калтыраган, титирегендей абалда болуу, дир-дир этүү [КТС1: 425]: *Боконо жүрөк болкулдап, Көкүрөгү кирилдеп, Тула бою дирилдеп* [СО: 69]. *Тула бою дирилдеп* туруктуу сөз айкашы, *тула бою* деген зат атооч сөзү адамдын тулку бою, денеси деген маанини билдирет. Кубануу, толкунданнуу эмоциялык абалын турган-турпаты да чагылдырып, толкунданнуудан пайда болгон дененин кыймылын түшүндүрүп жатат. Ага *дир* деген тууранды сөздөн пайда болгон *дирилдеп* этиши айкашып келип жатат.

***Кубануудан ыйлоо***: *Баатыр касаба тоодой көрүнүп;. Алмамбет, Чубак, Бакайдын Көргөндө көөнү бөлүнүп, Көрүшө албай калчуудай, Эрлердин көзүнүн жашы төгүлүп, Атасын көргөн балдардай, Кырк чоросу чуркурап, өлбөй тирүү көргөнгө Баарысы ыйлап буркурап* [СК: 1440]. *Сүйүнгөн бир, корккон бир, Көзүнүн жашы төгүлдү. Аккан жашы бурчактап, Арстандардын баарысын, Амандашып кучактап* [СК: 1445].

***Көздөн жаш чыгуу*** – кубангандан, толкунданганда көзү ымдашып, жаш чыгуу: *Жылмайып басып байбиче, Эки көздөн жаш чыгып, байбиче келип турганы* [СО: 31].

***Сакалдан жашы төгүлүү*** – адам негизинен эки учурда ыйлайт: биринчиси капа болуп кайгырганда, экинчиси кубанганда. Улгайган киши кубанып ыйласа, көздөн аккан жаш сакалынан ылдый кулап жатканын сакалдан жашы төгүлүү лексемасы менен берилет: *Каралдым балам келдиң-деп, Кадыр Алдам бердиң-деп, Бай Жакып ыйлап баркырап, Сакалдан жашы төгүлүп, Жамгырдай болуп жаркырап* [СО: 1089].

***Жашын тыйбоо*** – мууну бошоп, толкундоодон, кубангандан көз жашын тыйбай ыйлоо: *Бала жерде туйлады, Бар-бар этип ыйлады. «Эркек бекен, кыз бекен, Мага качан айтат?!»-деп, Байбиче жашын тыйбады* [СО: 33].

Мында кубануу эмоциясындагы кыймыл-аракеттин кандай мүнөздө, деңгээлде өтөөрүн көрсөтүп жатат. Негизинен, адам кубанганда жана кайгырган эмоцияларында көзүнөн жаш чыгат. Демек, бир эле бейвербалдык каражат эки башка эмоциялык көрүнүштө аткарылып жатат.

***Бакыруу*** – *Акбалта көрүп акыры, «Сүйүнчү!»-деп бакырды. Кубангандан бай Жакып: «Не дейсиң?»-деп чакырды* [СО: 36]. Бул жерде катуу кыйкырганды билдирүүчү этиш *баа* деген дабыш тууранды сөзгө этиш жасоочу – *кыр* мүчөсү жалгануудан пайда болгон [Сейдакматов 1980: 45].

***Кыйкыруу*** – катуу үн чыгаруу, бакыруу [КТС2: 163], адам кубангандан да катуу үн чыгаруу менен өзүнүн эмоциясын билдирет жана да сүйлөп жаткан сөзүнө кубанычын коштогон шаңдуу кыйкырык бейвербалдык фонациялык каражат коштойт: *«Келиңер!» - деп, кыйкырып, Арстан эрдин бу күндө, Ач кыйкырык жаңырды, Кызмат барбы бизге?-деп, Кыраандан сурап салышты* [СК: 1056]. Байыркы түрк тилинде *кы* сөзү бирөөнү кыйкырып чакырууда колдонулган. Мисалы: Кы, бери кел! Ой, бери кел! Ага этиш жасоочу *–кыр* мүчөсү жалганып, *кыкыр* сөзү келип чыккан. Кийин уңгунун аягына *й* тыбышы уланып, *кыйкыр* түрүнө келген [8: 169]. Ф.Фолсомдун жана Н.Я.Маррдын көз караштары боюнча оозеки сүйлөшүүнүн негизги каражаты болгон ымдоо-жаңсоо белгилери адамдын аң-сезими, психологиясы менен тыгыз байланышта жана бул белгилердин тилдин пайда болушуна өбөлгө түзгөн. Алгачкы адамдар бейвербалдык каражаттардын тобуна кирген фонациянын элементтерин, б.а. кыйкыруу, ыйлоо, кубанганда жана кайгыргандагы үн каражаттарын колдонуп, тилдин келип чыгуусуна өбөлгө түзгөн дейт [9: 11]. Демек, кубануу эмоциясындагы кыйкырып чыккан үн бейвербалдык каржаттардын эң эскиси болуу менен, бул жерде *келиңер* деген сөздү коштоо менен, айтып жаткан адамдын көңүлү куунак экендигин, фонациянын элементтери аркылуу берилеп айтылып жатат, жазууда тийиштүү тыныш белгилер коюлат.

***Баркылдоо*** (*барк+ылда*) – барк-барк этип үн чыгаруу, көңүлү көтөрүлүп турганда кубанган кезде адамдын үнү бийиктеп, бакылдап сүйлөө, фонациялык бейвербалдык каражаттарга кирет: *Ак шумкардай баркылдап, Ак сакалы жаркылдап, Кара тилин кайрады* [СК: 165]. *Бала каздай баркылдап, Балбан Кошой абакең, Ак сакалы жаркылдап* [СК: 288].

***Ураан чакыруу*** – кубанганда, коштоп, сүрөп турганда айтылуучу чакырык. Мисалы: кыргыздарда хан көтөргөндө ошол адамдын атын айтып, ураан чакырган, бул фонациялык каражат аркылуу ошол адамдын хан болушуна тилектештигин, каршы эмес, кубануу менен кабыл алып жаткандыгын туюнтат. Ошондой эле аш-тойлордо байге сайылып, ат чабыш, эр сайыш ж.б. учурларда ураан чакырылган: *Сүйүнгөндөн баарысы «Кайкайлап» ураан чакырып* [СК: 190]. *Маңдайдан чыкты бакырык, «Манастап!» - ураан чакырып* [СК: 427].

***Үшкүрүү*** – адам бир эле кайгырганда же капаланганда эле үшкүрбөстөн, аябай сүйүнгөндө жүрөгү элеп-желеп болуп, толкунданып турганда да ошол абалын үшкүрүү аркылуу билирт: *Көргөндө Манас үшкүрүп, Сүйүнгөнү эмеспи, Баладай чуркап жүгүрүп, Аколпокту кийинип, Аккелтени колго алып* [СО: 732].

Кыргыз тилинде адамдын ичинен кубангандыгын туюндурган да сөздөр бар: *кымтыңда, кымпылда, кымый, кымылда* ж.б. Окумуштуу З.Дербишева бул этиштер боюнча мындай аныктама берет: «Эти глаголы используются для описания человеком внутренного состояния, которое ни внешне, ни на лице ничем не выдаются, ни как не проявляются [10: 300].

Кубануу сезими адамдын үнүнөн, көзүнөн гана билинбестен, анын жалпы баскан-турганында да өзгөрүү пайда болот. Эпостогу каармандардын кубануу сезими алардын жүрүм-турумуна таасир этип, тиешелүү лексемалардын жардамы менен текст ичинде чагылдырылган:

***Баладай чуркап жүгүрүү*** – кубангандан бир орунда тура албоо, тез-тез басып, чуркоо бутунун кыймылы менен адамдын көңүлү шат болуп, ачык экендигин билдирет: *Сүйүнгөнү эмеспи, Баладай чуркап жүгүрүп, Аколпокту кийинип, Аккелтени колго алып, Жаны ордуна келгенде* [СО: 734]. Кубануу эмоциясындагы абалда адамдын ички оң эмоциялык энергиясы бат-бат кыймылы, чуркоосу, секирүүсү сыяктуу кыймыл-аракеттер менен коштолоору бышык. *Баладай чуркап жүгүрүү* бейвербалдык каражатынын лексемасы, көңүлүндө кири жок, чын жүрөктөн сүйүнүү менен жасалып жаткан кыймыл-аракет экендиги көрүнүп турат.

***Бурала басуу*** – шашпастан, өзүнө ишенгендей кадамы, басуусу. Көңүлү жайланып, кубанып тургандагы дененин кыймылы: *Токойдон чыгып буралып, толук жүзү нурланып, Меңдибай чыгып келгени, Сабыркап турган Жакыпка, Саламды бала бергени* [СК: 110].

***Шат болуу*** – шаңдуу, көңүлдүү, куунак, шайыр деген түшүнүктү берет [КТС2: 785], кабагы ачылып, шатыра-шатман сүйлөө, кыймыл-аракети да тез, энергиялуу болгондо айтылат: *Кубанбаган бир жан жок, Куп дебеген тири жан жок. Шат болбогон бир жан жок, Жамандык ойлоор тири жан жок* [СО: 1090]. *Шат* сөзү тууралган дабыштын кескиндигин, кыскалыгын билдирген табыш тууранды сөздөн болуп, ага этиш сөзүнүн айкалышы менен айтылып жатат.

***Дардаюу*** – адам сүйүнгөндө, кубанып, көңүлү жай алып турганда, дене-боюн бош коюп, бүжүрөйбөй, чалкалап турган калыбында болот, ошол учурун тилдик каражат аркылуу дардаю, кубанычы койнунда ж.б. терминдер менен берилет: *Сүйүндү Манас дардайып, Чаначтай мурду барбайып, Көк арсландай чамынып, Жаратканга жалынып* [СК: 348].

***Барбактоо*** – бапырандоо, барбаландоо, дардаландоо [КТС2: 87], кубангандан далда?дап, калдастаган адамдын кыймылы: *Калча десем Коңурбай, Барбактап калат экенсиң, Оолуга түшүп, сен мага, Калдактап калат экенсиң* [СК: 770]. *Барбактоо, дардактоо, калдактоо* кыймыл-аркеттеринин берген мааниси бирдей болуп, ыр саптарынын уйкаштыгына жараша тыбыштык жактан өзгөрүп, эпостогу каармандардын образын ачып берүүдө чоң жардамга келет.

***Карпаңдоо*** – барпаң-барпаң этүү, барпаңдоо [КТС1: 793], кубанып, кубанычы койнуна батпай турганда далдаңдап, колу-буту туш келди эпсиз кыймылдап, бир орунда турбай, колу-буттун, дененин барпаңдаган кыймыл аракети: *Карыса да карпаңдап, Кары буурадай тартаңдап* [СК: 679]. *Карп* тууранды сөзүнөн *–аң* тууранды сөз жасоочу мүчөсү жалганып, *-да* этиш жасоочу мүчө аркылуу жасалды.

***Электөө*** – *Бакдөөлөт жүрөт электеп, Берейинчи тоюңду, Анан карап келип турайын Катындар сенин жоюңду. Чакыргын!-деп күлдүрдү* [СК: 117]. Элеп-желеп болуп толкундануу, чыдамын жоготуу деген мааниде келип жатат.

Кыргыз тилинде кубануу сезиминин адамга таасир этишин көркөм, образдуу баяндаган фразеологизмдер да бар:

***Жарылып кетер жүрөгүм*** – кубангандан, сүйүнгөндөн жүрөгү элеп-желеп болгон, эмоциялык абалын туюндурат: *Бала жоктон жүдөдүм, «Эркек!»-деп, бирөө жүгүрсө, Жарылып кетер жүрөгүм* [СО: 32].

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосунда кубануу сезими башка эмоциялык каражаттарга (ачуулануу, кайгыруу, коркуу, сыйлоо, таң калуу ж.б.) салыштырмалуу аз кездешерин байкадык. Мунун себеби, окуянын жалпы жүрүшүндө, негизинен, көңүл чордону кыргыз эли-жерин коргогон баатырлар жөнүндө баяндалгандыктан, согуш темасы, басып алуучулук, калмак-кытайлардын кол салышы, зордук-зомбулук сыяктуу көрүнүштөр баяндалып, ачуулануу эмоциясына караганда эмнегедир кубануу эмоциялык абал аз сүрөттөлгөндүгүнөн болсо керек. Ошентсе да, кубануу эмоциялык абалын чагылдырган түрдүү бейвербалдык каражаттарды лексемалаштырып сүрөттөгөн 120 лексикалык бирдик табылды.

***Адабияттар***

1. Лабунская, В.А. Невербальное поведение: структура и функции / В.А.Лабунская. – *Ростов*: Изд-во *Ростов*, ун-та, *1986*. – С.5-35.

2. Булах, Н.А. Предположительные вопросы и средства их выражения в современном немецком языке: автореферат дис....канд. филол.наук / Н.А.-Булах. – Пятигорск, 1997.

3. КТС 1 - Кыргыз тилинин сөздүгү. Биринчи бөлүк. -Б.: «AVRASYA PRESS», 2011.-880б.

4. КТС 2 - Кыргыз тилинин сөздүгү. Экинчи бөлүк. -Б.: «AVRASYA PRESS», 2011.-891б.

5. СО - Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. / Түз.: С.Мусаев – Б.: Хан-Теңир, 2010. - 1840б.

6. СК - Манас: С.Каралаевдин варианты б-ча / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев. - Б.: «Турар», 2010. - 1008б.

7. Ключевский, В.О. Сочинения: М., 1959. Т. VIII.

8. Сейдакматов, К. Кыргыз тилиндеги сөз маанисинин жана варианттарынын өнүгүшү / К.Сейдакматов. – Ф., 1982. – 135 с.

9. Фолсом, Ф. Книга о языке / Ф.Фолсом. – М.: Изд. Дом. Прогресс, 1974.

10. Дербишева, З. Кыргызский этнос в зеркале языка, Монография / З.Дербишева. – Б., 2012. – 404 с.

*Б. Усмамбетов,*
*БГУ*

# МАХМУД КАШГАРИНИН «ДИВАНЫНДАГЫ» ҮЙ-БУЮМДАРЫНА ТИЕШЕЛҮҮ АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Махмуд Кашгаринин "Диванында" жалпы эле үй-тиричилигине байланыштуу сөздөр көп кездешет. Үй-буюмдарын ошол мезгилдеги колдонуу шартына, кандай материалдан жасалгандыгына жана эмнеге арналгандыгына карата бөлүп кароо семантикалык жактан иликтөөлөргө жеңилдик түзүлөөрү бышык. Ушул жагдайда үйгө салынуучу буюмдардын аталышындагы айрым сөздөргө илик жүргүзүп көрөлү:

***Ешук*** –жапкыч. Хандар, бектер өлгөндө алардын мүрзөсүнүн үстүнө жабылып, кийин кедейлерге таратылып берилүүчү жапкыч (165). Кыргыз тилинде *эшик* сөзүнө туура келет. Жогорудагы ***ешук*** (жамынчы), ***ешук*** (жапкыч) сөздөрүнүн жалпы окшоштуктары бар. Өтмө маанидеги сөздөр. Ешүк (эшик) сөзү азыркы мезгилде "Үйдүн, короонун ж.б. кирүү, чыгуу үчүн ачык калтырылган жери жана каалгасы" маанисинде колдонулат. Байыркы түрк тилинде ***эшу***этиши "жап" маанисин берип, ага зат атооч жасоочу ***–к*** мүчөсү уланганда, ***эшук*** "жабуу" сөзү келип чыккан (ДТС, 186). Мына ушул ***эшук*** сөзүнүн ***у*** тыбышы ***и*** тыбышына өзгөрүүдөн *эшик* сөзү жаралышы мүмкүн. Анткени эшик үйдүн ачылып-жабылып тура турган бөлүгү болуп эсептелет. Ошол өзгөчөлүгүн байыркы түрктөр "жап" маанисиндеги ***эшу***сөзүнүн жардамы менен жасалган. *Эшик* сөзүнүн "тыш, сырт" мааниси кийин жаралган дешке болот (К.Сейдакматов,1988 272). Муну тастыктоо үчүн жогорудагы "жамынчы, жапкыч" маанисиндеги ***ешук*** сөзү күбө.

Кыргыз тилинде *эшик* сөзү 1."үйдүн, короонун каалгасы" маанисинен тышкары, 2."Үйдүн сырткы, айлана-тегереги" маанисинде да кездешип, "жол, мүмкүнчүлүк"сыяктуу өтмө мааниге ээ болгон.

Ошондой эле ***эшик-төрүн*** *көрүү, үй-жайын, үй-бүлөсүн көрүү, үйүндө болуу: Үйгө барып*, ***эшик-төрдү*** *көрүп кетиңиз* (Жантөшев), ***Эшик ага-*** жородо сырттан киши кийирбей, эшик сактап туруучу адам: ***Эшик ага*** *болгон адамды төрдө отургандар тамашалап жатышты.* ***Эшик ачар-*** кызды көрүүгө келгенде күйөөсү келиндерге берүүчү акча, мүлк; *Женкетайды,* ***эшик ачар,*** *төшөк саларды буларга чачкыла* (Бейшеналиев) туруктуу сөз айкаштарынын тутумунда орун алган. Ал эми "Үйдүн сырткы, айлана- тегереги" маанисиндеги *эшик* сөзү өтмө мааниде колдонулат десек жаңылышпайбыз. ***Эшигин*** *көрүп төрүнө өт* (макал). Кыргыз тилинде өтмө маанисинде "жол, мүмкүндүк" (*Совет өкмөтү илимге* ***эшикти*** *кең ачты*) маанисинде да айтылат.

**Йаби** –көрпөчө. Чыгыл тилинде (39 3т) кыргыз тилинде бир нерсени көрсөтпөө үчүн же ысыктан сууктан сактоо үчүн жаан –чачын тийбес үчүн же коолдук үчүн үстүн жаап коюуга арналган буюм, жапкыч: *жүк жабуу*, *түндүк жабуу* , *ат жабуу* (үртүк)деген түшүнүктөгү сөз айкаштарында кездешет. Түрк тилдериндеги материалдарга карасак, өзбек тилинде *епик*, *от епиги, жүн йабуу*, *бахмал, баркыт йабу* болуп айтылат. Казак тилинде болсо кыргыз тилиндегидей *ат жабуу* формасында айтылат. Түркмөн тилинде болсо *хеже* жана *йабу* болуп эки түрдө колдонушат. Аталган сөздүн-*жап,* уңгусу кыргыз тилинде 1."Каалганы, дарбазаны жана жалпы эле ачылып жабыла турган нерселерди жабык абалга келтирүү, ачык абалда калтырбай бекитүү». *Айсулуу кайра келди, үйүн ачты, кирген соң үй эшигин кайра жапты* (Үмөталиев), 2.Кандайдыр бир нерселердин үстүнө каптай салуу, чүмкөө, каптоо». *Камыш жапкан жаңы салган үйлөр бар* (Аалы). *Жабуу жапса жарашып, жаркыраган торпогум* (Тоголок Молдо). *Бак башын бубак жапкан самсаалалып* (Бөкөнбаев), «Сый көрсөтүү, урматтоо иретинде чапан, кийим кийгизүү» *Жолдошуң сайын бир-бирден күрөөкө соот жабайын* («Манас»). 3. «Сүйлөө, сүртүү, шыбоо». *Бутун жууп тазалап, кара дары жапты эми* («Эр Табылды»), «Бир нерсенин бетине жабыштыруу, чаптоо (көбүнчө нан бышыруу, казанга, дандырга жабыштыруу)». *Ашык толдуу план деп, Апаппак нан жабалык* (Нуржамал), 4. «Жая берүү, каптай берүү, жайпай берүү, жайпай төгүлүү, каптай төгүлүү (көбүнчө суюктуктун куюлушу же төгүлүшүнө карата)» *Орто жерге келгенде суу аттын жалын жаба берди* («ЖашЛенинчи»), 5. «Кандайдыр бир башталган ишти аяктоо, токтотуу». *Директор акыркы сөзүн сүйлөп, жыйналышты жапты. Бакалчылар майда- чайда буюмдарын жыйнап дүкөндөрүн жапты* (Жантөшев), 6. «Жашыруу, билгизбөөгө аракет кылуу, чыгарбоо» *Бир жамандыгын миңдин жакшылыгы жабат* («Жаш Ленинчи»). *Акыйкаттан көрсөтүү, Айбын жаппай жашырып* («Жазгыч акындар»), 7. «Ордун толтуруу, кемчил же жетишпеген жагын толуктоо, ордун бастыруу».Чыгымдалган каражаттарын түшкөн пайданын эсебинен жапты сыяктуу мааниlerге ээ (КТТС, 1984, 306 бет).

Байыркы түрк тилдеринде ***йап*** 1. строитъ, делатъ: ***Еч там йапты-*** мужчина возвел стенц, ***йап*** 2. покрыватъ: ***Су келди йер йапа гарар чар-*** пришло войско, (лошади) роют снег, покрывая землю (снежной пылъю) жана «закрыватъ» ***Ергапуг йапты-*** мужчина закрыл дверъ. ***Йап*** 3. прикладыватъ, приклеиватъ- ***ичлар өтмөк йапты-*** женшина прилепила лепешку (к стенке тандыра) болуп кездешип, кыргыз тилинде маанилери сакталып калган. Ал эми башындагы тыбыштардын алмашып айтуусу боюнча Махмуд Кашкари «Сөздөрдөгү айырмачылыктар бир нече тамгалардын ордуна башка тамгалар алмашып келишип, же болбосо кээ бир тамгалардын түшүп калышынан болот».

Мис., Огуздар менен кыпчактар менен «йа» тамгасы «алиф» тамгасына же «жийм» тамгасына алмаштырып айтышат». Ошентип түрктөр «йылыг сув» десе алар болсо «ылыг сув» дешет-деп белгилейт. (92, 1т ). Байыркы түрк тилинде сөз башындагы *ж* тыбышынын *й* тыбышына алмашкан сөздөр кеңири кездешет: ***йазым*** (жазым), ***йүгүн*** (жүгөн), ***йап*** (жап), **йаптыг** (жаптык), ***йугуркан*** (жууркан), ***йаыч*** (жаа+уч), ***йанлык*** (жандык), ***йулор*** (жолдор), ***йип*** «жип» ж.б. Жогоруда кеп кылынгандай, *жабуу* десек боз үйдүн жабуусун, атка тиешелүү жабууну элестетебиз (к. ***Өртук-*** жабуу / *Малга тиешелүү жабдыктардын жана куралдардын аталыштары / Атка жана жылкыга тиешелүү жабдыктардын аталыштары*).

Кыргыз тилинде кездешүүчү *көрпөчө* сөзү төмөнкүдөй эки мааниде колдонулат: 1. «Алдыга салынуучу ичке төшөк» жана 2. «Ээрдин үстүнө салып, басмайыл менен тартылуучу кичине төшөк». Сөздүн уңгусу *көрпө* (к.***Көбсөөн/*** *Үй буюм- тайымдардын аталышы*) болуп, кыргыз тилинде «козунун, улактын тармал жүндүн териси» маанисинде да колдонулат. Ушундай көрпөчөнүн баштапкысы козу, улактын жүндүү терисинен жасалып, кийин ичине жүн, кебез салынган ар кандай кездемеден тышталган жерге салынуучу төшөктөр аталып калган. Көбүнчө тилибизде *төр көрпө// төр көрпөчө* же *жер көрпө// жер көрпөчө* болуп айтылат. Мындай *жууркан- төшөк* маанисине өтүшүн түндүк диалектиде кездештирүүгө болот: *Дарбаза ачылган кезде көрпө-төшөктөрдүн, кийиз- кийимдердин жайылуу тургандыгы көрүндү* (Абдукаимов) (КТТС, 577;).

***Йазым*** – төшөк, жата турган жер (33,3 т) сөзүнүн түбү ***йаз*** // жаз (кандайдыр бир түрмөктөлгөн түктөлгөн нерсени жаюу , ачуу, бүктөлбөгөн, бырышпаган, оролбогон ж.б абалга келтирүү) этиштен жана-ым сөз жасоочу мүчөдөн куралган. Байыркы түрк тилинде «жаз» (***тон күнгө йазылды***-тон күнгө жазылды, ***йыг тонда йазылды***-май тонго жазылды (ээриди) этиши «чачыра» (***су йазылды***- аскер чачырады) маанисин да берген (115, 3 т). Кыргыз тилинде *жаз* этиши биринчи маанисинен сырткары төмөнкүдөй маанилерге да ээ: «таратуу , жаюу»: *Күн нуру ачык аба черди жазган, жер бети кызыл-тазыл жашылданган* (Аалы). *Атаң барда жоо жеңип, элдин жазат капасын* (Нуркамал) жана «*Керегe* жайып ачуу, бүктөлгөн, түйүлгөн, куушурулган ж.б. абалдан жайылган, кереге ачылган, эркин болгон абалга өтүү: *Мышык тырмактарын жазып, эки колун илгери созду* (Сыдыкбеков). Айтылгандардан улам, жүккө оролуп жыйылган төшөктү жазып жерге салуудан ушундай аталып калган дешке болот.

***Йап*** – жабагы, кийиз. Айтышат «***йүң йап***» жабыгы жүн, кийиз( 7,3т). Бул сөз мүчө уланбастан зат атоочко өткөн. Кыргыз тилинде этиштик маанисинен тышкары мүчө уланбастан затты жасабайт. Бирок бул этиш байыркы түрк тилинде мүчө уланбай эле затты жасагандыгын көрүп турабыз. Ошондой эле өнүмдүү уңгу катары *жабдык*, «Аркандай жарак курал шаймандар», *жабуу* «Бир нерсени көрсөтпөө үчүн же ысыктан сактоо үчүн, жаан-чачын тийбес үчүн же коздук үчүн жаап коюга арналган буюм», *жабык* «боз үйдүн туурдугу менен үзүгүнүн кошулган (катташкан ) жери», ж.б сөздөрдө орун алган.

***Йасук*** – жаздык (67,3 т) « ***Йостук йасталды***»– жаздык жаздалды (153, 3т) (Башка, алдыга жаздык же башка бир нерсени коюу, төшөө) жана ***–ык*** этиштен затты жасоочу мүчө уланган . Байыркы түрк тилинде ***йасук*** сөзү «жаздык» жана «жөлөнгүч» маанисинде кездешет. Кыргыз тилинде *куш жаздык* , жана *мамык жаздык* деген түрлөрү бар. Ошондой эле *өз жаздыгынөзу ала жатуу* - өзү өлө турган болгондон кийин бирөөдөн өчүн ала жатуу, өзү менен кошо кас адамын да өлүмгө учурата кетүү, *көзжаздыгы* – көздүн асты сыяктуу катышкан туруктуу сөз айкаштарынын тутумунан жолуктурууга болот.

***Йогуркан*** – Жууркан (389). Ошондой эле «көйнөк» маанисинде да айтылат (85,3 т). Жууркан ортосуна жүн салынып, ичи-сырты кездемеден кабылып тигилген, жатканда жамынып жатуучу төшөнчү экени белгилүү: *Чоң эне ак шейшептин жакасын кайрып, жуурканды кымтып койду* (Сыдыкбеков). *Түйгөн чийдей кылып бирине бирин тегиз койгон жуурkандар бир топ* (Сыдыкбеков) . ***йугуркан*** сөзү – байыркы түрк тилиндеги ***йурка*** «ороо» этишинен турат. Мисалы: ***йыгачка йип йуркашды*** - жыгачка жип оролду. Ошондой эле оролгон бардык нерсеге карата айтылат: «***урук йыгачка йурканда*** - аркан жыгачка оролду, ***ер йугурканка йурканды*** - эр жуурканга оролду (149, 157, 3 т). Ушундан жамынып жатуучу төшөнчү жүккө оролуп жыйылгандыктан йугуркан пайда болгон дешке болот. Бул сөздүн этиштик уңгусу азыркы кыргыз тилинде кездешпейт. Жогоруда ***й*** тыбышынын ***ж*** тыбышына алмашып айтылган. ***К. Йабу***. Ал эми – *ган* мүчөсү менен байыркы түрк тилинде **өргөн** (өр+ган) –кайыш, олоң (226), **четген**(чек+ген)-тизгин, жүгөн (765) сөздөрү жасалган. Кыргыз тилинде да ушул сыяктуу *жүгөн, чөгүн, аркан, бакан, тизгин* сөздөрүндө кездешет.

***Кызыз*** – жал, войлок, кийиз (637) байыркы түрк тилинде ***кызыз//кедиз//кидиз*** түрүндө варианттары бар. Анын ***д*** тыбышы ***й*** тыбышына алмашуусундан кыргызча *кийиз* түрү жаралса, ***д*** тыбышынын ***г*** тыбышына алмашуусунан өзбек, уйгур тилиндеги *кигиз* сөзү келип чыккан. Ал эми байыркы түрк тилиндеги ***кед*** этиши азыркыча ***кий*** сөзүнүн маанисинде болгон. Ага этиштен зат атооч жасоочу ***–ыз*** мүчөсү кошулуп , ***кедиз//кидиз*** сөзү жасалган. Болжолу, ал кезде кийиз кийим катары колдонулгандыктан ушундай аттынын келип чыгышына себеп болгон окшойт (Сейдакматов,143), байыркы түрк тилиндеги көпчүлүк сөздөр этиштен жаралгандыгын да бул сөздөн көрүүгө болот. Ошондой эле кийиздин оймосуна карата өтмө маанидеги ***оймо*** болуп кездешет. Мис., «***Ол маңа ойма талкышды***» - *Ал мага кийиз уйпалашты* (327, 2 т.). Оймо аталышы азыркы кездешкен *ала кийизге* туура келет. Эмне үчүн дегенде ала кийизге гана оймо, түр салынары бизге белгилүү. Дагы «Диванда» «***Ол кызка кизиз сыратты***»- *Ал кызга кийиз шырытты* болуп кездешет (491, 3 т.). Биздин оюбузча, азыркы шырдакты кийиз аташса керек. Мындагы шыры эмгек процесси шырдакка колдонулары изге белгилүү. Ал эми тилибизде *шырдак* сөзү *шыры* этишинен пайда болгон дешке болот. Мис., *Турдукан сызмадан шырып басмайыл, куюшкан жасады* (Бейшеналиев). *Шырдак шырыды* (КТТС, 742 бет). Кийиз боз үйдүн жабуусун, шырдак, калпак, ала кийиз (жерге салынуучу кийиз), кементай ж.б. нерселерди жасоо үчүн колдонулуучу жүндөн бышырылып басылган калың материал катары белгилүү.

Кийиздин кыргыз элинде *ала кийиз* (түр салынып жасалган кийиз), *туш кийиз* (үйдүн тушуна-керегеге, тамдын дубалына тартуу үчүн оюп, сайма түшүрүлгөн кооздолгон буюм ) сөз айкаштары кездешет. Ошондой эле кыргыз тилинин диалектисинде шырдакты *тур кийиз* дешет. Жогорудагы туш кийиздин баштапкы мааниси үйдүн керегенин тушуна тагылган, кооздолуп түр салынган кийиздин өзү аталган болсо, азыркы мезгилде ар кандай чүпүрөк материалы катталып, сайма сайылган, үйдүн тушуна керилип тагылган буюмду атап калышкан.

Ушул сыяктуу иликтөөлөр кандайдыр бир деңгээлде кыргыз тилинин тарыхына өз салымын кошот деген ойдобуз.

***Адабияттар***


1. Древнетюркский словарь. -Л.: Наука, 1969.
2. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Ф.: Илим, 1988.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). – Ф.: Мектеп, 1969.
4. Махмуд Кашкари «Түрк тилдерини сөздүгү» / Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, I т. –Б., 2011.
5. Махмуд Кашкари «Түрк тилдерини сөздүгү» / Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, II т. –Б., 2012.
6. Махмуд Кашкари «Түрк тилдеринин сөздүгү» / Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, III т. –Б., 2013.



***Halit DURSUNOĞLU***
*Atatürk Üniversitesià*


# TÜRKİYE TÜRKÇESİNDE BİRBİRİNE BENZETİLEN YA DA BİRBİRİYLE KARIŞTIRILAN EKLER


*Özet*
*Türkiye Türkçesinin dil bilgisi öğretiminde yaşanan sorunlardan biri de yazılışları aynı olan eklerin işlevlerinin birbirine karıştırılmasıdır. Aslında, eklendiği kelimenin anlamına veya yapısına bakıldığında bu ekleri birbirinden ayırmak kolaydır; ancak yine de bu konuda bazı zorluklar yaşanmaktadır. Bazen çekim ekleri bazen yapım ekleri bazen de çekim ekleri ile yapım ekleri, aralarındaki benzerlik nedeniyle birbirine karıştırılabilmektedir.*
*Ortaöğretim düzeyinde şekil bilgisi ile ilgili konuları içeren bazı uygulama çalışmalarında öğrencilerin ekler konusunda yaptıkları yanlışlar tespit edilirken öğrencilerin birçok eki yazılışlarının aynı olması nedeniyle birbirine karıştırdıkları görüldü. Bu makalede öğrencilerin hangi ekleri birbirine karıştırdığı tespit edildikten sonra bu ekleri bir başka ifadeyle yazılışları aynı işlevleri farklı olan ekleri birbirinden ayırt etmelerine yönelik bir yaklaşım sunulmaya çalışılmıştır.*


*Anahtar sözler:*
*Türkçe, Türkiye Türkçesi, Şekil bilgisi, Yapım eki, Çekim eki*


**AFFIXES ARE MISTAKEN ABOUT EACH OTHER ON COMPARED WITH EACH OTHER IN TÜRKİYE TURKISH.**


**Abstract**

One of theproblems in Türkiye Turkish's gramer teaching is tocomparewiththeappendixesthatarewritten in thesomeway but havedifferentfunctions. Infact, whenwelook at thestructureormeaning of theword is addedtodistinguishbetweentheseinserts is easy; but it is stillexperiencingsomedifficulties in thisregard. Somet imessuffixessome times affixesshoo ting withattachments sometimesaddsproduction can be mixed together duetothesimilaritiesbetweenthem.

Secondary-levelinformation, includingissuesrelatedt othewaysomeapplicationworks in student writing falseidentifiedmanyadditionalstudentswhiletheyare in theattachmentswerefoundto be thesameduetoconfuse. Inotherwords, it addsthesamefunctionalitySpellings has attemptedtopresent an approa chfordistinguishing betweendifferentatta chmentsth athavebeenfoundto mix afterea chother whicha dds thestu dentse nrolled in thisarticle.



**Keywords:**

Turkish, Türkiye Turkish, Form language, Constructionalaffix, Inflectionalsuffix.

**Giriş**

Sondan eklemeli bir dil olduğu için Türkçede eklerin çok önemli bir yeri vardır. Eklerin genel işlevlerini şöyle sıralamak mümkündür:

1. Sözcük türetmek
2. Sözcüğün türündeki değişimi belirlemek
3. Sözcüğün anlamına katkıda bulunmak
4. Söz dizimini anlamlı bir birliktelik hâline getirmek
5. Sözcüğün cümledeki görevini belirlemek
6. Yabancı kelimeleri Türkçeleştirmek

Kökler ile birlikte Türkçe kelimelerin yapısını belirleyen ekler, Türkçenin en büyük zenginliklerindendir. Yapım ekleri konusunda hemen her dil bilgisi kitabında bir birliktelik söz konusu iken çekim eklerinin verilişinde birtakım ayrılıklar görmek mümkündür. Bazı ekler konusunda kitaplar arasında bilgi ve yaklaşım farklılıkları bulunmaktadır.

**1. Ekler konusunda yapılan hatalar**

Ortaöğretim düzeyinde *"şekil/biçim bilgisi"* konularında öğrencilerin yaptığı hatalar gözlemlendiğinde, eklerle ilgili yapılan hataların sebepleri şöyle belirlenmiştir:

1. Kelimenin kökünü doğru tespit edememek
2. Ekin kelimenin anlamını değiştirip değiştirmediğini anlayamamak
3. Ekin kelimenin türünü değiştirip değiştirmediğini anlayamamak
4. İsimlerin ve fiillerin sonuna gelen çekim eklerini tam bilememek
5. İsimlerin ve fiillerin sonuna gelen çekim eklerini birbiriyle karıştırmak
6. Ortak köklerde sadece kelimenin köküne bakmak
7. Eki sadece eklendiği kelimede görmek.
8. Ekin değişik şekillerini (ses değişimini, yardımcı ünsüz ile kullanımını) bilememek.

Yukarıda belirtilen maddelerin anlaşılırlığı için bu hatalardan son ikisi üzerinde durmak faydalı olacaktır:

Eklerle ilgili yapılan en önemli hata, çoğu dil bilgisi ve ders kitabında verildiği üzere, eki cümle içinde değil sadece geçtiği kelimede görmektir. Ekin işlevini kelimede çok rahat şekilde belirten bir öğrenci aynı ekin cümledeki işlevini belirtememektedir.

Eklerle ilgili yapılan diğer önemli bir hata da ekin değişik şekillerini görememek; yani ekteki ses değişimini ve ekin yardımcı ünsüz ile kullanımını kavrayamamaktır. Ünsüzle başlayan bir ekin içindeki ünlünün değişimini gören ya da değişebileceğini düşünen birisi, ünlü ile başlayan eklerde bu değişimi aynı kolaylıkta görememekte ve düşünememektedir. Misal olarak *"-i"* ekinin *"-ı"* şeklini düşünen biraz daha zihnini zorladığında ekin *"-u, -ü"* şekillerini de düşünebilmektedir. Bu durumdaki birisi, ekin *"-nı, -ni, -nu, -nü; -yı, yi, -yu, -yü; -sı, -si, -su, -sü"* şekillerini de alacağını düşünememektedir. Yine, daha az görülse de, ünsüz ile başlayan ekin başındaki sesin değişiminin de farkında olunamamaktadır. Meselâ: *"-cı"* ekini çok iyi bilen birisi, ekin *"-ci, -cu, -cü"* biçimlerini alacağını bilirken; eklendiği kelimenin son harfinin sert olmasından dolayıekin *"-çı, -çi, çu, -çü"* şekillerini almasını hemen bilememektedir.

**2. Çekim ekleri ve yapım eklerinin temel işlevleri**

Eklendiği kelimenin anlamında küçük ölçüde değişikliğe yol açan çekim ekleri, sözcükler arasında anlam ilgisi kurarak, onları birbirine bağlayan, onlardan bir söz dizimi oluşturan eklerdir. Çekim ekleri, kelimenin ne temel anlamını ne de çeşidini değiştirir; anlam bakımından katkıda bulunarak sözcüklerin cümledeki görevini belirtir.

Eklendiği kelimenin anlamında büyük ölçüde değişikliğe yol açan yapım ekleriise sözcüklerin temel anlamlarından yeni anlamlar ortaya çıkaran ve sözcüğün türünü değiştirebilen eklerdir.

**3.Birbirine benzetilen ya da birbiriyle karıştırılan ekler**

Ekler ses ve yazılışlarının aynılığı ya da benzerliği bakımından birbirine benzetilmekte bu da öğretimin her kademesinde öğrencilerin bu konuyu karıştırmasına sebep olmaktadır.

Birbiriyle karıştırılan ekleri üç sınıfta toplamak mümkündür:

**3.1. Birbiriyle karıştırılan çekim ekleri**

Birbiriyle karıştırılan çekim eklerinin örnekleri çoktur. Bunlardan bazıları şöyledir:

Üçüncü tekil kişi iyelik eki *"-i"* ile (belirtme) hâl eki olan *"-i"* birbirine karıştırılır:

*Ev**i** güzeldi.* (Üçüncü tekil kişi iyelik eki)

*Ev**i** boyattı.* (Hâl eki)

Ayırt edebilmek için cümlenin başına *"onun"* ifadesi getirilir; uygun düşerse kelimenin sonundaki ek, üçüncü tekil kişi iyelik ekidir. *(Onun evi güzeldi.), (Onun ev**i** boyattı.)*

Üçüncü çoğul kişi iyelik eki *"-ler/lar"* ile çokluk eki olan *"-ler/-lar"* birbirine karıştırılmamalıdır.

*Ev**leri** yukardaydı.* (Üçüncü tekil kişi iyelik eki)

*Ev**leri** boşalttılar.* (Çokluk eki-hâl eki)

Ayırt edebilmek için cümlenin başına *"onların"* ifadesi getirilir; uygun düşerse kelimenin sonundaki ek, üçüncü çoğul kişi iyelik ekidir. *(Onların evleri yukardaydı.), (Onların evleri boşalttılar.)*

**3.2. Birbiriyle karıştırılan yapım ekleri**

Farklı işlevleri olan yapım ekleri de birbiriyle karıştırılmaktadır.

*Dizinin göz**de** oyuncularından...* (Sıfat yapan yapım eki)

*Yanındakine bir şeyler fısıl**da**dı.* (İsimden fiil yapan yapım eki)

**3.3. Birbiriyle karıştırılan çekim ekleri ile yapım ekleri**

Yapıca benzer olduğu hâlde görevi farklı olan yapım ve çekim ekleri birbirine çok karıştırılmaktadır:

*Arabayı bak**ım** yaptırmış.* (Fiilden isim yapan yapım eki)

*Saç**ım** ağarmıştı.* (Çekim eki, hâl eki)

*Ben de insan**ım**.* (Çekim eki, ek fiil)

*Yapılanları unutmad**ım**.* (Çekim eki, şahıs eki)

Yukarıda belirtilen maddeler ışığında Türkiye Türkçesinde birbirine karıştırılan ekleri ve işlevlerini bir tablo üstünde karşılaştırmalı olarak vermek faydalı olacaktır:

Birbirine Benzetilen ya da Birbiriyle Karıştırılan Ekler

| Ek | Çekim eki olarak kullanımı | Yapım eki olarak kullanımı |
|---|---|---|
| **1. -() r** | **-()r çekim eki**<br>Fiillerin sonuna gelerek geniş zaman eki olarak kullanılır:<br>*Akşam gel**ir**.* | **-() r yapım eki**<br>1. İsimlerin sonuna gelerek türemiş fiil yapar.<br>*Saçları ağ**ar**mış.*<br>2. Fiillerin sonuna gelerek türemiş ad yapar:<br>*Gel**iri** gid**eri** belli değil.*<br>*Kes**er** ayağına düşmüş.*<br>3. Fiillerin sonuna gelerek türemiş fiil yapar:<br>*Fırsatı kaç**ır**dılar.*<br>4. Türemiş sıfat yapar:<br>*Hediyesi çal**ar** saatti.*<br>5. Birleşik isim yapar:<br>*Köylüler artık biç**er**döv**er** kullanıyor.*<br>*Yan**ar**dağ yeniden faaliyete geçmiş.*<br>6. Eklendiği kelimeyi sıfat-fiil yapar:<br>*Koş**ar** adımlarla hedefe ilerliyor.*<br>7. İkilemelerin sonuna gelir:<br>*Oku**r**yaz**ar** değildi.* |
| **2. -mez** | **-maz/-mez çekim eki**<br>Fiillerin sonuna gelerek geniş zaman eki -()r'nin olumsuzu olarak kullanılır:<br>*Yarın da gel**mez**.* | **-()r yapım ekinin olumsuzu**<br>1. Türemiş sıfat yapar:<br>*Görün**mez** kazaydı.*<br>*Sınavda tüken**mez** kalem kullanmayınız.*<br>2. Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Utan**maz**ın biri.*<br>3. Eklendiği kelimeyi zarf yapar:<br>*Umursa**maz** gözüküyor.* |
| **3. -ecek** | **-ecek çekim eki**<br>Fiillerin sonuna gelerek gelecek zaman eki olarak kullanılır:<br>*Programda şiir oku**yacak**..* | **-ecek yapım eki**<br>1. Fiillerin sonuna gelerek türemiş ad yapar:<br>*Yak**acak** temin etmek güç oldu.*<br>2. Türemiş sıfat yapar:<br>*Ak**acak** kan damarda durmaz.*<br>3. Eklendiği kelimeyi zarf yapar:<br>*Parayı öde**yeceğ**i yok.* |
| **4. -di** | **-di çekim eki**<br>1. Fiillerin sonuna gelerek di'li geçmiş zaman eki olarak kullanılır:<br>*Çok beğen**dim**.*<br>2. İsimlerin sonuna gelerek ekfiil olarak kullanılır:<br>*Üniversiteden hocam**dı**.*<br>3. Fiillerin sonuna gelerek ekfiil olarak kullanılır:<br>*Bu fidanı geçen yıl dikmiş**ti**.* | **-di yapım eki**<br>1. Birleşik isim yapar:<br>*Gir**di**si çık**tı**sı belli değil.*<br>*Bir gecekon**du**da oturuyor.*<br>2. Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Gir**di**ler belli değil.*<br>3. İkilemelerin sonuna gelir:<br>*İş ol**du**bit**ti**ye getirildi.* |
| **5. -miş** | **-miş çekim eki**<br>1. Fiillerin sonuna gelerek miş'li geçmiş zaman eki olarak kullanılır:<br>*Kara haber tez duyulur**muş**.*<br>2. İsimlerin sonuna gelerek ekfiil olarak kullanılır:<br>*Günlerdir hasta**ymış**.*<br>3. Fiillerin sonuna gelerek ekfiil olarak kullanılır:<br>*Otelde kalıyor**muş**sun, öyle mi?* | **-miş yapım eki**<br>1. Türemiş sıfat yapar:<br>*Gör**müş**, geçir**miş** bir adam.*<br>2. Sıfat-fiil yapar:<br>*Sarar**mış** yapraklar hüznü temsil ediyor.*<br>3.Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Alış**mış** kudur**muş**tan beterdir.* |

| | | |
|---|---|---|
| **6. -i** | **-i çekim eki**<br>1. İsimlerin sonuna gelerek belirtme hâli olarak kullanılır:<br>*Ben**i** böyle bırakma!*<br>2. İsimlerin sonuna gelerek 3. tekil şahıs iyelik eki olarak kullanılır:<br>*El**i** kesilmiş.* | **-i yapım eki**<br>1.Fiillerin sonuna gelerek türemiş ad yapar:<br>*Gez**i** programı henüz belli değil.*<br>*Yazısını beğenmiyor.*<br>2. Fiillerin sonuna gelerek türemiş fiil yapar:<br>*Yeri kazıyor.*<br>3. İkilemelerin sonuna gelir:<br>*El**i** dil**i** durmuyor.* |
| **7. -e** | **-e çekim eki**<br>1. İsimlerin sonuna gelerek yönelme hâli olarak kullanılır:<br>*Okul**a** doğru gidiyordu.*<br>2. Fiillerin sonuna gelerek 3. tekil şahıs istek eki olarak kullanılır:<br>*Gel**e** ki göresin!* | **-e yapım eki**<br>1. İsimlerin sonuna gelerek türemiş fiil yapar:<br>*Eli kan**a**mış.*<br>*2.* Fiillerin sonuna gelerek türemiş ad yapar:<br>*Yolu sap**a**ydı.*<br>3. Eklendiği kelimeyi zarf yapar:<br>*Arabam ucuz**a** gitti.* |
| **8. -de** | **-de çekim eki**<br>İsimlerin sonuna gelerek bulunma hâli olarak kullanılır:<br>*Kitap**ta** bu konuyla ilgili bir şey yok.* | **-de yapım eki**<br>1. İsimlerin sonuna gelerek türemiş fiil yapar:<br>*Yanındakine bir şeyler fısıl**da**dı.*<br>2. Türemiş sıfat yapar:<br>*Göz**de** mesleklerden biri…*<br>3. Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Takımın göz**de**lerinden biri…*<br>4. Eklendiği kelimeyi zarf yapar:<br>*Gün**de** üç defa görüşüyoruz.*<br>**(-ki ekiyle birlikte)**<br>-ki ekinden önce kullanılarak;<br>1. Türemiş sıfat yapar:<br>*Dışarı**daki** adamı tanımıyorum.*<br>*Ev**deki** hesap, çarşıya uymaz.*<br>2. Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Sınıf**taki**ler şok olmuştu.* |
| **9. -den** | **-den çekim eki**<br>İsimlerin sonuna gelerek ayrılma hâli olarak kullanılır:<br>*Son zamanlar ev**den** çıkmıyor.* | **-den yapım eki**<br>1. Türemiş sıfat yapar:<br>*Can**dan** seven böyle mi olur?*<br>2. Eklendiği kelimeyi zarf yapar:<br>*Gerçek**ten** ağlıyordu.* |
| **-()n** | **-in çekim eki**<br>1. İsimlerin sonuna gelerek tamlayan eki olarak kullanılır:<br>*Masal**ın** sonu çok ilginçti.*<br>2. Fiillerin sonuna gelerek emir eki olarak kullanılır:<br>*Kapıları kapat**ın**.*<br>*Bu işi, yarın bitir**in**.* | **-in yapım eki**<br>1.Fiillerin sonuna gelerek türemiş ad yapar:<br>*Gel**in** otomobile güçlükle bindi.*<br>*Ek**in**ler yağmur bekliyor.*<br>2. Fiillerin sonuna gelerek türemiş fiil yapar:<br>*Etrafta kimseler gör**ün**müyor.*<br>3.Eklendiği kelimeyi zarf yapar:<br>*İlk**in** Ahmet geldi.*<br>*Kış**ın** gelecekmiş.*<br>4. İkilemelerin sonuna gelir:<br>*Mır**ın** kır**ın** etme.* |
| **10. -ki** | **-ki çekim eki**<br>İsimlerin sonuna gelerek aitlik belirtmek için kullanılır:<br>*Benim**ki** daha güzel…*<br>İsimlerin yerini tuttuğu için *"ilgi zamiri"* olarak da adlandırılır.<br>*Babasının gözleri mavi, annesinin**ki*** | **-ki yapım eki**<br>1. Türemiş sıfat yapar:<br>*Dün**kü** programı beğenmedim.*<br>*Karşı**ki** evde oturuyoruz.*<br>2. Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Önce**ki**leri tanımıyorum.*<br>3. Eklendiği kelimeyi zamir yapar: |

| | | |
|---|---|---|
| | | **(-de ekiyle birlikte)**<br>-de ekinden sonra kullanılarak;<br>1. Türemiş sıfat yapar:<br>*Bahçe**deki** ağaçlar kurumuş.*<br>*Sen**deki** talih dostlar başına.*<br>2. Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Yukarı**daki**leri tanımıyorum.* |
| **11. -me** | **-me çekim eki**<br>Fiillerin sonuna gelerek olumsuzluk bildirir:<br>*Babam henüz dön**me**di.* | **-me yapım eki**<br>1. Fiillerin sonuna gelerek türemiş ad yapar:<br>*Uçurt**ma**lar, çocukluk aşkımdı.*<br>*Bir kilo kıy**ma** al, yeter.*<br>2. Türemiş sıfat yapar:<br>*Kütüphanede çok sayıda yaz**ma** kitap var.*<br>*As**ma** köprüden geçerken çok korkmuştum.*<br>3. Adlaşmış sıfat yapar:<br>*Sonradan gör**me**lerden sakınmak lâzım.* |
8. Закарян А. А. Семантика пространственных и временных предлогов в современном английском языке: Автореф. Дисс.канд.филол.наук. – М., 1982.

***Шакенбаева Г.К.,***
***БГУ***

# ЭТНОГРАФИЯЛЫК ЛЕКСИКА

Этнографиялык лексика же этнографизмдер тектеш жана тектеш эмес тилдерде көптөн бери эле иликтенип келе жатат, бирок кыргыз тил илиминде атайын иликтөөнүн обьектиси болуп иликтенип, атүгүл бул кубулуш тууралуу маалыматты да окуу китептеринен да учурата албайбыз. Албетте, этнография илими тил, тарых илими менен түздөн-түз байланышта болсо да, ал башка илимдер менен дагы (адабият, география, антропология) тыгыз карым-катышта болору айныгыс чындык. Бул жагдайдын өзү эле этнография илими менен тил илими менен айкаштыра кароо зарылчылыгын коюп олтурат. Этнографиялык лексика белгилүү бир аймакта жашаган элдин улуттук өзгөчөлүгүн, жашоо-турмушун, каада-салттын, маданиятын туюндурган сөздөр. Бул сөздөр ошол элдин тарыхы, тили менен тыгыз байланышта болуп, улутту башка калктардан айырмалай турган бирден бир атрибуттары. Бул жагынан алып караганда этнографиялык лексика экзотизмдер, регионализмдер менен жалпы жонунан окшошуп кетет. Этнографизмдердин синоними да, эквиваленти да жок, ошондуктан бул сөздөрдү башка тилге которууга мүмкүн эмес жана которулуп жаткан тилдеги башка сөздөр менен алмаштырууга болбойт.

Түркологияда жана орус тил илиминде кээ бир окумуштуулар этнографиялык лексиканы диалектилик этнографизмдер деп да карап жүрүшөт. (Ж.Мукамбаев, Б.Орузбаева, Б.Юнусалиев, Н.Мирзаев, А.В.Калинин, Н.М.Шанский, О.А.Нечаева). Академик Б.М.Юнусалиев: "Диалектология илими этнография менен да тыгыз байланышкан. Ошондуктан диалектилерди изилдөөдө этнографиялык өзгөчөлүктөргө көңүл буруп, элдин этнографиялык турмушун изилдөөдө анын диалектилик өзгөчөлүктөрүнө маани берүү зарыл" (Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. – Фрунзе., 1985, -б.) деп баса белгилейт.

Биздин оюбузча бул кубулушту кең жана тар мааниде кароо жөн. Кең мааниде жалпы элге таандык үрп-адатты, каада-салтты ж.б. туюндурган сөздөрдү, ал эми тар мааниде белгилүү бир аймактын (диалектилик) жашоо-турмушундагы өзгөчөлүктөрдү чагылдырган этнографизмдерди кароо зарыл.

Биз бул чакан макалабызда этнографиялык лексикага тиешелүү улуттук оюндун бир түрү болгон Тогуз коргоол оюнунун лексика- семантикалык маанисине жана этимологиясына кыскача токтоло кетүүнү эп көрдүк.

Тогуз коргоол оюнунун тарыхын изилдеп көрсөк, бир чети кызыктуу, экинчиси табылган маалыматтар оюнубуздун өнүгүшүнө да көп салымын кошот деген үмүттөбүз.

Тогуз коргоол оюну качан, кайдан, ким ойлоп тапканын так айтуу кыйын. Казак элинин дене тарбия жана спорт тарыхын изилдөөчү, профессор М.Т.Таникеев "Казакстандагы дене тарбиянын тарыхы" деген эмгегинде: "Археологдор 1970-жылы Түндүк Казакстан облусунда биздин заманга чейин 1У кылымдарда жайгашкан шаарчадан, атайын жасалган тоголок шариктер табылган. Илимпоздор ошол шариктер тогуз кумалак оюнуна пайдаланган деген жыйынтыкка келишкен" (Акшораев А., 2001, 3-б.). М.Таникеев "кай бир даректерге таянсак тогуз кумалак оюну мындан 8 мин жыл мурун пайда болуп, ушул убакытка чейин унутулбай келет" деп белгилейт (М. Таникеев, 1983, 165).

"Манас" эпосунда да тогуз коргоол оюну эскерилип байыртадан эле кыргыз эли ойноп келе жатканы айтылган:

... Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз,
Уй чыгарып коюшуп,
Ою менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргоол ойгону,
Ордо тогуз коргоол деп,
Жаш Манас кылып койгону...
Тогуздан коргоол салганы,
Бу Манастан калганы...

Чүй өрөөнүндөгү Бурана тарых музейиндеги салмагы 200 кг барабар бетине тогуз коргоол оюну чегилген таш турат. Ал таш Кызыл-Суу өрөөнүндөгү Кашка-Суу айылынан табылып, музейге алып келинген. Ойнолуп олтуруп таштагы үйлөрдүн жешилишине караганда, бул таштын чечилишине да бир топ кылым болсо керек. Мындан башка да тогуз коргоол оюнунун тактасы чегилген чоң таш Ой-Табылгы деген жерде да табылган (Т.Орозобаков, А.Чылымов, 1997, 6-б.). Буга окшогон таштар, жыгачтан жасалган такталар, коргоолдор Кыргызстан менен Казакстандын булуң-бурчтарынан көп табылганы, элибиздин тогуз коргоол оюнун эзелтеден бери ойноп келе жатканын далилдеп турат.

Тогуз коргоол оюнунун эрежесин кагаз түрүндө 1900-жылы Мажар окумуштуусу Д.Ж.Алмаши "Путешествие по Центральной Азии" (Будапешт, 1902, 718-722) аттуу эмгегинде жазып кеткен. Анда Алмаши тогуз коргоол оюнун талдап, жазып ойноого да өбөлгө түзгөн. Анткени оюнду ал диаграмма түрүндө жазган.

В
9 9 9 9 9 9 9 9 9
0 10
0 10 10 10 10 10 10 10 10
А

Жогорудагы диаграмманы талдап карасак, оюнчулар жүргөн үйүнө коргоол калтырбай жүрүшкөн. Ал эми учурдагы мелдештин эрежеси боюнча жүргөн үйдөн баштап бирден коргоол салабыз. Алмашинин эмгеги мажар (венгр) тилинен кыргызчага которулса, балким, мындан дагы көбүрөөк кызыктуу маалыматтарды алышыбыз мүмкүн.

1906-жылы орус этнографы Н.Пантусов тогуз коргоол оюнуна теориялык жактан анализ-талдоо жасаган. Ошонун негизинде 1936-жылы казак илимпозу С.Аманжолов бүгүнкү ойнолуп жүргөн эрежелерди иштеп чыгып, жеңил ойноо түшүнүгүн киргизген.

1971-жылы "Наука и жизнь" журналынын 12-санында Африкада табылган калах оюну (Калахари тоосунда табылганына байланыштуу аталган) тогуз коргоол оюнуна окшош, бирок алты үйдөн, ар бир үйдө 6 коргоол салынган, эки казаны бар оюн. Ал оюн шахмат, дойбудан мурдараак пайда болгонун археологдор далилдеген. Балким эки оюндун түбү бир болсо, анда тогуз коргоол оюну да көптөгөн кылымдар мурун пайда болгону ачык далилденип турат.

Ал эми тогуз коргоол деген ат кандайча пайда болгонун изилдеп көрсөк, кызыктуу маалыматтарга дуушар болобуз. Алгач тогуз деген санды салсак, кыргыз элинде бул ото эле ыйык сан. Келин алганда тогуздап калын берүү, айып тартканда тогуздап мал берүү, бир нече жол кошулган жерди тогуз жолдун тоому дешет, эне баланы тогуз ай, тогуз кун көтөрөт, комуз күүсү да "Тогуз кайрык" ж.б. тогуз коргоолдо тогуз тогуздан 18 уй бар, ар бир үйдө тогуздан коргоол болуп бир оюнчуда 81 экинчи оюнчуга да 81 коргоол, бардыгы 162 коргоол болот. Арабча бир саны " " белгиленсе, ал эми сегиз саны " " деп белгиленет. Эми адамдын алаканында да он алаканында "18", сол алаканында "81" санынын тамгаларын көрсөк болот. Эгерде 81 санынан 18 санын кемитсек 63 Мухамед пайгамбарыбыздын бул дүйнөдөгү жашы болот. 81 ге 18 ди кошсок 99 саны чыгат, бул дагы Алла Тааланын сыпаты, 99 саны тогуз коргоол тактасынын ар бир үйүндө коргоолдордун жайгашкан түрү көрүнөт. Ал эми 18 81=1458 жана 18 = 5832 чыккан натыйжаларды бири-бирине жекече кошсок(1+4+5+8=18; 5+8+3+2=18) кайтадан 18 саны чыгат (К.Сапарбеков, 1999).

Е.Иманбаев мындай дейт: "Дүнүйө 18 мин ааламдан турат. Алла Талла 3 бөлөк атты (тун+-жан+рух) биргелештирип калыптандырган, денесинде 9 тешиги бар адам баласын 6 күндө жаратып, 18 мин ааламды таанысын деген, оюнга бардыгы: 3 6 9=162 коргоол орноштурган, ошондуктан тогуз коргоол оюну адам туулган дүнүйө модели болуп табылабы? (А.Акшораев, 2000, 15).

Ошентип, тогуз коргоол оюнунун жаралышын, эч унутта калбай, ушул мезгилге чейин сакталып келишин, мазмуну жагынан абдан кызыктуу дүнүйө деп түшүнсөк болот.

***Адабияттар***

1. Акшораев А. Тогуз кумалак даналыгы. – Тараз, 200, 226-б.
2. Таникеев М. От старта к Олимпиаде. – Алматы, 1983, 165-б.
3. Орозобаков Т., Чылымов А. Тогуз коргоол. – Ф.: Кыргызстан, 1990, 104-б.
4. Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. – Б., 1997.
5. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Ф., 1988
6. Мирзаев Н. Этнографическая лексика узбекского языка.- Ташкент, 1974.
7. Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. – Ф., 1985.

*Өзлем Өзюрт,*
*БГУ*

# ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕ МЕЙКИНДИКТИН СЕМАНТИКАЛЫК КАТЕГОРИЯСЫНЫН ЖАНА АНЫ ТИЛДИК ЧАГЫЛДЫРУУ КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

*Бул макалада көңүл чордонунда мейкиндик локалдаштыруунун катыштары жөнүндө сөз болот.*

Мейкиндик локалдаштыруу катыштары ар түркүн жана көп кырдуу. Алардын ички структурасын ачып берүү бул макаланын милдетине кирет.

Тилдик каражаттарды ичинен мейкиндик катыштарды чагылдырууда Leonard Talmy *макродеңгээл* (macroscopik expository level) каражаттарын бөлүп көрсөтөт, б.а. мейкиндик катыштарды чагылдырган лексикалык элементтердин ачык классы (зат атоочтордун, сын атоочтордун, этиштердин), жана *микродеңгээл* (finestruktural level) – грамматикалашкан элементтердин жана категориялардын: морфологиялык каражаттар, кызматчы сөздөр, синтаксистик структуралардын жабык классы [Talmy 1983:225-226].

Мейкиндик катыштарды чагылдыруунун жабык, грамматикалашкан каражаттарынын ичинен борбордук орунду мейкиндик катыштардын эки катышуучуларынын ортосундагы мамилелерди ачуу үчүн дээрлик адекваттуу катары саналган синтаксистик локативдик конструкциялар ээлейт: багыт катары кызмат кылуучу локалдашуучу обьекти жана мейкиндик. Мейкиндиктин грамматикасын синтаксистик конструкциялардын алкагында кызмат кылган төмөнкү тилдик деңгээлдердин мейкиндик катыштарын чагылдыруучу каражаттар да уюштурат (морфологиялык, айрым учурда лексикалык): локативдик конструкцияларды түзүү мүмкүндүгү көз карашында локативдик системасы, мейкиндик жөндөмөлөр системасы, мейкиндик дейксисин чагылдыруу системасы. Бардык тилдик подсистемалар локативдик конструкцияларды түзүү ролунан улам сүрөттөлөт.

Мейкиндик категориясын (локативдүүлүк) көп учурда мейкиндиктин ой жүгүртүү категориясынын тилдик интерпретациясы катары аныкташат (ТФГ 1996:5). Аны мейкиндик катыштарды чагылдырууга катышкан ошол тилдин ар кандай деңгээлдеги каражаттарын кучагына алган функционалдык-семантикалык талаа (ФСТ) катары караса да болот. Мейкиндик катышы тууралуу кандай түшүнүгүбүз бар экендигин гана тактап алгыбыз келет.

Мейкиндик категориясы мейкиндик локалдашуу категориясы катары аныкталат, б.а. кандайдыр бир предметтин (аракет, белги) иш-аракет болуп жаткан мейкиндиктин чекити (локумдун орду) менен дал келиши аныкталат. *Локалдашуу* терминин кеңири түшүнүү менен, аны предмет же кырдаалдын мейкиндик жана динамикалык мейкиндик катыштары менен статистикалык дал келгендигине пайдаланабыз.

Мейкиндик катышты төмөндөгүдөй белгилесе болот:

Olok – r – L,

Мында Olok локалдашкан обьект, r – мейкиндик катыш, L – мейкиндикте обьектини локалдаштырууда багыт катары кызмат кылуучу таяныч локум.

Мейкиндик катыштар татаал ички түзүмгө ээ. Алардын ичинен үч подсистеманы бөлүп алууга болот: ситуативдик, топологиялык жана эгоцентрдик катыштар (r= Rsit + Rtopol + Regocentr), булардын ар бири өзүнүн мазмундуу спецификасына ээ жана мейкиндиктин ФСТда субталаа катары каралышы мүмкүн.

Белгилей кетүүчү нерсе, орус салттуу лингвистикасы бул подсистемаларды автономдуу деп аңдабайт. Орус тилинин каражаттары менен берилген мейкиндик маанилер белгилери боюнча бири-бирине карама-каршы коюлуп каралат 1) тең мейкиндик / таяныч локумунун жана локалдашуу обьектисинин тең мейкиндик эместиги; 2) тең мейкиндикте: толук жана толук эмес; толук эместе: локалдашуу обьектисинин көлөмдүк локумга киргизилиши / алардын тегиздик бетинин контактысы; 3) обьектинин жана таяныч локумдун статикалык / динамикалык локалдашуусу; 4) динамикалык локалдашууда: таяныч локум локалдашуунун обьектисинин өтүү стартын, жеткен чегин, багытын же трассасын ж.б. билдирет. Же алардын ичинен жалпы мейкиндик маанилери айырмаланат: жайгашкан орду же орун которуусу, - булар "процесстин өзүнүн тибине" тиешелүү, жана жеке, б.а. "тилдин формасында чагылдырылган предметтердин конкреттүү геометриялык позициялары": алсак, *чекит, түз сызык, айлана* [Гак 1996: 8-9]. Локативдиктин орус тилиндеги ФСТда бүтүндөй грамматикалык түйүндүн ролун аткара турган бири-бирине карама-каршы келген грамматикалык формалардын (морфологиялык же синтаксистик) бирдиктүү системасы болбойт [ТФГ 1996:5]. Мындай жыйынтык орус тилинде байкалгандай чыныгы кырдаалдын чагылышы, же ар типтүү мейкиндик катыштарды сүрөттөөнүн дифференциялык эмес мамилесинин натыйжасы болушу мүмкүн.

Демек, берилген классификацияларда мейкиндик катыштарды карап чыгуунун 2 аспектиси сыйдырылышы мүмкүн: 1) топологиялык, "геометриялык": обьектинин жана таяныч локумдун тең мейкиндик / тең мейкиндик эместиги, алардын байланышы, киргизилиши, обьектинин геометриясы, локумдун геометриясы ж.б.; 2) кырдаалдык: мейкиндик локалдашуунун статикалык же динамикалык өңүтү.

Швед тилиндеги концепциясы бизге дээрлик жакын мейкиндик катыштарды С.Шестер изилдөө менен, алардын ичинен буларды бөлүп алат: 1) жакындык, контакт сыяктуу геометриялык түшүнүктөрдү чагылдырган *топологиялык* мейкиндик катыштар, 2) *эпизоддук*, б.а. мейкиндик катыштардын статикасын же динамикасын берүү мүмкүндүгү: *локация* – локум жана локалдаштыруу обьектисинин ортосундагы статикалык мейкиндик катыштар; *делокация* – локация катыштарынын токтошу; *адлокация* – локалдаштыруу обьектиси менен локумдун ортосундагы бул катыштардын орношу; *транслокация* - айрым локум – кыймыл трассасы боюнча обьектинин жүрүшү) 3)багыттуулук (ориентированность) катыштары, локалдашуучу обьектинин семантикалык ролдорунун мейкиндик предикаты же багыттын өзүнүн аргументи менен кошумча жазылышы.

Биз мейкиндик катыштарды жана аны чагылдыруунун каражаттарын сүрөттөөдө бул дифференциялашкан ыкманы жетекке алабыз, бирок бир аз башкача терминологияны пайдаланабыз.

Кошумча катары эгоцентрдик мейкиндик маанилерди, б.а. байкоочу/сүйлөөчүгө карата обьектинин жайгашкан жеринин багыттуулугун эске алабыз жана аларды чагылдыруунун тилдик каражаттарын карап чыгабыз.

С.Шестрем бөлүп көрсөткөн багыттуулук катыштарды (координациялык деп аталган) биз катыштардын өз алдынча подтиби деп эсептебейбиз, себеби алар кырдаалдык маанилердин каражаттарынан айырмаланган өзүн чагылдыруунун өзгөчө каражаттарына ээ эмес.

Демек, кээ бир тилдерде дээрлик грамматикалашкан каражаттар менен чагылдырылган мейкиндик катыштарды сүрөттөө үчүн негизги үч параметр колдонулат: 1) кырдаалдык, 2) топологиялык, 3) эгоцентрдик. Ошондой эле координациянын аспектиси, б.а. мейкиндик предикатынын аргументтеринин ортосундагы мейкиндик ролдордун бөлүштүрүлүшү эске алынат.

Кырдаалдык мейкиндик катыштар процесстин тибинин өзүн берет, б.а. түзүлүп бүткөн мейкиндик катыштар же алардын динамикасы тууралуу сөз болот. Алар өзүнө статикалык (локация) жана динамикалык (делокация, адлокация, транслокация) катыштарды камтыйт.

Локативдик категориялык кырдаалдар. Мейкиндик катыштардын кырдаалдык типтерине ылайык 4 негизги локативдик категориялык кырдаалды (КК) бөлүп алууга болот. Локативдик категориялык кырдаал айтым аркылуу берилген жана ошол кырдаалдын бүтүндөй же анын айрым мейкиндиктеги катышуучулардын дал келүүчүлүгүн мүнөздөгөн жалпы кырдаалдын аспектилеринин бирин көрсөткөн типтүү мазмундуу структураны түшүндүрөт (ТФГ 1996:6).

*Категориялык кырдаал* термини А.В.Бондарко [Бондарко, 1983: 190-200] тарабынан функционалдык грамматиканын концепциясын иштеп чыгууда базалык катары киргизилген. Д.М.Насиловдун пикири боюнча, категориялык кырдаалдын мазмунун түзгөн категориялык семантиканы баса белгилөө өзгөчө баалуулукту түзөт [Насилов, 1989:113].

КК белгилеген ар бир “конкреттүү–кептик вариант өзүнө белгилүү бир типтүү кырдаалдын конкреттүү-тилдик ишке ашышын камтыйт”. Андан сырткары, “тигил же бул ККнын ар бир варианты семантикалык гана эмес, формалдык жактан да мүнөздөлөт” [Бондарко, 1984:113].

*Категориялык кырдаал* түшүнүгүн айтымда берилген дүйнө фрагментин белгилөө үчүн пайдаланылган *кырдаал* термининен чектөө керек. *Кырдаал-референт* бул айтым менен дал келген чындыктын конкреттүү кырдаалы, экстенсионалдык түшүнүк менен салыштырылган денотативдик кырдаал, б.а. бул айтым менен дал келген кырдаалдардын көптүгү жана *сигнификативдик кырдаал* – түшүнүктүн интенсионалы менен салыштырылган айтымдын ойломдук мазмуну. Кырдаалдын ички структурасы пропозиция, б.а. актантары бар предикат аркылуу чагылдырылат. Пропозиция жана сигнификативдик кырдаал өз ара мүчөлөшкөн, структуралашкан түшүнүк жана бүтүндүк катары дал келет [Касевич 1988: 58].

Өзүнүн семантикасынын бир тарабы катары камтыган локативдик кырдаалды шарттуу түрдө локативдик деп атайбыз. Локативдик пропозициялар локативдик предикаттар менен чагылдырылат.

***Адабияттар***


1. Арутюнова Н., Ширяев Е. Русское предложение: бытийный тип (структура и значение). – М., 1983.

2. Ибрагимова В. Л., Отношение пространственной локализации и его репрезентация в высказываниях собственно-локативного типа (глагола) // Исследования по семантике. Семантические единицы и их парадигмы. – Уфа, 1992. 126-138-б.

3. Белимов Е. И. Способы выражения пространственных и временных характеристик действия в кетском и югском языках // Теория вопросов фонетики и групп языков народов СССР. – Новосибирск, 1970.

4. Кибрик А. Е. К типологии пространственных значений (на материале падежных систем дагестанских языков) // Язык и человек. – М.: Изд-во МГУ, 1970.

5. Жукова А. Н. Выражение пространственных отношений в системе склонения существительных корякского языка // Склонение в плеоазиатских и самодийских языках. – Л., 1974.

6. Ахундов М. Д. Концепции пространства и времени: истоки, эволюция, перспективы. – М., 1982.

7. Гунаев З.С. О выражении пространственных отношений в неколорых дагестанских языках // вопросы языкознания. – 1977. - №4. 126-130-б.

8. Закарян А. А. Семантика пространственных и временных предлогов в современном английском языке: Автореф. Дисс.канд.филол.наук. – М., 1982.

*П.С. Эстебесова,*
*БГУ*

# КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛИНДЕГИ АДАМДЫН ЖАШ КУРАГЫН ТУЮНДУРУУЧУ АНИМАЛИСТТИК ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР

*Адам баласынын турмуш жолун, өнүгүп-өсүү процессин мезгилдерге бөлүштүрүүнүн натыйжасында, адамдын жаш курагын, курактык өзгөчөлүгүн аныктап, тактай аларыбыз белгилүү. Адамдын жаш курагы, анын өзгөчөлүгү, коомдо алган орду, ролу ар түрдүү жана көп кырдуу. Арийне, ар бир жаш-курак, жаш-өзгөчөлүктүн өзүнө тиешелүү оң, терс касиет-сапаты, жазылбаган мыйзамдары бар. Бул албетте иликтөө иштерине муктаж жана бүгүнкү күндүн көзү түшүнүгү менен иликтөө ишин жүргүзүү алгылыктуу иштерден болуп саналат. Мына ушул жаатта адамдын жаш курагын, жаш өзгөчөлүгүн анималисттик фразеологизмдердин негизинде иликтөөнү максат кылып, адамдын жаш-курагын туюнткан эки тилдеги (кыргыз, түрк) анималисттик фразеологизмдерди анализдеп, лексика-семантикалык жактан төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүлөт.*

Адам баласынын турмуш жолун, өнүгүп-өсүү процессин мезгилдерге бөлүштүрүүнүн натыйжасында, адамдын жаш курагын, курактык өзгөчөлүгүн аныктап, тактай аларыбыз белгилүү. Адамдын жаш курагы, анын өзгөчөлүгү, коомдо алган орду, ролу ар түрдүү жана көп кырдуу. Албетте, курактык өзгөчөлүк - тарыхый принцип, өнүгүүдөгү социалдык кырдаал, негизги иш-аракет менен мүнөздөлөрү, бир курактан, экинчи куракка өтүүдөгү инсандын «жаңы жаралуулары», «жаңы табылгалары» менен түшүндүрүлөрү да айкын. Арийне, ар бир жаш-курак, жаш-өзгөчөлүктүн өзүнө тиешелүү оң, терс касиет-сапаты, жазылбаган мыйзамдары бар. Бул албетте иликтөө иштерине муктаж жана бүгүнкү күндүн көзү түшүнүгү менен иликтөө ишин жүргүзүү алгылыктуу иштерден болуп саналат. Мына ушул жаатта адамдын жаш курагын, жаш өзгөчөлүгүн анималист-тик фразеологизмдердин негизинде иликтөөнү максат кылып, адамдын жаш-курагын туюнткан эки тилдеги (кыргыз, түрк) анималисттик фразеологизмдерди анализдеп, лексика-семантикалык жактан төмөнкүдөй топторго бөлүштүрдүк:

- адамдын жаңы төрөлгөндөн баштап, чоңойгонго чейинки жаш курагын билдирүүчү фразеологиялык каражаттар;
- адамдын өсүп-жетилгенин, дасыкканын, турмушта өз ордун тапканын туюнткан фразеологизмдер;
- адамдын ал-күчтөн тайып, картайганын билдирүүчү фразеологиялык туюнтмалар.

### Адамдын жаңы төрөлгөндөн баштап, чоңойгонго чейинки жаш курагын билдирүүчү фразеологиялык каражаттар

Бул фразео-семантикалык топко, ***балапан түгү түшө элек, сары ооз балапан, чил баш, ana kuzusu*** (с.с., эне козусу), ***süt kuzusu*** (с.с., сүт козусу) туюнтмаларын киргизебиз. Мындай типтеги фразеологизмдердин көбүнчөсүнүн денотаттык структурасы *балапан, козу* маанисиндеги сөздөрдөн куралгандыгын байкоого болот:

1.*Сурма **бетинен балапан түгү түшө элек**, ак жуумал, уяң көз, бир мүнөздүү он беш жашар кыз* (Ш.Б.); *Эмнеге эле ага жабышып калдыңар, ал **балапан түгү түшө элек** тырмактай бир байкуш...; Байымбет **балапан жүнүката электе**, жаштайынан жетимдиктин үстөкө-босток соккусунан жилкини түгөнүп... маанайы пас жүргөн...* (Ш.Б.).

2. *Сен уядан жаңы чыккан **сары ооз балапансың**, такыр курсаксың* (С.С.); *Өткүр идиректүү баланын **сары ооз балапан** кезинен катаал жолго түшүшүнө не себеп?* (Ч.А.); *Өзүнчө эле адыраңдаган жанагы **сары ооз балапан** каякка кетти ыя?; Дагы жанагы **сары ооз балапан** го, ыя?* (Ж.Ш.).

3. *Азырынча ал өзү өңдөнгөн **чил баштарга** кошулуп, бир туруп улак секиртмей ойношот* (Ч.А.); *Эне сүтү оозунан кете элек ал **чил баш** эмнени билет дейсиң?; - Аа **чил баштар** ушуну да билбейсиңерби, ушу да кеппи?.*

4. *Benim **ana kuzuma** dokunmayın!* (***Энесинин козусуна*** *тийбегиле!*); *Güzelim der, minicik der ana kuzusu der* (*Татынакайым, кичинекейим **энесинин козусу** дейт*);

5. *Yavrucuğum benim!.. annesinin bir tanecik mini mini **süt kuzusu**! (Балакайым менин!.. Апасынын жалгызы, кичинекей **сут козусу**!..).*

Жогорудагы сүйлөм топтомдорунун бардыгында эле «кичинекей, оокат кылууга жарай элек, өсүп жетиле элек, өтө эле жаш» маанисин билдиргени менен айрым учурда турмушта жетилген, өз ордун тапкан адамды баяндоодо деле бул фразеологиялык тизмек колдонулгандыгын байкасак болот: *Келиндин **балапан түгү түшө элек** сары жүзү кыпкызыл болуп кетти* (Т.К.). Бул сүйлөмдө ***балапан жүнү түшө элек*** фразеологиялык тизмеги «кичинекей өтө эле жаш» маанисин туюнтпастан, өзүнүн түз эле маанисинде колдонулгандай элес калтырат. Демек, ар бир жазуучу, автор өзүнүн жеке чеберчилигине жараша фразеологиялык каражаттарды колдонуп, анын маанисин, стилистикалык боектуулугун бирде кеңейтсе, бирде таратып турат.

Бул фразео-семантикалык топтогу ***сары ооз балапан, балапан түгү түшө элек, чил баш, ana kuzusu*** (с.с., эне козусу), ***süt kuzusu*** (с.с., сүт козусу) түрмөктөрү «жаш, кичинекей» маанисин туюнтуп, өз ара семантикалык жалпылыкты түзгөндүгү менен ар биринин колдонулуш мотивациясы жана стилдик боектору ар түрдүү жана көп кырдуу.

Маселен, ***чил баш*** түрмөгүнө салыштырмалуу, ***сары ооз балапан*** тизмеги эмоционалдык-экспрессивдик жактан бир топ эле артыкчылык кылса, түрк тилиндеги ***ana kuzusu*** (с.с., эне козусу), ***süt kuzusu*** (с.с., сүт козусу) түрмөктөрү көбүнчө кичинекей балдарды эркелетүү нюансында көбүрөөк колдонулат.

### Адамдын өсүп-жетилгенин, дасыкканын, турмушта өз ордун тапканын туюнткан фразеологизмдер

Адамдын өсүп-жетилүү, турмушта өз ордун табуу процесси, т.а., адамдын эрезеге жетип, өсүп-жетилген курагы коомдо чоң мааниге ээ. Себеби, азыркы жаштар аягы жок революциялардын каармандары, баатырлары, саясатчылардын курамы, акырында курмандыгы эле болуп калбастан, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү да экендиги айкын.

Адамдын жетилгенин, өскөнүн, коомдук статусунун өзгөргөнүн туюнткан кыргыз тилинин корунда бир топ эле фразеологиялык түрмөктөр бар (***багалчагы катуу, борбую катуу, боорун көтөрүү, кабыргасы катуу, канат-куйругу жетилүү, киши болуу, көзгө көрүнүү, өз колу, өз оозуна жетүү*** ж.б.). Бирок эки тилдеги (кыргыз, түрк) анималисттик фразеологизмдердин ичинен бул топко таандык ***ат жалын тартуу***, ***ат жалын тартып минүү, eşek kadar olmak*** (с.с., эшектей болуу) тизмектерин гана кездештиребиз. Чындыгында эле көчмөн турмушту, жоокерчилик заманды башынан өткөргөн кыргыз эли үчүн ат чоң мааниге ээ болуп, бул фразеологизм кыргыз улутунун колоритине, менталитетине байланыштуу жаралгандай туюлат.

***Ат жалын тартып минип*** *эл арасындагы окуяларга аралашып, жигит күтөт* (К.О.); ***Ат жалын тартып минишке*** *жараганы сенин кошунуң, жарыгым* (Т.К.); *Мен багам, кор кылбайм, - дейт* ***ат жалын тартып*** *элге аралашкан Үрбүлүм* (Ш.Б.); *Жылматай* ***ат жалын тарткандан*** *кудайдын кудуретине сыйынууну калтыра элек* (К.О.); *Эс тартып* ***ат жалын тарткандан*** *бери кара жанын карч уруп, иштеп келе жатат* (Ж.С.); *Чыңгыз менен Илгиз* ***ат жалын тартып минип****, үйлөнүп, түндүк көтөрүштү* (Ч.А.); *Сиз экөөбүз бири-бирибизди* ***ат жалын тартып мингенден*** *бери билишебиз* (К.К.); *Айланып элге жеткирип,* ***ат жалын тартып*** *мингизген* («С»). Сүйлөмдөрдө ***ат жалын тартуу, ат жалын тартып минүү*** туюнтмалары жөн эле «чоңоюу, эрезеге жетүү, жетилүү» маанисин гана туюнтпастан, эл-журтка аралашып, элдин кызматына жароо, коомдо өз ордун табуу, өз милдетин билүү, аткаруу сыяктуу стилистикалык боектор да кошо камтылган. Ал эми түрк тилиндеги ***eşek kadar olmak*** (с.с., эшектей болуу) түрмөгү «чоңоюу, эрезеге жетүү» маанисинен башка «акылсыздык, аңкоолук» түрүндө да колдонулуп, полисемиялык фразеологизмдердин катарына кирет. Бул түрмөктүн толук маанисин, оң, терс боекчолорун сүйлөм, контекст ичинде гана толук баамдап, аныктай алабыз:

1. *Yıllar yılıp, ayaklarını sürterekten yürüdü. On bir yaşındaki kız da* ***eşek kadar oldu*** *(Убакыт зымырап өтүп, он бир жашындагы кыз да* ***эшектей болду*** *(эрезеге жетти);*

2. *Nüsret Bey oğlunun adam olması için ağzıyla kuş tutsa bile oğlu* ***eşek kadar oldu*** *(Нүсрет мырза баласынын идиректүү, акыл-эстүү адам болушу үчүн колунан келишинче аракет кылса да, баласы* ***(эшектей) акылсыз болду****)*. Жорудагы сүйлөмдөрдөн ***eөek kadar olmak*** (с.с., эшектей болуу) фразеологиялык тизмегинин оң жана терс мааниси чечмелөөсүз эле ачык-айкын көрүнүп турат.

Демек, ***ат жалын тартуу, ат жалын тартып минүү*** фразеологиялык түрмөктөрү адамдагы өнүгүп-өсүү, калыптануу процессин (чоңоюу, эрезеге жетүү, жетилүү, коомдо өз ордун табуу) туюнтуп, көбүнчө оң баага, мааниге ээ болсо, ***eөek kadar olmak*** (с.с., эшектей болуу) тизмеги контекстке ылайык бирде терс, бирде оң боектуулукка ээ.

### Адамдын ал-күчтөн тайып, картайганын билдирүүчү фразеологиялык туюнтмалар

Убакыт өткөн сайын ал-күчтөн таюу, карып-картаюу ар бир адамга тиешелүү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мунун оң да, терс да жактары бар. Кыргыздын улуттук колоритине, менталитетине таандык болгон балпайган байбиче, ак сакалдуу чоң ата болуп, карылык доорун сүрүү, бактылуу карылыкка жетүү ар бир адамга эле буйруктуу эмес. Бул – бир; Экинчиден, колуңан эч нерсе келбей, эч нерсеге жарабай, ал-күчтөн таюу, албетте бул жагымсыз, терс көрүнүш. Мына ушуга байланыштуу адамдын картайганын, ал-күчтөн тайганын туюнткан төмөнкүдөй фразеологизмдерди кездештиребиз: ***эчкинин жашындай жашы калуу, байлооч бүркүттөй, koyun yaşı kadar yaşı kalmak*** (с.с., кой жашындай жашы калуу).

1. - *Балдарым, менин да бир аягым төрдө, бир аягым көрдө турат,* ***эчкинин жашындай эле жашым калды****... силерге айтарым бир муштумдай бирдиктүү болгула!; – Карыдым, арыдым.* ***Эчкинин жашындай жашым калды*** (К.О.);

2. *Ээ... балам! Карылык дегениң ушул экен! А дегенде белден алып, анан эки бутуңду тушап,* ***байлооч бүркүттөй*** *кылып отургузуп коет экен* («АТ»);

3. ***Koyun yaşı kadar yaşı kaldı*** *Osman emmінin, gözü doymuyor yine de, hala mal mülk peşinde* (*Осман абанын* ***койдун жашындай жашы калса*** *да, дагы эле көзү тойбой, мал-мүлктүн артынан жүрөт*); *Babanı iyi bak* ***koyun yaşı kadar yaşı kalmış****, (Атаңды жакшы кара* ***эчкинин жашындай жашы калыптыр****)*.

Бул топтогу ***эчкинин жашындай жашы калуу, koyun yaşı kadar yaşı kalmak*** (с.с., кой жашындай жашы калуу) фразеологиялык тизмектери «картаюу, өмүрү аяктап калуу» маанисин өтө таамай, так туюндурса, ***байлооч бүркүттөй*** фразеологиялык түрмөгү негедир карылыкты жымсалдап, бүдөмүктөнтүп, «колунан эч нерсе келбей отуруп калгандай, ал-күчтөн тайыгандай, эч нерсеге жарабагандай» деген мааниде, өзгөчө стилистикалык боектуулукта чагылдырат.

Жыйынтыктап айтканда, бул макалада адамдын жаш курагын туюндуруучу анималисттик фразеологизмдер эки тилде (кыргыз, түрк) тең азыраак колдонулгандыгын байкадык жана жогоруда айтылган маселелердин негизинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:

- Адамдын эрезеге жетип, өсүп-жетилген курагы коомдо чоң мааниге ээ. Себеби, азыркы жаштар аягы жок революциялардын каармандары, баатырлары, саясатчылардын курамы, акырында курмандыгы эле болуп калбастан, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү да экендиги белгилүү.
- Кыргыз, түрк тилинде адамдын жаңы төрөлгөндөн баштап, чоңойгонго чейинки жаш курагын билдирүүчү фразеологиялык каражаттар (***сары ооз балапан, sьt kozusu*** (с.с., сүт козусу) башка семантикалык топтогу фразеологиялык түрмөктөргө караганда көбүрөөк колдонулат;

- Адамдын жаш курагын туюндурган анималисттик фразеологизмдердин көпчүлүгү метонимия, метафоралык жол менен жасалат;

- Түрк тилиндеги фразеологизмдерге салыштырмалуу кыргыз тилиндеги фразеологизмдер эмоционалдуу-экспрессивдүүлүк жактан артыкчылыкка ээ.


***Адабияттар***

1. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. – Б., 2009, 1-8-том.
2. Жумакунова Г. Түркчө-кыргызча сөздүк. – Б., 2005. – 1002 б.
3. Касымбеков Т. Сынган кылыч. – Ф.: «Мектеп», 1990. – 736 б.
4. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / Түз. А.Акматалиев, С.Мусаев. – Б.: «AVRASYA PRESS» 2010. – 1440 б.
5. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / Түз. Ж.Осмонова. – Б.: КТМУ, 2001. – 519 б.
6. Эгембердиев Р. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер (Табияты жана семантикасы) [Текст] / Р.Эгембердиев. – Б., 2007. – 172 б.
7. AKSOY Ömer Asım. Atasözleri ve deyimler sözlüğü. –A., 1988.
8. BAHADINLI Yusuf Ziya. Türkçe Deyimler Sözlüğü. –A., 1980.
9. BAŞTABAK Akif Şinasi. Türkçe-Rusça deyimler sözlüğü. – B., 2005.
10. SARAÇBAŞI Ertuğrul, MİNNETOĞLU İbrahim. Türkçe deyimler sözlüğü. – İ., 2002.


**УДК: 371. 3. (-057.4)**

***Капарова Ж.К.,***
***Абдикеримова М. А.***
*ОшГУ*

# ОРГАНИЗАЦИЯ РАБОТЫ СО СЛАБОУСПЕВАЮЩИМИ СТУДЕНТАМИ НА УРОКЕ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

*В данной работе представлены способы повышения интереса к изучению английского языка у слабоуспевающих студентов через различные виды деятельности.*
*Бул макалада, сабакка жетишпеген студенттерди, англис тили сабагына кызыктыруунун жолдору каралган.*
*This article touches upon the ways of teaching weak students in learning English through different types of activity.*

В настоящее время в вузах постоянно растет число студентов, обучающихся на коммерческой основе. Любой вуз заинтересован в таких студентах, так как от их количества зависит его финансовое состояние, наличие рабочих мест для преподавателей и сотрудников, и вообще, количество студентов, обучающихся на коммерческой основе, один из показателей престижности вуза.

Студентов, обучающихся на коммерческой основе, можно условно разделить на две группы. К первой следует отнести студентов, которые упорно готовились к вступительным экзаменам, участвовали в конкурсе, но не смогли набрать количество баллов, необходимое для обучения по выбранной специальности на госбюджетной основе.

Чтобы преподаватель мог выделить процесс неуспеваемости, ему необходимо знать и проанализировать причины низкого качества знаний студентов. Исследование состава неуспеваемости и обоснование средств ее предупреждения требуют использования 2-х терминов:

• «неуспеваемость»;
• «отставание».

Чтобы найти средство для преодоления неуспеваемости, надо знать причины, порождающие ее:

- причиной плохой успеваемости многих студентов является внутренняя личностная позиция – нежелание учиться;
- их интересы находятся за пределами образовательного учреждения;

*Можно выделить следующие признаки неуспеваемости по иностранному языку:*

• незнание базовой лексики, непонимание вопросов;
• неумение составить фразу;
• неумение употребить знакомый материал в новой ситуации;
• пассивность на уроке;
• стеснялся принимать помощь преподавателя и задавать вопросы;
• отвлекаемость, стремление перевести разговор на посторонние темы.

Определив, чем вызвана неуспеваемость студентов, преподаватель должен обладать высоким уровнем профессионализма. (1)

**Как развить способность у таких студентов и** какие **компетенции** необходимо формировать в сознании учащегося? Ему необходимо выработать свой стиль преподавания, овладеть методиками тестирования и оценки знаний студентов, развить социокультурные фоновые знания и способность передавать их студентам.

А также определят содержание обучения, т.е. как обучать языковым аспектам:

• фонетическому;
• словообразовательному;
• лексическому;
• грамматическому;

Для активизации слабоуспевающих студентов на уроке, повышения мотивации к изучению иностранного языка преподаватели используют разнообразные формы и методы работы:

Мотивационными процессами можно управлять, создавая условия для развития внутренних мотивов личности, а также умело стимулируя студентов. Желательно продумать каждый урок согласно интересам студентов, использовать все возможности учебного материала для развития их любознательности. 2 с. 88.

Как увлечь ребят познанием нового? Как сделать урок интересным, ярким? Как увлечь студентов своим предметом? Как создать на уроке ситуацию успеха для каждого студента?

Задача педагога в этом случае: - помочь учащимся осознать необходимость получения новых знаний, развивать ответственность, поддерживать уверенность студентов в собственных силах, вырабатывая позитивную самооценку и разнообразить виды деятельности;

• в обучении применять:

•различные формы групповой работы;

• многократно проговаривать и закреплять материал урока;

• создание атмосферы особой доброжелательности при опросе;

снижение темпа опроса;

• предложение студенту примерного плана ответа;

• разрешение пользоваться наглядными пособиями;

• стимулирование оценкой, **подбадриванием, похвал.**

• при изложении нового материала:

• более частое обращение к слабоуспевающим с вопросами, выясняющим степень понимания ими учебного материала;

• в ходе самостоятельной работы на уроке:

• разбивка занятий на дозы, этапы, выделение в сложных заданиях ряда простых;

• стимулирование самостоятельных действий слабоуспевающих;

• **при организации самостоятельной работы:**

• выбор для группы успевающих наиболее рациональной системы упражнений, а не механическое увеличение их числа;

• более подробное объяснение последовательности выполнения задания;

Урок иностранного языка имеет свою специфику, так как, в отличие от других предметов, в качестве основной цели обучения выдвигается формирование коммуникативной компетенции студентов. В настоящее время глобальной целью овладения иностранным языком считается приобщение к иной культуре и участие в диалоге культур. Эта цель достигается путем формирования способности к межкультурной коммуникации. Именно преподавание, организованное на основе заданий коммуникативного характера, обучение иноязычной коммуникации, используя все необходимые для этого задания и приемы, является отличительной особенностью урока иностранного языка.

Для работы со слабоуспевающими необходим дифференцированный подход к обучению, который предусматривает использование соответствующих дидактических материалов:

- специальных обучающих таблиц, плакатов и схем для самоконтроля;
- карточек – заданий, определяющих условие предлагаемого задания;
- карточек с текстами получаемой информации, сопровождаемой необходимыми разъяснениями, грамматическими схемами;
- карточек, в которых показаны образцы того, как следует выполнять задание;
- карточек для индивидуальной работы;
- заданий с выбором ответа;

Дифференцированный подход может быть осуществлен на любом из этапов урока:

• при закреплении;
• при проверке домашнего задания;
• при самостоятельной работе.

Как повысить работоспособность:

• Разнообразить виды деятельности.
• Компетенции, которые необходимо формировать в сознании обучающихся;
• Социолингвистические компетенции.
• Коммуникативные компетенции.
• Профессиональные компетенции. (2)

Преподаватель обычно выбирает методы и формы обучения, ориентированные на среднего студента. При этом слабым и сильным студентам уделяется мало внимания: студенты с хорошими способностями работают без особого напряжения, а слабые студенты испытывают возрастающие затруднения (3)

Преподаватель готовит их к самообучению, вырабатывает навыки обращения со словарём, учебником, справочником, компьютерными программами и др. И хотя он работает в рамках программы, учебного плана, учебника, его педагогическая и творческая индивидуальность раскрывается через содержание и структуру урока. (3)

Для разнообразия учебных будней преподаватели часто используют разнообразные формы и жанры урока. Например:

• урок-игра
• урок-спектакль
• урок-путешествие
• урок-детектив
• урок-сказка
• урок-концерт
• урок-картина

Применяя на занятиях игровые технологии преподаватель становится активным помощником, его главная функция – организация и стимулирование учебного процесса. Студент становится главной действующей фигурой. Все это также позволяет совершенствовать социальную, коммуникативные и профессиональную компетенции обучающихся. Студентам должна быть предоставлена возможность больше говорить, писать, слушать, читать. Преподавателю необходимо следить за тем, чтобы на уроке постоянно возникала потребность в общении, он должен создавать такие ситуации, в том числе игровые: фонетические, лексические, грамматические и творческие игры. (4)

Во время проведения ролевой игры студенты наглядно убеждаются в том, что язык можно использовать как **средство** общения. Игра активизирует стремление ребят к контакту друг с другом и преподавателем, создает условия равенства в речевом партнерстве, разрушает традиционный барьер между преподавателем и студентом.

Песни могут сопровождаться игровым действием, которое может выступать в качестве весёлой разминки или физкультминутки. Прослушивание и пение английских песен не только разнообразит занятие, но и способствует повышению внимания, умственной и физической активности при изучении английского языка.

«Руководящая роль педагога, - утверждает Г.К. Воеводская, выражается прежде всего в том, что он с самого начала учебных занятий уметь предвидеть в соответствии с поставленной перед ним целью ход учения, направлять его наиболее успешным путём и формировать у студентов умения правильно формулировать цели учебной деятельности и целенаправленно работать». Особенно важным для студентов с низким уровнем активности является фактор успеха. Необходимо всегда хвалить студента даже за самые незначительные успехи.......» (5)

***Литература***


1. Пассов Е.И., Кузовлев В.П. Мастерство и личность учителя. На примере деятельности учителя иностранного языка. М.: Флинта – Наука. 2001. С. 99–123.
2. Н.А. Аминова - Н.А. Янковский. «Дифференциальному тесту вариантов развития системы среднего школьного образования»
3. Молчановский В.В., Шипилевич Л. Преподаватель русского языка как иностранного. Введение в специальность. -М.:\, 2002. С. 85–89.
4. Игры – обучение, тренинг, досуг. /Под ред. В.В. Петрусинского.- М.: Новая школа. 1994
5. Воеводская Г.К. Целенаправленность в деятельности преподавателя высшей школы (на материале преподавания иностранного языка). АКД,- Л.: 1974. С.11.



***Г.О. Көчөрова,***
*ЖАМУ*
***Г.М. Нурматова,***
*ТИПФ*


# Т.КАСЫМБЕКОВДУН “СЫНГАН КЫЛЫЧ” РОМАНЫНДАГЫ ӨЛҮМ, ӨЛҮҮ, ӨЛТҮРҮҮ ТҮШҮНҮГҮН ТУЮНДУРГАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН СТИЛИСТИКАЛЫК МААНИЛЕРИ

Кыргыз адабий тилинин корунда адам баласы үчүн өтө оор, кайгылуу учур болгон **өлүм** түшүнүгүн **эвфемизмдер** менен алмаштырып айтуучу тилдик бирдиктер арбын. Алардын көпчүлүгү эвфемисттик мүнөздөгү фразеологизмдер болуп саналат. Ал эми Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романында аталган тематикалык топтогу фразеологизмдер окуялардын мүнөзүнө ылайык ар түрдүү жана мындай мазмундагы фразеологизмдерди автор сандык жактан да, сапаттык жактан да байыткан. Оюбузду бышыктоо максатында, романдан ушул семантикадагы мисалдарды алып, аларга стилистикалык маанилери боюнча талдоо жүргүзөлү. *Мисалы, маани ушул ки, мындан келди, сизде азирет ханыбызда эскиден калган* ***сөөк өчүңүз*** *бар окшойт, кечеги жер жайнаган көк тоонун ич өткөккө жолуктуруп бир кырып, орустун замбиреги менен бөөдө айдап кабылтып бир кырып -* ***түбүнө жетмек*** *максатыңыз бар окшойт?! (Т.Касымбеков “Сынган кылыч”, 206-б.)*

*Эң акыры атасы Ибрагим бектин да, булардын Нүзүп деген* ***кара өзгөйү түбүнө жеткенин*** *кулагынга куйган (Т.Касымбеков “Сынган кылыч”, 417-б.).* Алынган сүйлөмдөрдүн экөөндө тең бирдей эле структурадагы фразеологизмдер **өлтүрүү, өлтүргөн** маанисинде колдонулду. Бул фразеологизмдер лексикалык бирдик түрүндөгү дублеттерине салыштырмалуу оор тийүүчү түшүнүктү этикалуу (сылык, сыпайы) туюндурууга мүмкүнчүлүк түзсө, экинчиден, *түбүнө жетүү, жексен кылуу, тукум курут кылуу* фразеологизмдери **өчүгүшкөн душманын экинчи бийликке келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу, касташкан адамды** же **касташкан адамдарын өлтүрүү** маанисин билдирет. Автор ушул позициядан туруп, биринчи сүйлөмдө **такыр кырып жок кылуу** маанисин, экинчи сүйлөмдө Ибрагим бекти **өлтүрүү менен** анын **тукумун экинчи бийликке келбей турган даражага жеткирди** маанисин кошо берген. *Түбүнө жетүү* фразеологизминин **жашыруун өлтүрүү** мааниси да бар.

*Мен кетермин, мени кетирген колдор көп узатпай аны да* ***жолго салар****...(Т.Касымбеков “Сынган кылыч”, 124-б.).* Т.Касымбеков бул фразеологизмди Нүзүптүн сөзүндө берет. **Өлөрмүн** жана **өлтүрөр** түшүнүгү үчүн пайдаланылды. Мында **арман кылуу** оттенкасы да кошумчаланган.

Ушунчасында, мүмкүнчүлүгү барында андан озунуп кетмекчи болуп, "тоң моюн бектин **башын апкелиш**" жөнүндө жашырын жарлык берип, Шариханга жашырын желдет аткарды, бирок желдет Мусулманкулду ордунан таппай кайтат, шыбыш угуп калган Мусулманкул Эки-Суу-Арасына өз уруусуна калкаланып кеткен (Т.Касымбеков "Сынган кылыч", 129-б.). **Башын алып салмак** кыйын эмес (Т.Касымбеков "Сынган кылыч", 209-б.).

*Башын алуу* фразеологизминде **өлтүрүү** мааниден тышкары **мыкаачылык, зордукчулук менен өлтүрүү** жана азыркы кыргыз тилинде колдонулуп жүргөн **буйрутма адам өлтүрүү** түшүнүгүн билдирүүчү кошумча маанилери байкалат.

*Өтө эле журтка ашкере тектүү датканын мындайча оңой **көзүн жоюп жибериш** чатакты кайра ырбатып, анын хан башын "эр өлтүргөн" делинтип абалды аны сайын татаалдантып жибериши ыктымал эле (Т.Касымбеков "Сынган кылыч", 218-б.). Тез **көзүн жоготуу** керек. Көзүн жоготуу, көзүн жоюу* фразеологизмдери лексикалык варианттар. Бул негизинен *көзүн тазалоо* фразеологизминин жазуучу тарабынан лексикалык бирдиктерди алмаштыруу менен кайра өзгөртүлүп түзүлгөн автордук фразеологизм. Мындагы кошумча маани же стилистикалык коннотация – **жашыруун өлтүрүү.**

*Бу туз урган миң тукуму далай элчибиздин **канын ичкен** (Т.Касымбеков) "Сынган кылыч", 223-б.). Канын ичүү* фразеологизми **өлтүрүү** маанисин билдирген мындай туюнтмалардын ичинен **көп адамды өлтүргөн** кошумча мааниге ээ. Сүйлөмдүн жалпы мазмунунан да бул түшүнүк *далай* деген сүйлөм мүчөсү аркылуу белгилүү болуп турат.

*Бирок мына арты өзүнө жамандык ишке айланып кетишке ыктымал болгон өтө коопту окуяга **кара башын сайып** кирип, шариятта салтта колдоп турган так эгесин **тымдым кылып** отуруп акыр аягында баркы бар деп ушул көйрөң Алымбекке **ийлеп-ийлеп итке салгандай** кармата берип, өзү баягы эски тону менен шалпайып кала берер киши бекен (Т.Касымбеков "Сынган кылыч", 227-б.).* Сүйлөмдөгү *тымдым кылып* фразеологизми **өлтүрдү** мааниси менен **жашыруун, өтө жашыруун өлтүрдү** маанисин бирдей туюндурат. Демек анын контексттеги стилистикалык коннотациясы **жан адамга билдирбей, өтө жашыруун өлтүрдү** болот.

***Тоголонуп баш кетмей,** томсоруп ыйлап жаш төкмөй бул элге көнүмүш, боло жүргөн окуя делинет (Т.Касымбеков "Сынган кылыч", 234-б.).* Контексттеги бул фразеологизм да **өлтүрүү** түшүнүгү менен бирге **көп адамды өлтүрүү, массалык өлтүрүү** семантикасында колдонулган. Кайсы бир деңгээлде кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый окуясын шарттаган маани да бар. Анткени XIX кылымдагы Кокон хандыгы учурунда кылыч негизги курал катары эсептелген. Өлтүрүү кылыч аркылуу жүзөгө ашырылган. Ошол кырдаалды ушул фразеологизм объективдүү чагылдыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги талашсыз.

-**Туйгун колдон учуптур** бейбак.

-Оозуңа карап сүйлө!

*Энди Теңирберди аке, күйүткө алдырбай **белди бек** бууганыңыз жакшы... (Т.Касымбеков "Сынган кылыч", 40-б.).* Бул фразеологизм Кетбуканын Айканга баласынын өлүмүн угузган ырында кездешет. Демек *туйгун колдон учуптур* фразеологизми - өткөн замандан бери тилибизде колодонулуп келе жаткан тилдик бирдик. Негизинен бул фразеологизм **эр жеткен жигиттердин жоодо курман болгондугун угузуучу** тилдик каражат болуп саналат.

Ошентип Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романында тарыхый шартка, ошол кездеги окуяларга ылайык **өлүү, өлтүрүү** маанилерин туюнткан (1) фразеологиздердин синонимдик жуптарынын арбындыгы, (2) стилистикалык маанилеринин ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнүп, мезгилиндеги түзүлгөн кырдаалга ылайык колдонулган. Айрыкча ич ара келишпестиктер, бийлик талашууда түзүлгөн топтордун (автордун сөзү менен айтканда, кутумдарлардын) "тың чыкмаларды" өлтүрүп турушу (3) **жашыруун** жана **мыкаачылык** менен ишке ашырылып турган. Мына ушундай мазмунду жаратуу максатында автор айрым бир фразеологизмдердин компоненттерин башка бир лексикалык бирдик менен алмаштырып (мисалы *көзүн **тазалоо** – көзүн **жоюу**, көзүн **жоготуу***), өз максатын ишке ашырса, айрым бир контекстте синонимдердин ичинен стилистикалык коннотациясы дал ошол окуяны даана чагылдырып бере ала турган синонимин тандап колдонуу менен (мисалы, *көзүн тазалап, башын алып эмес, тымдым кылып*) романдын тарыхый-эстетикалык, тарыхый-интеллектуалдык деңгээлин бийик чекке жеткирген.

***Адабияттар***


1. Ахматов Т.К., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С. Тил илимине киришүү. - Ф.: Мектеп, 1980. -170 б.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы (Стилистиканын жалпы маселелери): 1-китеп. Бишкек-Ош, 2000. -114 б.
3. Ибрагимов С. Тил илиминин негиздери. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы. - Ф.: Раритет Инфо, 2000. -202 б.
4. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана фразеологиясы.- Б.: Кыргызстан, 1998. -168 б.
5. Мусаев С.Ж. Жалпы тил илими. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Б., 1998. -211 б.

***Тузжу Керим,***
*Кыргыз-Түрк Манас Университети*

# ТҮРК ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕ ТҮГӨЙЛӨРҮ БИРДЕЙ МААНИГЕ ЭЭ БОЛГОН ОРТОК ОМОНИМДЕР

Кыргыз тилинде омонимдер түрк тилине салыштырмалуу бир кыйла терең изилденген жана омонимдер сөздүгү да иштелип чыккан. Бирок коом өнүккөн сайын омонимдердин саны да күн санап өсүп барат. Алсак, 1965-жылы жарыка чыккан К.К.Юдахиндин Кыргызча-орусча сөздүгүндө кыргыз тилиндеги омонимдердин саны 1114, 1986-жылы жарык көргөн "Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгүндө" берилген омонимдердин саны 1174. Ал эми 2011-жылы жарыкка чыккан "Кыргыз тилинин сөздүгүндө" омонимдердин жалпы саны 1706. Көрүнүн тургандай омонимдердин саны убакыттын өтүшү менен артып барат. Бул ишти аткарууда кыргыз тилиндеги омонимдерди жетекчиликке алып, түрк тилинде алардын кездешкенине карата орток омонимдерди тандап алдык. Тилекке каршы түрк тилинде омонимдер өз алдынча сөздүк болуп иштелип чыга элек. Түрк тилинин 2011-жылы жарык көргөн сөздүгүн анализдегенибизде 714 омоним бар экендигине күбө болдук. Биздин бул аракет иштин андан ары уланышына өз салымын кошот деген ишенимдебиз.

Түрк жана кыргыз тилдеринде бардык түгөйлөрүнүн маанилери бирдей болгон омонимдер да бар. Төмөндө алардын тилде колдонулуш өзгөчөлүгү талдоого алынат.

**Ay // Ай I** – зат. Төл сөз. *Ay tolun bolsa eligin inlemes* [DLT I: 82]

*(Ай толуп турса кол менен көрсөтүлбөйт).*

1. Күндүн чагылышкан нуру менен жарык болуп турууучу асман телосу, жердин жандоочусу.

2. Айдын Жерди айланып чыгышында жаңыдан көрүнүп, толуп, кайра жоголгон мезгилдерге кеткен убакытты эсептөө бирдиги; жылдын он экиден бир бөлүгүн көрсөткөн чак; календарь боюнча 28-31 күндөн турган убакыт, мезгил өлчөмү. *Май айынын болуп турган убагы эле, чаңкай түш өзүм жалгыз Ак-суу тараптан кел жаткам* ( Т.К. "Туулган жер"). *«Mart ayı» (Март айы). «Bu is ancak uc ayda biter» (Бул иш үч айда бүтөт).*

**Ay II // Ай II**– сырдык сөз. Таң калгандыкты, чочугандыкты, өкүнгөндүктү билдирүүдө же бирөөгө кайрылуу, бирөөнү чакыруу, көңүл бурдурруу иретинде колдонулат. *Балам ай... кагылып кетейин ай! (Т.К. "Сынган кылыч")»Ay! Sen mi idin? (Ай! Сен белең?).*

**Ай** омониминин бардык маанилери эки тилде бирдей өзгөчөлүктөргө ээ экендиги көрүнүп турат. Кыргыз тилинде да, түрк тилинде да зат атооч катары планетаны билдирсе, сырдык сөз катары адамдын ички сезимдерин билдирүүчү кызматчы сөз. Бул эки тилдин ортосундагы толук омоним катары каралуусу шарт.

**Akça I // Акча I** - сын. Агыш, акчыл, акжуумал. [DLT I: 81].*Акча жүзүн нур чалып, бетинин оту алмадай болуп нурданат* (оозеки кептен). *«Akça kızlar sökün etti yurdundan / Koç yiğitler deli oldu derdinden»* (*Аппак кыздар каректерге урунду, жигиттердин дарты күчөп ырбады*) (Halk tıгkьsь (элдик ыр))

**Akca II // Акча II** – зат. Сатып алуу, сатуу иштеринде баанын өлчөмүн көрсөтүү үчүн колдонулуучу металлдан же кагаздан жасалган баалуу зат. *Акчаны түшүрүп алган турбайсыңбы, ойноп жүргөн жериңен изде. (Ч.А. "Ак кеме")*

Морфологиялык жол менен пайда болгон: *agэ+ce* деген эки бөлүктөн түзүлгөн. Фонетикалык өзгөрүүнүн натыйжасында *акча (akзa)* деген формага өзгөргөн [DLT I: 48].

Бул сөз түрк жана кыргыз тилдеринин ортосундагы жалпылыктарды сактап калган омонимдердин бири. Эки тилде тең семантикалык жактан да, курамы боюнча да бирдей өзгөчөлүктөргө ээ. Демек, *акча* сөзү түрк тилдеринде тээ мурунку мезгилдерде эле, түрк тилдери өз ичинен бөлүнө элек доорлордо эле колдонулуп келгендигин тастыктайт.

**Arık I // Арык I** – зат. Суу агызуу, эгинди же башка өсүмдүктөрдү суугаруу үчүн казылган алыш, канал. *Экөө дүкөндүн артындагы арыкка буттарын салып коюп, көпкө сүйлөштү* ( Ч.А. "Гүлсарат"). *«Arıkta çimdim de geldim diye fısıldadı.»* (C.U.). *(Арыкка түштүм да, келдим деп шыбырады)* .

Бул сөздүн пайда болушу тууралуу эки түрдүү пикир айтылып жүрөт. Биринчиси, фонетикалык өзгөрүүнүн натыйжасында; *айрык* сөзүнүн *й* тыбышы түшүрүлүп, *арык* формасында колдонулуп калышы. Арыктагы суу чоң өзөндөн бөлүнүп, айрылып агышынан улам ушундай (арык) айтылып калган [Сейдакматов, 1988:30]. Экинчиси, морфологиялык жол менен пайда болгон: *ар+ык* деген эки бөлүктөн турат. Мындагы *–ык* мүчөсү *ак* (агуу) этиши менен байланыштуу, суунун агышын туюндурат [Севортян 1978: 187-189]. Мында окумуштуу ар бөлүкчөсүнүн маанисине токтолгон эмес. Биздин оюбузча, бул сөз *ары ак* деген эки сөздүн биригүүсүнөн пайда болгон кошмок сөз. Үндүүлөрдүн катар келишинде бир үндүүнүн түшүп калышынын негизинде *арык* формасында колдонулуп, кыргыз тилинин синхрондук абалында жөнөкөй сөз катары кабыл алынып калган.

**Arık II // Арык II** – сын. Эти качкан, майы жок, толук эмес, семиз эмес. *Ачтын тогу, арыктын семизи бар* (макал). «*Arık, zayıf bir buzağı kuyruğunu sallayarak gidiyordu.» (Арык, илмейген музоо куйругун чайпап бара жатты)* (M. S. E).

Морфологиялык жол менен пайда болгон: *ары+к* деген эки бөлүктөн турат. *Ары* жана *аз* сөздөрү *р/з* тыбыштык алмашууга учураган түбү бир сөздөр. *Ары – чарча, чаалык; аз – арыкта, жүдө. Арыктоо, чарчоо* маанисиндеги этишке сын атооч жасоочу *–к* мүчөсүнүн жалгануусу менен *арык* сөзү уюшулган.

Семантикалары да, морфологиялык жактан да эки тилде бирдей өзгөчөлүктөргө ээ. Түрк тилинин кийинки мезгилдеринде *Ark* формасында колдонулуп жүргөндүгү байкалат.

**Atlas I // Атлас I** - зат. **атилес.** Араб тилинен кирген сөз [Карасаев, 1986:48] Жибек кездеменин бир түрү. *Атластан көйнөк тигүүгө камынды. Кийген көйнөгү атластан эле (оозеки кептен). Atlastan perde diktirdik (Атластан парда тиктирдик).*

**Atlas II // Атлас II** – зат. географиялык карталардын жыйнагы. Дүйнөнүн, бир мамлекеттин, бир аймактын физикалык, саясий географиялык экономикалык жана тарыхый карталарынын жыйнагы, дүйнөнүн атласы. Грек сөзү, кыргыз тилине орус тили аркылуу кабыл алынган (Карасаев, 1986: 47). *Coğrafya atlasını kim aldı?(География атласын ким алды?) Atlasta yer bulma oyunu oynadık (Атластан жер атын табуу ойнодук).*

*Атлас II* кыргыз тилине орус тили аркылуу кабыл алынса, түрк тилине грек тилинен түз кабыл алынган. Анын бардык маанилери эки тилде тең башка тилдерден кабыл алынган.

**Bay I // Бай I** – зат. Мал-мүлктүү, дүнүйөлүү адам; байлыгы көп, жетиштүү, ар түрдүү табигый байлыгы мол, арбын. *Экөө комсомол куиунон баштап кедей-кембагалдарды колхоз болгула деп үгүттөп, байларды кулакка тартып чыккан* (Ч.А. “Гүлсарат”). *Baylar daha bay oldu, fakir daha fakir (Байлар дагы байыды, кедейлер дагы деле кедей).*

Сөз маанисинин кеңейишинен пайда болгон. Түрк тилинде уруунун башчысы *бек* деп аталат. Бир уруунун көрүнүктүү адамы малдуу жандуу болгон. Мында фонетикалык өзгөрүү да бар, *бек* сөзүндөгү *е* тыбышы *а* тыбышына, *к* тыбышы *й* тыбышына өзгөрүп *бай* формасына өткөн. [ДТС, 1969: 91]. Kul begke titti (кул бекке каршы чыкты) [DLT II: 412].

**Bay II // Бай II** – зат. Күйөө, эр. *Зулайка байга тиймеги, анчалык сага зарылбы? Менин байым ишке кетти. «Bir bay sizi arıyor» (Бир эркек сизди издеп жатат). »Bay Dopan» (Бай Доган).*

Көп маанилүүлүктүн негизинде пайда болгон. *Бай I* маанисинин кеңейиши. [ДТС,1969: 91].

Эки тилде бирдей фонетикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги бул омонимдин түрк тилдеринин байыркы доорлорунда эле колдонулган сөз экендигинен кабар берет. Кыргыз тилинде да, түрк тилинде да “күйөө” деген экинчи мааниси көп маанилүүлүктүн негизинде пайда болгон.

**Gaz I // Газ I** - зат. Мейкиндикте тез таралып кетүүчү, айрым бөлүкчөлөрүнүн бири-бири менен байланышта өтө бош аба түрүндөгү түрдүү максаттарда пайдаланылуучу буу сыяктуу заттардын жалпы наамы. кыргыз тилине орус тили аркылуу кирген сөз (Карасаев, 1986:80). *Көмүр кычкыл газы. Кээде башка противогаз (газга каршы) киемин. «Midede gaz olmak.» (Ичке жел туруу) «Gözümü açtım ki gazlardan ikisi de sönmüş (Көзүмдү ачсам газдардын экөөсү тең өчүп калыптыр).* (A.R.). *Doğal gaz (Жаратылыш газы).*

**Gaz II // Газ II** – зат. жасалма жибектен иштетилген, жука үлпүлдөгөн кездеме. *Мойнунда ак саргыл болгон үлпүлдөгөн газ жоолук.*

**Divan I // Диван I** – зат. Эски Түркияда султандын алдындагы чиновниктердин, даражалуу адамдардын кеңеши, чыгыш мусулман мамлекеттеринде акимдердин жыйыны, кеңешмесинин аталышы. Араб тилинен кабыл алынган [Карасаев, 1986:94] *«Çok geçmeden ortadaki masanın etrafında akşamki divan tekrar kurulmuş bulunuyordu.» (Арадан көп өтпөй столдун тегерегинде кечки диван кайрадан чогулар эле).* [R.N.G.].

**Divan II // Диван II** – зат. Отурууга, жатууга ылайыкталып жасалган жумшак эмеректин бир түрү. «*Gerinerek kollarını yana doğru açarken başını divanın yastıkları üzerine koyuyor.*» (E.M.K). *(Керилип колдорун эки жакка чоюп, башын дивандагы жаздыкка коет).*

Сөз маанисинин кеңейишинен пайда болгон. Жыйындын (дивандын) катышуучулары олтуруучу эмерек.

**Divan III // Диван III** – зат. Чыгыш адабияттарында лирикалык чыгармалардын жыйнагынын аты, жыйнак. *Дивани-Лугатит-Түрк., Divan-ı Bâki (Акын Бакинин диваны).*

*Жыйын, жыйнак* маанисиндеги араб тилинен түрк тилдерине кабыл алынган бул сөз кыргыз тилинде көп колдонулбайт. Анын эмерек мааниси эки тилде тең сөз маанисинин кеңейүүсүнөн улам пайда болгон.

**Kundak I // Кундак I** – зат. Жаңы төрөлгөн баланы бешикке бөлөгөнгө чейин убактылуу жаткырып турууга ылайыкталып койдун, төөнүн жүнүнөн жасалган төшөк. *Ал алачыкка кирер менен, балага жасалган кундактын башындагы түйүнчөктү ала койду* (А.Т. “Кандуу жылдар”). *«Kendisine uzattıkları ince ve beyaz bir kundağa sarılmış kızına baktı.»* (O. S.) *(Өзүнө узатылган ичке жана ак кундакка салынган кызын карады)..*

Төл сөз. Уйгур тилинде *kong+da+k (kong=kalça, kalçasından bağlamak).* [Gьlensoy, 2007, 568].

**Kundak II // Кундак II** – зат. Атыла турган (мылтык, замбирек ж.б.) куралдардын ийинге такап, мээлеп атууга ылайыкталган арткы бөлүгү.

*А мушкул, таяк, кундак, бөөдө ажал биздин башыбызда.* (Т.Э. “Ата журт”). *«Amcası Mustafa geldi eve, ona bir kundağı sedefli tüfek getirdi.»* (Y.K.) *(Агасы Мустафа үйгө келди жана ага бир кундактуу мылтык алып келди)..*

Көп маанилүүлүктүн өнүгүшүнөн пайда болгон. Кундак I дин маанисинин кеңейиши [TSKBS , 2007:254].

Бул сөздүн уйгур тилинде да колдонулушу сөздүн түрк тилдеринин төл сөзү экендигин тастыктайт. Анын экинчи мааниси түрк жана кыргыз тилдеринде көп маанилүүлүктүн натыйжасында пайда болгон. Аталган омонимдик түгөйдү эки тилдин ортосундагы толук омонимдердин катарына кошуп кароого толук негиз бар.

**Nota I // Нота I** – зат. Кандайдыр бир музыкалык тыбыштын шарттуу графикалык белгиси. *Ал азыр өз колу менен нота үйрөткөн окуучусунун концертинен кетип бара жатат (оозеки кептен). «Saz sesleri bazen aynı notaları, ruhumuza mıhlanmak istenen bir altın çiviye vurulan darbeler gibi tekrar ederdi.»* (А.Ю.Н.) *(Саздын үнү кээде бир эле ноталарды дилибизде кыңылдоону каалаган алтын мыкка урулган күч сымал кайталаар эле).* Кыргыз тилине орус тили аркылуу кирген италия сөзү.

**Nota II // Нота II** – зат. Бир өкмөттүн башка бир өкмөткө дипломаттык түрдө кат жүзүндө кайрылуусу. Орус тили аркылуу кирген латын сөзү [Карасаев, 1986: 212]. *«Bu notaya verdiğim kısa bir cevapta, Mudanya Konferansını kabul ettiğimi bildirdim.»* (Atatürk). *(Бул нотага жазылган кыска жоопто Мудания Конференциясын кабыл алгандыгымды билдирдим).*

<u>Нота</u> сөзү түрк тилдерине мүнөздүү эмес. Анын бардык маанилери эки тилге тең башка тилдерден кирген.

**Sirke I // Сирке I** – зат. Биттин жумурткасы. [DLT I: 430]. *Чачы куучуюп, сирке басты, жаш Күмүшкан жаны ачынды* ( Ж.Б.). *«Hepsi bit, sirke içinde; sıvandım, hepsini temizledim.»* (H.E.A.). *(Баары бит сирке баскан, баарын тазаладым).*

**Sirke II // Сирке II** – зат. Уксус, кычкыл суюктук. Иран тилинен кабыл алынган [Карасаев, 1986: 244]. Ак сирке (ак серке) – айран же сүзмө кошуп, кычкыл кылган сорпо. *Sirke küpni üzitti* [DLT I: 430].

Бул сөздү дагы эки тилдеги орток омонимдердин катарына кошууга болот. Биринчи семантикалары төл сөз, экинчи маанилери болсо иран тилинен кабыл алынган. Колдонулуш өзгөчөлүктөрү түрк жана кыргыз тилдеринде бирдей.

Түрк жана кыргыз тилдериндеги орток омоним катары белгиленген 58 сөз адабий тилде колдонулган сөздөр. Албетте, эки өлкөнүн түрдүү райондорунда колдонулган диалектилерде бул омонимдерден айырмалуу сөздөрдүн болушу толук мүмкүн. Бирок колубуздагы эмгекти ашыкча узартпоо максатында биз диалектилердеги омонимдерге токтолгон жокпуз.

Иргелип алынган 58 омоним сөздүн 10у эки тилде тең бирдей өзгөчөлүктөргө ээ. Мындай сөздөрдү "толук омонимдер" деп айтабыз. Ал эми калган 48 сөз формалары боюнча бири-бирине окшош, бирок семантикалык жактан айырмачылыгы болгондугу үчүн аларды "толук эмес омонимдер" деп атадык.

Орток омонимдерге көңүл бурганыбызда басымдуу бөлүгүнүн башка тилдерден кабыл алуунун натыйжасында пайда болгондугун байкайбыз. Өзгөчө араб жана иран тилдеринен кабыл алынган сөздөр басымдуулук кылат.

Түрк тилдеринин эң байыркыларынан болгон түрк тили менен кыргыз тилинин ортосунда байыркы мезгилде сан жагынан аз болгон орток омонимдер убакыттын өтүшү менен көбөйгөн. 1000 жылдай убакыттан бери бири -биринен алыс жашаган эки калктын географиясы, тарыхы жана башка тилдердин таасири аркылуу, лексикалык окшоштуктары улам азайып олтурган. Мунун натыйжасында омонимдер сан жагынан көбөйгөн.

***Адабияттар***

1. Güncel Türkçe Sözlük , Ankara:Türk Dil Kurumu Yayınları,11.Baskı, 2011.
2. Yudahin K.K. Kırgız Sözlüğü I-II (Çeviren: A.Taymas), Ankara: Türk Dil Kurumu Yayınları, 1998.
3. Древнетюркский словарь, под ред. В.М.Наделяева, Д.М.Насилова, Э.Р. Тенишева, А.М.Щербака. –Л.: Наука, 1969.
4. Карасаев К. Өздөштүрүлгөн сөздөр– Ф.: Кырг. Совет энцикл., башкы ред., 1986.
5. Киргизско-русский словарь. / Сост. К.К.Юдахин. - М.: Сов. энцикл., 1965.
6. Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү. Жооптуу ред. Э.Абдулдаев. – Ф.: Илим, 1986.
7. Кыргыз тилинин сөздүгү. – Б.: AVRASYA PRESS, 2010.

***Кенан Йылдырым,***
*Кыргыз-Түрк «Манас» университети*

# КОНЦЕПТ «СУДЬБА» В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ МЕХМЕТА АКИФА ЭРСОЯ

*В данной статье рассматриваются особенности концепта «Судьба» на основе анализов различных произведений Мехмета Акифа Эрсоя. В концепте «Судьба», отраженном в его произведениях, эксплицируются: идея предопределенности всех событий в жизни человека и идея возможности применения человеческой воли для выбора своего пути.*

***Ключевые слова:*** *концепт, трансформация лексического значения, фатализм.*

Лексема «Kader» - «судьба» заимствована турецким языком из арабского, что является одним из результатов влияния исламской религии. Несмотря на периодическую трансформацию начального лексического значения лексемы, она сохранилась в современном языке и культуре. Согласно словарям, слово «судьба» является достаточно обширным понятием: предопределение всего того, что будет сотворено Аллахом Всевышним в этом мире; планирование будущего; заблаговременное планирование времени, места, формы, задачи, ситуации и исхода – иными словами, включает в себя свойства Божественного предопределения (Лаух аль-Махфуз) или Хранимой скрижали. Помимо всего вышеперечисленного, данное понятие также олицетворяет предварительное планирование всего со всех сторон, и существует мнение о том, что это и является «Божественным предопределением Аллаха Всевышнего». С конфессиональной точки зрения судьба – это предопределение свойств, ситуаций, состояний, времени и места всего в этом мире Аллахом Всевышним, а также создание всего из ничего. Таким образом, судьба выступает в роли некого «божественного планирования или программирования», что предрешает всё в мире исходя из индивидуальных задатков каждого живого существа [1.С.1].

Аллах создал человека свободным и наделил его «разумом» и «волей». Затем он даровал человеку «знания» и «мудрость» для того, чтобы указать верную дорогу разуму. Главным предназначением разума является прогнозирование будущего исходя из прошлого, планирование и принятие соответствующих мер.

По этой причине Пророк Мухаммед (мир ему и благословение) упоминал, что способность принимать меры - это не знание. Человек предпринимает меры и уповает, а Аллах Всевышний располагает и предопределяет. Предрешение Аллаха осуществляется исходя из воли человека [5.С.4].

В течение всей истории концепт «судьба» трактовался по-разному. Политические и социальные преобразования, явившиеся миру в ходе изменения истории ислама, сыграли большую роль в формировании структуры данного концепта. Влияние вышеуказанных изменений также отразилось на значении понятия «судьба» в Коране. Понятие судьбы и всех производных от этого значений, освещались в отличном от истины смысле. Данные трансформации задели и содержание хадисов, некоторые из которых были выдуманы и не соответствовали основным догмам Корана. Оказавшиеся под влиянием этого исламоведы даже пытались приписывать выдуманные идеи в некоторые аяты Корана. Таким образом, зародилось различное понимание судьбы в разных религиозных школах [1.С.2].

В литературе концепт «судьба» представлялся в разное время различными писателями по-разному. В результате исследования лексемы «судьба» можно прийти к выводу о том, что на первом плане стоит когнитивный признак - «печаль». В этом случае необходимо изучить причины приоритетности данного концепта при исследовании понятия судьбы. Как известно, чувство печали возникает вне зависимости от воли человека, в случае утери кого-либо из близких и любимых, нереализованности желаний или недостаточности финансовых возможностей. Таким образом, смерть, безответная любовь, бедность, невозможность борьбы с течением времени, старость – всё это символизирует судьбу в литературе. Концепт «судьба», в большинстве своём, характеризуется именно с этими понятиями. Вместе с тем, многие авторы указывают на неспособность человека идти против судьбы.

Мехмет Акиф Эрсой же, напротив, придавал большое значение человеческой воле и самому человеку. Он выделяет способность человека использовать свою волю, познавать божественное и выражать себя. К сожалению, зачастую человек не знает своей ценности. Правильная самооценка человека заключается в умении применять свой разум и способности брать на себя ответственность. Люди, признающие наличие только божественной силы, являются фаталистами, полностью подчиняющимися воле судьбы. Эрсой же не принимал такую точку зрения и ставил на первый план человека и его волю. Акиф Эрсой полностью отрицает обязательное предписание «веровать» и принципы фатализма, твердящие: «Я не в силах что-то изменить, раз это уготовано судьбой» [4.]. Он считает неверным искать оправдание неудачам и неприятностям в судьбе. Стоит лишь приложить усилия для осуществления желаний – и достижение нужных результатов явится возможным, потому что Аллах справедлив ко всем.

Выдумывание неверных предрассудков, причисление неудач к судьбе и ошибочное толкование понятия «упования на Бога» - всё это делает религию предметом насмешек. Мехмет Акиф Эрсой резко реагирует на такое неправильное толкование судьбы и упования на Бога. По мнению Эрсоя, надеющиеся только на Аллаха фаталисты, ждут пока он решит все их проблемы за них самих. Такие люди воспринимают Бога как прислужника, который всё решит: присмотрит за детьми; компенсирует расходы; будет придерживаться рамок дозволенного; обеспечит хлебом насущным и одеждой; пошлёт ангелов-хранителей на войну; всегда поспешит на помощь;- спасёт; вылечит; исполнит все желания; будет всем в одном лице; будет отвечать за деньги и имущество; будет и капитаном, и командиром, и воином; соберёт налоги, будет и доктором и аптекарем…

В ответ на такое понимание Акиф Эрсой задаётся вопросом «А что тогда будет делать человек?». По его мнению, такая идеология способствует принижению Бога в качестве прислужника и обожествлению человека, что является ересью. Последователи такого рода идеологии оставляют всю ответственность Аллаху и объявляют войну божественным повелениям, что идёт наперекор религии. Судьбой является и то, что человек самостоятельно борется с опасностями, природными катаклизмами и болезнями [2.С.3].

**Hz. Ömer**

*«Yarın dönün!» diye Ashab'a emri verdi Ömer. Sabah erkenden düzülürken adamlarıyla yola, Ebu Ubeyde karşısına çıkıp: «Ya Ömer, uğurlar ola! Allah'ın kaderinden mi kaçıyorsunuz əimdi?» Demez mi, Hazret-i Ömer döndü: «Doğru, dedi, əu var ki Allah'ın bir kaderinden kaçarken biz, Koəup Allah'ın öbür kaderine doğru gitmekteyiz. Zemini otlu da, etrafı taəlı bir derenin içinde olsa deven ya Ebв Ubeyde senin; Tutup da onları bir yalçın kayalık yerde dolaətırsan, Veya öyle yapmayarak bir otlağa çektirsen, Düəün: Kaderle değildir əu yaptığın da nedir?»*[3.Ñ.499]

Как видно из этого отрывка, ответ Умара ибн аль-Хаттаба, который на первый взгляд кажется простым, достаточно верно объясняет, что такое судьба. Он приказывает своим воинам уйти и не приближаться к местности, где свирепствует эпидемия чумы. Тогда один из асхабов спрашивает у него, а не бежит ли он от уготованной Аллахом судьбы. На что Умар отвечает: «Да, мы бежим к другой, лучшей судьбе Аллаха». Таким образом, он прекрасно объясняет, что в некоторых случаях можно заранее предугадать исход и с помощью своего разума и воли изменить ситуацию.

**Tevhid Yahud Feryad**

*Varlık adına ne varsa hepsi de kaderinin dairesiyle çevrilmiºtir. Bütün bu uzaklıklar vasıflarının baºlangıcını bile kapsayamaz, Sayılar da ard arda gelen feyizlerini saymaya yetmez. Yüzyıllar senin olaylar okyanusunun dalgaları, Her dalga ise uçsuz bucaksız bir eserler denizidir.* [3.С.496].

Это отождествление того, что всё в этом мире имеет свою предначертанную судьбу. Волшебство и великолепие этого мира завораживает. Окружающий мир сравнивается с театром, где и положительные, и отрицательные персонажи сотворены Аллахом. Они избирают свой путь посредством своей воли, оставаясь под контролем Аллаха, и самостоятельно выбирают свою судьбу, предпочитая идти по верной или неверной дороге.

**Fatih Кьrsьsьnde**

*«Kadermiş!» öyle mi? Hâşâ bu söz değil doğru Belanı istedin, Allah da Verdi Doğrusu bu! İstenen neyse, elbette sonuç ona göredir, İlahi iradenin sana zulmetmek ihtimali mi var? «Çalıs!» dedikçe şeriat, çalışmadın, durdun, Onun hesabına birçok hurafe uydurdun! Sonunda bir de «tevekkül» sokuºturup araya, Zavallı dini çevirdin onunla maskaraya!* [3.С.463].

Здесь очень резко критикуются те, кто забывает заслуги предков и павших за родину воинов; а также использует нестабильную ситуацию в стране для своих личных политических целей. Автор выступает против тех, кто ссылается только лишь на судьбу и указывает на то, что люди сами заслужили те беды, которые называют судьбой.

**Fatih Kürsüsünde**

Fakat görür de halini insan bu derbederin; Nasıl günâhına girmez tevekkülün, kaderin; Senin anladığın anlamda «kader» seriata iftiradır; Hele tevekkül anlayısın ziyan içinde ziyandır. Kader imanın farzlarındandır... inandık... Fakat onda senin saptırdığın anlam yok. Kader: Gerekli sartların olusmasından sonra,

*Ayan'da olan mümkün seylerin görünüp ortaya çıkmasıdır* [3.С.467].

Судьба сравнивается с зеркалом, ведь зеркало отражает то, что ему показываешь. Исход зависит от наших собственных действий. Указывается то, что условия судьбы и возможная ситуация создаётся Аллахом, т.е. мы с помощью воли и упования сами можем изменить условия. Неверное же понимание понятия упования открывает путь к большим ошибкам.

*"Kader feraizi imana dahil...Amennâ...*
*Fakat yok onda senin sapmış olduğun mânâ"*

М.А.Эрсой верит в то, что судьба является одним из обязательных предписаний веры. Он говорит о том, что некоторые люди неверно понимают судьбу и что ошибки начинаются с неправильного понимания понятия «упование». [4].

*"Kader; ºeraiti mevcut olup ta meydanda,*
*Zuhura, gelmesidir mümkinatın a'yanda"*

Здесь Эрсой учит, что такое судьба и разделяет судьбу от упования. Указывается то, что условия судьбы и возможная ситуация создаётся Аллахом. Однако люди не могут знать, почему всё было создан именно так, ибо это знает только Аллах. [4].

Акиф Эрсой постоянно указывает на значимость человеческой воли и делает ударение на неверное понимание мусульманами судьбы. Потому что человек самостоятельно выбирает, по какому пути ему следовать, и Аллах способствует принятию этого решения. Эрсой, в основном, резко реагирует на тех, кто полагается лишь на Аллаха. Поэт осуждает тех, кто полагается на судьбу и упование(таваккуль), не до конца понимая эти понятия:

*"Görür de halini insan fakat bu derbederin;*
*Nasıl günahına girmez tevekkülün, kaderin?"*

Здесь автор указывает на тех, кто оставляет себя на произвол судьбы, не используя свой разум и волю, а также неверно поняв упование(таваккуль) и судьбу; вместо того, чтобы исполнять свои обязанности. На самом же деле Аллах не желает, чтобы человек оказался в такой плачевной ситуации. И поэтому в таком случае неуместно винить Аллаха в своей судьбе. [4].

*"Bakın şu hayduda, durmuş yıkın diyor evimi!*
*Torunlarım ya herif, aç kalıp dilensin mi?*
*Mahallemizde de çıt yok, ne oldu komşulara?*
*Susup da kurtulacak sanki hepsi aklı sıra."*

Здесь поэт описывает картину, когда одна женщина против насильного сожжения её дома и равнодушия соседей на это. Таким образом, делается упор на противостояние воли деспотизму. В конце данного произведения Эрсой говорит о необходимости консолидации людей против тирании и о том, что люди смогут обрести свободу тогда, когда будут поддерживать друг друга и применять свою волю. [4].

Мехмет Акиф Эрсой придавал должное значение человеку и выделял его из числа других живых существ, отражая это в своих произведениях.

По мнению поэта, для того, чтобы человек жил подобающим ему образом, следует хорошо понять, что такое судьба. Акиф считает, что неверное понимание судьбы открывает путь к ереси и грехам. Помимо этого, он говорит о том, что в таком случае понесение Божьего наказания неизбежно, и люди заслужили это. Данная точка зрения часто находит место в его произведениях. Правильное восприятие понятий «судьба» и «упование» возможно при верном понимании веры. Не надеющийся только лишь на Аллаха человек, при необходимости может и обратиться к нему за помощью. В то же время, этот человек может оставить всё на Волю Божью, после того, как сделает всё от него зависящее и использует все свои возможности. Таким образом, успех и счастье станет реальностью и с помощью Аллаха. Эрсой в своих произведениях резко и даже саркастично осуждает тех, кто оставил решение всех проблем на Бога. По мнению Эрсоя, плачевный исход в таком случае неизбежен и такие люди никогда не смогут обрести счастье.

Таким образом, в концепте «Судьба», отраженном в произведениях Мехмета Акифа Эрсоя, переплетаются две ключевые идеи: с одной стороны идея предопределенности и неконтролируемости происходящих с человеком событий, а с другой – идея возможности применения человеческой воли для выбора своего пути, которому справедливый Аллах способствует всегда.

***Литература***


1. Bağcı Musa, Dicle Üniv. İlahiyat Fakültesi ,Kuranda Kader Kavramı ,2012, Diyarbakır, http://www.musabagci.tr.gg
2. Çiftçi Turgut, Mehmet Akif Ersoy'un Yaşam Öyküsü, Ahlak ve Din Anlayışı,2013 http://www.hakveadalet.com/
3. Huyugüzel Ö. F., Bağcı Rıza, Gökçek Fazıl, Mehmet Akif Ersoy Safahat Orijinal Metin Sadeleştirilmiş Metin Notlar, 1994
4. İmamoğlu Abdulvahit, I. Uluslar arası Mehmet Akif Sempozyumu, Mehmet Akif Ersoy'un İnsan İrade ve Hürriyetine Bakışı 19-21 Kasım 2008
5. Kaya M. A., Kadere Ait meseleler (33 Mesele) 4.madde
6. http://www.mehmetalikaya.com

*К.Т.Жаманкулова,*
*КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы*
*Тил жана адабият институту*

# ОРНАМЕНТТИН ӨНҮГҮҮ ЭВОЛЮЦИЯСЫ

Кыргыздар колдонгон *оюулардын башаты коло дооруна* барат. Төмөндө кыргыздар колдонгон оюулардын өнүгүү эволюциясына көз жүгүртөлү.

**Үч бурчтук, ромб, фестон, меандр ж. б. оюулары**

**Андронов маданият эстеликтери** афанасьев маданиятына караганда бир топ өнүккөн маданият деп саналат. Эгерде афанасьев маданияты мезгилинде металл катары калай кошулбаган жез колдонулуп, эмгек куралдары таштан жана сөөктөн жасалса, андронов маданиятында керамика колдонулган. Керамикадан жасалган буюмдардын формалары ар түрдүү, сапаты жакшы болгон жана алар ***үч бурчтуу, ромб, фестон, меандр*** ж.б. ***орнаменттер*** менен коолдолгон (1: 162).

Андронов маданияты мезгилинде жездин ордуна коло колдонулуп, андан ар кандай орнаменттер, оюулар түшүрүлгөн зер буюмдарды жана эмгек шаймандарын жасай башташкан. Ошентип, кыргыздар колдонгон *оюунун башаты коло дооруна* барат.

*Ромб мотиви* көчмөндөрдүн арасында кеңири тараган. А. Н. Бернштамдын пикири боюнча ал “подсказан ромбическим просветом кереге – решетчатой основы кибитки” (I: 647).

Андронов маданияты Миң-Суудан батышка Хорезмге чейин тараган. Аталган маданият эстеликтери Обь, Алтай, Борбордук жана чыгыш Казахстан, ошондой эле Арал деңизинин жанынан табылган. Андронов тибиндеги буюмдар Түндүк Тянь-Шандан, Ысык-Көлдөн, жана Сокулук райондорунан да кездешкен (2: 20-21).

**Геометриялык орнамент**

**Карасук маданият эстеликтери** андронов маданиятындагыдай эле инвентарды камтыган, бирок алардын аткарылыш техникасы мыкты болгон. Мисалы, шар формасындагы түбү домпогой идиштер сапаттуу жасалган, алардын сырты жылтыратылган, кээде боелгон жана идиштин жогору жагына ***геометриялык орнамент*** түшүрүлгөн (1: 164).

Геометриялык орнаментти негизинен аалам кубулуштарынын (асман, жер суу кубулуштары) сүрөтү дешет. Жаратылыштын, турмуш-тиричиликтин ж. б. башка сюжеттердин орнаментациясы да ушул жол менен жасалып кеткен. А. Н. Бернштам орнаменттин байыркы геометриялык сызыктары кийинки орнаменталдык бутактарга сызыктардын ачык-айкындыгын, баяндоонун кыска жана тактыгын киргизген дейт (1: 647). Геометриялык орнамент кыргыз оюуларында кеңири колдонулуп келген жана колдонулууда.

**Айбанаттар мотивдери**

**Тагар маданиятынын** үч этабы окумуштуулар тарабынан белгиленет. Алар – 1) б. з. ч. VII-V кк., 2) б. з. ч. V-III кк., 3) б. з .ч. II- I кк. Колодон жасалган эмгек шаймандары жана зер буюмдары б. з. ч. VII-I кк. абдан көп жасалган жана аларга (куралжарактарга жана кийимдин айрым бөлүктөрүнө) *жаныбарлардын сүрөттөрүн* түшүрүлгөн.

Миң-суулуктарда *жырткычтардын сүрөттөрү* карасук маданиятында эле пайда болгон. А.Н.Бернштам Азиянын территориясында “Минусинский край является древнейшим центром сложения искусства звериного стиля” (1: 68), - деген. Айрым изилдөөчүлөр Борбордук Азияда жана Түндүк Кытайда айбанаттар стилиндеги сюжеттердин калыптанышына байыркы миңсуулуктар бир кыйла роль ойношкон дешкен. *Айбанаттар мотивдери* байыркы кыргыз орнаменттеринде кеңири орун алган.

**Арка сымал жана спиралдык орнамент, бет каптар**

**Таштык маданиятында (б. з. ч. I – б. з. V кк.).** Хунндардын тушунда жазма булактарда байыркы кыргыздар цзянь-кун же гэгунь деген ат (б.з.ч. 201-жылы) кездешкен жана алар Енисейдин жогорку куймасында, Тувада (азыркы Тыва), Байкалга чейин байыркы кыргыз уруулары жайгашкан.

Таштык маданият эстеликтери ошол мезгилдеги кыргыздардын маданиятын мүнөздөйт (1:72). Таштык этабынын мүнөздүү өзгөчөлүгү – “наличие мумифицированных трупов с гипсовыми масками на лице” (3: 51; 5: 5). Бет каптар көбүнчө боелгон. Өлүктөрдүн жанында териден, чөптөн жана кездемеден (көбүнчө кытай жибегинен) жасалган куурчактар табылган.

Ошол жерде эле керамика (жасалыш техникасы тагар маданиятына окшогон) да болгон. Анда мурун белгисиз ***арка сымал*** (арочный мотив) ***жана спиралдуу орнаменттер*** болгон. Андан тышкары жыгачтан жасалган буюмдар көп болгон, бул өзгөчө таштык тибиндеги Оглахтин көрүстөнүнө мүнөздүү (4: № 7-8).

Б. з. ч. III к. – б. з. II кк. гунн жана сяньби доорунда цзянь-кунь уруусунун борбордук азиялык уруулар менен аралашуусу болгон (1:177). Алардын маданиятында, расалык тибинде, ошондой эле тилинде абдан орчундуу өзгөрүүлөр болгон. Б. з. II кылымдан баштап кыргыздардын материалдык маданияты тууралуу археологиялык маалыматтар жарды.

**Орнамент VI-VIII кылымдарда**

VI-VIII кылымдарда кыргыздар менен байыркы Түрк каганатынын саясий байланышы кыргыз бектеринин көрүстөн үстүндөгү жазма эстеликтеринде сакталган (1:197).

Рун тексттеринде алтын жана күмүшкө чоң маани берилген, ал анткени соодада (алмашуу) колдонулган. Мисалы «Бегре» текстинде «алгыдан» термини колдонулат. Ал эми жазууда маркумдун «алтынга жана күмүшкө» ээ болгондугу айтылат. Текстке С.В.Киселевдун Копен чаатасындагы табылгалары мисал боло алат (6: 3; 7: № 4). Алтын жана күмүш буюмдарга ар кыл мотивдеги орнаменттер түшүрүлгөн.

**Өсүмдүк мотивдери**

С. В. Киселев Копен Чаатасынан бир чоң мүрзөнүн көмүскө жайынан ичине кумура түрүндөгү төрт алтын идиш салынган алтын чуңкур идишти тапкан. Алардын экөө түр салынбаган, биринин түбүндө жазуусу бар, калган экөө ***өсүмдүктөр түспөлүндөгү оймо-чиймелер*** (*белгилеген – Г. Ж.*) менен коздолгон (6: № 4; 1: 184).

Ө. Караевдин эмгегинде таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн – чаатастардын казыналар катылган казанактарынан С. В. Киселев жана Л. А. Евтюхова (8: 570-572) алтын жалатылган табактарды табышкандыгы, анын ичинде *өсүмдүк орнаменти* жана тири шумдуктуу жандыктардын турпаты чөгөрүлгөн идиштер да болгондугу маалымданат. Орнаменттик оюм-чийимдери бөтөн жердик асемкайрыктарды элестетип турса дагы идиштердин өзгөчөлүү жактары аларды жергиликтүү буюмдар деп болжолдоого жүйө боло алат (8:216).

Өзгөчө сасанилик Ирандын жана Кытайдын искусствосунун таасирин өзүнө сиңирген ***жыш орнамент менен капталган идиштер*** (*белгилеген – Г.Ж.*) сасани доорундагы ирандык көркөм традицияны, ошол эле учурда талаа өнөрчүлүгүнүн өзгөчө фантазиясын жана табитин өзүнө сиңирип турат (6: № 4; 1: 184).

В. Киселев Копен казуулардан кыргыз зергерлери менен металл куюучулардын тогоолорду, ат жабдыктарын, курларды коздоодо ***өсүмдүк оюуларын*** колдонушкандыгын көрсөткөн. Бул жерде № 2 дөбөнүн экинчи көмүскө жайынан ат жабдыктарынын жасалгаларынын комплектиси күмүштөн жасалган пластина түрүндөгү алты чоң жана беш кичине тогоодон турат, алар ***гүлдүн жалбырактары түрүндөгү согуу менен түшүрүлгөн (чеканный узор) ичке оюулар*** (*белгилеген – Г. Ж.*) менен коздолгон (8: 617).

Дагы бир алтындан жасалган кытай идишиндеги орнамент тууралуу С. В. Киселев: "На одном китайском золотом блюде ***орнамент состоит из цветков,*** очень близких к нашим", - дейт (8: 617).

Енисейде мындай оюу-чийүүлөр VII-VIII кк. эле жаралган. Мисалы, Копен дөбөлөрүндөгү алтын курдун тогоосуна ***татаал тордомолуу жана түркүн түстөгү өсүмдүк оюулары*** (*белгилеген – Г. Ж.*) салынган.

С. В. Киселев бул оюулардын кийинки мезгилге чейин сакталып келаткандыгын белгилейт. Ал бул тууралуу: "Изучение современных уздечных и седельных наборов хакасов показывает, что до настоящего времени излюбленным украшением плоских наременных блях из светлых сплавов является **гравированный рисунок цветка** (*белгилеген – Г. Ж.*) совершенно аналогичный копенским" (8: 618). Демек, байыркы кыргыз оюулары менен азыркы хакас оюуларынын ортосунда терең байланыш бар.

Адамдын тулкусу чөгөрүлүп, **өсүмдүк орнаменттери менен асемделген ушундай көп сандаган буюмдар** (*белгилеген – Г. Ж.*) Тюхтят көрүстөн казынасынан табылган (Китепте: Евтюхова Л. А., 1948: 71).

Тордомолуу, тегерек, кабырчыктуу оюулар

Алтын идиштерге чөгөрүлгөн *тордомолуу оюу* көңүлдү өзүнө бурат. Жогоруда айтылгандай Копен дөбөлөрүндөгү алтын курдун тогоосуна ***татаал тордомолуу оюу*** (*белгилеген – Г. Ж.*) салынган. А. Н. Бернштам: "Среди растительной вязи вплетены птицы – грифоны, утки, тесно связанные со всем орнаментальным убранством сосуда"(1: 533), - дейт.

Копен табылгаларындагы тордомолуу оюу XIX кылымда Тянь-Шандагы Кочкордон табылган буюмдардагы (алар Ленинграддагы Эрмитажда сакталып турат) оюулар менен параллель боло алат.

С. В. Киселев тордомолуу оюунун колдонулушу кыргыз-кытай байланыштарын көрсөтүп турат дейт: "Между тем нигде в Сибири не проявлются в такой степени для VI-X вв. сношения с Китаем, как у енисейских кыргызов" (9: 341).

Кочкордон табылган бул ат жабдыгынын алтын жалатылган күмүш накладкасында ошол эле стилистикалык ыкма менен жасалган ***тордомолуу оюу*** болгон, ага жаңы *орнаменталдык мотив* (*плетенка*) кошулган. Бул кыргыз орнаментине мүнөздүү болбогон мотив, А.Н.Бернштамдын пикири боюнча, эрте орто кылымдарда Чүй өрөөнүнө мусулман шаарларынан келген (1: 533).

VI-VIII кк. кыргыз Копен дөбөлөрүндөгү табылгалар байыркы тагар-таштык доорундагы традиция менен байланыштуу экендигин көрсөттү. Анда № 6- жана № 7-дөбөнүн көмүскө жайынан коло тогоолор табылган: "Это массивные литые щитки с тремя лопастями и петлей для подвешивания, украшенные **ажурным растительным узором**" (*белгилеген – Г.Ж.*) (8: 617).

№ 2 көмүскө жайдагы алтын табактын (6: 63-сүрөт) үстүңкү бети ***абдан ичке оймолонуп жасалган орнамент*** менен коздолгон, "...растительные побеги с цветами образуют сложный узор, в котором вокруг центральной виньетки расположены шесть медальонов. В каждом из них помещена пара грифоф, особенно схожих с китайским фениксом. Однако трактовкой головы и мощных лап грифы золотой копенской тарелки теснейшим образом связываются с древним грифом скифо-сибирского звериного стиля" (8: 618).

Ошондой эле № 3 дөбөнүн биринчи көмүскө жайынан табылган алтын кумаранын биринде ошондой эле, бирок андан да *татаалдантып оймолонуп жасалган абдан бай орнамент* болгон (6: IV табл., Б сүрөт, V табл., 46-б., 48-б.; 8: 618).

С. В. Киселев ошондой эле IX-X кк. жаңы Тухтят, Сросткин жана Змиев жасалгаларынын жаратылышы кыргыздардыкы дейт.

IX-X кылымдарда кыргыз усталары тарабынан ат жабдыктары жана белге курчанган курлар үчүн темирден жасалган кооз зер буюмдар кеңири тараган. IX-X кылымдарда Тюхтят казынасынан мына ушуга окшогон бир нече темир тогоо табылган. Үстү жагынан аларга ***геометриялык ноокоттуу, тегерек жана кабырчыктуу оюу-чийүү*** (*белгилеген – Г. Ж.)* чегилген (8: 333).

Башка көрүстөндөн кийизге оролгон ат жабдыктарынын жасалгалары табылган "в виде бронзовых наременных накладок, больших блях из низкопробного серебра и золотые богато украшенные бляхи". Акыркыларынын **коздолушу жогорудагы идиштердин оймо-чиймелерине** (*белгилеген – Г. Ж.*) окшош болгон. Кара жыгачта тумшугуна балыкты тиштеп турган грифондун сүрөтү берилген. Акыркысында кытай орнаментациясынын издери жана мотивдери ачык көрүнүп турат дейт А. Н.Бернштам (1: 286).

Кыргыз ак сөөктөрүнө тиешелүү көрүстөндөрдөн табылган **буюмдардагы оймо-чиймелер** (*белгилеген – Г. Ж.)* енисейлик металл куюучулардын жана зергерлердин өтө кылдат, чебер адис экендиктерин көрсөтүп турат, алар ак сөөктөрдүн агыл-төгүл керектөөлөрүн оңой эле канааттандырып турушкан.

**Балаты орнаменти кыргыз вазаларында**

С. В. Киселев кыргыз вазалары VI-VIII кылымдарда кыргыз көрүстөндөрүнөн абдан көп табылган. Аларда таштык маданиятына мүнөздүү белгилер сактаган.

Кыргыз вазасынын сапаты б.з. башындагы хуннуларга тиешелүү болгон наинулин көрүстөндөрүнөн табылган идиштерге жакындашкан (9: 341).

С.В.Киселевдун маалыматы боюнча кыргыз карапаларына тышкы көрүнүшү боюнча Түндүк Кытайда, Монголияда жана Бурятияда табылган айрым идиштер толугу менен окшошот. Өзгөчө Монголиядагы Наинтэ-Сумэ капчыгайындагы мүрзөлөрдөн VI-VII кылымдарда табылган идиштер өзгөчө окшош. Бул окшоштук сырткы түрүнө гана эмес, сапатынын жана оймосунун окшоштугунда. Монгол вазалары сыяктуу эле енисейлик "кыргыз вазаларынын" көпчүлүгү "**украшены широким поясом идущего по плечам *елочного орнамента*, нанесенного путем последовательных отпечатков штампа"** (*белгилеген – Г. Ж.*) (9: 341).

Бул өзгөчөлүктөр жана окшоштуктар "кыргыз вазаларынын" жасалышы, формасы жана бастырылып чыгарылган оймо-чиймелеринин жаратылышы түштүктүк экендигин көрсөтүп турат. С. В. Киселев "кыргыз вазаларынын" түштүктүн жасап чыгаруу ыкмалары колдонулган жергиликтүү енисейлик өндүрүшү болгон деп эсептейт.

Бул – енисей кыргыздарынын Кытай жана Монголия менен тыгыз байланышын көрсөтөт дейт С. В. Киселев. Ал: "На то, что в этих связях кыргызы занимали исключительное положение сравнительно с другими и народами Южной Сибири, указывает распространение ваз. Они найдены только в Монголии и Бурятии и в особенно большом числе в Минусинской котловине" (9: 342), – дейт.

Ошентип, *балаты орнаменти* түшүрүлгөн кыргыз вазалары абдан белгилүү болгон жана кеңири тараган. Түштүктүк үлгүдө жасалган кыргыз вазалары енисей кыргыздарынын Кытай жана Монголия менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

***Адабияттар***


1. Бернштам А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. II. – Б.: Фонд Сорос-Кыргызстан, 1998, 699 б.
2. Бернштам А. Н. Археологический очерк Северной Киргизии. – Ф., 1941, 112 б.
3. Теплоухов С. Опыт классификаций древних металлических культур Минусинского края. МЭ. т. IV, в. 2, - Л., 1929.
4. Сосновский Г. К. О находках Оглахтинского могильника. ПИМК. 1933, № 7-8.
5. Киселев С. В. Маски из древнейших Чаатас / / Известия гос. музея им. Н.М.Мартьянова, Вып. № 1 (12), Минусинск, 1935.
6. Евтюхова Л. А. Киселев С.В. Отчет о раскопках Саяно-Алтайской экспедиции в 1955 г. - ТГИМ, вып. XVI, -М., 1940, табл. VII-VIII.
7. Киселев С. Находка античных византийских монет на Алтае. ВДИ. №4, 1940.
8. Киселев С. В. Древняя история Южной Сибири.- М.: Изд. АН СССР, 1951, 638.
9. Киселев С. В. Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргыздар 10-том. Б., «Бийиктик», 2011: 307-370-бб.


---

**УДК: 371. 3. (-057.4)**

***Капаров Ж.К.,***
***Тыныбекова Ч.***
*ОшГУ*

# МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ ПЕРЕВОДУ НА УРОКЕ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА НА НЕЯЗЫКОВОМ ФАКУЛЬТЕТЕ

*Макалада, тилдик эмес факультеттердин студенттерин оозеки жана жазма котормосуна үйротуунун айрым ыкмалары жана жолдору каралган.*
*Статья посвящена актуальным проблемам обучения переводу связанные с формированием умений и навыков перевода текстов с иностранного языка на русский у студентов неязыковых факультетов.*
*Article deals with the actual problems of teaching translation connected with formation of skills of the translation of texts from a foreign language into Russian the students of non - linguistic faculties.*

В современных условиях большое значение приобретает практическое владение иностранным языком, которое является неотъемлемым компонентом профессиональной подготовки современного специалиста.

Суть образовательного процесса в неязыковом вузе состоит в интеграции знаний по предмету специальности в процессе обучения переводу. Он представляет, по сути, интеграцию знаний в содержании профессионального образования, где интегратором

выступает **язык**, как средство обучения, воспитания и формирования готовности будущих менеджеров к профессиональной деятельности. Подготовка такого специалиста требует, в первую очередь, разработки эффективной методики преподавания перевода студентам неязыковых вузов. Учебная программа в неязыковом вузе не дает такой возможности. Продолжительность курса обучения иностранному языку для вузов неязыковых специальностей составляет год или полтора года. Объем языкового материала и количество аудиторных часов определяется каждым конкретным вузом в зависимости от задач профессиональной подготовки студентов и конкретных условий учебного заведения.

Как известно, целью перевода является верное и полное выражение содержания переводимого текста средствами другого языка, что полностью соответствует понятию адекватного перевода. В основе такого перевода лежит правильное и полное понимание содержания текста и его стилистических особенностей.

Язык является важнейшим средством человеческого общения, посредством языка люди добиваются взаимопонимания, обмениваются мыслями, как правило, перед студентами стоят две основные задачи, а именно?— правильно понять содержание английского текста и затем полно и точно передать это содержание средствами родного языка (или наоборот). 1

Способность переводить – это умение трансформировать иноязычный текст в русский вариант или русский текст в иноязычный. Такая способность требует особых навыков, следовательно, требует времени для их формирования, самое ценное, на мой взгляд, в аспекте перевода: – во-первых, студенты становятся более внимательными и более грамотными в этом процессе.

В процессе обучения переводу студенты приобретают следующие конкретные **навыки и умения**:

• сопоставлять различные языки, средства и способы осмысления и передачи информации с их помощью;

• пользоваться толковыми и двуязычными словарями, другой справочной литературой для решения переводческих задач;

• анализировать грамматическое, смысловое и стилистическое построение текста и передавать его на языке перевода;

• редактировать текст (в том числе чужой и собственный перевод) на родном языке;

• использовать стандартные и находить оригинальные переводческие решения.

Перечисленные умения формируются на основе следующих **знаний**:

• о специфике профессии, с которой, возможно, студенты свяжут свою будущую деятельность;

• о видах переводческой деятельности;

• о возможных переводческих трудностях и путях их преодоления;

• о наличии специфических навыков и умений, которые надо специально формировать на основе пред переводческих упражнений, как на иностранном, так и на родном языке.

Преподавателю следует подбирать текст по определенным критериям. Сначала надо определиться, подходит ли определенный текст студентам данной группы.

- смогут ли они понять текст и содержание дословно. С одной стороны, текст не должен содержать слишком большие лексические трудности, с другой стороны, он должен быть понятен по стилю и построению предложений;

- интересна ли тема студентам и производит ли она на них хорошее впечатление. Тексты особенно значимы, если с их помощью можно установить отношения с жизненным опытом и средой студенчества;

- владеют ли студенты предварительными знаниями и опытом, чтобы понять содержание текста. (2)

На основе современной коммуникативной методики работу с литературными текстами можно организовать разнообразно и живо использовать всевозможные *задания, упражнения и творческие задания*. Для преподавателя остается только решать, какие задания и упражнения применимы с учетом текстов и интеллектуального потенциала обучающихся.(2)

Для английского языка характерно стремление избежать повторения одного и того слова, поэтому в экономических текстах часто используются синонимы. Так, для глагола встречается свыше десятки синонимов, поэтому студентам следует напомнить о системе поиска слова в словаре: определить начальную форму слова, вспомнить, какой частью речи оно является, выбрать нужное для данного текста значение слова, определять значение сложного слова по его элементам.

***Грамматические трудности перевода*** экономических и научно-популярных текстов. Грамматический строй изучаемого иностранного языка. Артикль и случаи его перевода на родной язык. Передача модальности. Временные группы глаголов. Безличные и неопределенно-личные местоимения. Простые и сложные предложения. Прямая и косвенная речь, и другие грамматические явления, требующие особого внимания переводчика. (3)

При организации обучения переводу очень важно выбрать тренировочный языковой материал**.** Два простых примера убеждают, что для того, чтобы уметь правильно переводить с одного языка на другой, нужно быть достаточно компетентным в иностранном языке. Здесь речь пойдет о формировании переводческой компетенции у студентов-гуманитариев в неязыковом вузе. Переводческая компетенция представляет собой целый комплекс как непосредственно переводческих, так и некоторых не переводческих, но очень важных для процесса перевода навыков и умений: а) языковой и речевой терминологический навык; б) речевой навык переключения с одного языка на другой; в) смысловой анализ текста; г) речевое умение нахождения инвариантов исходного текста; д) речевое умение перефразировать.

Скажем, такие упражнения, как: прочитайте текст и переведите его; закончите предложения и переведите их; из предложенных вариантов найдите тот, который соответствует содержанию текста; из двух колонок найдите соответствующие части предложения и сформируйте полное предложение и пр. Упражнения такого рода создают основы переводческой деятельности. Они же направлены на активизацию и совершенствование иноязычного тезауруса.

Мои студенты работают с общенаучными, общеэкономическими, и художественными текстами. Подбираю я тексты по принципу их информативности, заинтересованности студентов в проблеме и, безусловно, в соответствии с грамматическим и лексическим материалом, которым уже владеют студенты данного курса, или над которым они работают на данный момент.

Таким образом, можно сделать вывод, что перевод с иностранного языка на родной язык применяется как средство овладения иностранным языком, как прием развития умений и навыков чтения, как наиболее эффективный способ контроля полноты и точности понимания различных материалов по иностранным языкам как профессионального, так и общеобразовательного уровня. (4)

На основе современной коммуникативной методики работу с литературными текстами можно организовать разнообразно и живо использовать всевозможные задания, упражнения и творческие задания. Для преподавателя остается только решать, какие задания и упражнения применимы с учетом текстов и интеллектуального потенциала обучающихся.

Чтобы текст перевода как можно полнее передавал информацию, заключенную в оригинале, часто прибегают к лексическим и грамматическим трансформациям, т. е. преобразованиям, обусловленным языком оригинала и перевода. К лексическим трансформациям обычно относятся добавление слов или их опущение, конкретизация слова, антонимичный перевод.

***Литература***

1. Латышев Л.Н. Перевод: Проблемы теории, практики и методики преподавания. – М.: Просвещение, 1988. С.30.

2. Климзо Б. Н. Ремесло технического переводчика -М.: Изд-во Р. -2002.

3. Бурняшева Л. Н., Стрижакова Н. Е. Формирование умений и навыков перевода текстов с иностранного языка у студентов неязыковых вузов.

4. Гусейнова И.А. Обучение специальному переводу в неязыковом вузе. Вестник МГЛУ -2013.

**УДК: 82-1 / -7 (575.2) (04)**

***Исраилова Д.А.***
*Ч. Айтматов атындагы*
*Тил жана адабият институту*

# КЫРГЫЗ МАКАЛДАРЫНДА КАРАМА-КАРШЫ МААНИЛЕРДИН БЕРИЛИШИ

*Бул макалада макалдардагы карама-каршы маанилер жана алардын берилүү жолдору жөнүндө сөз болот.*

Кыргыз макалдарында карама-каршы маанилердин берилиш жолдору ар түрдүү. Карама-каршы маанилердин мындай ар түрдүү жолдор менен ишке ашырылышы бири-биринен айырмаланган стилистикалык өзгөчөлүктөрдү жаратпай койбойт. Алардын бири катары макалдардын грамматикалык түзүлүшүнүн акыркы чектеринде жайгашкан антонимдерди көрсөтүүгө болот. Бул учурларда антонимдер макалдардагы ойду жыйынтыктоо, корутундулоо функциясын аткарат:

1. *Көз – коркок, кол - баатыр.*
2. Жакшы болуу - аста - аста,
жаман болуу бир паста.
3. Аларга алтоо - аз, берээрге бешөө көп.
4. Казына - казына эмес, эл - казына.
5. Кандан ажырасаң да, калктан ажыраба.
6. Сагызган сактыгынан өлбөйт,
суктугунан өлөт.

Мисалдардыгы: коркок - баатыр, аста – аста - бир паста, аз - көп, казына эмес-казына, ажырасаң да - ажыраба, өлбөйт - өлөт антонимдери грамматикалык ар кыл формаларда колдонулду. Антонимдер аркылуу берилген карама-каршы маанилер макалдарга жыйынтыктоо, бүтүм чыгаруу мүнөздөрүн киргизип турат. Мындай өзгөчөлүк макалдардын мазмундук табияты менен шартталган. Негизинен макал табияты турмуштук тажрыйбалардан алынган жыйынтыктарды көрсөтүү болуп саналгандыктан, дал ушул жыйынтыктарды эрежелөө, жалпылоо мүмкүнчүлүктөрү антонимдердин үлүшүнө да туура келип, алар мындай шартта ийкемдүү да, ыктуу да колдонулары байкалат. Эң башкысы, макалдардагы карама-каршы маанилер аркылуу туюндурулган ой тике, өтмө, же образдуу формаларда чагылдырылып, кандайдыр бир фактылык көрсөткүчтөргө ээ болуп турат.

1) Макалдагы иштин кабыл алынышы, аткарылыш мүнөзү образдуу туюндурулуп, карама-каршы маанидеги нагыз антонимдер мисалга тартылат, факты катары көрсөтүлөт, алар салыштырылат: Көз - коркок, кол баатыр.

2) Макалдагы көрсөтүлүп жаткан процесс далилденген чындык катары берилет да, ал чындык карама-каршы маанилер аркылуу ырасталат: Жакшы болуу - аста - аста, жаман болуу бир - паста.

3) Объективдүү чындыктагы процесс негизге алынат да, ал карама - каршы маанилер менен так салыштырылат, турмуш чындыгы катары көрсөтүлөт: Алаарга алтоо аз, берээрге бешөө көп.

4) Нерселер, кыймылдар, көрүнүштөр негизге алынат да, алардын турмуштук көрсөткүчтөрү карама-каршы маанилер аркылуу ырасталат, таанылат, төгүндөлөт, же жокко чыгарылат:

1. Казына казына эмес, эл - казына;
2. Кандан ажырасаң да, калктан ажыраба.
3. Сагызган сактыгынан өлбөйт,
суктугунан өлөт.

5) Макалдардагы ойдун карама-каршы маанилер аркылуу жыйынтыкталышы салыштыруучулук, теңештирүүчүлүк мүнөздү киргизүү менен образдуу аргументтүүлүктү камсыздайт:

1. *Көз - коркок, кол – баатыр.*

Макалда туюндурулган ойду башка тилдик каражаттар аркылуу берүүгө болбойт. Ошон үчүн макалдарда колдонулган антонимдер туруктуу жана зарыл тилдик каражаттар болуп саналат. Муну антонимдер катышкан макалдардан ачык байкоого болот:

*1. Жакшыдан жаман туулса* - чыгаша,
жамандан жакшы туулса - киреше.
2. Адептүү алкыш алат,
адепсиз каргыш алат.
3. Көп сөз - көмүр, аз сөз алтын.
4. Адам аласы - ичинде, мал аласы - сыртында.
5. Жардылык жаман эмес,
жалкоолук жаман.

Маселен, жакшыдан жаман туулса - чыгаша, жамандан жакшы туулса - киреше деген 1- макалды шарттуу түрдө, Адамдан жаман туулса – чыгаша, адамдан жакшы туулса - киреше деп, жакшыдан, жамандан нагыз антонимдеринин ордуна адамдан, адамдан лексемаларын колдонсок, чынында, өзгөртүлгөн варианттарынын грамматикалык түзүлүшү өз ыраттуулугунан бузулган жок, тиешелүү макалдык мазмун да сакталды. Бирок жакшыдан жаман туулса - чыгаша, жамандан жакшы туулса – киреше макалындагы туюндурулган ой жоголду, анткени бул макалда жакшы адамдан жана жаман адамдан туулган бала жөнүндөгү уникалдуу ой камтылбай калды. Ошон үчүн жакшыдан - жамандан антонимдик катыштары зарыл каражат катары пайдаланылды.

Кандай болгон шартта да, антонимдердин табиятынын татаалдыгынан улам, карама-каршы маанилердин берилиш жолдору ар кыл экендигин көрүүгө болот. Айрыкча, толук маанилүү эмес жана контексттик антонимдердин карама-каршы маанилерди туюндуруудагы чекти ажыратууда кыйынчылык пайда болбой койбойт. Карама-каршы маанилерди билдирүүнүн бул эки түрүнүн ортосунда айырмачылыктардын болушу - мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан буларды жалпысынан эле контексттик антонимдер деп атап коюу илимий негиздерге туура келбей калат. Чынында, антонимдер маселеси каралган көпчүлүк эмгектерде нагыз жана контексттик антонимдер деп эки топко ажыратылат. Мында толук маанилүү эмес антонимдер менен контексттик антонимдер бириктирилип, контексттик антонимдер деп гана аталып жүрөт. Мунун өзү кыргыз тили илиминде антонимдердин маанилик жактан классификацияланышы илимий - теориялык негизде толук аныктала электигинен кабар берет. Биздин жеке пикирибизде, бул маселеге атайын илимий изилдөө жүргүзүү зарыл. Ал эми өзүбүздүн иликтөөбүздө контексттик антонимдерди макалдардын материалдарында шарттуу түрдө эки топко – толук эмес жана контексттик антонимдер деп бөлүп караганыбыздын жүйөөлүү себептери бар:

а) өз алдынча турганда карама-каршы маанилери ачык билдирилбеген, бирок аларда каршы маанилер байкалып турган сөз катарлары бар экендиги; б) макал тутумунда мындай сөз катарларынан карама-каршы маанилери даана, так сезилиши, айрымдарынын нагыз антонимдерден айырмасы жоктой берилиши; в) өз алдынча турганда карама-каршы маанилерге таптакыр ээ болбогон сөздөр, бирок макал тутумунда каршы маанилерде колдонулгандыгы; г) макал тутумунда толук эмес антонимдер менен контексттик антонимдердин жаралыш өбөлгө-себептериндеги жана стилистикалык колдонулушундагы айрым өзгөчөлүктөрдүн болушу. Мындай айырмачылыктарды, себептерди макал материалдарынын негизинде далилдеп көрсөтүү менен, кыргыз тилиндеги толук эмес жана контексттик антонимдер деп бөлүштүрүүгө, б. а., ал антонимдердин чегин так ажыратып классификациялоого негиз болот деген ойдобуз. Макалдардагы негизги объектилердин бири – адам болуп саналат. Ошондуктан макалдарда анын карама-каршы сапаттары мисалга алынып таразаланат. Мындай шартта, эки башка, т.а., өз ара каршы турган сапаттык көрсөткүчтөр да карама-каршы маанилер менен б., антонимдер аркылуу берилет:

1. Жакшы киши ооруса, коноктон келгендей,
жаман киши ооруса, көрдөн келгендей.

Бул мисалдагы объект катары алынган киши сөзү кайталанып колдонулганы менен, маңызында ал бир киши эмес, эки башка киши. Аны эки башка киши катары көрсөткөн жакшы жана жаман антитезалары: жакшы киши, жаман киши. Жакшы, жаман антитезалары макал тутумунда карама-каршы маанилерди билдирүү менен чектелбестен, бир объектти эки башка каршы сапаттагы объектке айландыруу функциясын аткарды.

Кээ бир макалдарда бир нерсенин өзүн ага тиешелүү болгон экинчи бир нерсе, көрүнүш, кубулуш, кыймыл менен, же такыр башка нерсе аркылуу жокко чыгаруу максаты көздөлөт. Жокко чыгарууда аныктоо, тактоо, бөлүп көрсөтүү милдеттери коюлат. Мындай кырдаалда коюлган нерсе менен ага тиешелүү болгон нерсенин (кубулуштун, көрүнүштүн, абалдын ж.б.), же башка бир нерсенин ортосунда карама-каршылык пайда болот. Мына ошол пайда болгон карама-каршылыктар жокко чыгаруу мүнөзүндө ишке ашырылат:

1. Сулуу сулуу эмес, сүйгөн – сулуу.
2. Казына казына эмес, эл – казына.

Бул макалдардын өзгөчөлүгү – артыкчылыкты белгилөө: сүйгөн - сулуу, эл - казына. Биринчи макалда коюлган маселе – сулуу, сулуу эмес болуп жокко чыгарылып, ага мүнөздүү болгон абал - сүйгөн биринчи орунга коюлуп, ага басым жасалды, аны өзгөчө белгилөө милдети – сүйгөн сулуу максат кылынды. Экинчи макалда коюлган маселенин – казынанын өзү казына эмес болуп жокко чыгарылып, ага тең катар коюлган башка нерсе – эл - казына аталып басым жасалды. Натыйжада макалдарда коюлган маселелер жокко чыгарылып, алар кайрадан башкача өңүттө бар болуп аныкталып, такталып, бөлүнүп көрсөтүлүп карама-каршылыктарды жаратты.

Айрым макалдарда эки башка нерсе, кубулуш, көрүнүш ж.б. карама-каршы маанилерде колдонулат да, алардын кыймылы башкы орунга чыгат. Биринин кыймылы жокко чыгарылса, экинчисиники анын аныктыгын көрсөтөт:

1. Жамандыкты жамандык тазалабайт,
жакшылык тазалайт.
2. Адал ишти айлыңдан аяба,
арам ишти аялыңдан ая.

Мындай уюшулгандык макалдарда колдонулган карама-каршы маанилердин берилиүү жолдору ар түрдүү экендигин айгинелейт.

Табиятынан карама-каршы болбогон нерселер, кубулуштар, кыймылдар макалдарда колдонулуп, алардын карама-каршы белгилери көрсөтүлөт:

1. Аркандын узуну жетет,
сөздүн кыскасы өтөт.

2. Ат арытмак – арзан, журт арытмак – кымбат.

Биринчи макалдагы аркандын, сөздүн лексемалары бири-бирине каршы маанилерде турган жок, бирок макалда алардын белгилери (узуну, кыскасы) негизги тилдик каражатка айланып, аларга логикалык басым жасалды. Ал логикалык басым, ал белгилердин артыкчылыктарын көрсөтүп, карама-каршы коюу маанисинде ишке ашырылды.

Бир эле нерсенин эки башка белгилери көрсөтүлүп, ал белгилер бири-бирине карама-каршы маанилерде колдонулат:

1. Акмак иттен илгери, кишиден кийин.

2. Айдын он беши – жарык, он беши караңгы.

Биринчи макалдагы: илгери – кийин антитезалары макал тутумунда семантика-стилистикалык бөтөнчө ыкмада жаралды. Анткени бир эле нерсенин (акмактын) табияты эки башка (илгери, кийин) белгилер аркылуу мүнөздөлгөнү менен, ал эки башка белги бир эле белги болуп саналат, тагыраак айтканда, иттен илгери деген түшүнүктүн өзү кишиден кийин деген түшүнүктү билдирет. Бул жагынан алганда, иттен илгери сөз айкашы менен кишиден кийин сөз айкашынын ички маани-маңызы, б.а., синтаксистик семантикасы өз ара синонимдеш.

Колдо турган материалдарда кайталанган формадагы бир эле сөз катышып, калгандары жалаң антонимдерден, же болбосо, өңчөй антонимдерден уюшулган макалдардын өзүнчө бир тобун кездештирүүгө болот. Ал антонимдер антитеза кубулушун шарттап турат:

1. Баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн.
2. Көмүскө достон, көрүнөө душман артык.
3. Карылыктын алды – жаштыктын арты.
4. Туулганына сүйүнбө, тураарына сүйүн.
5. Кел демек бар, кет демек жок.
6. Өмүр – бирге, өлүм – башка.
7. Дос көбөйсө – ырыс,
душман көбөйсө – уруш.
8. Байдын иши барман менен,
кедейдин иши арман менен ж.б.

Мындай түзүлүштөгү макалдарда колдонулган антитезалардын да функциялары бир кылка болбойт, алар макалдарда туюндурулган ойго жараша ар түрдүү стилистикалык ыкмалардагы кызматтарды аркалап турат. Макалдык мазмунду жаратууда, көркөмдүктү жана образдуулукту шарттоодо, уйкаштыкты жана ыргакты уюштурууда антитезалардын өз ордулары бар, аткарган милдеттери зор жана мүмкүнчүлүктөрү кеңири.

***Адабияттар***

1. Дунканаев А.Т. Макалдын семантикалык-структурасына жалпы мүнөздөмө // Кыргыз тили жана адабияты журналы. – Каракол. 2007.

2. Усупбеков Ш Кыргыз макал-лакаптары.- Ф.: Кыргызстан, 1982.

3. Ибрагимов М. Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү. – Карабалта. 2005.

5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Б., 2010.

6. Азыркы кыргыз адабий тили. – Б., 2009, 146.

***АДАБИЯТ***

*К.Ибраимов,*
*БГУ*

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНУН ЖАНРДЫК КУРАМЫНА ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

Фольклордук чыгармалар негизинен поэтикалык системасы жана аткарган турмуштук функциясы боюнча бири-биринен айырмаланып турат. Мына ушул белгилер жанрдык классификациянын негизги өзөгүн түзөт десе болот. Поэтикалык система - бул чыгарманын бүтүндөй турпаты, ички-сырткы табияты: идеялык-тематикалык мазмуну, ага шайкеш, ылайык келген формасы, тили, стилистикасы, көркөм каражаттары. Ал эми турмуштук функциясы болсо элдин адат-салты, аны аткаруу шарттары менен байланышкан. Ошондуктан сөз өнөрүн кеңири, ар тараптуу жана терең үйрөнүп билбей туруп, аларды туура классификациялоо, жанрдык түрлөргө бөлүштүрүү мүмкүн эмес. Жанрдык классификация кыргыз фольклористикасында эле эмес, жалпы эле фольклористика илиминде талаш-тартыш жаратып, азырынча чечилбей келаткан маселелерден. Ошондон улам, буга чейинки теориялык көз караштарды жана кыргыз фольклорун классификациялоо боюнча иштелип келген тажрыйбаларды эске алып, эң негизгиси фольклордук материалдардын өзүнө таянып, кыргыз фольклорунун жанрдык курамын аныктаса болот.

Кыргыз элинин оозеки сөз өнөрүн алды менен текке (род) ажыратсак, анда ал а й т ы м с ө з д ө р д ө н, ы р л а р д а н, а ң г е м е –б а я н д а р д а н турарын баамдайбыз. Айрым жанрлар элдин үрп-адаты, каада-салты менен тыкыс байланышта болуп, ошондой шартта аткарылса, айрымдары ыраттуу үн кайрыктарын, обон менен кыймыл-аракетти, кээде музыкалык аспапты да талап кылат. Дегеле оозеки сөз өнөрүн, фольклордук чыгармаларды жанрга бөлүштүрүү, классификациялоо кандайдыр бир деңгээлде салыштырмалуу, шарттуу болуп каларын алдын ала көңүлгө алган оң. Анткени кайсы бир жанрдык белги бир эмес бир нече жанрга тиешелүү болуп калышы сөз өнөрүнө мүнөздүү, мыйзамченемдүү көрүнүш. Ошентип, кыргыз элинин оозеки сөз өнөрү *айтым, ыр, баян* деген үч текке ажырайт. Айтылып жүргөндөй театралдуулуктун айрым элементтери, драматизм белгилери болгону менен элдик драма кыргыз фольклоруна мүнөздүү эмес. Аталган фольклор тектери (род) жанрларга , жанрлар түрлөргө, алар андан ары тип, сюжет, версия, вариант сыяктуу майда тарамдарга ажырап кетет.

Кыргыз фольклорунда ырга да (лирика), аңгеме – баянга да (эпос) кошулбаган, оозеки чыгармалар бар. Алар атайын максатта айтылат, айтуу, аткаруу манерасы да ар башка, көбүнчө ыргактуу келип, речитативдик мүнөзгө ээ. Кээде уйкашкан ыр формасында жолугат. Мындай чыгармаларды жалпы жонунан оозеки сөз өнөрүндөгү өзүнчө тармак, тек (род) катары карап, ага кыйладан бери колдонулуп жүргөн "*айтым*" терминин ыйгарса болот. Ырас, фольклордук жанрларга элдик терминдерди колдонуу дайыма эле оңунан чыга бербей тургандыгын, мындай учурда этият болууну эскертет В.Е. Гусев. [1.109]. Албетте, тигил же бул жанрдын табиятына төп келбеген элдик терминдерди зордоп таңуулай берүү туура болбос эле, бирок ыңгайына карап эл оозунда эбактан келаткан атоолордун өзүн колдонуу ашыкча болбойт, тескеринче, жазма адабиятка тиешелүү даяр терминдерди (эпос, лирика, драма) пайдаланууга караганда алда канча маанилүү, так жана алгылыктуу. Фольклорго элдик терминдерди колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө В.Я. Пропптун мындай деп жазганы бар: "... у народа есть какие – то очень точные представления о жанрах и об их отличиях, что народ различает свои песни и этими отличиями дорожить и очень метко и выразительно обозначает различные виды песен". [2.64].

Оозеки сөз өнөрүндөгү *дуба дарымдар, ырым-жырым сөздөрү, баталар, ой-толгоо, адат-салт айтымдары, балдар фольклорундагы айтым сөздөр, макал-ылакаптар* э л д и к а й т ы м с ө з д өргө кирет. Сөздүн магиялык, сыйкырдуу касиет-күчүнө ишенген байыркы түшүнүктөрдөн улам дарым, ырым, бата, алкыш, каргыш, ант сыяктуу айтым сөздөр жаралып, өз алдынча жанр катары калыптанган. Буларды фольклордогу байыркы жанрлар десе болот. Д у б а - д а р ы м д а р ооруга чалдыккан, же уулуу жандыктар чаккан, болбосо кандайдыр бир кырсыкка кабылган адамды ал илдеттен арылтуу, сакайтуу максатында дарымчы, бүбүбакшылар тарабынан айтылган. Ал эми ы р ы м – ж ы р ы м айтымдары болсо, элдин жашоо тиричилигине, үрп-адат жөрөлгөлөрүнө байланышкан, андай айтым сөздөрдүн касиет күчү менен сырткы чөйрөгө, жаратылыш күчтөрүнө таасир этип, каалоо-тилектерин орундатып алууга аракеттенишкен. Дарымдар көбүнчө оорунун аты менен аталса, ырымдар негизинен жаратылыш кубулуштарына, чарбачылыкка, адам өмүрүнө, үрп-адат, жүрүм-турум эрежелерине байланышкан тематикалык топторго бөлүнөт, ошого ылайык аталыштары бар. Б а т а – т и л е к а й т ы м д а р ы айтып жаткан адамдын ички каалоо-тилегин туюндурат. Ак бата (оң бата), алкыш, тескери бата, каргыш, арбак бата, ант өңдүү бата тилек айтымдарынын ар бири өзөзүнчө, бири-биринен айырмаланып, атайын максатта айтылат.

Жогорудагы дуба-дарым, ырым-жырым, бата-тилек сөздөрүнөн айырмаланып, адамдардын тунук аң-сезимине, дүйнө таанымына салттуу түшүнүктөрү менен турмуштук тажрыйбаларына байланыштуу айтылган философиялык мазмундагы элдик айтым сөздөр сакталган. Мындай сөз түрмөктөрүн о й т о л г о о а й т ы м д а р ы десе болот. Көбүнчө адам баласын ойго салып, баамчылдыгын, көрөгөчтүгүн сынап, түйшөлтө турган суроо-жооптордон, шыдыр, куюлуштура айтылган жорго сөздөрдөн (желдирме) турат.

“Акыл ой энциклопедиясы” катары таанылган элдик м а к а л д а р сөз өнөрүндөгү негизги жанрлардын бири; турмуш тажрыйбасынан алынган акылой корутундусу; кыска, так жана таамай айтылган дидактикалык чыгарма . Жашоо тиричиликтин бар тарабын кучагына алып, тематикасы өтө кеңири. Көбүнчө каймана түрдө айтылат. Ал эми адатта макалдар менен бирге, чогуу айтылып жүргөн ы л а к а п т а р болсо, макалга жакындап турганы менен өз алдынча жанрдык касиетке ээ. Мазмуну, формасы боюнча эле эмес, аткарган кызматы жагынан да олуттуу айырмачылыктары бар: макалда ой жыйынтыктала айтылса, ылакапта ой акырына чыкпайт; макалга дидактика, ылакапга образдуулук мүнөздүү; ылакаптын айтылып калуу себеби, тарыхы бар; макалга ыргак, уйкаштык мүнөздүү болсо, ылакап ага муктаж эмес; ылакап территориялуу. Ылакаптар ой-пикирдин элестүүлүгүн, эмоционалдык таасирдүүлүгүн арттырат.

Элдик айтымдар балдар фольклорунда кеңири орун алган. Аларды шарттуу түрдө а л п е ш т ө ө (э р к е л е т ү ү) а й т ы м д а р ы, о ю н а й т ы м д а р ы, о ю н д а н т ы ш к а р к ы айтымдар деп үчкө бөлсө болот. Алпештөө айтымдары ата-эне, же бала баккан адамдар тарабынан айтылса, калгандары балдар репертуарына тиешелүү. А л п е ш т ө ө а й т ы м д а р ы наристеге жалынып-жалбаруу, жакшы көрүп эркелетүү, көңүлүн алаксытуу, ойнотуу максатында айтылат, ар кандай кыймыл-аракеттер менен коштолот. Балдар оюндарынын көпчүлүгүнө айтым сөздөр аралашат, тактап айтканда, оюн тартиби боюнча сөзсүз түрдө аткарыла турган айтым сөздөр бар. О ю н а й т ы м ы н ы н негизги милдети - оюнду уюштуруу, баштап, аягына чыгаруу. Мындай айтымдар көбүнчө диалог түрүнө болот, кээде коллективдүү түрдө аткарылат. Балдардын кыймылдуу оюндары менен анча байланышпаса да оюн элементтерин ичине камтып, күлкү, азил-тамаша жаратуу, ойлонтуу максатында айтылган с ө з о ю н д а р ы бар. Сөз оюнунун мындай түрүнө балдардын азил-тамаша айтымдары, жаңылмачтар, табышмактар кирет. А з и л – т а м а ш а а й т ы м д а р ы негизинен диалог түрүндө болуп, анын бир нече түрү белгилүү: жасалма диалогдогу азил-тамашалар, табигый диалогдогу азил-тамашалар, чалынтма суроолуу азил-тамашалар, табышмактуу азил тамашалар. Азил тамашалардын көпчүлүгү эки, төрт саптан турат, шыдыр айтылган декламацияга окшош.

Сөз оюну түрүндөгү айтым сөздөрдүн дагы бири – ж а ң ы л м а ч т а р. Ал жаңылбай айтууну кыйындата турган тыбыш айкаштарынан, же тез кайталап айтканда алмашып кетчү окшош сөздөрдөн курулат, тил жатыктырат, оюн-тамаша, көңүл ачуу милдетин аткарат. Ал эми табышмактар болсо образдуу ой жүгүртүүгө негизделген. Т а б ы ш м а к т а р ар кандай нерселерди, түркүн түшүнүктөр менен кубулуштарды каймана мааниде сыпаттап, анын жандырмагын талап кылат. Суроо-жооп, аңгеме түрүндөгү узун табыштар, табышмак маселелер, айтыш табышмактар бар. Табышмактар фольклордун башка жанрларына , ал гана эмес комуз күүлөрүнө чейин аралашып, сиңип кеткен. Ошентип, оюн айтымдарынын дээрлик бардыгы турмуштук-практикалык мүнөзгө ээ, ошол эле учурда алардын эстетикалык баалуулугун да жокко чыгарууга болбойт.

Балдар фольклорундагы о ю н д а н т ы ш к а р к ы айтымдар төмөнкүдөй жанрдык түрлөргө бөлүнөт: м а з а к т а м а а й т ы м д а р, с у р о о ж о о п а й т ы м д а р ы, ч у б а м а а й т ы м д а р, к а й р ы л у у а й т ы м д а р ы, к а л п т а р. Оюн-күлкү, тамашага жакын бала табияты шылдыңтамашаларды айтууга шыкак берет. Алар бирине-бири ат коюп, кемчил жактарын, орунсуз кылык жоруктарын чукулап сүйлөп , чычалатууга аракет жасайт. Суроо жооп айтымдары чакан диалог аңгеме сыяктанып кетет. Балдар өздөрү менен эле эмес, жаратылыш, жан-жаныбарлар менен да адамча сүйлөшөт, алар менен кызыктуу, тамашалуу диалог курат. Ал эми чубама айтымдардын негизги белгиси - кайсы бир көрүнүштү кайталап уланта берген чакан сюжет. Окуялары кыялдан жаралып, аллегориялык мүнөзгө ээ. Жумшак юмор сезилип турат. Оозеки сөз өнөрүндө кеңири тараган “Жүгүрүп, жүгүрүп жүн таптым”, “Каак, каак, каргалар” сыяктуу элдик айтымдар буга мисал. Оюндан тышкаркы айтымдардын дагы бир түрү - к а л п т а р. Мындай чыгармалар акылга сыйбаган, турмушта таптакыр болбой турган күрүнүштөрдү чындык катары юмордук планда сүрөттөп, күлкү жаратат. Кара сөз менен айтылат, кээде ыр формасында болот. Кара сөз менен айтылган калптар (“Кырк ооз калп”) эпикалык чыгармаларга жакындап кетет.

Оозеки сөз өнөрүнүн орчундуу бөлүгү э л д и к ы р л а р д а н турат. Мындай чыгармалар адамдын жан дүйнөсүн, эмоцияга толгон ички сезимин козгойт, белгилүү бир ыргак менен уйкаштыктын негизинде жаралат, үн кошуп, обон менен аткарылат. Элдик ырларды жанрдык түрлөргө ажыратуу өтө оор жана талаштуу маселелерден болуп келген. Анткени эл ыры адам өмүрүн, жашоо-тиричиликтин бар тарабын өз кучагына камтып, мазмуну, тематикасы абдан кеңири, түркүн формага ээ жана да ар кандай кырдаалда аткарылат. Төмөнкүдөй жанрдык түрлөргө бөлүнөт: э м г е к ы р л а р ы, к а а д а – с а л т ы р л а р ы, с ү й ү ү ы р л а р ы, а р м а н ы р л а р ы, а к ы л н а с а а т, т е р м е ы р л а р ы, а й т ы ш ы р л а р ы, м а к т о о – к о р д о о ы р л а р ы, б а л д а р ы р л а р ы, о ю н ы р л а р ы, ө л ө ң, к ү ү ы р л а р ы, т а р ы х ы й ы р л а р, д и н ы р л а р ы. Аталган жанрлардын айрымдары ич ара тарамдалып бир канча түргө ажырап кетет. Ар бир жанрдын жанрдык табиятына, мазмунуна, аткаруу шартына жараша өзгөчө обондору, аткаруу манерасы болот.

Э м г е к ы р л а р ы түздөн-түз эмгек процессинин учурунда аткарылып, эмгек түйшүгүн жеңилдетүүнү, ой-тилекти оорундатууну максат кылат. Эл оозунда мал чарбачылыгына, дыйканчылыкка, кол өнөрчүлүгүнө байланыштуу эмгек ырларынан сакталып калган. Эмгектин түрүнө, мүнөзүнө ылайык ыргак, өзгөчө обон менен ырдалат. Ал эми к а а д а – с а л т ы р л а р ы болсо элдик адат-салт, жөрөлгөлөрдү орундатуу, ишке ашыруу учурунда атайылап аткарылган. Каада-салт ырларын "той ырлары" жана "муң-зар" ырлары деп бөлүштүрсө болот. Той ырларына үйлөнүү үлпөтүнө байланышкан "Той баштар", кыз оюнундагы ырлар, көрүшүү, коштошуу, "Жар-жар" ырлары кирсе , муң-зар ырларына маркумду узатууга байланышкан керээз, угузуу , кошок ,көңүл жубатуу ырлары кирет. Булардын ичинен кошоктор азыркыга чейин активдүү жашап келаткан , мазмуну терең байыркы жанр катары өзгөчө орунда турат. Орозо айында ырдалып келаткан " Жарамазан" ыры да каада-салт ырларынын катарына кирет.

Эмгек жана каада-салт ырларынан айырмаланып, с ү й ү ү ы р л а р ы адамдын ички жан-дүйнөсүн козгогон ашыктык сезиминен жаралып, эл оозунда "секетбай", "күйгөн" аталып келсе, а р м а н ы р л а р ы н д а, мунун тескеринче, адамды азапка салган ички кайгы-муңу, күйүтү баяндалат. Элдик ырлардын арасында адам баласындагы жаман-жакшы, оң тетири сапаттарды санап-терип, үлгү боло тургандай акыл-насаат айткан с а н а т – н а с ы я т, т е р м е ы р л а р ы ("кара ыр" деп да аталган), төкмөлүк өнөрдү, акындардын талант-күчүн сынай турган а й т ы ш ы р л а р ы, өткөн доордогу элдин жашоо шартына, таптык-социалдык ал-абалына байланыштуу адамдардын өз ара түшүнүк, мамилелеринен улам келип чыккан м а к т о о – к о р д о о ы р л а р ы, бала дүйнөсүнө ылайыкталып, бала үчүн ырдалган, же балдар өздөрү чыгарып, өздөрү ырдаган б а л д а р ы р л а р ы бар.

Элдик ырлардын дагы бири - ө л ө ң. Он бир муундан куралып, өзүнчө айырмаланып турган обону бар. Өлөң салттуу ыр саптары менен башталып, жеке, же коллективдүү түрдө аткарылат. Памир-Алай кыргыздарынын арасында кеңири тараган.

Адамдардын диний ишенимдери менен байыртан келаткан баёо түшүнүктөрүнөн жаралган д и н ы р л а р ы н, эл башынан өткөргөн орчундуу тарыхый окуялар менен тарыхый аламдарды, алардын иш-аракетин чагылдырган т а р ы х ы й ы р л а р д ы, комуз, кыяк сыяктуу музыкалык аспаптарда ойнолгон айтым күүлөр менен кошо ырдалган к ү ү ы р л а р ы н элдик ырлардын курамындагы өз алдынча жанрлар деп эсептесе болот. Мындан сырткары учурашуу, коштошуу, узатуу, арноо, жар чакыруу ырлары да эл ичинде ырдалып келген өз бетинче жанрлар катары айтылып жүрөт. Буларды элге кеңири тарап, варианттарга ээ болгон, коллективдүү фольклордук чыгарма катары таануу үчүн дагы да, тереңирээк иликтөөнү талап кылат .

Жогоруда белгилүү болгондой кыргыз элинин оозеки сөз өнөрүндө элдик ырлар өтө арбын, жанрдык түрлөргө да бай, бирок канткен менен да эпикалык чыгармалар, башкача айтканда, э л д и к б а я н басымдуулук кылары айтылып жүрөт. Анан да ар түркүн жанрдагы оозеки чыгармалар өз ара карым-катышта, биринен экинчисине өтүп жашап келген, башкача айтканда, кайсы бир чыгармалар ыр түрүндө, болбосо бир эле учурда уламыш, жөө жомок, санжыра, ал турсун эпос түрүндө да айтылат. Бул фольклорго мүнөздүү мыйзамченемдүү көрүнүш.

Эпикалык чыгармалар, болбосо элдик аңгеме-баяндар кара сөз түрүндө жана ыр формасында болот. Эл арасында кеңири белгилүү болгон миftер, легендалар, уламыштар, жөө жомоктор, тамсилдер, санжыралар, чечен сөздөр, аңыз-аңгемелер негизинен кара сөз түрүндө айтылып келсе, эпостор менен поэмалар, жалаң ыр менен же ыр аралаш кара сөз менен айтылган. Ал эми элдик прозанын өзү жөө жомок жана жөө жомок эмес проза болуп бөлүнөт.

Кара сөз түрүндөгү оозеки чыгармалардын эң кеңири тараган түрү – ж ө ө ж о м о к. Жөө жомок жанры чындыкка коошпогон, ойдон чыгарылган, сюжети кызыктуу, кыялый нерселерге таянат. Анын чындык экенине ишенүү мүмкүн эмес. Элдик прозанын калган бардык жанрлары жөө жомоктон айырмаланып, окуяны болгон чындык катары түшүндүрүүгө аракет кылат. Эл оозунда "жомок" жана "жөө жомок" деген эки түшүнүк болгон. Биринчиси, "Манас", "Эр Төштүк", "Курманбек" өңдүү ыр түрүндөгү көлөмдүү эпосторго карата колдонулса, экинчиси, көбүнчө кара сөз менен айтылган, көлөмү чакан фантазиялуу чыгармаларга тиешелүү.

Фантазия, кыялдан жаратуу – жөө жомоктун мүнөздүү белгиси. Ансыз жөө жомок болбойт. Жөө жомоктордо элдик көз караш, элдин чындыкка карата мамилеси, учкул кыялы, ой-тилектери, эстетикалык идеялары ачык көрүнөт. Андагы эл тилегин алып жүргөн башкы каарман акыры жеңишке жетет. Жөө жомоктор маани мазмунуна жараша бир нече түргө бөлүнөт: кереметтүү жөө жомоктор, айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор, турмуштук жөө жомоктор. Мындай бөлүштүрүү бир кыйла шарттуу десе болот.

Адамдар сыйкырдуу айбанаттардын, өзгөчө касиет-күчкө ээ болгон буюм-теримдердин жардамы менен эңсеген оюна, тилеген тилегине, жыргал турмушка жетүүнү самаган. Ошондон улам, кереметүү жөө жомоктор адаттан тыш касиеттерге ээ шумдуктуу, сыйкырдуу каармандардын иш-аракети, кыялдан жаралган окуялар жөнүндө баяндайт. Ал эми айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор ошол жөө жомокко катышкан каармандары боюнча айырмаланат. Айбанаттар деле адам сыяктуу жашоо, сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон өзүнчө сырдуу, сыйкырдуу жандык деп түшүнүп, алардын ар биринин жүрүм-турум, мүнөзүнө ылайык реалдуу образдарын жаратышкан. Кийинчерээк айбанаттардын ортосундагы мамилелер, алардын кылык-жоругу, мүнөз жаратуунун, сүрөттөөнүн аллегориялык ыкмасына айланган. Турмуштук жөө жомоктордо болсо кыялдан жаралган фантазиялуу, сыйкырдуу нерселер жок, анда кадимкидей эле жашоо-тиричилик окуялары, кадыресе турмуштук көрүнүштөр сүрөттөлөт. Каармандары деле койчу-уйчу, же акылман дыйкан, амалдуу таз, айлакер аял сыяктуу турмуштагы карапайым адамдар. Алар акылдын, айла-амалдын жардамы менен душмандарын жеңип, тилегине жетет. Турмуштук жөө жомоктордун айрымдары анекдоттук, сатиралык мүнөзгө ээ.

Кыргыз фольклорунда адамдардын кулк-мүнөзүн , кылык-жорук, иш-аракеттерин каймана түрдө сатиралык жалпылоо аркылуу баяндап, акыл-насаат айтуу мүнөзүнө ээ болгон чаканыраак чыгармалар бар. Андай чыгармалар “т а м с и л” деп аталып, кара сөз менен да ыр түрүндө да айтылган. Адамдар жан-жаныбарлардын чыныгы жашоосун, жорук-жосундарын , касиеттерин жакшылап үйрөнгөндөн кийин алар жөнүндө аңгеме-жомокторду жаратат. Ошол айбанаттардын образы бара-бара аллегориялык каймана мааниге ээ болуп, адамдарга карата айтыла баштайт. Кыргыз элинин тамсилдеринде түлкү, аюу, жолборс, арстан, карышкыр, төө, эшек, торпок, уй, улак, мышык, чычкан, ит, бүркүт, үкү, каркыра, бөдөнө, өңдүү жан-жаныбарлар менен канаттуулардын символикалык образы аркылуу адам турмушу сүрөттөлөт да, адамдарга акыл-насаат айтып, жүрүм-турум эрежелерин үйрөткөн дидактикалык чыгармага айланат. Негизинен элдик тамсилдердин туруктуу аллегориялык кейипкерлери бар: түлкү – митаам, кой – жоош, момун, эшек – аңкоо, карышкыр – күчтүү, талоончул, коён – коркок ж.б. Бул жалпы эле дүйнө фольклоруна мүнөздүү көрүнүш.

Жогорудагы жөө жомоктордон айырмаланып, чындык сымал айтылган чыгармалардын катарына м и ф т е р кирет. Мындай чыгармалар дүйнөнүн жаралышы, жердеги жашоонун, жаратылыш кубулуштарынын, жан-жаныбарлардын пайда болушу, алардын ээлери, колдоочулары жөнүндө абалкы адамдардын акыл-туюмунда турган түшүнүктөр менен ишенимдерди фантастикалык образдар аркылуу баяндап берет. Демек, адамзат коомунун алгачкы баскычтарында кыялдан жаралып, жашап келаткан фантазиялуу чыгармаларды миф десе болот. Миф кыргыз фольклорунда сейрек кездешсе да бар. Алар тематикалык мазмунуна карай асман телолору, жылдыздар жөнүндөгү космогониялык мифтер, жан-жаныбарлардын чыккан теги, пайда болушу жөнүндөгү этиологиялык мифтер, жандуу-жансыз дүйнөнүн колдоочулары, ээлери жөнүндөгү тотемдик-культтук мифтер жана элдердин, уруу, уруктардын пайда болушу жөнүндөгү этнологиялык мифтер деп бөлүнөт.

Чындык өңдүү кабыл алынып, фантастикалык, апыртмалуу окуяларды баяндаган кара сөз түрүндөгү фольклордук чыгармалардын дагы бири илимде “л е г е н д а” термини менен аталат. Миф менен легенданын ортосунда мазмундук-тематикалык жактан жакындыктар, жалпылыктар бар, кээде алардын жанрдык чегин ажыратуу кыйын. Легенда кандайдыр бир реалдуу турмуштук окуя-көрүнүштөрдүн негизинде жаралат да, мифке салыштырмалуу эл ичинде көбүрөөк айтылып, көлөмү чакан, окуясы кызыктуу, тематикага бай келет. Адамзат коомунун кийинки учурлары, кадимки эле турмушта боло турган нерселер, реалдуу окуялар фантазиялуу сүрөттөлөт. Тематикасына карай: космогониялык, топонимикалык, диний, тарыхый, баатырдык, генеологиялык , турмуштук легендаларга бөлүнөт.

Кара сөз түрүндөгү өз алдынча жанрлардын дагы бири – у л а м ы ш. Уламыш легендага өтө жакын, бирок ал легендадан айырмаланып, тарыхый инсандар, алардын иш-аракеттери, тарыхый окуялар менен турмуштук көрүнүштөр тууралуу, жер-суу аттарынын келип чыгышы жөнүндө чындыкка жакыныраак баяндайт. Демек, уламыш дегенибиз тарыхый негизи бар окуялар жөнүндө эл оозунда айтылган имиш-имиш сөздөр, аңгеме-баяндар. Уламыш өткөнгө кайрылып тигил же бул окуянын, көрүнүштүн себебин түшүндүрөт. Ошондуктан анын негизги функциясы таанып билүүчүлүк , маалымат берүү болгондуктан , көркөм эстетикалык милдети экинчи планга чыгат. Тематикасына карай тарыхый жана топонимикалык уламыштарга ажырайт.

Кыргыз фольклору кадимки эле оозеки аңгемелерден да куру эмес. Анткени ар бир адам бирөөдөн уккканын, көргөн-билгенин, же өз башынан өткөргөндөрүн башкаларга баяндап, айтып берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошентип, оозеки сөз өнөрүндө аңгеме жанры жаралат. Демек, о о з е к и а ң г е м е - кандайдыр бир окуя же көрүнүш жөнүндө айтылган оозеки баян. Алардын айрымдары адамдардын дүйнө таанымына жараша аң-сезимине орноп калган албарсты, жез тумшук, жез тырмак, шиш аяк, чаңырык, дөө, пери, жин, шайтан, азгырык, кызыр, чилтен, арбак, пир, ээси, колдоочусу өңдүү мифологиялык-фантастикалык образдардын, диний ишеним түшүнүктөрдүн негизинде жаралса, башкалары кадимки эле турмушта боло жүргөн ар түркүн окуялар менен көрүнүштөрдү баяндап берет.

Кара сөз түрүндөгү эпикалык чыгармалардын арасында өз алдынча жанр катары калыптанып бүткөн ч е ч е н с ө з д ө р бар. Түзүлгөн кырдаалга карата дароо чукугандай жүйөлүү сөз таап айтылгандыгы, маанисинин тереңдиги, курчтугу, таамайлыгы менен айырмаланат. Чечен сөз тубаса шыкталанты бар, акылга канык, көрөгөч, сөзгө чебер чечен адамдар тарабынан жаралган. Алардын айткандары муундан-муунга, ооздон-оозго өтүп, эл ичинде сакталып калган. Чечен сөздөр көбүн эсе суроо-жооп, табышмак иретинде айтылып, чечендер бири-бирин жеңүүнү, сөзгө жыгууну максат кылат. Макалдатып, уйкаштырып, меселдете жорго сөзгө салып сүйлөө чечендик өнөрдүн негизги бөтөнчөлүгү десе болот. Чечендер чеберчилигине карата акыл чечен, көрөгөч чечен, кургач чечен дегендей бири-биринен айырмаланат. Чечендик өнөр эл тарыхы менен тамырлашып, байыртан келаткан өнөр. Эл оозунда айтылып келаткан чечен сөздөр өткөн доордогу Жээренче, Алдар Көсөө, Акыл Карачачтын, жакында эле жашап өткөн Тилекмат, Сарт, Мойту, Садыр, Кыдыр акелердин, Көкөтөй, Куйручук сыяктуу чечендердин ысмы менен байланышкан.

Тигил же бул элдин, уруу, уруктардын келип чыгышы, алардын теги, таралышы, тарыхы жөнүндө маалымат берген жанр - с а н ж ы р а. Санжыра көбүнчө кара сөз менен кээде ыр түрүндө да айтылат. Ар бир элдин, уруу-уруктардын өз санжырасы болгон, тарыхта өз орду бар белгилүү, кадырман адамдардын ата-теги сүрүштүрүлгөн. Санжыра тарых сымал айтылганы менен ал реалдуу чындык, тарых эмес. Анткени узак мезгилдер бою ооздон-оозго өтүп келаткан оозеки сөз өнөрүнүн табияты ошондой. Санжыра айрыкча жазма тарыхы жакшы сакталбай калган кыргыз элинде өтө мыкты өнүгүп, тарыхтын дал өзү боло албаса да тарых илимине, этнографияга жакындап турат.

Элдик баяндын (эпостун) дагы бир тарамы – ыр түрүндөгү эпикалык чыгармалар, же эпикалык поэзия. Бир эле эпикалык чыгарма кара сөз менен да, ыр түрүндө да айтылышы мүмкүн, бирок мындай учурда анын баштапкы, түпкүлүктүү көркөм-эстетикалык формасы, жанрдык табияты өзгөрөт. Кандай жанрда босо да ыр түрүндөгү оозеки чыгармалар белгилүү бир обон менен аткарылат. Демек, эпикалык поэзияда деле обон, үн кайрыктары, аткаруу манерасы ошол чыгарманын жалпы поэтикасына түздөн-түз тиешелүү нерсе.

Эпикалык поэзиянын кеңири тараган түрү - э п о с. Кыргыз элинин басып өткөн тарыхый турмуш жолу, жашоо-тиричилик өзгөчөлүгү эпостун (жомоктун) мыкты өнүгүшүнө шарт түзгөн. Анткени, эл тарыхтагы урунттуу окуяларды, өз башынан өткөргөндөрүн, уккан-билгенин, дегеле өздөрүнүн максаттилегин, учкул кыялын, кыскасы, бүтүндөй ички жан дүйнөсүн ыр формасында көркөм баяндап, көлөмдүү чыгармаларды жараткан, аны муундан-муунга өткөрүп, кылымдар бою оозеки сактаган. Адабият таануу илиминде “эпос” деп аталып жүргөн ыр түрүндөгү мындай көлөмдүү, мазмуну терең, тематикага бай чыгармалар эл оозунда “жомок” деп айтылган. Ошол ыр формасындагы элдик жомоктор (эпостор) жаралуу мезгилине, мазмуну менен тематикасына карай үчкө бөлүнөт: архаика-мифологиялык эпос, баатырдык эпос жана социалдык-турмуштук эпос. Кыргыз фольклористикасында “улуу” жана “кенже” эпос деген түшүнүктөр да бар. Бул зор көлөмдөгү “Манас” эпосун калган башка эпостордон айырмалоо максатында колдонулган. Архаика-мифологиялык эпостор мифтик каармандар катышкан, фантазиялуу, ойдон чыгарылган окуялардын негизинде жаралса, баатырдык эпостор кайсы бир доордогу ички-сырткы душмандарга каршы күрөшкөн эпикалык баатырлардын баатырдык иш-аракеттерин баяндайт. Ал эми социалдык-турмуштук эпостордо элдин жайынча жашоо-тиричилигине, социалдык-экономикалык ал-абалына, үрп-адат, каада-салтына, өз ара мамилелерине байланышкан ар түркүн турмуштук окуялар сүрөттөлөт. Алардын айрымдарында баатырдык көрүнүштөр да орун алган.

Ыр түрүндөгү эпикалык чыгармалардын ичинде тематикасы, мазмуну боюнча социалдык-турмуштук эпосторго жакын турган л и р о – э п и к а л ы к п о э м а л а р бар. Кыргыз фольклористикасында “элдик поэмалар”, же “дастандар” деп да аталып жүрөт. Мындай чыгармалар фольклордук сюжеттердин, реалдуу тарыхый окуялардын, негизинде, же башка бир тектеш элдердеги поэмалардын таасиринде жаралат да, окуялары эпостогудай масштабдуу, кеңири планда сүрөттөлбөстөн, көлөмү чакан келет. Эпикалык окуяларга, каармандарга карата лирикалык мамиле жасалат.

Ошентип, кыргыз элинин оозеки сөз өнөрү, тагыраак айтканда, анын жанрдык курамы жөнүндө учкай сөз болду. Ал эми бул маселени ар бир жанрга байланыштыра тереңдеп изилдөө алдыда турган иш.

***Адабияттар***


1. Гусев В.Е. Эстетика фольклора. – Л.: Наука, 1967.

2. Пропп В.Я. Фольклор и действительность. – М.: Наука, 1976.



***Б. Алымбаева,***
*Ош МЮИнин колледжи*


# СУЛТАН РАЕВДИН АДАБИЯТКА КАРАЙ АЛГАН АЛГАЧКЫ БАГЫТЫНА ОБЗОР


*Бул макалада С.Раевдин адабиятка карай алгачкы багыты юморлуу сүрөттөөдөн башталып, дүйнөнү тереңден таанууну карай багыт алгандыгы анын жазган бардык чыгармаларынан көрүнүп тургандыгы айтылат.*


Кайсыл чыгармачыл адамдын болбосун адабиятка кирүү шарттары ар түрдүүчө болот. Алардын бири эрте, бири кеч баш бакса дагы чыгармачылыкта берген жемиши, калтырган мурасы жеке өздөрүнө гана таандык талант-көрөңгөсү менен ченелет. Адабиятка баш баккан адамдардын басып өткөн чыйырына көз салсак, алар көбүнесе ыр жазып башташат дагы, кийинчерээк ошол жолду улантып кандар, ырдан оолактап проза же драма жанрларына ооп кеткендер дагы бар. Биз сөз кыла турган белгилүү жазуучу Султан Раевдин мисалынан биз ыр менен чыгармачылыгын баштап, кийин биротоло кара сөзгө ооп кеткен фактыны көрө алабыз. Айталы, анын алгачкы “Ак-Буурам”, “Тоолорум” аттуу ырлары 19 жашында Ош областына караштуу Кара-Суу райондук “Эмгек майданы” гезитине жарыяланган. Ал ырлардагы туулган жердин көрүнүштөрүнө болгон изги тартылуулар, ошол көрүнүштөр менен камыр-жумур айтылган үмүт-кыялдар андагы али белгисиз, бирок жүрөгү өрөпкүп, чыгармачылыкты карай талпынып турган жаш баланын ишенимдүү багытын туюнтат. Ал багыт – адабият дүйнөсүн өмүрлүк ааламы катары биротоло тандаган болочок кара сөзчүнүн багыты.

Ырас, Бишкек шаарындагы А.Осмонов атындагы республикалык китепкананын каталогдорунан алынган маалыматтарга таянып, С.Раев чыгармачылыгын ыр менен баштаган деп ырастасак дагы, ал алгач колуна калем кармаган учурларында ырга катар гезиттик макалаларды, аңгеме, новелла жанрларындагы кара сөздү дагы жазган. XX кылымдын 80-жылдарын С.Раев чыгармачылыкта прозаик катары аракеттене баштаган мезгил деп мүнөздөөгө болот. 1982-жылы 3-сентябрда "Мугалимдер газетасында" жарык көргөн "Акыркы кат" аттуу новелласынан тартып, ал кара сөз жанрында тынымсыз изденип, жазгандарын окурмандарга сунуштай баштаган. "Мен кантип үйлөндүм" деп аталып 1982-жылы, "Көрө, көрө" деп аталып 1983-жылы жарык көргөн сатиралык аңгемелери, "Белгисиз планетадагы катастрофа" (1985) аттуу фантастикалык аңгемеси, "Пусу шаарга барганда" (1987), "Аял" (1989) аңгемелери, "Күн кармаган бала" (1990) повести бир он жылдыктын ичинде эле жаш жазуучунун идеялык-тематикалык, жанрлык жактан кандайча изденгендиги жөнүндө азыноолак кабар берип турат.

Жазуучунун эң кийинчерээк жарык көргөн китептеринин бири болгон "Ханышанын көз жашында" (2008) орун алган аңгемелеринин өзүнөн дагы анын алгачкы сатиралык аңгемелеринде орун алган маанайды, юморду, сарказмды учуратууга болот. Айталы, "Соцреализм" аңгемесиндеги жазаланып жаткан чычкан, "Аял" аңгемесиндеги өзүнүн көңүлдөш адамы менен бөлүнүшө албай жаткан аялдын психологиялык абалы, кысталыш шарттарда кыйын кептерди сүйлөп, дүйнөлүк улуу философтордун өмүр таржымалын саймедиреп, бийик ойлорго баш буруп турган эркек, карачечекей кызы никесиз төрөгөнүн угуп тиши кычырап турган Пусунун эртеси күнү эле коңшу аялдар менен отуруп алып, "аягы бокто, башы көктө" болуп, шаардагы сулуу аялдарды шилекейи чубурганча эске салып, чечекейи чеч болуп отурганы, "Жүр, жаталы" деп, оорукчан энесинин жанынан аялын жан эбиле чакырган эркек, анын энесинин оозуна суу тамызып аткан ууру, "чаң жолдун чаңын малтап" түрмөдөн туулган айылын карай сан ойго чөмүлүп кетип бараткан Жусубали, кезектеги экзаменине даярданып, "Манасты" күйөөсүнө окутуп угуп отурган кош бойлуу Ирсалат – мында айтылган каармандардын бардыгы баштан аяк болбосо дагы көпчүлүк учурда кылган кылыктары менен окуп жаткан окурманды "бырс" эттирип күлдүргөн өзгөчө каармандар. Айтылган каармандардын ар бири аркылуу жазуучу турмушта болгон адам затындагы миң кырдуу, миң сырдуу жактарды ачып берген. Автор бир гана адамдардын ар түрдүү мүнөзүн ачып берген деп айтыш аздык кылат. Ал ошол өзү сүрөттөгөн каармандар аркылуу ошол адамдар жашаган доордун дагы картинасын көз алдыга тартат. Айталы, "Соцреализм" аңгемесинде төмөнкүдөй эпизод бар: "... Чал суроосун айтып бүткүчөң болбой артынан коюу чаң сапырган полутарка машине чогулган элдин жанына келип токтоду. Андан чаң болгон кийимин кагынып-сагынып келген кишилер бирден-бирден түшө баштады.

Муруту кылычтын мийизиндей чычайган эткээл киши түшкөндө эл "бу ким эле" дегенчелик таң кала карады.

- Ким бу? – Чалдын кызыгы артты.

- Ыстаке эмеспи?..

- Сот, - деди бирөөсү. – Сот бу...

Машинеден экинчиси түштү.

- Бунусучу? – Чал аны да сурады.

- Ыңкывыды – деди кимдир бирөө. Бу үндү угары менен "Ким айтты?" деген ишаратта чал эки жагын элең-элең карады. Атрабын караса эч ким лам дебегендей, буга чал түшүнбөдү.

"Мойнок" колхозунун башкармасы райондон келгендердин алдынан жайдаңдап тосуп чыгып, учурашайын деди эле, алик ордуна бир көзү сокур сот суроо таштады.

- Баары чогулдубу? – деди ал бешарасын бузуп. – Эч ким калбадыбы?

- Жан адам калбады, аксакал. Кыбыр эткендин баары. – Башкарманын үнү калтырап чыкты. – Чал, кемпир, катын-калач, бала-бакыра калбады. Баарын жыйнадык, жан адам калбай ушерде.

- Желекти илдиңерби? – Сот тырчыя түштү. – Көрүнбөйт го...

- Желектиби? – Сөздү шып илип кетти башкарма. – Бир паста ле илип коебуз, аксакал. – Бүгүн элдин көзүнө ал мынчалык сылык да, мынчалык сыпаа да көрүнбөгөн" (2.10-11-бб.).

Ушул сүрөттөөнүн өзүнөн эле элеттик адамдардын мүнөзү, тыштан келген адамды кабылдоодогу ньюанстар, өзгөчө машинеден түшкөн адамды дароо Сталиндин өзү эмеспи деп эбиле сураган баео кызыгуу, кырдаалды аңдоо көрүнүп турат. Райондон келген кишиге карата жергиликтүү бийлик өкүлүнүн бөйпөңдөгөн абалы эң таасын чагылдырылып берилген. Социалисттик замандын окуясын чагылдырууда ал кезге тиешелүү желек сыяктуу атрибут дагы роль ойнойт. Желек - бул боло турган чогулуштун олуттуу, маанилүү нерсе экендигин далилдей, ырастай турган буюм катары көрүнөт. Өзү дагы бир четин көрүп, ашын татып калган социалисттик доордогу байкаган кемчилик-кенемтелерди автор өзүнүн курч тили менен көркөм берген.

Аңгеменин көркөмдүк баа-салмагын арттырып турган автордук тил жөнүндө эки ооз кеп айтпай кетүүгө болбойт. Өзү жакшы билген, туулгандан канына сиңген түштүк диалектисиндеги тил С.Раевдин баштапкы чыгармасынан тартып эң кийинки чыгармаларына чейин үстөмдүк кылып келет. "Бүткүчөң болбой", "атрабын караса", "бир паста ле" – деп, каармандарынын оозунан чыккан кепти дагы, андан тышкары автордук баяндоону дагы карапайым элеттик түштүк элинин сөзү менен берүү кичине автордук экиленүү катары көрүнгөнү менен, ошол окуянын катышуучуларынын маанай-мүнөзүнөн кабардар кылууда чоң мааниге ээ. "Ыстаке эмеспи?" – адамдардын ишенимин бир жагынан чагылдырса, экинчи жагынан доор картинасын дагы чагылдырат. Бул жагынан жазуучуну "жаңыча ойлогон, доордун кан тамырын кылдат кармаган калемгер болуп чыга келди. Эми анын ар бир чыгармасы коомчулуктун ой-пикирин жаратып, түйшөлтүп, ой толгоого түрткү берет" (2.3-б.) - деп айткан улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун сөзүнүн кадиксиз чындык экендиги туюлат.

Өзүнүн чыгармачылык жолунун башатында гезиттик макалалары аркылуу турмуштун, доордун, коомдун ар түрдүү көйгөйлөрүн чагылдырып келген жазуучу алгачкы аңгемелеринде адамдын психологиясына үңүлүүнү, андан башкалар байкабаган ньюанстарды көрүүнү кандай адат тутса, ошол жазуучулук байкагычтык эң кийинки чыгармаларына чейин анын сүрөткерлик касиетинин ажарын ачып келе жатат. Белгилүү изилдөөчү З.С.Паперный А.П.Чеховдун чыгармачылыгы жөнүндө: “Характерная черта художнического мышления Чехова: он идет от анекдотически-забавного ко все более углубленному, серьезному, горестному осмыслению смешного мотива, случая, эпизода...” (1.54), - деп жазгандай, жазуучу катары С.Раев дагы тамашөкөй, юморлуу сүрөттөөдөн дүйнөнү тереңден таанууну карай багыт алгандыгы анын калеминен чыккан бардык прозалык чыгармаларынан байкалат. Мунусу менен С.раев психолог жазуучу катары көбүрөөк таасир калтырат. Бул жагынан андагы бүгүнкү жетишкендиктер жазуучунун алгачкы чыгармачылык чыйырынан өнүм алгандыгы талашсыз.

***Адабияттар***


1. Паперный З.С. «Мужики» – повесть и продолжение // В творческой лаборатории Чехова. – М., 1974.
2. Раев С. Ханышанын көз жашы. – Б., 2008.


---


***Нурзат Казакова,***
*ЭААУ*


# XIX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛҮҮ ЖАГДАЙЛАР

Кыргыз адабияты – көп салаалуу, көп тармактуу бай адабияттардын бири. “Манас” баштаган “Курманбек”, “Жаңыл Мырза”, “Эр Табылды”, “Жаныш, Байыш”, “Аксаткын менен Кулмырза”, “Кедейкан” ж.б.у.с. эпостордон түптөлгөн кыргыз адабияты өзүнүн өнүгүү жолунда бир канча баскычты басып өткөнү бышык. Ошондой баскычтын, тилкенин бири – XIX кылымдагы кыргыз адабияты болуп саналат.

XIX кылымдагы кыргыз адабияты – оозеки жана жазма адабияттын кыйырынан жаралган, архетиби, ырлардын курулушу элдик чыгармаларды элестеткен, бирок адабий формаларга түшкөн, табияты бир топ кызыктуу адабият. Кыргыз манускриптик адабиятынын жаралуу мезгил-шарты өзгөчө, профессионалдуулукка умтулган абалы көп кырдуу жана да кийин ага жасалган “мамиле” да башкача болгону ырас. “Мамиле” демекчи, араб, тагыраак айтканда, чагатай тилинде жазылган чыгармалар көпкө чейин сандыкта катылып, баалуулугу аныкталбай келген. Себеби, жазылуу арибдери ыйык “Куранды” элестетип турса, “молдолор” жазса, айрымдарынын ичиндеги диний кайрыктар изилдөөчүлөрдү чоочутуп, темир тордун артына отуруп калбайлы деген мамиле, албетте, көркөм мурастардын бетин чүмбөттөп, катылып келген. (Катылып келген демекчи, 2013-жылы тааныш эжебиздин үйүнүн чатырынан жоолукка оролгон Хафиздин ыр китептери табылды.) Эгемендүүлүккө жетишкени абал өзгөрүп, XIX кылымга тиешелүү чыгармалар текстолог-окумуштуу Омор Соороновжана анын шакирттери тарабынан азыркы арипке өткөрүлүп, окурмандардын кеңири чөйрөсү таанышып жатат. Ошентип, жазгыч акындардын азыркы арипке өткөн чыгармаларын филологияга, тарыхка жана көркөм адабиятка тиешеси бар окурмандар менен катар ЖОЖдордун филология факультеттеринде окутуп жүрөбүз. Аталган курска, билишимче, 51 саат бөлүнгөн болуу керек эле. Акындардын өмүр таржымалын, алар жашаган доордун өзгөчөлүгүн ачууда, чыгармалардын жаралуу тарыхына кайрылуу, чыгармаларды жазууда акындар колдонгон ыкмалар, ал ыкмаларды чыгыш адабияттарынын салттары менен салыштыруу сыяктуу маселелерди кароодо бөлүнгөн саат, албетте, аз. Жаңы системага өткөн кыргыз билим берүүсүндө, анын ичинде филология факультетинде, бул предметти окутууда окутуучу, студенттерге өз алдынча иштерди иштетип, портфолиолорду түздүрүп өздөштүрүшпөсө, билим тайкы болуп калаары түшүнүктүү. Ал эми биз төмөндө “XIX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” деп аталган предметти окутуудагы айрым маселелерди карooго аракет кылмакчыбыз.

а) Жазгыч акындардын өмүр таржымалы тууралуу жазылган адабияттар жетиштүү.[1] Андыктан студенттер китепканадан, интернеттен маалыматтарды кеңири табышат. Интернет аркылуу Казандагы Галия медресеси жөнүндө, Уфадагы алгачкы басканалар, анда басылган китептер туурасында да маалымат ала алышат.

б) Акындар жашаган доор өзгөчөлүгүн ачууда, албетте, тарыхый булактар кызмат кылаары бышык.

в) Жазгыч акындардын ырларын талдоого алууда чыгыш адабияттарынын салттарын карап, окутууга келгенде кыйынчылык жаралат. Колдо бар маалыматтарга таянсак, акындардын дээрлик баары диний медреселерден билим алып, чыгыш поэзиясынын үлгүлөрү менен кенири эле тааныш болушкан. Бул туурасында адабиятчылардын пикирлерине токтоло кетсек деп турабыз: О.Ибраимов: “Нурмолдо хорошо знал поэзию Саади, Джами, Фирдоуси, Алишера Навои, Низами Гянджеви, особенно газели и рубаи поэта и основателя империи Великих Моголов Захреддина Бабура, выходца из Ферганской долины.”[2] десе, А.Эркебаев: “Поэт (речь идёт о Нурмолдо-Н.К.) прекрасно знал не только киргизский фольклор во главе с “Манасом”, но и мировую, главным образом, восточную поэзию и философию.”[3] , “Молдо Кылыч помимо религиозной литературы был хорошо знаком с фольклором, произведениями акынов, творениями А.Яссави, Хафиза, Навои, Суфи Аллаяра, Рабгузи, Бедиля, с образцами арабской и персидской народной прозы, печатными изданиями татарской и казахской литературы”[4] – деп жазат. Жогоруда көрүнүп тургандай, биздин жазгыч акындар чыгыш адабиятынан кабардар болуп, кээде айрым салттарын колдонушкан. Сөзүбүз куру болбосун үчүн бирин-эки мисал келтирейин.

1) Чыгыш адабиятында “муназаре” деген түр кездешет. Муназаре – бул чыгармада эки же андан ашык тараптардын кайым айтышуусу, талашуусу. Мындай чыгармалардын сонунда үчүнчү тарап тарбия-насаат болуучу жыйынтык чыгарат. 15-кылымдарда, Навоинин заманында, азыркы Орто Азия чөлкөмүндө түптөлө баштаган чагатай адабиятында эски түрк тилинде жазылган үч муназаре (Ахмади “Музыкалык аспаптардын айтышы”, Амири “Бенг жана шараптын айтышы”, Якини “Ок менен жаанын айтышы”) белгилүү. Кыргыз акыны Тоголок молдонун XV кылымда чыгыш адабиятында популярдуу болгон муназаре менен кандай катышы бар, сөз ушул туурасында болсун. Тоголок Молдо - XIX кылымдын жарымы XX кылымдын башында жашап өткөн акын. Бала кезинде молдолордон билим алып, кат-сабаты жоюлган, кичинесинен көркөм сөзгө жакын акын кыргыз элине ырларын, “Иттин доолдай тиктирем дегени”, “Каркыра менен түлкү”, “Эшек жана булбул” тамсилдерин, “Кемчонтой”, “Куштардын аңгемеси”, “Жер жана анын балдары” деп аталган поэмаларын мураска калтырган. Азыркы аты аталган чыгармалардын арасында “Жер жана анын балдарын” поэма деген адабий түргө киргизип келебиз. Бирок аталган чыгармага муназаре деген адабий аталышты ыйгаруу дагы тагыраак деген ишенимдебиз. Анткени “Жер жана анын балдары” чыгармасында Тоголок Молдо жамгыр, суу, шамал, оттун ортосундагы талашты баяндайт. Чыгыш муназаресине тиешелүү табияттын балдарынын ортосундагы тартыш бүткөндөн кийин сөздү талашка катышпаган адам же зат алып, айтылгандардан жыйынтык чыгаруу салтына ылайык, Тоголок Молдо да акыркы сөздү Жерге берип, кыргыздын “ырыс алды – ынтымак” деген макалын чечмелеп,

“Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.”[5] – деп, кебин бүтүрөт.

Демек, шамал, жамгыр, суу, от – баары жер болбосо, жаралмак эмес, адамзат жашоосунда жер жана анын балдарынын ар биринин кайталангыс орду бар экендиги акындын бермет саптары менен дагы бир жолу дидактикалык маанайда эскерилет. Албетте, Тоголок Молдо арабча кат тааныган сон, ал чыгыш поэзиясы менен тааныштыгы болгон, балким акын жогорудагы муназарелердин бирин окугандыр. Себеби XIX кылымдын жазгыч акындарынын ырларынан адабий таасирлерди көп эле байкоого болот.

2) Чыгыш адабиятында Аллахты жана пайгамбарды даңктоо ыр жана кара сөз түрүндө да жазылып жүргөнүн эске алуубуз керек. Ар бир акын чыгармасын данктоо ырынан, же сөзүнөн улам баштаган, маселен, Ж.Баласагун, М.Кашгари ж.б. атасак болот. Ыкманын кара сөз түрүндө жазылган формасы кыргыз тарыхын жана санжырасын салыштырма жол менен иликтөөгө алган алгачкы тарыхчы жана акын Осмонаалы Сыдык (Кыдык) уулунун “Тарых кыргыз Шадмания” эмгегинин башталышында кездешет:

بارچه حمدالله مزوجل گه اولسون
و انڭ رحمنى وسلامى پيغمبرمز
محمد مصطفى صلى الله عليه السلام
گه بولسون و انڭ صحابه لرينه
و انڭ امت لرنه و بارچه مسلمان
بالالرينه الله تعالى توغرو
يولنى كورساتسون..

(Барчә хәмдуллах мазужилгә олсун вә аның рәхмәти вә салами пәйгәмбәримиз Мухәммәд Мустафа(и) Саллалаху алейхисаламга болсун вә аның сахабәләринә вә аның уммәтләринә вә барчә мусулман балаларийнә аллахутаала тогру йоли көрсәтсун.)

Мына ушундай даңкталган сөздөн кийин О.Сыдык уулу кыргыз элинин жана урууларынын келип чыгуусун санжыра мүнөзүндө түзүп, андан кийин Шабдан жөнүндөгү дастанын баштайт. О.Сыдык уулу Шакир дамбылдадан билим алып, арапча кат тааныганын эскерте кетсек ашыкча болбостур.

3) Казалдардын жазылышы, туюктар. XIX кылымдагы жазгыч акындардын көпчүлүгү ырларын “казал” деп аташканы жалпыга маалым. “Казал” сөзү арабдардын “газел” деген сөзүнөн алынып, кыргыздардын тилдик өзгөчөлүгүнө байланыштуу тыбыштык жактан өзгөргөнүн байкоого болот. Тыбыштык жактан өзгөргөнү эч нерсе эмес, кыргыз казалдары чыгыш газелинин жанрдык табиятына жооп береби же бербейби деген суроо туулат. Казал деп атоо үчүн жана казал деген жанрга толук жооп берүү үчүн ырлар кандай түзүлүшү керек:

1. Газел –чыгыш адабиятындагы ырлардын бир түрү, бейт формасында, аруз өлчөмүндө жазылуусу тийиш жана 3 бейттен 52 же 62 бейтке чейин болушу керек. Өзгөчө 15 бейттен турган газел классикалык мыкты газел деп эсептелет.

2. Газел –ашыктык ырларына (тагаззул) кирет жана акыркы бейтте (мактада) акындын аты же лакап аты (тахаллусу) эскерилиши керек.

3. Газелдин биринчи бейтинин биринчи жана экинчи сабы бирдей уйкашышы керек. (аа), андан кийин bа, са, dа ж.б.у.с. болуп уйкашат.

4. Газелдин ар бир бейти бүткөн бир ойду билдирип, мааниге ээ болушу зарыл.

5. Газелдерде көбүнчө сап акырында редифтер колдонулат.

6. Газелдер аруз өлчөмүндөгү өзгөчө калып менен жазылат.

Жогорудагы аныктамаларга көңүл буруу менен кыргызча казал аталып жүргөн ырлар өлчөмү жана калыбы жагынан чыгыш поэзиясындагы газелдерге толук жооп бербей турганын ачык эле көрүп турабыз. Бул туурасында учурунда Молдо Кылычты изилдеген Тазабек Саманчин төмөндөгүдөй дейт: "Акыны же письменники все свои произведения именовали одним терминам "Казал" или "Казел". Но, если под термином "газел" в арабско-персидской литературе подразумевались произведения определенной формы, то киргизские поэты-письменники стали обьединять под этим названием все свои произведения, вне зависимости от их жанра, размера и формы."[6] Ал эми адабиятчы К.Асаналиев "мына ушул чыгыш поэзиясына мүнөздүү болгон ыр формасы кыргыз поэзиясына өтүп, кыргыз тилинин грамматикалык бөтөнчөлүгүнө байланыштуу "казал" түрүнө өтүп, кыргыз адабиятында өз алдынча, өзүнчөлүгү менен айырмаланган, оозеки поэзиянын салттарын кадыресе улаган казалдын жаңы түрү пайда болгон. Бул айрыкча акын-жазгычтардын чыгармачылыгына мүнөздүү. Алар өздөрүнүн кагазга түшүргөн ырларын казал деп аныкташкан."[7] -деген билдирүү жасайт. Айтылган пикирлерден улам жана жазгыч акындардын казалын окугандан кийин төмөндөгүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

1. XIX кылымдын 2-жарымы XX кылымдын башындагы жазгыч акындар жазган казалдар трансформацияланган мүнөзгө ээ болгон.

2. XIX кылымдын 2-жарымы XX кылымдын башындагы жазгыч акындар жазган казалдар ашыктык темасында гана эмес, коомдук-социалдык мүнөздөгү жана керт башына тиешелүү ырлар болгон.

3. XIX кылымдын 2-жарымы XX кылымдын башындагы жазгыч акындардын чыгармаларын "казал" деп аташканын себеби, чыгыш поэзиясындагы айрым газелдер көлөмдүү болуп, 62 бейтке, башкача айтканда, 124 сапка чейин барат. Демек, жазгыч акындар "поэма" деген жанрдык аталыш ошол мезгилде белгисиз болгондуктан, көлөмдүү ырларын кагазга түшүрүп "казал" деп аташкан деген жыйынтыкка келдим. Маселен, эл арасында жана кыргыз адабиятында Казыбек казалчы деп аталып жүргөн акыныбыздын чыгармалары көлөмдүү жана сюжеттүү келип, фарси-тажик, чагатай адабиятында классикалык үлгүлөрү жаралган казалдарга жакын турат. 2007-жылы Казыбек акындын казалдары топтолгон жыйнак жарык көргөн. Анда Казыбектин кол жазмасы табылбай, эл арасында айтылып жүргөн ырлар жыйналып жарыяланганын адабиятчы С.Мусаев да белгилеп, "Казыбекке таандык материалдардын түп нускасы жок" деп жазат. Демек, акын өзүнүн кол жазмасында ырларын бейттер менен жаздыбы же кандай формада жазды бизде маалымат жок. Бирок Казыбектин "Жаштык жөнүндө" деп аталган казалын окуганыбызда чыгыш адабиятындагы газелге жакын тургандыгын байкадык. Эмесе, төмөндө тажрыйба-байкоолорго орун берели. Жыйнакта бул ыр бейт менен бөлүнгөн эмес, биз бөлүп окуп көрөлү.

Жаздым казал жаңыдан, (а)
Жашчылыктын наамынан. (а)
  Жаңылбай адам калабы (b)
  Жалганчы дүйнө паанадан? (а)
Айылда жүргөн жаш келин (c)
Артык көрүп баарынан, (а)
  Азабыңа бел байлап (f)
  Ашык болдум абыдан. (а)
Айчылык кетсең көрүнбөй (j)
Ардактуу курбум сагынам. (а)

Жыйынтык: 1. Уйкаштыгы боюнча газелге жооп берет, себеби ар бир газелдеги бейттин экинчи саптары бири-бири менен уйкашышы керек.

2. Газелге мүнөздүү ашыктык темасында жазылган.

3. Казал толугу менен 110 саптан турат, бейтке айландырсак, 55 бейт. Ал эми газелдер максимум 62 бейттен турушу керек.

4. Казалдын биринчи бейтинде ырдын мааниси туурасында алдын-ала маалымат берилет. Чыгыш адабиятында бул –"матла" деп аталат. Казыбектин "Жаздым казал жаңыдан, Жашчылыктын наамынан." –деген саптары жигиттин ашыктык сезиминен жаралганы көрүнүп турат жана ырдын жалпы мазмуну ашыктыкты туюндурат.

Жыйынтыгында, макалада кыргыз жазгыч акындарынын чыгармачылыгында чыгыш поэзиясынын белгилүү өз орду бар экендигин көрүп турабыз, биз бул фактыны бурмалай албайбыз, анткени жазгыч акындардын бардыгы эскиче кат-сабатын жоюп, диний билим алуунун натыйжасында чыгыш адабиятын кеңири окугандыгын эске алсак, анда түз же кыйыр түрдө таасирленүү стадиясы башынан өтүп, чыгыш акындары колдонуп келген ыкма, формаларды колдонууга аракет жасагандарын бирин-экин мисалдардан көрүп жатабыз жана макалага коюлган талаптардан улам өтө кенири жазууга шартыбыз болбой калганын эскертип коюуну чечтик. Ошентип, XIX кылымдагы кыргыз адабиятын окутууда окутуучу бир эле учурда тарыхтан, чыгыш жана чагатай адабиятынан терен билими болуп, чагатайча арип таанып, студенттерге чагатай арибинде жазылган Молдо Нияздын, Нурмолдонун, Молдо Кылычтын, Осмоналы Сыдык уулунун көркөм мурастарынын оригиналы менен иштесе, окутуунун сапаты дагы да артмак деген ойдобуз.

***Адабияттар***


1. Эркебаев А. Малоизученные страницы истории киргизской литературы.-Б.,1999.

2.Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века,том 1. -Б., 2013.

3. Койлубаев К. Жазгыч акындардын чыгармачылыгы (Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо).-Каракол, 20103.

4. Тоголок Молдо. Куштардын аңгемеси.-Ф.: Мектеп,1978, 79-б.

5. Саманчин Т. Молдо Кылыч –первый киргизский поэт-письменник. -Ф., 1946.-с.20

6. Асаналиев К., Кыдырбаева Р.Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. -Б., 2004.-207-б.

*Б. Алымбаева,*
*Ош МЮИнин колледжи*

# СУЛТАН РАЕВДИН “КҮН КАРМАГАН БАЛА” ПОВЕСТИНДЕГИ ПЕЙЗАЖДЫК СҮРӨТТӨӨНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*Бул макалада С.Раевдин “Күн кармаган бала” повестиндеги адам менен жаратылыш алакасын ачып берүүдө пейзаждык сүрөттөөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылат.*

Белгилүү жазуучулардын бардыгынын тең көлөмдүү чыгармаларында пейзажды сүрөттөөгө өзгөчө көңүл бөлүнөт. Ал бир жагынан чыгармадагы кейипкерлердин көңүл абалын чагылдырууда роль ойносо, экинчи жагынан бир окуядан экинчи окуяга “переход” кылуунун ыкмасы катары колдонулат. С.Раевдин “Күн кармаган бала” повестинде пейзажды сүрөттөө жогорудагы саналган эки максатты тең көздөгөндүгүн көрүүгө болот. Мисал катары повесттин чү дегендеги эле биринчи абзацына толук кайрылалы: “Ааламды кубарта куйкалаган саратандын аптабы кайтып, эки жумадай күндүн көзү түзүк көрүнө албады. Күндүн табы ичкерип, төрт мезгилдин бу маалы күзгө ыктап бараткан кез. Ай арасы бу аймакта дамамдан арасат, кадимден ушундай өзү; күн кирпиги баш бакпаганы түгүл түнөргөн булуттардан көз жаштай тамчы сыгылып, асман дыбырттап алмагы да асан эмес. Антсе да оңдой берип, апай бети өркөчтөнгөн боз адырлар да, ыраңы күбүлүп бүткөн куу талаа да, жан бүткөн тараптын текши баары кош ууртам суу жутуп, өзөгүнө жан кирип калар эле, ал эми мынабу куран сүрөөсүндөй кыраат кайрыган ойноок желдин кылары ушу да. Кайдан-жайдан жаалын карматып, айбаарлуу доолго айланып барып, кеңирсип жаткан кокту-колотту, мобу шүдүгөрдү бейчеки будуң-чаңга арбап, жан-жактын бүттүгүн түп жайыла жапырт көтөрдү. Кара жаалы кызыган шамалдын айныкей жини оголе болбой арына келип, кудум ээсинен безген жолбун иттей үн созуп жатты... (2. 115-б.).

Жогорку үзүндүдөн биз С.Раевдин пейзажы адамдардан көз карандысыз эле өз нугунда өнүгүүсүн уланткан, өзүндө жандуу нерселердин болушуна муктаж болбогон өз алдынча пейзаж экендигин көрөбүз. Бул абзацта, повесттин дагы башка абзацтарында дагы жаратылыштын көрүнүштөрү адамдын көзү менен каралбастан, өз алдынча өкүм сүргөн дүйнө экендигин байкоого болот. Ал эми дүйнөлүк адабиятта мындай мисалдар жыш учурайт. Бирок буга катар эле тышкы дүйнөнүн, жаратылыштын, табияттын көрүнүшү адам затынын кабылдоосуна жараша жашаган мисалдар дагы арбын. Айталы, орус адабиятынын көрүнүктүү өкүлү болгон А.П.Чеховдун “Верочка” аттуу аңгемесиндеги пейзаж андагы негизги каармандын дүйнө таанымы менен тыгыз байланышта берилет. Мисалы, аталган аңгемеден алынган төмөнкү үзүндүнү окуйлу: «Промежутки между кустами и стволами деревьев были полны тумана, негустого, нежного, пропитанного насквозь лунным светом и, что надолго осталось в памяти Огнева, клочья тумана, похожие на привидения, тихо, но заметно для глаза ходили друг за дружкой поперек аллей. Луна стояла высоко над садом, а ниже ее куда-то на восток неслись прозрачные туманные пятна. Весь мир, казалось, состоял только из черных силуэтов и бродивших белых теней, а Огнев, наблюдавший туман в лунный августовский вечер чуть ли не в первый раз в жизни, думал, что он видит не природу, а декорацию, где неумелые пиротехники, желая осветить сад бенгальским огнем, засели под кусты и вместе со светом напустили в воздух и белого дыма» (1.37–б.). Мында чеховдук башкы каарман пейзаждан адаттан тыш, фантастикалуу көрүнүштөрдү көрүп жатат.

Дегеле пейзаж деген нерсени биз адатта жаратылыштын, табияттын көрүнүштөрүн аныктай турган алкак катары аныктап, көнүп калганбыз. А чындай келгенде анын андан кеңири түшүнүк экендигин ошол эле орус элинин изилдөөчүлөрү аныкташат. Ага белгилүү бир аймакта турган жансыз нерселердин, буюмдардын бардыгы кирет. Бирок биз бул ойго эмес, өзүбүзгө көнүмүш болгон табият, жаратылыш көрүнүштөрү пейзаж экендиги туурасындагы пикирибизге таяна берели.

Повестти андан ары окуп жүрүп отурсак, дагы эки абзац бою жогорку тон менен кайрыктагы табият көрүнүшүнө туш болобуз. Жан-жаратылышка бир тамчы суу себеленбей турган коңур күздүн картинасы улам бир кырынан ачылып, жогорку абзацтын этегинде сүрөттөөгө алынган шамалдын образы кийинки абзацта тереңдетилип берилип жатат. Биринчи абзацтагы бир тамчы жаан көрбөй көзгө өөн тартып кагырап турган табиятта башталган ойноок жел экинчи абзацта күзгү табиятты жан алакетке түшүргөн шамалга өтүп барып, ал эми үчүнчү абзацта ал шамалдан кийинки негизги орунду дөңсөөлөр, эски мазарлар ээлей баштайт.

Биз бул чыгарманы жазып жаткан автордун, кааласак да, каалабасак дагы, Кыргызстандын түштүк аймагынан чыккан жазуучу экендигин айтууга тийишпиз. Анткени Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө адамдар зыяратка баруучу ыйык жер катары түшүнүк бере турган “мазар” сөзү түштүктө адамдын сөөгү коюлган жер, башкача айтканда, көрүстөн, бейит түшүнүгүн берет. Демек, түндүк аймакта мазар катары булак деле, таш деле, дарак деле, жадагалса кумурсканын уюгу деле түшүнүлө берсе, жана албетте, айрым касиеттүү адамдардын сөөгү коюлган жер дагы түшүнүлсө, түштүктө адам сөөгү жайгашкан жер экендиги – ушул көрүнүштүн өзү аркылуу жазуучунун кийинки сөздү адамдар багытына туштап бараткыны өзүнөн өзү түшүнүктүү болот.

Андай көрүнгөнү менен кийинки көлөмдүү абзацта дагы ошол көрүстөндөрдүн азыркы абалы, ал жерге кийинки он чакты жылдан бери элдин сөөгү коюлбай калгандыгы жөнүндө сөз болуп, анын себептери айтылат. Тактап айтканда, суу басат деген коркунуч менен үч жүз түтүнгө жакын элди ылдыйды карай чөлгө көчүрүп ийип, ошол себептен бул мазарга эл коюлбаганы айтылат. Бул жагынан төртүнчү абзац дагы толугу менен пейзажды сүрөттөөгө арналган.

Минтип отуруп, бешинчи абзацтан ары дагы 20-абзацка чейинки өтө кыска, орточо, узун, абдан узун болгон бардык абзацтарда тең жаратылыш менен табият сүрөттөлүп, ортонку абзацтарынан тартып анын койнундагы кичинекей жандыктардын тиричилиги сүрөттөлүп баштайт. Мисалы, буга көңүл бөлөлү: "... Төөнүн көзүндөй болгон ийиндер эски мазарда канча. Кай тарабын караба ойдукелди казылган арс чычкандардын жан калкалар ийиндери жер бетин бербейт; минтип отурса бу макулуктарга жер түтмөкпү; быжыраган ийиндердин оозунан кеткен издер жөргөмүш соккон желеден бетер чаташып, баш айлантат. Ошо тешиктерден сорок-сорок этип, андан-мындан чыга калган араң жан талаа чычкандар да шамалдын басыларын күтүп, жер бетиндеги бул алааматка кулактарын тикчийте түрүп, ийиндеринде бир азга кумары ырбап дымып калышат. Буга окшогон кара долу күндү заады көрбөгөндөй бу макулуктар да бирибирине күмөнжан карап, жапайы кызыгы артканын кара. Ыраңы өчкөн кер сары жерди карк айланып, одур-бодурду койбой жалаңгычтай жарпып кеткен шамалдын кай тешиктен чыгып, кайдан мындай бинээ болмогу чычкан жаныбарларды да ушу саам түшөмөлгө салып турду. Кантсе да Эне-Чычкан бу өмүрүндө буга окшогон алааматтын эче бирин көрбөдү" (2.119-120-бб.).

Жанатан берки сүрөттөлүп жаткан табият менен жаратылыштын көрүнүшү алардын бооруңдагы чычкандар менен жалгашты. Эне-Чычкан сүрөттөлгөн жетишээрлик көлөмдүү он чакты абзацтан кийин гана негизги болгон жети чакан абзацта ошол өрөөнгө келген 3-4 эркектин максаты жөнүндө баяндалып, жанатан бери өзү менен өзү болуп ээн жаткан кенен алкактын боорундагы кыбыраган адам балдары сүрөттөлүп баштайт дагы, повесттин биринчи бөлүмү аяктайт. Мунун өзү адам проблемасын, көйгөйүн айтканга чейин жазуучу узак жол басып, ошол адам баласы жаралган ааламдын койнун кеңири сүрөттөп бергендигине күбө болобуз. Адамдан башка дагы ааламдын эң кичинекей жандыктары бар экендиги, ал жандыктардын көйгөйү дагы өз кезегинде адамдардыкынан төмөн турбастыгы жазуучу тарабынан абдан терең эске алынган. Ааламдык жазуучубуз Ч.Айтматовдо бөрү темасы, С.Раевде чычкан темасы кеңири эске алынгандыгы өзүнчө маселе. Анткени биз буга чейин да кайрылып келаткан "Соцреализм" аңгемесинде дагы С.Раев негизги каарман катары чычканды эл сотуна коюп, анын "тагдырын чечкен"

Философиялык ой толгоолорго жык толгон повесттин кийинки бөлүмдөрү дагы дээрлик биз жогоруда баяндаган мааниде, ириде жаратылышты, табиятты сүрөттөө, анан гана анын фонундагы адамды сүрөттөөгө алуу аракеттеринен туруп, жыйынтыгында адам өмүрү, адам турмушу жөнүндөгү терең, мазмундуу повесттин жаратылгандыгын тастыктайт.

Жыйынтыктап айтканда, пейзаж темасы С.Раевдин чоң дагы, майда дагы чыгармаларынын бардыгында негизги тема катары атайын сөзгө алынат. Мунун өзү адам менен жаратылыш алакасын ачып берүүдө жемиштүү жыйынтыктарды берет.

***Адабияттар***

1. Паперный З.С. «Мужики» – повесть и продолжение // В творческой лаборатории Чехова. – М., 1974.

2. Раев С. Ханышанын көз жашы. – Б., 2008.

---

***К.Жаманбаева,***
*КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы*
*Тил жана адабият институту*

# КОРГОЛДУН АЙТЫШТАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Эскерүүлөргө таянсак Коргоолдун экинчи ирет эле ооз ачып айтышы **Токтогулдун уулу Топчубайды угузуп ырдаган учурашуу** айтышы болгон. Аталган чыгарма акындын алгачкы ырлар жыйнагында (1963-жылы) текст кыскача жарык көрсө, экинчи, үчүнчү, төртүнчү жыйнактарында Токтогулдун эки томдук чыгармалар жыйнагынан алынып жарыяланган. Чыгарма жаралган кезде Коргоол калк арасында кадимкидей каада күтүп, сөздү жамакташтырып ырдап, эл оозуна алынып калган кези болот. Айылдык аксакалдар Коргоолдон сураныщып, байыркынын салты менен ыр аркылуу Токтогулдун уулу Топчубайдын бул дүйнөдөн өткөнүн алыскы айдоодон келе жаткан атасына кабарлоо сунушун айтышат. Бир эсе чочуп, бир эсе элдин ишенимин актоо үчүн Коргоол бир маалыматта Беш-Таштын белинен Токтогулга жолугуп угузуу ырын ырдаса, экинчи бир маалыматта айылдын ичинде Токтогулдун өз үйүндө [1, 21-б.] угузат. Чыгарма ырчылыктын салты менен "Булбул үндүү, куш тилдүү, айнегим, Током аманбы" –деп алгач учурашуу ыры менен башталып,

"Сен алыстан келгиче,
Амандашып көргүчө.
Ноктолуу башка бир өлүм,
Токо,
Аткардык жалгыз баланды" [2, 148-б.] – деп учурашуу менен угузууну бирге өрүп угузуп, "Кайгырба калың эл турса, Канатың жалгыз Топчубай. Караңгы сапар жол кеткен" – деп кайрат айткан маңыздары саптары менен коштойт. Анда Токтогул

"Тамырына суу тийбес,
Боорго тиккен тал беле?
Өтүп кеткен дүйнөдөн, Топчубай,
Өлүмгө бүткөн жан беле?
Жабырга мени салгыдай
Менде кудайдын өчү бар беле? [2, 150-б.] – деген муңайым суроону өз бешенесинен сурап, "кайнап күйүп чок болдум, кайгылуу күнгө токтолдум" – деп ички арманын терең эмоция менен түшүндүрүп, канчалык кайгыга батып, кабыргасы кайышып турса дагы элин аман көргөнүнө каниет кылып "өлөр Топчубайм өлүптүр, элим болсо ак кепиндеп көөмптүр. Сен деле менин баламсың, эми дайыма мени менен бирге жүрүп, үлгүмдү алгын. Ырчы деген адамдын жоргосу болот деп эки жакка чыкканда такай ээрчитип алчу болду" [1, 21-б.] – деп Коргоолдун эскергени бар. Чыгармадагы башкы мазмун Токтогулдун перзенти жалгыз Топчубайдын бул дүйнөдөн бегене болгонун угузуу болсо, аны уккан атасынын жалгыз уулун жоктоо ыры менен уланган. Оозеки чыгармачылыктагы угузуу жана жоктоо ырларынын мотивинде түзүлгөн бул чыгарма акындар чыгармачылыгында байыркылардын салтын улап ырдалган Чыңгыз хандын баласы Жучинин өлгөнүн угузуп ырдаган Бука ырчынын угузуу ырынан кийин эле ырдалган бийик үлгүдөгү салттык угузуу ыры деп баалоого болот. Ошол угузуу ырынан кийин Коргоол Токтогул менен бирге «Акындардын Аксыдагы айтышы», «Коргол менен Токтогул», «Токтогул, Коргол, Эшмамбет, Бекназар, Кулукенин айтышы» деген айтыштарда ырдашып, бирде эл көңүлүн көтөрүп чымчылашып тамашалашып айтыш курса, бирде улуу сөздүн учугун улап уламалуу санат сөздөн кеп кылышат.

**«Акындардын Аксыдагы айтышында»** Жеңижок, Токтогул, Коргоолдун Аксы тарапта кайсы бир тойдо аламан байгеге чабылчу күлүктөрдү, той ээси Туратбектин сыйлыкка койгон тайлактуу төөсүн ырга кошуп эл көңүлүн көтөрүп алым сабак ырдашкан ыры. Чыгармада кордоо же бирөөнүн кемчилигин көрсөтүү өңдүү ыкмалар колдонулбайт. Токтогул менен Жеңижок алмак-салмак ыкмасында байгеге түшчү аттарды сыпаттап ырдаса, Коргоол устаттарынын ырынын уйкаштыгын бузбай "-бабалар ырдап кур алсын, буйлалуу төөнү мага бер" – деген тамаша менен ырды улантып турат. Анда устат ырчы Жеңижок Коргоолго "жаш кезинде сурапып, жайсыз жерге урунба" – деген кеңешин айтып,

"-Такшалсын деп жүрөбүз,
Таланттуу өткүр баланы.
Жеңижок менен Токондой,
Жетилсе өсөт кадамы"-деп Коргоолду топко ырдатып, ырчылыкка такшалтып, таптап жүргөнүн эскертет.

"Айтыш – акындардын талантын такшалтып аларды чеберчиликке үйрөтө турган зор мектеп" [3, 49-б.] - деп адабиятчы Ж.Таштемиров белгилегендей, айтыштагы тажрыйбалуу, таланты ташкындаган акындар менен байланыш жасоо, алар менен алым-сабакташып ырдашуу аркылуу чеберчилигин артыруу сыяктуу салттуу ыктардын Коргоолдун чыгармачылыгында да уланганын, Токтогул, Жеңижок өңдүү устат ырчылар менен ырдашуу аркылуу айтыштын салттуу жолун көндүм кылып жатканын көрөбүз. Ушул эле нукта ырдалган шакирт Коргоолду эл аралатып, көпчүлүккө тааныштырып, ыр куржунун толтуруп жүргөн Токтогул менен Коргоолдун "Бир кулак сууну байлашып, биригип эгин айдашкан" Ырысбай, Эргеш, Жумабай өңдүү айылдаштарына кезигип ырдашкан **"Токтогул менен Коргоол"** деген алым-сабагын кошууга болот. Ырда Токтогул жаш шакиртине кайрылып: "-Эки жыйын баш кошсо, ээрчип бирге барарым. Уялбастан ырдай бер, угулсун элге кабарың" – деп ыр баштап, Анжиянды аралап, азыр келе жатканын, элдин черин тараткан экөөсү тең акын экенин, каалаган жерге конорун, кааласа эрмек болорун айтып", арып-ачып келе жатканын билдиришет. Анда Коргоол Ырысбай, Эргеш, Жумабайдын ынтымактуу ишин мактоого алып ырдайт. Токтогул "эмгектенген элди ырдап, энчи берген жерди ырдаган" шакиртине бир эсе ыраазы болуп, бир эсе нуска кебин айтып ырды акырына чыгарат. Жогорудагы айтыштардан Коргоол устаттары менен эл аралап ырдап, айтыштын таалимин алып, өнөр, тажрыйба топтоп жүргөн жаш курагында, ырчылыктын алгачкы мезгилдеринде ырдалган тырмак алды үйрөнчүк айтыштары катары кароого болот.

Айтыш – байыртадан келе жаткан салттуу өнөр. Коргоол да Жеңижок менен Токтогулдун батасын алып, өзүнөн мурунку ырчылардын айтыштагы салтын улантты. Ал жөн гана айтыштын сырткы формасын улантпастан Токтогулдун жолун улап, айтыштын мазмунуна, идеясына өзгөчө көңүл бөлдү. Ошондуктан анын айтыштары карапайым калктын мүдөө талабын, турмуштук абалын чагылдырып, эл жакшыларын мактоо, элди экиге бөлүү, өз пайдасы үчүн бирөөлөрдү даңазалагандан алыс болду. Айрым айтыштарында коомго жат көрүнүштөрдү курч тили, куйкум сөзү менен безги сайгандай ырдап, осол иш жасагандарды эл алдында даңазалады. Токтогул, Коргоол, Эшмамбет, Бекназар, Кулукенин айтылуу **Тер-Жайлактагы орой болуш Осокенин** өзүнчө өргөө көтөрүп, жаш колукту Кашымканды токолдукка алган жоругун даңазалап ырдаган айтышы күбө. Коомдогу өз кызынан кичүү жаш колуктуну алып, жарда ойногон улактай алмак-салмак эки тизесинде өткөрүп ойнотур отурган Осокенин жагымсыз жосунун Коргоол Райымбек деген кадырлуу адамдын ашында

"-Карганы салып казды алдың,
Карыган болуш Осоке.
Кашымкан сулуу кызды алдың" – деп ырын баштап, какшык ыр менен кылганын элге жарыялап,

"Тек жайыңды сурасаң,
Тезек терип, от жагып.
Тепки жеген букара,
Каманга бекер туш болгон,
Кашымкан сендей бечара" [2, 150-б.] – деп Осокенин каманга теңеп, бечера букаранын айылынан чыккан Кашымкандын чалга туш болгонун "адашып чалга келдим деп, арманы ичте турганын" жарыялап какшык ырын сунат.

Ошондо Осоке менен Керимбай болуштун жини келип, атын сойдуруп, өзүн тентитип жоготмок болгондо Токтогул баш болгон ырчылар келип калат. Абалды дароо байкаган Токтогул Эшмамбет экөө Кашымканды мактап, Осокени куураган арчага теңеп ырдап коё беришет. Булардын ырын баятан эшитип турган Бекназар сүрөөнгө алып Кашымканды мактай келип, жаш аял алган Осокени мазакка алат. Ошондо Кулуке да жөн калбай «Белгиленген элине», «Бекинип бир күн барсаңчы», «Пейили бузук бул чалга», «Бекер сени кор кылбай», «Перизатым кылып алсамчы» деп ырдайт. Анда Токтогул: «Ой, арбак урган келжир, ошо дагы ыр бекен, кой ырыңды» - деп тыйганына карабай, ачуусу келип калган Кулуке Осокенин алдына барып андан бетер күчөп ырдап, «Боткосуна кызыгып, болушка тийген мас сулуу», «Мени карап күлсөңчү, кереӊ чалга кор болбой», «Кетмен-Төбө жүрсөңчү», «Кузгундарга жем болбой, Кулукени сүйсөңчү» деп ырдап салып, кара кашка букасын камчыланып дөбөгө чыгып кеткен экен.

Акындар – коомдун күзгүсү. Реалдуу турмушта эмне жакшы, эмне жаман баардыгы акындын көркөм интерпретациясы менен кайрадан калктын өзүнө жетип, жаманы болсо ырчынын какшык ыры менен ашкереленип, жакшысы болсо мактоого алынат. Жогорудагы айтышта Коргоол жаш токол алган Осоке болуштун ишинин жосунсуз экенин, “арам болуш байлардын” “эсебин жүз кой, кырк атка теңеп” букаранын кыздарынын сатылып калышын ырдайт. Бул ыры үчүн Коргоолду кандай жаза, кандай кордук күтүп турганын акын билген. Бирок, ал турмуштун ачуу чындыгын айтуудан баш тарткан эмес. Коргоолдун бул ырынан кийин абалды жакшы баамдаган Токтогул баш болгон акындардын тобу кырдаалды жөнгө салып, акынды Осокенин жазасынан куткарышкан. Демек, акындын ыры өз өмүрү үчүн кандай кооптуу болсо, ошол эле учурда ошол кырсыктан сактаган да анын ыры болгон. Мындан улам ырчылардын эл арасындагы аброю, кадыры акындын ырынын мазмуну, мааниси менен өлчөнүп, ыр өнөрүнүн, акындык өнөрдүн баасы өскөн.

Акындык өнөр байыркыдан бери карай келе жаткан салттуулуктары менен уланып келгени менен ар бир ырчынын жеке адамдык сапатына, мүнөзүнө жараша өзгөрүп турарын көрүүгө болот. Коргоол айтыштын салтын улап, пир туткан Токтогулду чыгармачылыгында өзүнчө темага айландырып, ар бир ырында эскерип жүргөнү менен “оң айтса тескери кеткен терс аяк, кежир мүнөзүнөн” [4, 192-б] пайдаландыбы же “Токтогул экинчи жолу Наманган түрмөсүнө камалып, элдин күчү менен эркиндикке чыгып, эл аралап жүргөн кезинде дагы да болсо эл ырчысына тишин кайраган душмандары анын эркин майтарып, моралдык жактан сындырып, акын менен элдин арасына ажырым пайда кылууга жан талашып аракеттенишкен котур ташын коюнуна каткан бузукулардын” [5, 45-б.].

Тилине кирдиби өз устаты Токтогулга каршы ырдайт. Бул учурда Коргоол кадимкидей ырчылыгы толуп ташып такшалып калгандай. Себеби, чыгармачылыгы чабал ырчы эч качан Токтогулга бет келип ырдаша алмак эмес. Коргоолдун “котур ташы коюнунда болгон” бузукулардын тилине кирип, байыртан келе жаткан устат-шакирт деген ырчылык жөрөлгөнү бузуп

Амансыңбы Токтогул?
Адамдан чыккан күлүксүң.
Оозуңда бир тишиң жок.
Алиге өлбөй жүрүпсүң.
Сөөк аңдыган итке окшоп,
Аштан, тойдон калбайсың.
Берешен, мартты жандайсың.
Иниң Коргоол жол тосту
Ырдашканга кандайсың” – деп тороп ырдап, “алыста айдалып жүргөндө доңуздун этин жегенсиң, эшектин этин жегенсиң” деп ырдап устатын сөзгө сөлтүк кылат. Өз шакирти, уулу Топчубайдай көрүп ээрчитип жүргөн Коргоолдон ушул кепти күтпөгөн Токтогул үчүн бул күтүлбөгөн, шылдыңдуу көрүнүш эле. Ошондо ызага муунган Токтогул комузун ала коюп, санат-насыят ырларын аралаштыра Коргоолду “көр болосуң” деп ырдаган экен.

“...Чарба малга жарашкан,
Чалкайып жаткан төр болот.
Чакчаңдап ичип алыпсың.
Сендей чала кайым көр болот.
Жайлоонун көркү өр болот.
Жайыттын көркү төр болот.
Сендей устатына асылган,
Жаман адам көр болот” [6, 83]– деп селдей каптап ырдап, Коргоолду таш тиштегендей кылат. Бир базардан кийин Коргоол күнөөсүн моюнуна алып, устатынан кечирим сураганда да Токтогул толук жибибей койгон, ал эмес “алаканын тескери жайып: - айтканың арыктан өтпөсүн, арышың алыска кетпесин, аш, тойго батпай, сарттын куураган чайканасында ырдап кал” – деп тескери батасын берген деген маалыматтар бар [7, 83]. Ошондон “Токогулдун каарына, дубайматына калдымбы, же каргыш мага тийдиби кийин бир-эки жыл өткөндөн кийин эле көзүм ооруп, ак чел болуп калды”[6, 30] – деп Коргоолдун эскерип жүргөнү бар экен. Муну кийин Коргоол шакирттерине ырдаган ырларында өкүнүү менен моюнуна алып

“Мастыкпы же жаштыкпы,
Бузуктун кирип тилине,
Каршы ырдапмын уялбай,
Үлгүсүн алган пириме.
Кечилбес кайгы салыпмын,
Токтогулдун дилине.
Жара чыгып калсачы,
Жаңылган менин тилиме.
Өткөн күндү ойлонуп,
Өкүнөм кийин күнүгө”[8, 75-б.] – деп ырдап жүрөт. “Кантсе да, бир жолку болгон жаңылуусу ырчы Коргоолдун бүтүндөй чыгармачылык жолуна, ал эмес жеке керт башына да өз кедергисин тийгизип, кийин чыгармачыл чөйрөдөн оолак болуп, өзүнө ылайык урмат-сыйдан да кеч калып олтурушу анын кыялынын чукулдугунун, бир мүнөз адам экендигин көрсөтүү менен бирге өмүрүнүн акырына чейин өз устатынын арбагына сыйынып жүрүүгө үйрөткөн [5, 47-б.]. Коргоолдун устатына каршы ырдаган ыры Буудайбек Сабыр уулунун эскерүүсүндө, шакирти Тууганбай Абдиевдин айтуусунда ырдалып жүрөт. Айрым гана саптардагы айырмачылыктар болбосо негизги ой, ырдын мазмуну бирдей.

Айтыштын түрү канчалык көп болсо айтышуунун себептери да ошончо көп экенин көрөбүз. Акындар айрым учурда эл турмушун жайынча байкоо менен жүрөгү сезген баардык нерсени чыгармаларында чагылдырат. Коргоол дагы базарда көп ырдап элдин турмушун өз жон териси менен сезип ырдап, көңүл тоюмдуу жакшы иш кылгандарын мактап ырдайт. Буга Качкынбек деген айылдык шакирти Качкынбек менен Даңканай деген досун мактап ырдашы мисал болот. Окуя 1949-жылы Кожомкулдай чоңдугу бар Даңканайды мактап ырдап калышат:

"Айдап келген турбайбы.
Алтымыш койду сатканы.
Ак пейилдүү Даңканай,
Ак иштеп малын тапканы" – деп Камчыбек мактоо ырын баштаса,

**Коргоол:**

-Токтобек менен Токтогул,
Ортосунда каттаган.
Ордендүү, барктуу Даңканай,
Аргымагын таптаган,
Айта бергин кулунум,
Даңканай чындыгында жакшы адам [2, 244-б.]" – деп мактоо ырын улантып, 500 сом алып кубанып калышат. Ошондо Момунтай деген маңка киши "охо, окшуйган сокур" – деп койгонун Коргоолдун кулагы чалып калат. Анда ырчы намысына келе түштүбү Момунтайдын сырткы келбетин келеке кыла:

Саламга неге келбедиң,
Чолок мурдуң мултуюп,
Эки бетиң тултуюп,
Кош таноодон ажырап,
Момунтай, калыптырсың шылкыйып.
Мурункудай көркүң жок.
Мурдуңду кудай алыптыр,
Бетиң менен барабар,
Түптүз болуп калыптыр" [2, 245-б.]– деп кордоп ырдайт. Бирок, Коргоолдун кордоосу Момунтайдын маңкалыгына гана багытталат. Совет мезгилине чейинки айтыштардыгыдай анын уруусуна, тек-жайына асылбастан эл алдында акынга тилин тийгизген адамдын өң-келбетине карата сын айтып ырдайт.

Коргоолдун жалпы чыгармачылыгына көз чаптырганыбызда бул ырдан бөлөк кордоо, мактоо айтыштарын кезиктире албайбыз. Акындын айтыштарынын көпчүлүгү адамкерчиликтин бийик үлгүсүн көрсөтүп, ыгы жок мактап же болбогон жерден экинчисин кордоп ырдоодон алыс. Бирок, Момунтай өңдүү айрым алабарман ырчылар катылса, катыра катыгын берип, ордуна коюп койгонун көрөбүз.

Коргоолдун ырларына караганда өтө мактап ырдап, колунда бар адамдардан белек-бечкек алып, өтө шылуундук кылган адамдарды жактырбагандай. Буга "байлыгым менен даңкым бар, Коргоол сенден баркым бар", "санап-санап берейин, сандыгым толо алтын бар" деп өзүн көтөрө чаап мактаган Калбото ырчынын бир тойдо аты чыккан Сулайман деген кишинин байгеден чыккан атын мактап, үмүтөтүп ырдаган ырын жактырбай

**Коргоол:**

"Сандыгың толо алтының,
Манапты мактап алганың.
Чакчаңдатпа Калбото,
Чачыңдан көп жалганың.
Аш берген жерге Калбото,
Алты күн жатып ырдайсың.
Алкымыңды кызартып,
Алмайынча тынбайсың" [2, 243-б.] – деп, Калботонун мактап ырдоосунун жайын ачык ырдап, колунда барын мактап, "букара-кедей тобуна, жарга конгон жорудай, жакшылыкты кылбай" турган мүнөзүн ырга кошуп калк алдында уяткарат. Акындын адамкерчиликтүү мындай сапаты устаты улуу Токтогулдун үлгүсүнөн калыптанган дешке болот.

***Адабияттар***


1. Алагушов Б. Төрт тарабы төп келген шайыр эле // К-те: Ак таңдай, залкар талант Коргол Досу уулу: изилдөөлөр / Түз.: О.Э. Капалбаев, Н.Ө.Бусурманкулов, Н.Т.Тотонов – Б., 2013. – 148 б.
2. Коргоол: Ырлар, термелер, айтыштар, эскерүүлөр. / Түз.: М.Ондошева, С.Батыркулова / – Б.: "Турар", 2013
3. Таштемиров, Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү [Текст] / Ж.Таштемиров – Ф.: "Адабият", –1989, –100 б.
4. Өмүрканов, А. Коргоол // "Жаңы Ала-Тоо", 2012, №2 (34), февраль, 190-205-б
5. Баймырзаев, Б. Коргоол Досу уулу акындык айтыштын чебери: / 5-макала/ Б.Баймырзаев // Эл агартуу – Б., – 2009, - №11-12, - 38-51-б.
6. Сабыр уулу Б. Эл шайырлары. – Ф.: Мектеп, - 1980, - 184 б.
7. Абдиев, Т. Залкарлар, замандаштар, чоңколор, айтыштар [Текст] / Т.Абдиев – Б., – 2004. – 360 б.
8. Досуев, К. Коргоол: Ырлар жана айтыштар. / Түз.: Токтосун Тыныбеков - Ф.: Кыргызстан, 1981. - 144 б.


*Гелекчи Сейфеттин,*
*ЖАМУ*

# ТОКТОГУЛ ЖАНА АШЫК РУХСАТИДЕ "КӨК-АСМАН" ТҮШҮНҮГҮН КОЛДОНУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ИЗИЛДӨӨ

Түрк дүйнөсүндө эң кеңири таралган сөздөрдөн бири көк (гөк). Бул сөз бир топ мааниде колдонулат. Жеан-Паул Роух, Абдулкадыр Ианан, Фузули Баят, Бахаеттин өгел, Яшар Чорухлу жана бир топ окумуштуулардын көз карашы боюнча байыркы түрк мифологиясында гөк:

**а)** Теңир үчүн: Көкө-Теңир (Гөк Танры).

**б)** Багыт маанисинде: Көк ( боз же ак боз)- чыгышты; ак- батышты; кара- түндүктү; кызыл түстөр болсо- түштүктү билдирет.

**в)** Табяит кубулуштарынан көктү (асманды) билгизүү үчүн.

**г)** Маанинин сын атоочу болуп көп колдонулат: Көк көз, көк таш, көк чым, көк шумкар... чымдардын көгөрүүсү / жашылдануусу ж.б. сөздөрдө көк, кээде жашыл түстүн дагы ордуна колдонулат. Биз да төкмө акындык салтында бул түшүнүктөрдүн кандайча ырга салынганын 19-кылымдын күчтүү акындары Токтогул (Кыргызстан) жана Рухсатинин (Туркия) ырларын бир мисал катары изилдеп көрүүнү чечтик. Токтогул акын көк жана фарсча асман (асман/асуман) сөздөрүн пайдаланган. Бул сөздөр кээде башка-башка, а кээде бирге колдонулган. Рухсатиде болсо көктүн арабча ( сема, фелек) жана фарсча (асуман) синонимдери дагы көп колдонулган. Айрыкча «көк» түз маанисинен сырткары, ар түрдүү мааниде колдонулуп, асман негизинен чыныгы маанисинде же болсо түспөлдөтүү/элестетүү түрүндө колдонулган.

**1.Акындарын кыскача өмүр баяны**

**1.1.Токтогул акындын өмүр баяны (1864-1933):** Токтогул, 1864-жылы күздө Кетмен –Төбөгө караштуу Кушчу-Суу айылында туулган. Ал жаштайынын эле ата-энесинен элдик оозеки чыгармаларды: жомокторду, дастандарды жана сүйүү тууралуу ырларды угуп чоңоет. Ата-энесинин таасири менен жаш кезинен тартып көркөм чыгармачылыкка умтулат. Ошентип жаштайынан байдын коюн кайтарып, мектептин жүзүн көрбөгөнү менен Токтогул оозеки чыгармачылык аябай өөрчүгөн коомдо бой жетет. Он, он эки жашында биринчи ырын ырдаганы айтылат. Бул жашта Чоңду, Эсенаман, Сартбай сыяктуу ошол доордун эң мыкты акындарынан сабак алган. Жокчулук эрте жашта эле жакасына жабышканы үчүн биринчи ырлары жокчулук, жашоонун катаалдыгы жана замандын адилетсиздиги тууралуу болгон. Улам жашы жогорулаган сайын Токтогул коомдогу адилетсиздик кудайдын эрки менен эмес, адамдардын эле адилетсиздигинен экендигин түшүнүп, аларга карата жек көрүү сезими ойгонот. Биринчи сүйүү жана биринчи толкундануусу, кусалык толгон ырларды ырдоого себеп болгон. Эл арасында, Токтогулдун Алымкан менен болгон сүйүү романы бүгүнкү күнгө чейин айтылып келүүдө. Жыйырма жаштын тегерегинде аймактын байларынан бири Дыйканбайдын ырчысы Арзымат менен кездешет. Токтогул, атакдаңктуу, социалдык абалы боюнча өзүнөн жогору турган Арзыматты узак айтышуунун аягында жеңет. Зулумга жана акыйкатсыздыкка каршы сөз айтуудан тайманбаган Токтогул,1898-жылы Андижан көтөрүлүшүнө катышкан жана элди бузган деген тыянак боюнча өлүм жазасына өкүм кылынат; кийинчерээк чечим өзгөртүлүп, жети жылга Сибирге сүргүнгө айдалат. Токтогул бир канча жылдан кийин Сибирядан качат; бирок журтуна он эки жылдан кийин кайтып келет. Сүргүндөн качып кутулат, бирок бактысыздыктан кутула албайт. Кайтып келиши менен уулу Топчубайдын өлүмү жөнүндөгү суук кабарды шакирттеринен Коргол ырчы комуздун коштоосу менен угуздурат. Токтогулдун азабы муну менен бүтпөйт. 1913-жылы кайрадан кармалып, Наманганга түрмөгө түшөт; Калык менен Эшмамбет сыяктуу акындардын кайраты жана калктын материалдык (акча) жардамы менен алты айдан кийин түрмөдөн чыгат. Ошол доордогу акындар тарабынан устат катары таанылган, аты чыккан бир канча шакирттерди тарбиялап, Токтогул мектеби деп атала турган акындар мектебин негиздеген. Коргол, Калык, Барпы, Алымкулдар ушул мектептин улантуучулары деп айтууга болот. Токтогул 1933-жылы туулган жери Кетмен-Төбөдө, 69 жашында көз жумат. Жокчулук, сүйүү, акыйкатсыздык, зулумдук, сүргүн жана туткун, мекен кусалыгы, мекенге болгон сүйүүсү, баатырдык, табият, насыят тууралуу бир топ чыгармаларды жараткан. Токтогулдун үнү өтө тунук болгон. Аны уккандар көз жашын тыя алган эмес. Ошондуктан эл акынга эл булбулу, тоо булбулу деген наам беришкен. (Токтогул, Т. I, 1968: 5-21; КАТ, Т. V, 2002: 339-352; Станалиев, 2007: 3-21).

**1.2. Рухсати акындын өмүр баяны (1835-1911):** XIX кылымдын эң күчтүү акындарынан бири. Сивастын Деликташ районунан болгон. Ошондуктан аны Деликташлы Рухсати деп айтышкан. 12 жашында атасынан айрылат. Жетимдик жана жокчулук аны жаш кезинен иштөөгө мажбур кылат. Бий жана байлардын колунда кызмат кылат. Жашоосу жокчулук менен өтөт. Доордун залым жана адилетсиздигине каршы ыр жазганынан кээде камалган учурлары дагы болот. Негизинен диндар адам (диний ишенимдери күчтүү) болгону үчүн кыйынчылыкка карабастан кудайга ишениминен кайткан эмес. Кийинчерээк, өмрүнүн акыркы учурларында өз айылында молдолук кызмат аткарып жүрүп көз жумат. Сөөгү өзүнөн мурда көз жумган, төкмө акын жана шакирти болгон баласы Минхажинин жанына көмүлөт. Ал негизинен жокчулук, сүйүү, диний-суфийлик, насыят ырлары жана ошондой эле сатиралары менен белгилүү болгон. Рухсатиге таасирленген акындар көп болгондуктан, Рухсати мектеби деп аталган акындык мектептин негиздөөчүсү деп эсептелет. (Кая, 1994: 107-198)

**2.Акындарын темага байланыштуу ырларынан мисалдар**

Токтогул акын көктү негизинен сын атооч жана салыштырууларда колдонгон. Анын «Күлүйпа, Күлжар ашык жар» деген ырында «Көк дөбөдөн эл көчөт/ Көп арал дайра суу кечет/ Көңүлүм билген ашык кыз/ Күйгүзгөн дартың кимге өтөт?» (Токтогул, 1-том, 1968: 25) ыр саптарында көк, бир жагынан дөбөнүн сын атоочу болгону менен, экинчи жагынан, каймана мааниде да чагылдырылган. Ашылбас тоо дөбө болбойт (бул жерде сөз сүйүү тууралуу болсо, анда проблема, тоскоолдукту айланда болгондор болбойбу) деп, сүйүү ишинин чарасын суранууда. Айрыкча «Түз жолуңан чыкпагын» ырында «Көк көгүчкөн» (1968: 64), «Жерди көргөндө» ырында «көк жайлоо» (1968:144), «Азыраак чыкты арманым» ырында «Көк кагаз» (1968:162), «Болобу» ырында «Көгөргөн муз» (1968: 45) саптарында көк тууралуу сөздөр түстү (жашыл, боз...) билдирген. «Эңсеген элим аманбы» ырында «Көк келтекке жыгылып/ Кыйрагандар аманбы?» (1968:150) ыр саптарында сүргүндөн кайтып келаткан Токтогул эли менен кабардашат. Көк келтек сөздөрүндө көк, сын атооч болгону менен жабыр тарткан, бай-манаптын колунда эзилген элдин да символу болгон. Анткени ал доордо келтек (күч), элди бийлегендердин колундо болгон. Үстүнө көк келтек дегенде маселе дагы да катмарланат.

Кыскасы көк келтек жегендер дегенде карапайым эл эске келет. Анын «Буурул болуп карыдым» ырындагы «Көк ала болуп карыдым» (1968:183) саптарында болсо көк өтмө маанисинде колдонулган. Чачтарына ак түшүп карыганын айтууда. Анын "Кыйындык түштү башыма" ыры, сүргүн ырларынан. Бул ырдын бир жеринде "Аман калчы, кайран жер/ Көк-Мойнок, Шили, Кыркырак" дейт. Көк-Мойнок эки аттан турат. Көк бул жерде сын атооч болгону менен ошол мааниси менен кошо жердин аталышы да катары да кызмат өтөөдө. Кыскасы, көк оң-терс, өтмө, салыштыруу милдеттеринен сырткары жайларга же жерлерге да (жайлоо, тоо ж.б) ат болгон. Асман менен байланыштуу ыр саптары дагы аз эмес. Анын «Үлгү ырлар» ырында «Ак шумкар учса асманга/ Амалың болсо үндөп ал» (1968: 79) саптарында асманды түз маанide колдонсо, «Жетимдер жөнүндө» деген ырында «Бай уулу менен жетимдин / Асман жердей арасы» (1968: 274) саптарында салыштыруу максатында колдонгон. Айрыкча акын, «Дүнүйө» ырында асман менен көк сөздөрүн бирге колдонгон: Келериңде дүнүйө/ Асмандагы күндөйсүң/ ... Келериң де дүнүйө/ Көк болот шамшар-канжарсың. (1968: 64-66). Жогоруда асманды оң (түз) мааниде, көктү болсо сын атооч катары колдонгон. Токтогулдун "Болосуң акын" ырында асманды (оң формада көрүнүп турса да) негизинен өтмө (каймана сөз) мааниде колдонгон: "Асмандан тийбей күн болбойт/Азап түшбөй адамга/Караңгы кирип түн болбойт" (1968: 54).

Эми, Рухсати акынга өтсөк болот. Рухсаати көк (гөк) жана асмандын (асуман) жанында, арабчадан келген "сема" жана "фелек" түшүнүктөрүн дагы көп колдонгон экен. "Сема" жана "фелек" ислам дининин таасири аркылуу адабиятыбызга кирген сөздөр. Акын Рухсатинин ырлаында көк, асман, сэма жана фелек сөздөрүнүн бардыгын көрүүгө болот. Рухсати өзүнүн бир топ ырларында өзүн тарикат (секта) мүчөсүндөгү акын экендигин билдирген. Анда акындын ушундай ырлары менен баштасак. Акындын, «Жети кабат жер, көк аалам курулду Бисмиллах менен/ Бардык заттар жаралды Бисмиллах менен» (Кая, 1994: 245) саптары жаратылышка жакындан байланыштуу. Рухсатинин, дүйнөнүн убактылуу экендигин, өлүмдүн чындык экенин түшүндүргөн бир ырында мындай айтылган: «Көктөн аят аят Куран түшүрдү/ Оорулууларга даба кылдырды/ Дүйнө калса Мухаммедке калат эле/ Ал да кутулган жок өлүмдүн колунан» (1994: 391). Бул саптарда пайгамбар дагы өлүмдөн кутула албагандыгы таасирдүү айтылган. Бул саптын биринчи сабында көк сөзү орун алууда жана Алланын буйруктары түшкөн мекен катары көрсөтүлгөн. Башкача айтканда ыйык мекен айтылып, бул түрктөрдүн исламдан мурдагы ишениминде дагы болгон. Акындын бир топ ырында көк сөзү дагы түз маанини чагылдырган түрдө колдонулган. Анын «Гүрлеен (күркүрөгөн) көкпү же соккон желби/ Араб аты акырынан белгилүү» (1994: 224) саптарында, гөк гүрледи (көк күркүрөдү) деп билебиз. Кыргыздар күн күркүрөдү деп айтышат. Булуттардын кагылышуусунун натыйжасында пайда болгон абал эки өлкөдө тең **гүрлемек/күркүрөө** этиши менен салыштырылууда. Рухсати башка ырында «Кээде учуп чыгат көккө/ кээде жамгыр сыяктуу жаайт жерлерге» (1994: 277) деп айтканы бул – көңүлү. Бул жерде көккө чыгуу фразеологизми көңүлдү бурат. Бул фразеологизм менен көңүл ар түрдүү калоо-тилек ичинде экенин айтат. Бул ырдын жалпысында акын, негизинен көңүл сөзүн колдонуп, ичиндеги психологиялык абалды чагылдырууда. Акын Рухсати жакырчылыктан эл-аман деген акындардын бири. Анын «Сени жерге урайын арамзаа жакырлык» деп башталган ырында «Петрушка атактуу, ашкөк тилге келе/ Арамза көк пияздын түстөрүн кара» (1994: 319) саптарында көк пияз, аты аталган бир топ тамак жана жашылчалардын бири. Акындын азапталган нерседен биринин көк пияз (гөг соған) болуусу, акындын кандай жакырчылык ичинде болгонун көрсөтөт. Көк пиязды ошончолук жакшы түшүндүрүүдө, акын канча күндөн бери оозуна бир тиштем салбаган түрдө көрүнөт. Асман (асуман) сөзүнө келсек, Түркия төкмө акындары асман сөзүн өтө аз колдонгон. Рухсати акындын «Мени коюп башкаларга дос бололу/ Асуманга чыкты үндөр сулуулар» (1994: 461) саптарында асман түшүнүгү орун алган. Ыр саптарынан түшүнгөндөй Рухсати сулуулардан арызданууда. Рухсати сулуулардын башкага көңүл буруусуно чыдай албай кыйкыргандыгы үчүн кыйкырык үнү асманга чейин чыккан. Бул жерде асман зардыктын даражасын көрсөткөн. Рухсатинин башка ырында сема (асман) түшүнүгүнө туш келебиз. Анын, төмөндөгү ыр саптары жаратылыш менен байланыштуу: "Устунсуз тургузуу семаны түп түз/Төшөө анын жүзүнө түрдүү жылдыз/Түндү түн кылуу, күндүздү күндүз/Айды, күндү тегеретүү сага тишелүү" (1994: 504).

Жогоруда Теңир Тааланын теңсиз күчү жана кудуретин сема, жылдыз, түн-күн, ай жана күн сөздөрү менен түшүндүрүүгө аракет кылган. Рухсати аларды жараткандын күчү деп билдирет. Рухсати жөнөкөй бир сөз менен асманды (семаны) таяксыз кармап турган күчтү айтып, семанын дагы канчалыкты чоң жана кеңири экени баяндалган. Рухсати акындын фелек (асман) жөнүндөгү ырларынан да мисал келтире турган болсок, Рухсати «Чарк-ы фелек сыяктуу айланат/ күндөр, айлар, жылдар да» (1994: 244) саптарында фелектин чаркы (тегерек), асмандын тегереги сөзүн түз мааниде колдонгон сейрек төкмө акындардан. Рухсати бул ырларда канчалык дин тууралуу айтса дагы, бир топ ырында көпчүлүккө кошулуп фелекти, тагдыр таалай маанисинде колдонуп, анын үстүнөн арыздана баштайт: «Фелек бүктү кат кат кылды белимди» (1994: 299), «Фелектин колунан эл-аман Алла» (1994: 301). Рухсати акын, фелек (тагдыр) түшүнүгүн ушундай маанилерде колдонуп, таалайтагдырына арызданып, ичинде болгон абалга фелекти себеп көрсөткөн.

Жыйынтыктап кетсек, Рухсати (Түркия акындарынын жалпысы эле) сема жана асманды түз мааниде, фелекти болсо негизинен өтмө мааниде колдонгон. Бул сөздөр араб-ислам маданиятынын таасири менен көктүн синонимдери катары адабият жана күнүмдүк жашоодо колдонулуп келаткан сөздөр. Рухсати сыяктуу Түркия акындары жалпысынан көк сөзүн түз мааниде колдонсо, кээде кыргыз акындары сыяктуу сын атооч катары да колдонушкан. Токтогул (кыргыз акындары жалпысы) болсо көк сөзүн негизинен түз маанисинен башка колдонушкан. Бүгүн дагы адамдар, көк ордуна көбүнчө асман сөзүн колдонушат.

А түгүл көк сөзү эл арасында жогоруда биз көрсөткөн маанилерден сырткары да көп колдонулат: «Көк бала» жаш бала; «көк бет», «көк мээ» акмак, акылсыз, жинди маанисинде колдонушат. Булардан көк сөзүнүн канчалык мааниге бай экенин көрөбүз (кыргыздар 20-кылымдын башына чейин көчүп-конуу жашоосун улантканынан, Туркияга караганда араб-ислам таасирине анча кирбептир жана көк түшүнүгү кайсы бир деңгээлде ишенимге байланыштуу болгондугу да анын маанилик жактан байышына таасир этсе керек). Айрыкча көк, географялык жана жер аты болуп да көп колдонулат. Мисал Гөкчеада, Гөкчели, Гөкбел, Гөктере, Гөкова, Гөкяр (Түркия); Көк-Жаңгак, Көк-Башат, Көк-Төбө, Көк-Зоо, Көк-Ойрок, Көк-Кыя (Кыргызстан)... Эми, гөк/ көк (Гөктере/ Көк-Төбө) сыяктуу этимологиялык, фонотикалык жана морфологиялык бирдейликтер жана жакындыктар эки акындын, жалпысынан кыргызстан жана Туркиянын тектеш эл болгонун, төкмөлүк салтынын бир тамырдан өсүп келгенин дагы бир жолу тастыктап турат. Ошондой эле акындардын өмүр баяндары жана трагедиялык жагдайлары өтө окшош болгону бул эки элдин ар тараптан жакындыгын көрсөтөт.

***Адабияттар***


1. Баят, Ф., 2007, Түрк Митоложик Системи, Жилт (Том) 2, Истанбул, өтүкен Яй.
2. Баят, Ф., 2011, Түрк Митоложик Системи, Ж.1, Ист., өтүкен Яй.
3. Кайа Д., 1994, Сиваста ашыклык геленеги ве Ашык Рухсати, Сивас.
4. Кыргыз Адабияты: Акындар Поэзиясы, Т. III, 2012, (Түз.: Б. Мусеева), Бишкек, "Кыргыз Энтсиклопедиясы" Башкы Редактсиясы.
5. Кыргыз Адабиятынын Тарыхы: Кыргыз Эл Ырчылары, Т. V, 2002, (Түз.: А. Акматалиев ж.б), Бишкек, Коллектив-Манастануу.
6. Өгел, Б., 2006, Түрк Митоложиси, Ж. 2, 3. Баскы, Анкара, ТТК Яй.
7. Роух, Ж.П., 2012, Түрклерин ве Моголларын Эски Дини, Истанбул, Кабалжы Яйыневи.
8. Станалиев, С., 2007, Залкарлар сүйгөн сулулар, Бишкек, Бийиктик.
9. Токтогул, Т.1, 1968, (Түз: Ж. Таштемиров), Фрунзе, "Кыргызстан"
10. Чорухлу, Яшар, 2006, Түрк Митоложисинин Анахтарлары, Истанбул, Кабалжы Яйыневи.


---


***К.Жаманбаева,***

*КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту*


# КОРГОЛ МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН АЙТЫШЫ

"Кыргыз элинин тээ байыркы замандарда калыптанган оозеки адабиятынан башат алып, XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында өнүгүүнүн бийик деңгээлине көтөрүлүп, бүгүнкү күнгө чейин өсүп-өнүгүп, азыр да элдин сүймөнчүк өнөрүнө айланып жашап жаткан айтыш өнөрү"[1, 79-б.] тээ абалтан башталган ырчылык өнөр менен кошо пайда болуп, анын калыптануу кезеңдеринде калыптанып, өз нугуна түшкөн. Белгилүү казак окумуштуусу Е. Ысмайылов "Айтыш, жыйын, топ-импровизатор акындын сынга түшкөн майданы" десе, "Айтыш көпчүлүк элдин алдында акындын акындык күчүн, дараметин сыноочу чоң сыноо, алардын ырчылык жолундагы өнөр салыштыруунун, таланты сыноонун эң кыйын ашуусу" – дейт окумуштуу С.Байкожоев [49]. Демек, айтышка түшкөн акын куду күч сынашчу баатырларча көпчүлүк көрөрман элдин көз алдында өнөр таймашын көрсөтүшөт. "Эл айтышка түшкөн эки ырчыга өнөрүн жалгыз көрсөтүп жаткан өнөрпозго жасагандай жайынча мамиле кылбастан, кудум биринен-биринин күчү артык көрүнүп, шымаланган баатырларды карап тургандай алардын ар кыймылын, психикалык ар кырдаалын көз жаздымда калтырбай, адам эркине баш ийбей чыга келчү ышкылуу, кумарлануу, моокумун кандырган албан эргүү, чоң жоопкерчилик менен мамиле кылышкандыктан анан калса театр, кино, цирк жок кезде бул өңдүү тамашалар сандаган элдин башын бириктирген кандайдыр бир оюн-зоок кеченин, театрдын милдетин кошо аткарган – синкреттик искусство болгондуктан, айтышка түшкөн ырчылар төкмөлүк өнөрдүн майда деталдарына чейин, бар тарабы менен көзгө даана урунган. Алардын чабалдыгы да, ортозаардыгы да, же мыктылыгы да эл тарабынан сыдыргыдан өткөндөй калыс бааланган"[1, 35-б.]. Мына ошондуктан айтыш акындардын акындыгын, оюнун бийиктигин, потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн сыноочу – чоң сыноо болгон. Айтышка ар бир эле сөздү жамай билген куру жамакчылар чыгууга батына алган эмес. Ал үчүн ырчылыктын миң сырлуу татаал табиятын өздөштүрүп, көп убакыт бою чыгармачылыктын түйшүктүү жолунда алектенип, өнөрү бышып-жетилип калган учурунда айтышка түшүп, талантын эл алдында сынашкан. "Эл чогулган жыйындарга, аштойлорго бала күнүнөн аралашып, ар түрдүү акын, өнөрпоздордун өнөрүн көрүп, өзү дагы ошолордой болуп ыр нөшөрүн төккөн ырчы болууну самаган жаштардан тартып, чыгармачылыктын туу чокусун багындырган аксакал акындарга чейин ушул айтыш өнөрүн айланып өтүп кете албай андан өздөрүнүн багын сынап, өзгөчө талант даарыгандары чоң атак-даңкка жетишүү менен катар акындык өнөрдүн ардактуу адамы болуп калса, айрымдары көздөгөн маарага жетпей, табынан өксүгөн күлүктөй ара жолдо баш чайкап кала берген[2, 38-б.]. Өзгөчө чеберчиликти талап кылган айтыш өнөрү айрым акындарга атак-даңк алып келип, акындар арасында аброй тартууласа, айрымдарына шылдың, мазак тартуулайт.

Коргоол Досу уулу дагы бала күнүнөн тарта комузчулук менен ырчылыкты чыгармачылыктын эки канатындай күүлөп, өнөр жагынан төкмөлүк жагынан бир топ такшалып, өмүрүндө отузга чукул акындар менен айтышып, кээде алым сабакка өтүп, же учурашуу иретинде ырчылыкты сынашып өмүрүнүн акырына чейин бул өнөрдү улантып келди.

Коргоолдун чыгармачылыгы тууралуу эскерүүлөрдү, ырларына баам салсак устаты Ниязалыдан комузчулук өнөрдү үйрөнүп Аксы тарапта жүргөндө айтылуу Сейилкандын ашында **Жеңижок ырчы** менен алгач ырдашканы тууралуу айтылып жүрөт. Бул ыр акындын алгач жарык көргөн (1963–1981-ж.) китептерине кирбей калган. Кийин бир топ толукталган түрүндө, жеткиликтүү көлөмдө 1993-жылы жарык көргөн үчүнчү китебине, 2013-жылы жарык көргөн төртүнчү китебине кирген. Акындын алгачкы Жеңижок менен айтышы А.Акматалиев, А.Жусупбеков, М.Мукасовдор "Залкар акындар" сериясынын алкагында жарык көргөн "Жеңижок" (1999) деген жыйнакка өзүнчө вариант менен жарык көрүп, ушул эле текст А.Жусупбеков түзүп, баш сөзүн жазган "Жеңижок" деген ырлар жыйнагына киргизилген. "Залкар акындар" сериясынын алкагында 1999-жылы жарык көргөн "Жеңижок" деген жыйнактын баш сөзүн жазган М.Мукасовдун "азыркы басылыштагы материалдардын басымдуу көпчүлүгү фольклорчу - А.Жусупбеков тарабынан жыйналган"[3, 10-б] – деген пикирине таянсак, А.Жусупбеков тарабынан табылган "Жеңижок менен Коргоолдун учурашуу айтышынын" бир варианты катары кароого болот. Себеби, аталган эки китепте (1993, 2013-ж. жарык көргөн) жарыяланган ыр бирдей тексте берилсе, А.Жусупбеков түзүп жарыялаган китептерде такыр башка. Коргоолдун жыйнактарына жарыяланган "Өтө акынга жолугушуу" деген Коргоол менен Жеңижоктун учурашып ырдашкан ырынын 1902-жылы күз айларында Аксынын Малкалды айылында айтылуу Алымкан сулуунун атасы Субан бийдин тоюнда ырдашкандыгы тууралуу кириш сөзүндө ырдашуунун кайда, качан, кайсы жыйынды өткөндүгү тууралуу так маалымат берилет. Анан да Кетмен-Төбөдөн Аксыга келип Ниязаалыдан комузчулуктун сырларын үйрөнүп жүргөн Коргоолду устаты "тойго аркы Кара-Суудан Жеңижок да келет. Кыябы келсе аны менен учурашып, өнөрүңдү сынаталы" деген жакшы тилеги менен алып барып учураштырып ырдатып, "акын болор шыгы бар бала, көңүлүнө төп келсе ээрчитип жүрүп ырдан сен үйрөтсөң, комуздан мен үйрөтөйүн" –деп тааныштырат. Женижок алгач ырды алып

"- Ылайык көрсөң жат бала,
Ырдап берем аз гана.
Көңүл коюп угуп тур,
Көөнүңдү бурбай башкага"[4, 136-б] –

деп ырын баштап, жаратылыш, дүнүйө, ааламдагы жакшы менен жаманды бирин-экинчисине карама-каршы коюп салыштырып көпкө санаттап ырдап "акылдуу болсоң жаш бала, ажыратып билип ал" деген кеңешин айтып, "толкуну катуу өнөрпоз Токтогул" жанында жүргөнүн, "Ниязаалы комузчу, айылда коңшу турарын", "Кайсы бир жылы жайында Эшмамбет келип көрүшкөнүн" айтып "Кошулуп жүрсө шайырга, кор болбой турганын" эскертип, Ташкара байдан маталып, Таластан келген тарыхынан сөз баштап узун сабак ыр ырдап "жакшы болсо өнөрү, жанындай жакшы көрөрүн", "ботосуз жүргөн кезинде, бала бото болуп кетерин" айтып ыр кезегин узатат. Анда апкаарыган жаш бала, тобокелге салып көздү жуумп ырын баштайт. Ырчылыктын салтын улай Коргоол өзү тууралуу ыр баштап, Ниязаалыны ээрчип тойго келгенин, Токтобектин сайында төрөлүп, чоңойгонун, Өтө абасына кайрылып "кадимкидей каруууга кире элек кунан" экенин айтып "кунанына жардам бер, жол жоргосун салууга, атайын келдим айылдан, өзүңдөн нуска алууга", "кошулсам деген тилек бар, комузчу, ырчы, шайырга"- деп ырчы болуу тилегин билдирип, "асыл жанды багууга, абалы начар кедей экенин", "ысмын койгон ырымдап, Коргоол деген бала" экенин айтып, салт боюнча

"Саруу, багыш аралаш,
Элине салам айтамын.
Жемишиң көп кең Аксы,
Жериңе салам айтамын" [4, 147-б] –

деп элге, жерге салам ыры менен жыйынтыктайт.

А.Жусупбековдун вариантында учурашуу ыры кайсы жерде, качан, кандай абалда өткөндүгү тууралуу эч сөз болбойт. Ырдын тексти дагы кыска келип, "айтышарга теңи жок" Жеңижок акындын аалам, дүйнө тууралуу ойлору дагы кыска-кыска келки түрүндө берилип, стилдик жактан бир аз башкача түзүлгөн. Ырда кезекти алгач Коргоол алып учурашып ырдаган соң "жергебиз Кетмен-Төбөдөн, жетик акын Өтөгө, жетине албай жөнөгөм" – деп Өтө акынга жолугуу үчүн Коргоол өзү келгендиги тууралуу эки ача күдүк ой айтылат. Коргоол тууралуу эскерүүлөрдүн көбүндө Өтө акынга Коргоолду Ниязалы алып келип таанышытырып, ырдатып, сынатканы тууралуу маалыматтар бар, биринчи варианттагы чыгарманын мазмуну да ушул нукта айтылат. Биздин оюбузча, Жеңижок менен Коргоолдун учурашуусу комузчу Ниязаалынын көмөгү менен Субан бийдин тоюнда болгон деген пикир чындыкка жакын жана Коргоолдун жыйнактарындагы (1993, 2013) вариант негизги деп атоого болот.

Гегемония түшүнүгү, коомдогу социалдык, саясий мамилелерди изилдөөгө арналган теория. Ага ылайык, кайсы бир социалдык катмардын экинчи бир социалдык катмар үстүндөгү таасири гегемония мүнөзүндө болот. Алсак, капиталисттик коомдо буржуй менен жөнөкөй жумушчунун ортосундагы мамиле гегемониялык катары сыпатталат. Социалисттик төңкөрүш менен бирге буржуй гегемониясы менен жумушчу классынын гегемониясы орун алмашкан. Бирок гегемониялык көзөмөл физикалык түрдө аскердик жана саясий же жаза аткаруу түрүндө болбой, билим берүү аркылуу ишке ашырылмакчы. Грамсши гегемония түшүнүгү аркылуу бири-бирине чырмалышып байланган жана ошол эле учурда бирине-бири көз каранды үч чөйрө арасында аналитикалык ажырымды ортого коет. Буларга «жарандык коом», «саясий коом», «экономикалык түзүлүштөр» кирет. Экономика чөйрөсүндө гегемония фабрика, кеңселерде, мамлекеттеги гегемония мамлекеттик жана расмий органдарда, ал эми жарандык коомдогу гегемония медиа, билим берүү, искусство жана дин аркылуу ишке ашырылат. Жарандык коомдогу гегемонияда, коомдун кайсы бир катмары же тобу башкаларга үстөмдүк кылууну көздөп жол издеп баштайт. Ал арада, жарандык коомдук түзүлүштөр, анын ичиндеги медиа «мыйзам же эреже чыгаруучу» катмардын баалуулуктарын таркатууга жана популяризация кылууга ынтызар. Калктын төмөнкү катмары да өз кезегинде эреже чыгаруучу катмардын баалуулуктарын өзүнүкүндөй кабыл алып, сиңирет. Жогоруда айтылган үч чөйрө биринен-бири көз каранды болгонуна карабастан, эреже чыгаруучу катмарынын бийлигинин алдында болушат [5].

Ошентип, бийлик колунда болгон үстүңкү катмар, гегемониясын идеология аркылуу ишке ашырмакчы. Белгилей кетчү нерсе, башкаруучу элита коомчулукту тартип сактоочу органдар, армия жана мыйзам сыяктуу көзгө көрүнгөн коркутуучу системалар аркылуу башкаргандан тышкары, билим берүү системасы, медиа, үй бүлө түзүлүштөрү аркылуу гегемониясын жайылтат. Муну өз учурунда идеологиянын ортомчулугу менен иш жүзүнө ашырат.

Грамсшинин теориясындагы гегемонияда негизинен жарандык коом чөйрөсү тууралуу сөз болмокчу. Окумуштуу гегемония түшүнүгүн көбүн эсе социалдык топтордун мамилеси алкагындагы идеологияга басым жасап караган. Ал эми идеология «өндүрүлгөн» эң маанилүү чөйрөлөрдүн бири медиа экендиги талашсыз.

Гегемониянын башкы стратегияларынын бири «жүйөөлүү маани » ыкмасы болуп эсептелет. Ага ылайык, элита катмарынын үстөмдүгүнө коомчулук өз ыктыяры менен баш ийгендей идеология жаңыдан иштелип чыгып, мыйзамдаштырылат. Бул учурда башкарган катмардын үстөмдүгү жалпы коомчулук тарабынан каршылыксыз кабыл алган сыяктуу образ жаралат. Медиа, коомчулукта туруктуулук менен идеология таратуу аркылуу өзүнүн гегемониялык милдетин аткарат. Өзөктүү идеологиялык курал деп эсептелинген медиа башкаруучу элита тарабынан көзөмөлдөнөт .

Бир жагынан алып караганда ЖМК менен мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн идеологиянын кызыкчылыктары карама-каршы, ал эми экинчи тараптан экөө тең дайыма табигый союзга биригүүгө умтулушат. Журналисттер материалдарын саясий чөйрөдөн алып элге сунса, өз кезегинде мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу миллиондогон элди өз саясатынын мыктылыгына ынандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Образдуу айтканда, ЖМК саясатты рекламаласа, саясат журналисттерге «жем» таштайт. Мындай кырдаал батышта да, чыгышта да бирдей деңгээлде экендигин байкоого болот. Ошентип, мамлекеттеги саясат дайыма медианын көз алдында, ЖМКнын эң маанилүү жаңылыктары боло бермекчи. Ал эми өз учурунда саясат ар дайым идеология боекторуна боелот. Мунун негизинде, медиа мамлекеттик идеологияны жумурай журтка жайылтуу милдетин аткарып жатып, «керектүү» коомдук пикир жаратуу ыкмаларын колдонууга мажбур калат.

Философиялык адабияттарда идеологиянын социалдык табиятын ачып берүүдө В. П. Васильев ««пропаганда» түшүнүгү менен «идеяларды жайылтуу жана идеяны массанын аң сезимине киргизүү» түшүнүктөрү көп учурда бирдей мааниде колдонулат» деп жазат. Пропаганда маанисине карата көбүн эсе «агитация» катары айтылып жүргөнү бар. Бул жагынан алганда, В. П. Васильев мамлекет идеологиялык функцияларын ишке ашыруу максатында агитатор, пропагандисттерди «башкы актер», ал эми массалык маалымат каражаттарын идеологиялык эң башкы курал катары пайдаланат деп белгилеген.

«Эзелтен идеологияны элге жайылтууда мамлекеттин же башкаруучу тараптын көптөгөн куралдары болуп келген. Андай куралдын эң эффективдүүсү жана идеалдуусуна массалык маалымат каражаттары кирет. Ар бир медиадагы көргөн, окуган, уккан кабар идеологиянын боекторуна боелгон»-, дейт француз улуу ойчулу Альтюссер [6].

Советтер союзу кулаган соң идеологиялык вакуумга кабылган Кыргызстанда идеология темасы кээде коомчулуктун талкуусуна коюлганы менен илимий негизде терең изилденбегени айкын. Болуп көрбөгөндөй күчкө ээ маалымат заманында жалпыга маалымат каражаттары, адамдардын кайсы бир кырдаалга карата болгон көз караштарын пайда кылып, ал түгүл, алар өз тажрыйбасындан тышкаркы ар бир кырдаалда медиага ишенип, анын оюнан көз каранды болуп калгандыктарын моюнга алуу керек.

Гласгоу университетинин медиа изилдөөчүлөрү, медиадагы кайсы бир кабар менен идеологиянын түздөн-түз байланышы бар экендигин ырастап, медиа өз аудиториясына кайсы бир «окуя» тууралуу көз караш жараткандыгын далилдешкен. ММК өз аудиториясына идеологияны кабар катары берет. Ал өз учурунда коомдогу ой-пикирди гана жаратып тим болбостон, кандайдыр бир иш-аракетке түрткү берген күчү бар.

Мындан улам, мамлекеттик же менчик болобу, жалпыга маалымдоо каражаттарындагы идеология кандай түстөр менен боелгондугун изилдөө замандын талабы. Ал эми мамлекеттик медиалардын милдети бийликтин саясатын жүргүзүү экендигин эске алганда, мындай изилдөө эки эсе кызыгууну жаратмакчы.

***Адабияттар***

1. Shoemaker, Pamela ve Reese, S. D. (2002), “İdeolojinin Medya İçeriği Üzerindeki Etkisi” Medya Kültür Siyaset, Der: S. İrvan, Ankara: Alp Yayınevi, s. 127-181.

2. Dursun, Çiler (2001), TV Haberlerinde İdeoloji, Ankara: İmge Kitabevi, s.38.

3. Van Djik, T.A. 1999 “Söylemin Yapıları ve İktidarın Yapıları”, Medya İktidar İdeoloji, Çev. M. Küçük, Ark Yayınları, Ankara, s. 331-396

4. Burton, G. 1995 Görünenden Fazlası, Çev. N. Dinç, Alan Yayınları, İstanbul s.46.

5. P. Routledge (1993). Terrains of Resistance. Westport: Preager, s.29’dan aktaran O. Ozer (2001). Kazanılmış Hakkın Tersine Çevrilmesi: 1 Mayıs 1996 Olaylarının Türk Basınında Sunumu. Ankara: G.Ü. İletişim Fakültesi Basımevi, s.113

6. ALTHUSSER, Louis. (1991), İdeoloji ve Devletin İdeolojik Aygıtları, Çev: Y. Alp, M. Özışık, İstanbul: İletişim Yayınları.

***Жаныбек Абидетегин,***
*Кыргыз-түрк “Манас” университети*

# КЫРГЫЗ БААЛУУЛУКТАРЫ ТИЛ – УЛУТТУН ЖҮЗҮ

Кыргыз баалуулуктарынын башаты бул – кыргыз тили. Ал тил менен сүйлөйм, ырдайм,окуйм,-жазам. Жашоомдогу милдеттеримдин бири ал тилди татыктуу алып жүрүү, ал ыйык мурасты урпактарга татыктуу жеткирүү.

Бул жарык дүйнөгө ыңалап келгенде жанында сени кучагына алып,мээримин төгүп энең турат. Ыңалап көзүңдү ачсаң эң оболу энеңди көрөсүң,ошондогу алгач оозуңан чыккан сөз «эне» деген сөз болот. Ошондуктан ал-эне тил. Ал баа жетпеген балдай тил,сен балдай тилде сүйлөй бил.Кийин эс тартып чоңоюп баратканыңда оозуңан таттуу сөздөр чыга баштайт. Ошол таттуу сөздөрдүн башталышы «эне» деген сөз.

Бөтөн элдин тарыхын, маданиятын, каада-салтын, үрп-адатын тааный турган болсок алгач анын тилин билүү керек. Тил – ал элдин тарыхын,маданиятын,-каада-салтын таанып билүүдөгү эң негизги курал. Б. а. тил – ал элдин жүрөгүнүн эшигин ачаар ачкыч.

Ал ачкычты колго албай туруп жүрөгүнүн эшигин ача албайбыз. Тил – бул улуттун жүзү. Биз жүзүбүздү кир алып жүрсөк, жаныбыздагы адамдарга ыңгайсыздыкты туудурат. Ошол сыңары биздин жүзүбүз болгон эне тилибизди таза сактоого умтулуу керек. Антпесек эне тилибиз башка тилдин алдында эне тилдик касиетин жоготуп, алар үчүн оңтойсуз абалды жаратышы мүмкүн. Башка улуттун өкүлү биздин маданиятыбызды, тарыхыбызды,каада-салтыбызды тааный турган болсо, билгиси келсе б. а. жүрөгүбүздүн эшигин ача турган болсо ачкычыбызды анык ачкыч катарында билүү керек т.а. эне тилибизди эне тил деп таануу (признать) керек. Эми кыргыз элимдин эне тили – кыргыз тил.

Тарыхка көз чаптырып карасак кыргыз эли б.з.ч. 201-жылдан бери жашап келе жатат. А мен биздин замандын 1986-жылынан бери жашап келе жатам. Элим мага чейин жашап келген,мен жарык дүйнөгө келгенде да жашап жатат, мен дүйнөдөн кеткенден кийин деле жашай берет. Демек, элим менсиз жашай алат,мен ансыз жашай албайм. «Тилим бар да улутмун. Тилим менен улукмун»- деген сыңары эне тилим бар элим бар, элим бар мен бар. Анда мен мендеги «мендикти» сактоо үчүн элимдин элдүүлүгүн, эне тилимдин тилдик касиетин сакташым керек. Ушул күндөрү кыргыздарга кыргыз тили канчалык деңгээлде кызмат көрсөтүп жатат?, Кыргыз тилинде сүйлөп туруп Кыргызстанда эркин жашоого мүмкүнбү? - деген суроолорду ортого салышат. Менимче, бул суроолордун 99%ы туура эмес,тескерисинче, биз кыргыздар кыргыз тилине кызмат кылышыбыз керек ал эми кыргызча сүйлөп туруп Кыргызстанда эркин жашоо биздин колубузда. Кыйнаган да тил, сыйлаган да тил. Аны биз сүйүшүбүз керек,ал үчүн биз күйүшүбүз керек. Азыр кыргыз тили мамлекеттик иш кагаздарында жазыла баштады, мамлекеттик жыйындарда жаңыра баштады. Албетте, орус тили менен бирге. Бул кыргыз тилинин өнүгүүсү эмес,бул араң буттан туруп,эне тил катары башка тилдер менен бир катарга келе башташы.

Бүгүнкү күндө эне тилибиз жалпы коомчулукта жарма тил катары колдонулуп келе жатат.Кыргыз туруп кыргыз тилинде сүйлөй албаган,эки сөз башын кошо албаган чөйрө бар,алар бул абалды орус чөйрөсүндө чоңойгондугу менен түшүндүрүшөт.

Бирок бул чөйрөгө салыштырмалуу калктын басымдуу бөлүгү кыргызча сүйлөгөндөр, кыргыз тилин алып жүрүүчүлөр түзөт.Ошентсе да коомдо кыргыз тилинин кадыры жок. Адистер: "Калктын көп бөлүгүн кыргызча сүйлөгөндөр түзсө да алар балдарын орус тилин үйрөтүүгө тарбиялап жатышат.Анткени коомчулукта орус тилин билүү зарылчылыкты туудурууда."-дейт

КРнын Коргоо министрлиги тил маселеси менен күрөшүүнүн үстүндө экен. Коргоо министрлиги 2008-жылдан баштап бардык иш кагаздарды,-буйруктарды толук кыргыз тилинде жүргүзүшөт.Алар ушул күнгө чейин атайын даярдыктарды өткөрүшкөн. Мисалы бир жума бардык кызматкерлер жумуштарын кыргыз тилинде алып барып, буйруктарды кыргызчалап, өз ара аскердик илимий терминдерде баарлашып кайра бир жума орус тилинде кылышкан."Эми жаңы жыл менен кошо бардыгы кыргызчаланат" - дейт министрликтин пресс кызматы. Ал эми Адилет министрлиги да иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүнүн үстүндө экен. Саламаттык сактоо министрлиги да бул маселе боюнча атайын министрликтин юридикалык секторунан штат ачып, учурда ага филология адистигиндеги кызматкерди издеп жатышыптыр. "Көч бара-бара түзөлөт"-демекчи, бирок мында илимий терминдерди кыргызчалоодо ар кандай кыйынчылыктарды туудурушу толук мүмкүн.Бул котормодогу актуалдуу маселе.

Жалаң кыргызча жазган жазмакерлердин,журналисттердин чырагына май тамызып "Аскердик терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү" (2005), "Мамлекеттик кызмат иштери боюнча колдонулган терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү" (2006), "Экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү" (2007) жана Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы тарабынан чыккан "Атоолордун сөз айкаштарынын орусча-кыргызча сөздүгү" (2006) аттуу эмгектер жарык көрдү.Анткени биздин жазма кепте эл аралык,илимий атоолордун (терминдердин) ордуна арабча,фарсча,орусча сөздөрдү пайдаланып келишкен. Бул эмгектер улуттук терминологияны өнүктүрүүгө, тилибиздин маданиятын көтөрүүгө арналганы менен тийиштүү жерлерге толук кандуу жетпей жатышы башкы маселеге айланууда. Кыргыз тилинде бул же тигил сөз жок деген окумуштуулар да,жөнөкөй адамдар да бар."Бирок дүйнөдөгү эң зор "Манас-"эпосун жараткан кыргыз тилинин лексикасы өтө бай"-дейт адистер. Бир гана аны изилдөө жана издөнүү керек дешет.Алар "Манастан" бабаларыбыз орус тилиндеги "начальникти" зардал,"энергияны" зарде дей турганын табышкан.Бул ачык мисал,айкын далил болуп жатпайбы. Мына ушул сыяктуу кыргыз тил тууралуу маселелерге келгенде улуу муундагы адамдар «бул ишти кыла албай калдык-,кийинки муунга калды же тигини кылганга жетишпей калдык,келечек силердики,убактыңар көп тигинткиле,минткиле»-деген сөздөрдү айтышат.Бүгүнкү күндү эртеңкиге калтырбаш керек,-эртеңки күндүн өз иши бар демекчи ар бир ишти өз убагында кылуу зарыл.Биз бул жашоону Улуу Жибек жолу дей турган болсок,ал жолдо чыгыштан батышка, батыштан чыгышка карай кербен жүрөт, биз адамдар ошол кербен сыяктуу өмүрдөн өлүмгө карай сапарга чыкканбыз. Улуу Жибек жолундагы кербенбиз, көчбүз. О.Сулейманов айткандай:»кербендин алдында бараткан төө кокус жүк түшүрүп алса анда ал токтобой эле түшкөн жүктү арттагы төөлөргө таштап кете берет».Анын сыңайрындай жашообуздагы мекендин жүгүн көтөргөн «төөлөрүбүз» кийинки «төөгө» таштап кете берсе жана бул көрүнүш улана берсе эмне болот?Акыры жүк толо берип «төө» көтөрө албай калышы толук мүмкүн да,көтөрө албай калса көч уланбай калат. Ар бир муун өзүн акыркы муун катары сезиш керек,албетте оптимисттик маанайда. Айтайын дегеним бүгүнкү тил көйгөйү эртең кайра уланбаш керек.

*БИЗДИН ЮБИЛЯР*

*Т.Эшенкулов,*
*БГУ*

# ТОО КОЙНУНДАГЫ ИЛИМ

Академик Апас Бакирович Бакиров туурасында кеңири сөз кылууга болот. Анткени, бул инсан ошого толук татыктуу. Окурманга толук түшүнүктүү болсун үчүн кептин учугун тээ алыстан баштаганыбыз туурадыр. 1957-жылы политехникалык институтту геология адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган болочок окумуштуу ушул жылдан тартып илимдер академиясынын **геология** институтунда бүгүнкү күнгө чейин эмгектенип келүүдө.

Сексен жаштын сересине келген окумуштуу илимий мекемедеги бардык тепкичти басып өтүп, 1985-жылдан тартып Улуттук илимдер академиясынын Эмгек Кызыл Туу ордендүү академик М.М.Адышев атындагы геология институтун башкарып (2006-жылга чейин), эстафетаны өзүнүн окуучусуна узатты.

1968-жылы геология-минералогия илимдеринин кандидаты болсо, 1973-жылы илим докторунун даражасына жетип, 1976-жылдан тартып өзү түзгөн метаморфизмдик формация лабораториясын башкарат.

Илим айдыңында алган түшүмүнүн үзүрү Апас Бакировичти 1984-жылы академиянын мүчө-корреспонденти кылса, 1997-жылы анын академиктигине жеткирсе, 1993-жылы ага «Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наам ыйгарылды. Мынчалык даража менен наамдын ээси болгон илимпоздун эмгектерине көз чаптырып көрөлүчү?

Академик А.Б.Бакиров 300гө жакын илимий эмгектин автору (жаратманы) болсо, мунун ичинде ар кыл масштабда жарыкка чыккан 10 карта (фондуда сакталып турган карталар канча дейсиң?!) бар. Ондон ашык монографияга автор жана авторлош болсо, акыркысы «Ноосферология» деп аталып (2006 ), анда табигый илимдердин, айрыкча жер илимдеринин философия менен табияттаануунун жуурулушкандыгы жана өз ара карым-катышы туурасында кеп козголот. Аалымдын илимий чабыты тоо тектеринин метаморфизми, чөлкөмдүн геологиясы, металлогения жана Жер илимдеринин философиялык меселелери менен байланышкан. Илимий эмгектеринин бир тобу КМШ өлкөлөрүндө (айрыкча Россия) жана алыскы чет өлкөлөрдө (АКШ, Кытай, Япония, Англия, Болгария, Бразилия, Түркия, Италия, Испания ж.б.) жарык көргөн.

Илимпоз агайыбыз көптөгөн илимий кеңешмелердин, семинарлардын, конференциялардын жана симпозиумдардын катышуучусу. Эл аралык геологиялык конгресстерге (Москва, 1984; Япония, 1988; Испания, 1992; Кытай, 1996; Бразилия, 2000; Италия, 2004; Норвегия, 2008) катышып, Ала-Тоо жергесинин жана ага чектеш жерлердин геологиясына арналган докладдар менен чыгып сүйлөгөн. Мынчалык зор урматка арзыган геологдун бири – кыргыз уулу Апас Бакирович эле. Окумуштуунун алты идеясы учурунда барк алынбай, айрым изилдөөчүлөр корифейлерге таянып, ошолордун айтканын жана чыгарган тыянагын гана жактап келишсе, соңку мезгилдердин изилдөөлөрү Апас Бакировичтин идеяларынын тууралыгын тастыктады.

Илимдин артынан сая түшкөн окумуштуу Кыргызстан жана ага чектеш (Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан) аймактарында гана изилдөө жүргүзбөстөн, башка аймактарда да (Урал, Кола жарым аралы, Прибайкалье, Закавказье, Украина, Воронеж дөңсөөсү, Чоң жана Кичи Кавказ, Карпат, Балкан, Альпы ж.б.) жүргүзүп, илимпозгелогдордун арасында Ала-Тоонун уулу да жогорку деңгээлде изилдөө иштерине жөндөмү бар экендигин далилдеди. Муну айрым өлкөлөрдүн геологдорунун (Австрия, Кытай, Япония, Болгария,Испания ж.б.) чакыруусу менен ошол өлкөлөрдө жүргүзгөн изилдөөлөрү айкындап турат.

Апас Бакирович көрүнүктүү илимпоз, илимди уюштуруучулардын бири жана дүйнөлүк геологиялык илимий чөйрөгө киргендердин катарында болуу менен өзүнүн илимий мектебин түзгөн мыкты адис да болуп саналат. Ал такшалган мыкты адис катары тектогенез, метаморфизм жана металлогения процесстеринин өз ара байланыштарын жана карым-катыштарын изилдөө иштерине барандуу салым киргизген аалым. Учурунда окумуштуу Япония, Россия, АКШ жана Түркия өлкөлөрүнүн геологдору менен тыгыз кызматташып, изилдөө иштерин ийгиликтүү улантуу менен бирге иликтөө иштери өркүндөөнүн үстүндө.

Илимпоз агайыбыз 60 жылга ( 1957-жылдан тартып) жакын кызмат өтөп жаткан Улуттук илимдер академиясынын геология институту тууралуу сөз кыла кеткенибиз жөндүү болор. Ал 1943-жылы (кан күйгөн согуштун учурунда) түзүлгөн экен. Ушул жылы СССР илимдер академиясынын Кыргыз филиалы түзүлүптүр. Ачылыштын салтанаттуу аземине СССР илмдер академиясынын президенти, Социалисттик Эмгектин Баатыры, академик В.Л.Комаров (1869-1945) келиптир.

Институт уюшулгандан тартып илимдин 150дөн ашык кандидаты жана 30дан ашуун доктору даярдалса, анда эмгектенгендердин арасынан Академиянын15 мүчө-корреспонденти жана академигин чыгарган. Алардын арасында СССРдин жана Кыргызстандын мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаттары бар.

Илимий кадрларды даярдоодогу жана илимий-практикалык иштердеги жетишкен ийгиликтери үчүн институт 1969-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Институт 1979-жылдан тартып академик М.М.Адышевдин ысымын алып жүрөт.

Окумуштуу А.Бакиров өзүнүн кесиптештери жана шакирттери менен бирдикте Кыргызстандын көптөгөн жерлерин жана коңшулаш өлкөлөрдүн аймактарын кошо камтыган ар кыл масштабдагы геологиялык, геодинамикалык, тектоникалык жана метаморфизмдик формациялардын карталарын түзгөн жана аларга катышкан. Муну башаты ал жаңыдан академияга кызматка келгенде окутуучусу В.Г.Королевдун (1919-1991) жетекчилиги астында башталган болчу. Сөз арасына кыстара кетели: ар ким  эле түшүнө бербесе керектир – геологиялык съемкага алынган участоктор үчүн карта 1:200000 масштабда түзүлөт. Бул өтө машакаттуу жана түйшүктүү, билимди, илимди жана бай тажырыйбаны талап кылган жумуш болуп саналат.

1984-жылы Москвада кезектеги эл аралык геологиялык конгресс болуп өттү. Конгресстин катышуучусу А.Бакировго чоң жүк тапшырылган эле. Ал Кыргызстандын түштүгү боюнча конгресстин катышуучуларын илимий экскурсияга алып чыгуу менен байланышкан (айрымдары ойлошу мүмкүн – ушу да түйшүктүү жана машакаттуу иш болуп калыптырбы?! - деп.). Алдын ала маршрут аныкталып, карта-схемасы түзүлүп, алар түшүндүрмө тексттер менен коштолуп, кайсы жерде кандай тоо тектери жана минералдар, геологиялык жаракалар жана сыныктар, алардын узундуктары жана тереңдиктери, геологиялык доорлорго таандыктары, байыркы табылгалар жана башкалар менен айкын чагылдырылат. Бул геологиялык жол көрсөткүч профессор В.С.Буртман менен биргеликте аткарылган.

Бул жоопту иштин башатында илим доктору, Академиянын жаңыдан шайланган мүчө-корреспонденти, метаморфизмдик формациялар лабораториясынын башчысы Апас Бакирович турган эле. Анда академиянын геология институтун Ф.Т.Каширин (1911-1996) башкарчу. Кыргызстандагы көмүр кендерине жана уран кенине кошкон салымы үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына (1953), Академия ачылганда анын мүчө-корреспонденти (1954) болуп шайланып, кийинчерээк илим доктору даражасына (1964) жетип, профессор (1968) наамын алып, институтту  10 жыл (1975-1985) башкарган. Эмне үчүн даражасы, наамы жана бийлиги бар адам жогоруда айтылган ишти аркалап кете албастыгына окурман эми чындап ынанган чыгар.

Илимпоздун илимий-өндүрүштүк кужүрмөн эмгеги бааланып, республиканын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы (1979,1985), Уч-Кошкон калай кенин ачкандыгы үчүн «Алгачкы кен ачуучу» деген төш белгиге арзыган. Бирок, мыйзамдын негизинде ой жүгүртүп көрсөк, зор абройго эгедер болгон илимпоз бир топ мезгилге чейин көз жаздымында калып жүргөндүгү жакында эле көбүктөй калкып чыкпадыбы?! 2007-жылы гана Апас Бакирович үчүнчү даражадагы Манас орденине татыктуу болду. Муну мага профессор А.Мурсалиев айтты да, Апас Бакировичтин кылган эмгеги өз учурунда бааланбай, минтип кечирээк орденге арзып отурганына өкүнүү менен оозуна алган эле. Медалдын экинчи бети бар эмеспи дегендей, көпчүлүк учурларда грамоталарга, ардактуу наамдарга жана орден-медалдарга татыктуу болгондордун көпчүлүгүн бийликти мыкчыгандар түзүп келген. Айрыкча бул жагдай А.Акаевдин заманында өтө  күч алып кеткен эле. Ушул жагдайда профессор Азыркул Мурсалиевич бекеринен мага өкүнүчтүн четин  чыгарбаптыр.

Апас Бакировичтин көпчүлүк биле бербеген дагы бир ышкысы бар. Ал өзүнүн жан жолдошу болуп калган, элибиз ардактаган музыкалык аспабыбыз болгон комуз. Ал комузун студент кезинен тартып кайда барса кошо ала жүрөт.Комузда кол ойноткон жигитти кимдер гана укпады?! Алар: малчылар, данчылар, жумушчулар, кенчилер, илимпоздор, студенттер… Биз үчүн ыйык болуп калган комуздун үнү мурунку СССРде гана жаңырбастан, анын жылаажын үнүнө алыскы чет өлкөлөрдүн (Япония, Кытай, Болгария, Түркия ж.б.) илимпоздору да  маашырлануу менен кулак төшөштү. Айрыкча анын керемет жана сыйкырдуу үнүнө япондор суктанганына кантип ыраазы болбойсуң?!

Учурунда Апас Бакирович азыркы Кожомкул атындагы спорт сарайында өткөрүлүп турчу концерттердин бир нече ирет катышуучусу болгон. Алар туурасында радиодон жана телекөрсөтүүдөн берүүлөр уюштурулган эле. Мезгилдүү басма сөздө бул жагдайда жакынкы жылдарга чейин унчукпай келишти. Эмне үчүн? Себеби, илимпоздун этикасын жогору туткан инсан өзүн рекламалап, көкүрөк койгулап «мен, мен…» дегенден өтө эле оолак жүрөт. Анын жөнөкөйлүгү – аалымдын өзүн сыпаттап турат. Илимине баш оту менен кирип, комузунун кылдарын тырмалап, үнүн кошуп, обон созсо, кээде залкар күүлөрдү аткарса, уккан жандын  моокумун кандырат. Комузга жана обон менен күүгө дитин берген Апас агай таалимди  Атайдын окуучусу Шекербек Шеркуловдон (1902-1980) алган. Ошондо күү чертип,  комузда кол ойнотолу деген  ниет менен бир топ жаштар Шекемдин эшигин жыртып турушкан экен. Ышкыга алдырып, ынтаасын койгон жаштардын арасынан экөө гана канат күүлөп чыгыптыр. Анын бири чоң окумуштуу жана академик болсо, экинчиси – илим доктору, КР илимине эмгек сиңирген ишмери Жуман Мамытов (1939-2012) эле. Бул сөздөрдү көптөгөн жылдар мурун Жуман байке айтып берген болчу. Билими математик Жуман байке да белгилүүлөрдүн бири эле, анын аткаруусундагы бир топ күүлөр радионун фондусуна жаздырылган. Учуру менен радиодон уктурулуп турат. Апас агайдын өзүнүн айтуусуна караганда таалимди Ч.Иманкуловдон, Б.Кулболдиевден жана Т.Медетовдон алыптыр. Аталган инсандар комузга жан киргизгендердин арасында бар экендигине ар кимибиз ынанабыз.

Апас Бакирович өзүнүн тунгуч окутуучусу катары дүйнөдөн эрте өтүп кеткен агасы Абилди эсептейт. Академик илим менен алектенип, учуру менен комузун колуна алып, кол ойнотсо, кээде чалкыган Ысык-Көлдү элестеткен залкар күүлөрдү чертип, алардын сыйкырына арбалып, түпкүрүнө түшүп кетсе, кайра көңүл кушун көкөлөткөн обон созуп, угуп жаткан адамдын жан дүйнөсүн жибитип, оболотуп жиберет. Мына ушулар эле дейсиңби, окурманым! Көрсө, Апас Бакирович калемин колго алып, поэзия дүйнөсүнө кирип кеткени аз келгенсип, бир топ күүлөрдү жаратып, аларды радиого жаздырганга үлгүрүп, анан калса да бир нече обондун ээси да болуп саналат.

Апас Бакирович менен замандаш болуп, ошондогу Политехникалык института бирге окугандар жана бир түнөктө жашагандар (У.А.Асаналиев, К.С.Сагындыков, В.В.Киселев, Л.Б.Дядюченко, М.Б.Зима, К.Н.Нурмамбетов, К.О.Осмонбетов ж.б.) өз туурларынан суурулуп чыгышып, илимий даражалардын ээлери болушуп, профессор жана академик наамдарын алышып, мамлекеттик сыйлыктарга эгедер болушту. Улуттук геология илиминин чылбырын жана тизгинин кармап калышкандыгына таазим кылууга милдеткербиз.

Ал эми Л.Б.Дядюченко (1934-2008) журналисттик жана жазуучулук кесипти аркалап кетип, ондогон китептердин автору болду. Алардын айрымдары геологдук турмушка арналган эле.

Илимий кадрларды даярдоо ишине Апас Бакирович дайыма олуттуу көңүл буруп келет. Ал кадр маселесине илгери Совет дооруна таандык чабандардын төл алуу өнөктүгүндөй мамиле кылбайт. Эч кимге жалган эмес ушул өнөктүк тил, адабият жана тарых илимдерине уйгактай жабышып алган да, айрым окумуштуулар ушуга чейин «партиянын алдында берген рапортторунан» арылыша элек. Бүгүнкү күнгө чейин Апас агай илимдин 4 кандидатын жана бир докторун даярдады. Эки окуучусу марага жетейин деп калса, дагы экөөсү кунандарын минип келе жатышат. Агайдын окуучулары аны менен бирдикте изилдөө иштерин бүгүнкү күндө да ийгиликтүү жүргүзүп келишүүдө.

## *МАЗМУНУ*

**Кыргызстан социологдорунан жети сунуш.........3**

**СОЦИОЛОГИЯ-ПОЛИТОЛОГИЯ**

**Исаев К.** Социологиялык илимий изилдөөлөр жаңы тарыхый шартта.....................................5
**Нурова С.С.** Социологические теории будущего религии...........................................6
**Шайдуллаева Т.** Гендердик теңчиликти илгерилетүүдө бейөкмөт уюмдардын ролу.........8
**Мендибаев Н.** Кыргызстандын айыл калкынын жашоо сапаты – келечек өнүгүүсүнүн өбөлгөсү катары........................10
**Салморбекова Р.Б.** Перспективы развития социологии в Кыргызстане.............................14
**Krieger W.K.** Die unternehmerische rentabiliät von sozialberatung in betrieben und dienstleistungseinrichtungen..............................17
**Сатыбалдиева К.К.** Роль билингвизма в интеграционных процессах.............................20
**Усубалиева А.А.** Влияние трудовой миграции на семейно-брачные отношения молодежи Кыргызстана..................................................22
**Сыдыкова С.А.** Анализ возможности применения механизмов государственно-частного партнерства в области начального профессионального образования в КР..............24
**Джоошбекова А.Р., Чыныкеева Г.Э., Абдувапова А.Т.** Ош шаары: азыркы мезгилдеги миграциялык процесстер (1989–2009-жылдар)....26
**Токторбаева А.Б.** Кыргыздардын дүйнө таанымындагы Умай Эненин орду жана азыркы учурдагы жашоосуна тийгизген таасири...........29
**Сыдыкова С.А.** Теоретические основы исследования государственно-частного партнерства в образовании.............................30
**Токтогулова Г.Т.** Кыргыз жазуу тарыхынан....32
**Дуйшеева Р.К.** Предпосылки и факторы трансформации политической системы Кыргызстана .................................................35
**Askhatova Z.A.** The sociology of the political culture: analysis of population's views concerning political processes in Kyrgyzstanon the example of youth...43
**Токтогулова Г.Т., Кожоназарова Ы.М., Жолдошева Н.А.** Алымбек датканын инсандык сапаттары.......................................45
**Сартбаева М.К.** Этнокультурные ценности молодежи Кыргызстана.................................47
**Абыкеева-Султаналиева Т.Б., Артыкбаева А.А.** Социология устойчивого развития Кыргызстана..................................................49
**Стамбеков А.О., Бейшембаева А.Р.** Политическая социализация молодежи в Кыргызстане: проблемы и перспективы............52
**Боконтаева Д.К.** Устная история в гендерных исследованиях ..............................56
**Карбеков Ж.К.** Проблемы институционализации военной социологии.......................................58
**Калиев А.С.** Этностор аралык конфликттер социологиялык изилдөөнүн объектиси.............60
**Боконтаева Д.К.** Социальный институт предпринимательства в США и Японии: особенности и направления развития................64
**Сейдесимбаева А.К., Кожобекова А.** Восприятие безопасности жителями Кыргызстана..................................................68
**Калиев А.С.** Этностор аралык конфликттерди жөнгө салууда өкмөттүк эмес уюмдардын ролу..............................................................71
**Анарбаева Г.А.** Фергана өрөөнүнүн элеттиктери – Кокон хандыгынын негиздөөчүлөрү жана башкаруучулары............73
**Сейдесимбаева А.К.** Языки Кыргызстана как фактор интеграции.........................................76
**Асангулова Ж.** Криминологические аспекты женской преступности в Кыргызстане: социологические анализ.................................81
**Молоткова Г.Г., Асанбаева Ч.Б.** Особенности детско-родительских отношений в семьях, имеющих ребенка с ЗПР.................................85
**Шумская Н.А., Масалимова Д.Ф.** Старт Плюс: социальное сопровождение лиц, освободившихся из мест лишения свободы.......87
**Абдыкеримова Д.А.** Философия менеджмента: состояние и проблемы....................................89
**Рустамова Д.А.** Социальная адаптация воспитанников специализированных детских учреждений....................................................92
**Малтабаров Б.А.** Заманбап Кыргызстанда Ажылык сапар: эксперттердин көз карашы.......93
**Сыргабаев С.Б.** Социалдык иденттүүлүк: табияты жана социалдык-психологиялык түркүктөрү....................................................96
**Айменов А.Ж.** Теоретико-методологические основы изучения социальных механизмов институционализации правовой культуры........102
**Малтабаров Б.А.** Заманбап Кыргызстанда диний идентүүлүк.........................................104
**Шаршембиева Т.С.** Шаар жергесинде жашаган кыргыздардын социомаданий иденттешүүсү...110
**Майчинова Г.Т.** Кыргыз Республикасынын шайлоо тутумунун туруктуулугунун негиздери......................................................113
**Боконтаева Д.К., Токторбаева А.** Роль института семьи в социализации девочек и молодых женщин в современном Кыргызстане.............116
**Ражапбаева П.А.** Система образования в Кыргызстане.................................................120
**Бегалиева Г.** Ценностные ориентации как фактор политического поведения граждан Кыргызстана.................................................123
**Ферхат Барыш.** Общая характеристика бархатных революций в политические процессы современности..............................................126
**Каримова К.У.** Причины и проявления делинквентного поведения подростков...........129
**Доромбекова А., Абалова Н.** Женщины и женские организации России и Кыргызстана: национальные интересы в контексте развития общественного сознания ..............................132
**Мухаммед Исмаил Каюмогли.** Бийик тоодо – эркин калк..............................134
**Карабаева И.Б.** «Социалдык жетимдер» – өспүрүмдөрдүн эмоциялык стресске кабылуусу – башкаруу жана жөнгө салуу өзгөчөлүктөрү....138
**Молдокеева Ж.Ф.** Анализ профессиональных умений в отраслях экономики Кыргызстана....140

**Айтмурзаев Н.Т.** Общественно – политические составляющие Кыргызстана..........................143
**Айтмурзаев Н.Т.** Роль метода убеждения в политике «мягкой силы»................................145
**Бегайым Нурлан.** Международное общение и ее роль истории становления государственности кыргызов......................................................148
**Токтогонова К.Д.** Заманбап кыргызстанда диний идентүүлүктүн бейенеси.......................150
**Уркунчиева Р.Ж.** Кыргызстан жаштарынын маданий иденттүүлүгүнүн өзгөчөлүгү............154
**Момунова К.Ж.** Экономикалык идентүүлүктүн психологиялык аспекттери............................159
**Момунова К.Ж.** Экономикалык иденттешүү социологиянын изилдөө маселеси катары........163
**Кыдыралиева Б., Джигитеков К.** Отечественный опыт социальной сплоченности социально-уязвимых слоев населения: доступ к правосудию..................................................166
**Джигитеков К.К.** Элита, и ее роль в укреплении социальной сплоченности..............................168

### ПЕДАГОГИКА

**Токсонбаев Р.Н.** Совершенствование профессиональной компетентности у будущих педагогов общеобразовательных школ КР.....171
**Доган Хаджер.** Исследование посещения учениками библиотек в Кыргызстане..............174
**Байсубанова А.К.** Философский аспект мотивации труда..........................................177
**Нурманбетова Г.К.** К вопросу о психологических особенностях структуры инновационной деятельности преподавателей высшей школы...179
**Кубатбекова А.С.** Проблемы профилактики преступности среди несовершеннолетних........181
**Качиева А.Е.** Определение эффективности деятельности классных руководителей в школах Кыргызстана.................................................183
**Баженова Т.П., Баженова В.И.** Проблемы адаптации студентов первого курса колледжа....180
**Сагындыкова Д.С.** Совместная деятельность педагога – детей дошкольного возраста их особенности и взаимоотношения....................189
**Хасанов Н.Б.** Самовыражение через письмо и чтение при изучении русского языка...............193
**Омуралиева К.С.** Современный урок как основная формаобучения русскому языку........195
**Токсонбаев Р.Н., Давлетбекова А.Д.** Значение здоровьесберегающего обучения в системе общего образования.........................197
**Агеева З.И.** Роль воспитательного аспекта в учебной деятельности студентов на занятиях по русскому языку и литературе в Юридическом колледже КГЮА..........................................200
**Давлетбекова А.** Значимость и особенности здоровьесберегающих технологий в школе........203
**Торопкина Е.И.** Организация поликультурного образования и воспитания как основного фактора формирования активной познавательной и гражданской позиции учебно-образовательного процесса.......................................................205
**Исмаил Гесен, Муаммер Гуль.** Программа CISCO IT Essentials в Казахско-Турецих лицеях............208
**Давлетбекова А.** Основные акценты здоровьесберегающих технологий в общеобразовательной школе........................209
**Бийгелдиева Н.А., Карбекова Н.Р., Бийгелдиева К.А.** Мектептерде жалпыга милдеттүү жети жылдык билим берүүдөн орто билим берүүгө өтүү мезгилиндеги кыргыз тилинин окуу программаларында кепти компетенттүүлүккө багыттап окутуунун элементтери.....................211
**Адем Текин.** Особенности становления дополнительного образования в КР................212
**Карбекова Н.Р., Бийгелдиева Н.А., Бийгелдиева К.А.** Мектептерде жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүүдөн жети жылдык билим берүүгө өтүү мезгилиндеги кыргыз тилинин окуу программалары, анда сөз өстүрүү жумуштарынын берилиши.......................................................216
**Айдаров А.** Формирование чувства патриотизма у молодежи в контексте экологическое воспитания............................218
**Каримова Т.У.** Влияние русской картины мира на кыргызскую ментальность.........................220
**Токтоназарова К.А.** Инновационные методы обучения иностранному языку в неязыковом вузе...........................................222
**Осмонкулова Ж.А.** Приемы повышения мотивации на уроках иностранного языка..........................224
**Есеналиева А.И.** Изучение иностранного языка для делового общения...................................226
**Осмонкулова Ж.А.** Технология применения ролевой игры на уроках иностранного языка...222
**Шакенбаева Г.К.** Этиканын теориялык-методикалык аспектилери.............................229

### ТИЛ ИЛИМИ

**Артыкова Ж.А.** «Манас» эпосунда коркуу эмоциясын чагылдырган бейвербалдык каражаттар..................................................231
**Усмамбетов Б.** Махмуд Кашгаринин “Диванындагы” айрым сөздөрдүн кыргыз тилине салыштырмалуу тыбыштык өзгөчөлүктөрү........237
**Кенан Семиз.** Дыйканчылык лексикасынын изилдениш тарыхы жөнүндө..........................238
**Артыкова Ж.А.** «Манас» эпосунда кубануу эмоциясынын бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулушу................................................241
**Усмамбетов Б.** Махмуд Кашгаринин «Диванындагы» үй-буюмдарына тиешелүү айрым сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү.............................................245
**Halit Dursunoğlu.** Türkiye türkçesinde birbirine benzetilen ya da birbiriyle karıştirilan ekler...................247
**Жумакеева Э.Б.** К вопросу о лексико-грамматическом выражении одобрения-похвалы и неодобрения-недовольства в разговорной речи в английском и кыргызском языках.....................253
**Кадыркулова Ф.Д.** Смысловая взаимосвязь предикативных отношений............................256
**Джаркинбаева Н.Б., Жакыпалиева Н.Р.** О некоторых фреймах концепта «молодость / youth» в английской языковой картине мира...258
**Кадыркулова Ф.Д.** Проблемы формального подлежащего в немецком языке: неопределенно-личные и безличные структуры.......................260
**Суералиева Д.С.** Пословицы и поговорки как средствоприобщения студентоа к кыргызской культуре.........................................................261
**Бекбосунова Н.Б.** Именные словосочетания в русском и кыргызском языках....................263

**Рысбаева Г.К.** Зороастризм ишенимдеринин тилдик – таанымдык көрүнүшү ....................267
**Суералиева З.С.** Организация групповой работы на уроках русского языка..................271
**Болотова А.** Функции формирования цветообозначений красный-черный в произведении Натаниеля Готорна «Алая буква»........................273
**Джаркинбаева Н.Б., Мусабекова Н.Т.** Concept “Change” in the Cultural Linguistics.................276
**Тухтаматов А.С.** Особенности изучения китайской фонетики.....................................278
**Боронбаева Г.Х.** Межличностный конфликт и причины его возникновения...........................283
**Абдыкасымова А.Р.** Формирование инструментальных компетенций в практическом курсе русского языка....................................286
**Батыршина Ф.Р., Кочконбаева С.И.** Использование мнемонических приемов как одно из средств мотивации студентов к запоминанию латинских медицинских терминов..................289
**Мусаева Ч.Ж.** Функционально-семантическое поле киргизского термина «родство» «тай-ата, тай-эне», и о семантике «тай», «торкун».........291
**Куканова М.А.** Мотив изучения русского языка при формировании билингвизма студентов.....294
**Анара Юрумез.** Түрк тилдеринин огуз жана кыпчак топторундагы жак таандык мүчөлөр жөнүндө.......297
**Өзлем Өзюрт.** Мейкиндик ролдорунун координациясы.............................................299
**Шакенбаева Г.К.** Этнографиялык лексика......301
**Өзлем Өзюрт.** Түрк тилдеринде мейкиндиктин семантикалык категориясынын жана аны тилдик чагылдыруу каражаттарынын жалпы мүнөздөмөсү.................................................303
**Эстебесова П.С.** Кыргыз жана түрк тилиндеги адамдын жаш курагын туюндуруучу анималисттик фразеологизмдер.....................305
**Капарова Ж.К., Абдикеримова М.А.** Организация работы со слабоуспевающими студентами на уроке английского языка.........307
**Кѳчөрова Г.О., Нурматова Г.М.** Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы өлүм, өлүү, өлтүрүү түшүнүгүн туюндурган фразеологизмдердин стилистикалык маанилери....................................................309
**Тузжу Керим.** Түрк жана кыргыз тилдеринде түгөйлөрү бирдей мааниге ээ болгон орток омонимдер....................................................311
**Кенан Йылдырым.** Концепт «судьба» в произведениях Мехмета Акифа Эрсоя............313
**Жаманкулова К.Т.** Орнаменттин өнүгүү эволюциясы..................................................316
**Капаров Ж.К., Тыныбекова Ч.** Методы обучения переводу на уроке английского языка на неязыковом факультете....................318
**Исраилова Д.А.** Кыргыз макалдарында карама-каршы маанилердин берилиши..........320

## АДАБИЯТ

**Ибраимов К.** Кыргыз фольклорунун жанрдык курамына жалпы мүнөздөмө..........................323
**Алымбаева Б.** Султан Раевдин адабиятка карай алган аогачкы багытына обзор.............327
**Казакова Н.** XIX кылымдагы кыргыз адабиятын окутуудагы көйгөйлүү жагдайлар..................329
**Алымбаева Б.** Султан Раевдин «Күн кармаган бала» повестиндеги пейсаждык сүрөттөөнүн өзгөчөлүгү....................................................332
**Жаманбаева К.** Корголдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү..............................................333
**Гелекчи Сейфеттин.** Токтогул жана ашык рухсатиде «Көк Асман» түшүнүгүн колдонуу өзгөчөлүктөрүн изилдөө................................336
**Жаманбаева К.** Коргол менен Жеңижоктун айтышы........................................................339
**Гелекчи Сейфеттин**. Муамма (табышмак).......341

## ЭКОНОМИКА

**Dayan Farivar.** Dünyada elektronik para konusunda yasal düzenlemeler ve uygulamalar........................344

## ЖУРНАЛИСТИКА

**Шералиева С.Д.** Роль СМИ Кыргызстана в создании общественного мнения.....................347
**Сырдыбаева М.** Идеологиянын жайылуусунда медианын ролу жана күчү.............................349
**Жаныбек Абидетегин.** Кыргыз баалуулуктары. Тил - улуттун жүзү........................................351

## БИЗДИН ЮБИЛЯР

**Т. Эшенкулов.** Тоо койнундагы илим.............353

## ЖУРНАЛГА ЖАРЫЯЛАНУУЧУ МАТЕРИАЛДАРГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

«БГУнун жарчысы» журналы кыргыз жана орус тилдеринде гуманитардык илимдер боюнча илимий макалалар: социология, политология, философия, укук, тарых, кыргыз тили жана адабияты, маданият таануу, информатика, педагогика жана психология; усулдук окуу куралдарын, библиографиялык баяндоолорду жана рецензияларды, республика боюнча илимий конференциялардын жана симпозиумдар тууралуу маалыматтарды жарыялоо менен авторлордон кол жазмаларга коюлуучу төмөнкү талаптарды эске алууну өтүнөт:

- Материалдарга рекомендация же рецензиянын болушу милдеттүү.
- Кол жазманын көлөмү бир басма табактан (40000 белги, аралыгы менен кошо) ашпоо керек.
- Кол жазма ак баракка 1 экз. компьютерге терилип 14-шрифт, 1,5 интервал менен басылып дискети менен кошо берилсин.
- Шилтеме алынган адабияттар материалдын акырында тизмеленип, библиографиялык көрсөткүчтөр өз эрежеси менен берилиши керек.
- Шилтемеде көрсөтүлгөн библиографиялык көчүрмөлөр так берилсин.
- Автордун аты-жөнү, материалдын аталышынан өйдө, барактын оъ бурчунда берилет.
- Автордун аты-жөнү иштеген мекемесинин (бөлүмүнүн) аталышы, кызматы, окумуштуулук наамы, даражасы, толук адреси тууралуу маалыматтар өзүнчө бир баракка басылып, материалга тиркелип берилиши керек.
- Материалда таблицалар, схемалар жана сүрөт так жана даана аткарылып ал номерленип, материалдын кайсы жеринен орун алганы тууралуу көрсөтүлүшү зарыл.

Кол жазмалар жана башка материалдар авторлорго кайтарылып берилбейт.

Автор макаладагы негизги мазмунуна, фактыларга, келтирилген цитаталарга, статистикалык жана башка маалыматтардын, энчилүү аттардын так берилишине жооп берет.

## К СВЕДЕНИЮ АВТОРОВ СТАТЕЙ

В журнале «Вестник БГУ» публикуются научные статьи по гуманитарным наукам: социологии, политологии, философии, праву, истории, филологии, информатике, культурологии, педагогике и психологии; учебно-методические материалы по гуманитарным дисциплинам; библиографические обзоры и рецензии, информация о научных конференциях и симпозиумах в республике и т.д. Авторами публикуемых материалов могут быть преподаватели, аспиранты и стажеры БГУ и других вузов, а также ученые, работающие в других отраслях народного хозяйства республики.

Присылаемые в журнал статьи должны отвечать следуюүим требованиям:

- иметь научный отзыв или рекомендацию руководителя кафедры или отдела;
- объем рукописи статьи не должен превышать 1 печатного листа (40 тысяч знаков, включая пробелы);
- рукописи должны быть выверены после компьютерного набора и подписаны автором;
- рукописи должны быть представлены в 1-м экземпляре в печатном (компьютерный набор) виде 14 шрифта через 1,5 интервала и на дискете;
- список использованной литературы дается в конце статьи в порядке упоминания в тексте, по всем правилам библиографического описания;
- все источники должны иметь библиографические ссылки;
- на отдельной странице следует дать авторскую справку с упоминанием Ф.И.О., места работы, должности, ученой степени, номера телефона; эти сведения нужно предоставлять с каждой новой статьей, направляемой в журнал;
- таблицы должны быть пронумерованы, озаглавлены и даны на отдельных листах;

Рукописи и иные материалы авторам не возвращаются.

Авторы несут ответственность за содержание материала, достоверность изложенных фактов, цитат, точность статистических данных, имен собственных и других сведений.

# TO DATA OF AUTHORS OF ARTICLES

Scientific articles are published in magazine "Bulletin BHU" on the humanities: sociology, political science, philosophy, right, history, philology, computer science, cultural science, pedagogics and psychology; educational-methodical materials on humanitarian disciplines; bibliographic reviews, the information on scientific conferences and symposiums in republic etc. Authors of published materials can be teachers, post-graduate students and trainees of BHU and other universities, and also the scientists working in other fields of a national economy of republic.

Articles sent in magazine have to meet following requirements:

- to have a scientific response or the recommendation of the head of chair or department;
- the volume of the manuscript of article haven't to excee 1 printing paper (40 thousand signs, including blanks);
- manuscripts have to be verified after a computer set and are signed by the author;
- manuscripts have to be presented in 1 copy in printing (a computer set) and on a diskette;
- the type of the font 14 and 1,5 intervals have to;
- the list of the used literature is given at the end of article as a mention in the text,

Duly the bibliographic description;

- all sources have to have bibliographic references;
- on separate page it is necessary to give the author's inquiry with a mention First name, middle, last name, place of Work, position, a scientific degree, phone number; it is necessary to give these data with each new article directed to magazine;

o tables have to be numbered, entitled and given on single sheets.

Manuscripts and other materials don't be back to authors.

Authors maintenance should have responsibility bear of a material, reliability of the stated facts, citations, accuracy of the statistical data, proper names and other data.

For more detailed information to address in Publishing department, 18 office BHU after K.Karasaev. Ph.: (0312) 21-89-61

**Редакциянын дареги:**
722044. Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси 27
К. Карасаев атындагы БГУ
Тел.: 21-87-11, 21-89-61.

Электрондук почта: vestnik_bgu@mail.ru

Редакцияга келип түшкөн материалдарды талкуулоо иретинде
жарыялоого укуктуу. Кол жазмалар авторго кайтарылып
берилбейт жана рецензияланбайт.

Редакторлор:
***К.Ж. Качкынбаева, Г.К. Садырова***

Тех. редактор: ***К.Ж. Качкынбаева***

Компьютердик калыпка салган
***А.Кеңеш уулу***

Басууга 18.01.2016-ж. берилди. Офсет кагазы.
«Таймс» гарнитурасы. Форматы А4 (210x297 мм). Көлөмү 44,5 б.т.
Нускасы 500 экз.

«АДЭМ БАСМА» басмасында басылды